Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Кеңешинин
2025-жылдын 2-октябры
№ 01-5/57 токтому менен
бекитилген

**2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, электр тармагындагы ачык акционердик коомдорунун ишине жана 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**Отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга карата аудитордук иш планына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2024-жылдын 25-сентябрындагы № 06-1/625 буйругу жана башка буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, электр тармагындагы ачык акционердик коомдорунун ишине жана 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субьектилери:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги (Борбордук аппараты).

**2.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменти.

**3.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызматы.

**4.** “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому.

**5.** “Электр станциялары” ачык акционердик коому.

**6.** “Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору” ачык акционердик коому.

**7.** “Нарынгидроэнергокурулуш” ачык акционердик коому.

**8.** “Нарынспецгидроэнергомонтаж” ачык акционердик коому.

**9.** “Чакан ГЭС” ачык акционердик коому.

**10.** “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасы.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Министрликтин жана жогоруда аталган мекемелердин жетекчилери мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы

тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө корутундуларды тастыктоо үчүн жетишерлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудиттин кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Аудиттин предмети:**

Министрликтин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларында бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудит көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар төмөндөгүлөр болгон:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына баа берүү;
- атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын аткарылышына аудит;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит;
- ачык акционердик коомдордо бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын жана техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн талдоо;
- табигый жана монополия тарабынан уруксат берилген субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) баалардын (тарифтердин) түзүлүшүнө аудит;
- кирешелердин жана чыгымдардын түзүлүшү жана аткарылышы;
- мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын жана укуктук документтердин талаптарынын шайкеш келиши;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушунун аныктыгы;
- кредиттердин жана гранттардын пайдаланылышы;
- жана башка маселелер.

**Аудиттин критерийлери:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;

- “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Энергетика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому *(аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү бар болгон)*;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары коопту жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-сентябрындагы № 445 токтому менен бектилген Акциялардын мамлекеттик пакети (катышуу үлүшү) бар чарбакер коомдордун башкаруу органдарына мүчөлөрдү тандоо жана көрсөтүү тартиби жөнүндө жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-майындагы № 306 “Мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдордун Директорлор кеңешинин жана Ревизиялык комиссиясынын мүчөлөрүнүн ишин баалоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 247 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 24-ноябрындагы буйругу менен бекитилген Электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү методикасы;

- Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС);

- Ачык акционердик коомдорунун уставдары жана башка ченемдик укуктук актылары, ички укуктук актылары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын

29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудитинде тийиштүү жана жетиштүү далилдерди алуу максатында аудиттин максаттарына жетүү үчүн, аудит тарабынан Министрликтин ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденген. Аудит аныкталгандарды тастыктаган жетиштүү жана туура далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Корутунду:**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин бюджетинин аткарылышында, анын мамлекеттик ишканаларынын жана энергетикалык ачык акционердик коомдорунун ишинде төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы.

**1. Аныкталды/корутунду:**

2021-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик ишканаларында жана энергетикалык ачык акционердик коомдордун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы төмөнкүдөй:

***Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги:*** (2024-жылдын 21-июнундагы №01-20/60 жана №01-20/73):

- 12 пункттан турган жазма-буйруктун: *4 пункту жарым-жартылай аткарылган, 1, 2 пункттары аткарылган эмес.*

***“Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому:*** (2024-жылдын 21-июнундагы №01-20/56):

- 19 пункттан турган жазма буйруктун *13-пункту жарым-жартылай аткарылган.* Калыбына келтирүүгө тийиш 744,0 миң сом.

***“Электр станциялары” ачык акционердик коому*****:** (2024-жылдын 21-июнундагы №01-20/57 жана №01-20/70):

- 19 пункттан турган жазма буйруктун *2, 3, 5, 9, 13-18 пункттары аткарылган эмес жана 1 пункту жарым-жартылай аткарылган.* Калыбына

келтирүүгө тийиш болгон 1 303.3 миң сом калыбына келтирилген эмес;

- 98 пункттан турган сунуштаманын *2-17, 27-32, 35, 50, 64-90 пункттары аткарылган эмес жана 2 пункту (1 жана 98) жарым-жартылай аткарылган.*

***"Нарынспецгидроэнергомонтаж" ачык акционердик коому*: (2024-жылдын 21-июнундагы №01-20/66) - 4 пункттан турган сунуштаманын *1 пункту жарым-жартылай аткарылган.*

***"Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасы:*** (2024-жылдын 21-июнундагы №01-20/54 жана №01-20/72) - 2 пункттан турган жазма буйрук аткарылган жок. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 1 442,5 миң сом калыбына келтирилген эмес.

**1.1. Сунуштама.**

1. Мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктары жана сунуштамалары толугу менен аткарылышы камсыздалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын толук аткарбагандыгы үчүн министрликте жана анын аудитке камтылган мекемелериндеги тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги жана анын борбордук аппараты боюнча

**2. Аныкталды/корутунду.**

Министрлик "Энергетика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Энергетика чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу, отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу жана энергетика чөйрөсүн көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар энергетикалык ишканалардан көз карандысыз иштешет жана алардын өндүрүштүк жана чарбалык иштерине түздөн-түз кийлигишпейт.

Андыктан чарбалык субъект болгон "УЭХК" ААКсы жоюлган соң акционердик коомдордун өндүрүштүк жана чарбалык ишмердүүлүгүн координациялап башкаруу жагы кыйындаган жана корпоративдик башкаруу функцияларын так аткарууга талап күчөгөн.

Министрликте корпоративдик башкаруу функцияларын аткаруу корпоративдик башкаруу, болжолдоо жана талдоо бөлүмүнө жүктөлгөн.

Бирок бул бөлүм акционердик коомдордун корпоративдик башкаруусунан башка Министрликтин бардык багыттар боюнча иштерин талдоо-жыйынтыктоо, Министрликтин ишин пландаштыруу, КР Министрлер Кабинетинин пландын аткарылышы боюнча отчетту даярдоо милдеттерин да аткарат. Бул акционердик коомдордун корпоративдик башкаруу жагына Министрлик тийиштүү көңүл бурбай жаткандыгын көрсөтөт.

Ушуга байланыштуу, аудит Министрликтин корпоративдик башкаруу бөлүмүн тиешелүү адистер менен күчөтүп, башка багыттар боюнча иштерин

азайтып, корпоративдик башкаруу функцияларын толук камсыздоо максатка ылайыктуу деп белгилейт.

Мындай мамиле башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатат, стратегиялык чечимдерди иштеп чыгууда аналитикалык колдоонун сапатын жогорулатат жана эл аралык стандарттарга жана алдыңкы тажрыйбага ылайык өлкөнүн энергетика тармагын ачык-айкын жана натыйжалуу башкарууга алып келет.

**2.1. Сунуштама.**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги:*

- энергетика тармагынын акционердик коомдорунда эффективдүү корпоративдик башкарууну жүргүзүү үчүн өзүнүн корпоративдик башкаруу бөлүмүнүн ишин күчтөндүрүү менен төмөндөгү милдеттерди ишке ашырууну камсыздасын:

- энергетикалык компаниялардын корпоративдик башкаруу стратегиясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- корпоративдик башкаруунун натыйжалуулугун баалоо жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- энергетика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын алкагында энергетикалык компаниялардын ишмердүүлүгүн координациялоо;

- энергетикалык компаниялардын корпоративдик башкаруусу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана макулдашуу.

**Кыргыз Республикасынын 2023-жылга энергетикалык балансы төмөндөгүдөй**

миң кВт/с

| № | Аталышы | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы өндүрүлгөн электр энергиясы:** | 13 654 066,9 |
| 1.1. | ***Анын ичинде: "Электр станциялары" ААКсы*** | 13 622 412,2 |
| | ***Анын ичинде: - ГЭСтер*** | 11 834 014,1 |
| | ***- ЖЭБ (ТЭЦ)*** | 1 788 398,1 |
| 1.2. | **Кичи ГЭСтер** | |
| **2** | **КРнын энергосистемасына түшкөн электр энергиясы:** | 16 473 389,2 |
| **2.1.** | ***Анын ичинде "Электр станциялары" ААКсы*** | 12 935 667,4 |
| **2.2.** | **Кичи ГЭСтер** | 33 406,2 |
| **2.3.** | **ОА БЭС кабыл алынган электр энергия** | 26 070,6 |
| | *Анын ичинен Өзбекстан Республикасынан* | *2 036,1* |
| | *Казакстан Республикасынан* | *13 141,0* |
| | *Тажикстан Республикасынан* | *10 893,5* |
| **2.4.** | **э/э импорту** | 3 476 037,4 |
| **3** | **КРнын энергосистемасынын жоготуулары (110-500 кВ)** | 883 514,2 |
| | **%** | 5,36% |

| | | |
|---|---|---|
| **4.** | **Электр энергиясынын пайдалуу транзити, берүү анын ичинде:** | **15 570 396,2** |
| | *өза ара алмашууга берүү* | *136 456,9* |
| | *ИӨК (КПП) жеткирүү* | *1 960 875,6* |
| | *«Кумтор ГК» берүү жана жеткирүү* | *311 373,1* |
| | *«ЭС» ААК, «БишкекЖЭБ» МИ берүү* | *43 487,1* |
| | *0,4-35 кВ тармагына жеткирүү* | *13 118 203,5* |
| 5 | **0,4-35 кВ тармагын кичи ГЭСтерден жана Бишкек ЖЭБдин шиналарынан камсыздоо (түшүүсү)** | **463 365,8** |
| **6** | **Жалпы 0,4-35 кВ тармагына түшкөн э/э** | **13 581 569,3** |
| 7 | **0,4-35 кВ тармагындагы жоготуулар** | **1 571 288,7** |
| | **%** | *11,57%* |
| | **Жоготуулар баары (маалымат катары)** | **2 454 802,9** |
| 8 | **Электр энергиясынын пайдалуу берүү** | **11 922 495,5** |

2023-жылы Кыргыз Республикасынын энергетика системасында жалпы өндүрүү 13 654 066,9 миң кВт/с (анын ичинен “Электр станциялары” ААКсы 13 622 412,2 миң кВт/с). Кыргыз Республикасынын электр тармактарына түшкөн электр энергия 16 473 389,2 миң кВт/с, алар “Электр станциялары” ААКсы - 12 935 667,4 миң кВт/с, кичи ГЭСтер - 33 406,2 миң кВт/с, электр энергиянын импорту - 3 476 037,4 миң кВт/с, электр энергиянын жоготуулары - 883 514,2 миң кВт/с, электр энергиянын жалпы сатуулары - 13 581 569,3 миң кВт/с, тиричилик керектөөлөрү - 18 572,2 миң кВт/с түзгөн.

**Электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттери**

**3. Аныкталды/корутунду.**

Бүгүнкү күндө бюджеттик уюмдарда коммуналдык - тиричилик муктаждыктары үчүн пайдаланылып жаткан энергоресурстардын жана отундардын көлөмүн аныктоо үчүн бирдиктүү ыкма-методология жок экендиги жана жылуулук энергиясын эсепке алуу приборлору эскиргендиги (80%), ошондой эле алар менен толук жабдылбагандыгы энергоресурстардын жана республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттардын сарамжалсыз пайдалануусуна алып келүүдө.

Бюджеттик уюмдарда энергия жана отундарды пайдалануу боюнча методиканы киргизүү бюджеттик каражаттардын жигердүү үнөмдөлүшүнө алып келмек.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы “Энергетика” илимий иштер боюнча институту (мындан ары “Институт”) даярдаган финалдык отчетунда Чүй облусунун аймагындагы 925 бюджеттик ишканаларда жана КР Финансы министрлигинин, Жогорку Соттун кээ бир мекемелеринде жана 2023-жылга электр энергиясын пайдаланганы

үчүн төлөөгө каралган каражаттардын 99 120,0 миң сомун үнөмдөөгө мүмкүн экендигин аныктаган.

Институтка 2023-жылдын 30-октябрына чейинки мөөнөттө республикалык жана жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин түзүү методикасынын долбоорун иштеп чыгуу тапшырылган.

Институт “Бюджеттик ишканаларга электр, жылуулук энергияларынын жана табигый газдын лимитин эсептөө методикасынын” долбоорун иштеп чыгып, 2023-жылдын 26-июлунда Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине жолдогон.

2023-жылдын августунда аталган Методиканы бекитүү боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин буйругунун долбоору министрликтерге, ведомстволорго жана Кыргыз Республикасынын Президентинин облустук өкүлчүлүктөрүнө макулдашууга жөнөтүлүп, макулдашылган, бирок Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги Методиканын долбоорун ички акты - буйрук менен бекитүүнү сунуштаган.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин бул буйругунун долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 токтомунун 15-пунктунун Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине отун-энергетика комплекси чөйрөсүндөгү методикаларды жана б.у.с. бекитүү боюнча ченем жаратуу ыйгарым укуктары берилгендигинин негизинде даярдалган.

Анда, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин буйругу менен бекитилген бул Методика бир эле отун-энергетика комплекси чөйрөсүндө гана күчү жайылтылмак жана республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган ишканаларда иштебей калуу коркунучу жаралмак.

Ошентип, бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин түзүү методикасынын долбоору, кабыл алынган эмес.

**3.1. Сунуштама.**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:*

- Бюджеттик каражаттарды жана энергоресурстарды үнөмдөө максатында, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин түзүүнүн бирдиктүү методикасынын долбоорун бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгелесин.

## Борбордук аппараты боюнча

**4. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик эсептеги дебитордук карыздын көлөмү 60,5 миң сомду, кредитордук карызы 48,7 миң сомду түзсө, атайын эсебиндеги дебитордук карыздын көлөмү 167,9 миң сомду, ал эми кредитордук карызы 38,0 миң сомду түзгөн.

Атайын эсебиндеги дебитордук карыздын ичинен (167,9 миң сом) 31,5 миң сомдук карыз 2016-2021-жылдар ичинде пайда болгон карыз болуп эсептелет.

Бюджеттик эсебиндеги кредитордук карыздын ичинен (48,7 миң сом) 40,9 миң сомдук карыз 2021-жыл ичинде пайда болгон карыз болуп эсептелет.

2023-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик жана атайын эсебиндеги отчет берүүгө милдеттүү жооптуу кызматкерлердин 2016–2023-жылдары алган акча каражаттарына өз убагында авансалык отчету берилбегендигинин натыйжасында пайда болгон дебитордук карыздын көлөмү 184,0 миң сомду, ал эми ушул эле мезгилге өз убагында төлөнүп берилбегендиги үчүн кредитордук карыздын жалпы суммасы 479,2 миң сомду түзгөн.

Өз убагында төлөнүп берилбегендиги үчүн кредитордук карыздын жалпы суммасынын ( 479,2 миң сомду) - 379,8 миң сому 2016-жылдан 2023-жыдын 31- декабрына чейин төлөнүп берилген эмес, же болбосо доонун эскиришинин мөөнөтү өтүп кеткен (3 жылдан ашык).

**4.1. Сунуштама.**

2023-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик эсебиндеги 40,9 миң сомдук кредитордук карызды жана атайын эсебиндеги 379,8 миң сомдук (отчет берүүгө милдеттүү жооптуу кызматкерлердин кредитордук карыздары) жана 31,5 миң сомдук кредитордук карыздарын жоюу боюнча иш алып барылсын. Эгерде төлөп берүү мүмкүнчүлүгү аныкталбаса, КР Граждандык Кодексинин 212-беренеси боюнча “Доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү”- 3 жыл өткөндүгүн эске алуу менен ишкананын кирешесине өткөрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү камсыз кылсын.

**5. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылдын 28-февралында 2023-жылдын 10-февралындагы №77 тескемесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын резервдик фондунан “Нур-Кубат” пилоттук программасын ишке ашыруу үчүн Энергетика министрлигинин банктык эсебине 9 910,3 миң сом которулган.

Энергетика министрлиги “Нур-Кубат” пилоттук программасынын алкагында жалпы баасы 9 910,3 миң сомдук кубаттуулугу 10 кВт/с болгон 10 даана күн электр станциялары Чүй облусунун Жайыл жана Чүй райондорунда аз камсыз болгон, 16 жашка чейинки балдары бар, “үй бүлөгө көмөк” жөлөкпул алган он үй-бүлөгө сатып берген.

Күн электр станцияларын сатып алуу үчүн Энергетика министрлигинин мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу, “Чектелбеген эки пакеттүү” методун колдонуу менен, 2023-жылдын 20-апрелинен 20-июнуна чейин үч

жолу конкурс жарыяланган, бирок эч ким катышпагандыктан конкурс өткөн жок деп табылган.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 16-пункутуна ылайык, “бир булактан алуу” методу менен кытайлык “Гонконг грин лайт Интернешнл трейд лимитед” компаниясы (жеткирүүчү) менен 2023-жылдын 6-сентябрында №42 келишими түзүлгөн.

“Нур-Кубат” пилоттук программасынын алкагында орнотулган 10 даана күн электр станциялары аз камсыз болгон үй-бүлөлөр энергиянын кайра жаралуучу булактарына жетүү мүмкүнчүлүгүн жаратып өздөрү пайдаланган энергия чыгымдарын азайтат жана өндүргөн электр энергиясынын ашканын 1 кВтс 4 сом 42 тыйын төлөп КУЭТ ААКсы сатып алат (үй-бүлөлөргө кошумча киреше). *Маалымат үчүн: 2024-жылдын 11 айында аталган күн электр станциялары жалпы 79,910 миң кВтс өндүргөн.*

Бирок жеткирүүчү келишим боюнча электр панелдерин 2023-жылдын 6-ноябрында жеткирип орнотуу милдетин алган болсо, иш жүзүндө 2023-жылдын 27-декабрында гана электр панелдерин өткөрүп берген, же болбосо 52 иш күн кечигип берген.

Ал эми, сатып алуучу электр панелдери үчүн жеткирүүчүгө төлөмдөрүн дагы келишимдин шарттарын аткарбай кеч жүргүзгөн - 3 931,4 миң сомдук акыркы төлөм 2023-жылдын 3-апрелинде, же болбосо 62 банктык күнгө кечигип төлөгөн.

Ушуга байланыштуу келишимдин шарттарын убагында аткарбаганы үчүн эки тараптын тең жоопкерчилиги каралган эмес.

Ошондой эле, аталган 10 даана күн электр панелдерин таратылган он үй-бүлөнүн ар бирине жеке жоопкерчиликке кабыл алуу - өткөрүп берүү актысы менен (баалары көргөзүлүп) аудит учурунда, 2025-жылдын 31-январында өткөрүлүп берилген.

Жогорудагы келишимдин 4.3.пунктунун 2-пункчасында көрсөтүлгөндөй сатып алуучуга кытайлык “Гонконг грин лайт Интернешнл трейд лимитед” компаниясы тарабынан квалификациялуу оператор электрикти окутуп даярдаган эмес.

Андан сырткары, ушул эле келишимде көрсөтүлгөн жогорудагы электр панелдеринин шайкештик сапат сертификаттары, ошондой эле электр панелдерине берилген 12 жылдык кепилдик сертификаттары (түп нускасы) аудит учурунда толукталды.

**5.1. Сунуштама.**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министирлиги:*

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен биргеликте “Нур-Кубат” пилоттук программасын ишке ашырууда экономикалык эффективдүүлүгүнө деталдуу талдоо жүргүзүүнү, анын ичинде өзүн актоо мөөнөттөрүн жана үй-бүлөлөр үчүн потенциалдуу кирешелердин так эсебин чыгаруу маселеси каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменти**

1. **Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун 19-пунктунун 6-пунктчасына ылайык бааларды (тарифтерди) аныктоо жана пайдалануу тартибин бузууларга төмөндөгүлөр кирет деп белгиленген: - *“6) товарлардын (жумуштун, көрсөтүлгөн кызматтардын) баасын, соода үстөктөрүнүн чектүү деңгээлин ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылган товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) өздүк наркынын жана инвестицияларга багышталган пайданын бөлүгүнүн эсебинен түшкөн каражаттарды толук эмес көлөмдө же башка максатка пайдалануу”.*

Аудит камтыган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент (мындан ары – Департамент) жөнгө салуучу субъекттердин 2023-жылга пландалган жана анык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн талдоо жүргүзүүдө төмөнкү субъекттердин чыгымдары пландалган көрсөчкүчтөн төмөн болгону аныкталды, алар:

- “АКМ энержи” ЖЧКсы – 747,6 миң сом;
- “Электросила” ЖЧКсы – 78 467,0 миң сом;
- “Нурэнерго” ЖЧКсы – 1946,7 миң сом;
- “Димед” ЖЧКсы – 5948,3 миң сом. Жалпы суммасы 87 109,6 миң сом.

**1.1. Сунуштама.**

“АКМ энержи” ЖЧКсы, “Электросила” ЖЧКсы, “Нурэнерго” ЖЧКсы жана “Димед” ЖЧКсы субъектилеринин көрсөтүлүп жаткан кызматынын чыгымдары пландалган көрсөчкүчтөн төмөн болгону, жалпы 87 109,6 миң сомдук наркы кайрадан каралып чыксын, жыйынтыгы менен белгиленген тартипте иш чара жүргүзүлсүн.

2. **Аныкталды.**

Департаменттин атайын эсеби жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан 2022-жылдын 25-июлундагы №01-13/125 буйругу менен 2023-жылдын 28-сентябрындагы №01-13/189 буйругу менен бекитилген. Жогоруда белгиленген жобонун 1-пунктуна ылайык Департаменттин атайын эсебиндеги каражаттар лицензиаттан түшкөн акчанын 0,15% өлчөмүндө жөнгө салынуучу субъекттердин жылдык төлөмдөрүнүн түшүүлөрүнүн эсебинен түзүлөт деп белгиленген. Лицензиаттан түшкөн акчанын 0,15% өлчөмүндөгү жөнгө салынуучу субъекттердин ар жылдык акысы белгиленген тартипте иштин тиешелүү түрлөрү боюнча тарифтерге киргизилүүгө тийиш.

**Корутунду:** Департамент тарабынан жөнгө салынуучу субъекттеринен атайын каражаттын эсебине 0,15% өлчөмүндө түшкөн каражаттардын өздүк наркын эсептөө жүргүзүлбөгөн жана эмне үчүн жөнгө салынуучу

субъекттердин кирешесинен 0,15% түзүү тууралуу ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн эмес.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Департаменттин атайын эсебине түшкөн акча каражаттын 29 696,1 миң сому Энергетика министрлигине которулган жана 17 881,8 миң сом кызматкерлерди материалдык жактан сыйлоо үчүн колдонулган.

Аудит, Департамент жыл сайын жөнгө салынуучу субъекттерден 0,15% өлчөмүндө төгүмдөрдү алуу кызыкчылыктардын кагылышуусунда экенин белгилейт, анткени кызматтык милдеттерин аткарууда ачыктык, калыстык, жана айкындуулук принциптери жоголушу мүмкүн деп эсептейт.

Мындан сырткары, 0,15% өлчөмүндөгү жөнгө салынуучу субъекттердин ар жылдык акысы белгиленген тартипте иштин тиешелүү түрлөрү боюнча тарифтерге киргизилет жана тарифтердин өсүшүнө алып келет.

**2.1. Сунуштама.**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин атайын эсебине жыл сайын жөнгө салынуучу субъекттерден 0,15% өлчөмүндө төгүмдөрүнүн негиздүүлүгү каралсын.

**3. Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги № 233 “Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттар жөнүндө” токтому (*аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү бар болгон*) менен бекитилген “Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоо жөнүндө” тартибинин 8 пунктуна ылайык, *рыноктук эмес ишти жүзөгө ашыруучу мекемелердин башка каражаттарынын булактары мекеменин атайын эсебине республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда же жергиликтүү кеңештин чечиминде каралган эмгек акы төлөө фондунун 100 пайызынан ашык эмес өлчөмдө киргизилет.*

*Жылдын жыйынтыгы боюнча атайын эсептеги кирешелердин иш жүзүндөгү түшүүсүнөн эмгек акы төлөө фондунун 100 пайызынан ашкан каражаттар бюджеттин кирешесине которулат.*

Аталган токтомдун 17-пункту боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде *бюджеттик каражаттарды алууга укуктуу мекеме башка каражаттардын талаптагыдай түзүлүшү жана пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат.*

*Белгиленген башка каражаттарды түзүү, чегерүү жана чыгымдоо, отчетун түзүү жана бекитүү аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарын бузуу деп таанылат.*

*Башка каражаттарды түзүүдө жана пайдаланууда бузуулар аныкталган учурда мекеменин жетекчиси жана финансылык иш үчүн жооптуу кызматкер жеке жоопкерчилик тартышат.*

*Финансылык тартипти бузуу фактылары аныкталса ыйгарым укуктуу орган тиешелүү инстанцияларга тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу, анын ичинде анын күнөөсү боюнча финансылык тартипти бузууга жол берилген мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын ээлеген кызмат ордунан бошотуу жөнүндө сунуштарды киргизет.*

**Корутунду:** Департаменттин жогоруда белгиленген токтомуна ылайык атайын эсебине 2023-жылдын июлуна чейин (*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-июлундагы №335 токтомуна ылайык күчүн жоготту*) 31 671,1 миң сом акча каражат келип түшкөн, анын ичинен 2022-жылдын эсебинен 9884,5 миң сом. Департаменттин 2023-жылдын 6-айлык эмгек акы төлөө фонду 11 092,7 миң сомду жана социалдык төгүмдөрү 1498,1 миң сомду түзөт. Департаментте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №233 "Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттар жөнүндө" токтому менен бекитилген "Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоо жөнүндө" тартибинин 8 пунктун бузуу менен 9 195,8 миң сом ашыкча өлчөмдө киргизилген (31 671,1-9884,5 = 21 786,6 миң сом) (21 786,6 - 11 092,7-1498,1 = 9195,8 миң сом). *2025-жылдын 15-апрелиндеги №280 төлөө тапшырмасы менен калыбына келтирилген.*

**3.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №233 "Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттар жөнүндө" токтому менен бекитилген "Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттарды аныктоонун, чегерүүнүн жана чыгымдоо жөнүндөгү" тартибинин талаптарын сактабастан атайын каражат эсебинен ашыкча түшкөн каражаттарды республикалык бюджет эсебине убагында которбогон тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**4. Аныкталды/корутунду.**

2021-жылдын 20-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 320 токтомунун Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобосунун 7-пунктуна ылайык мекеменин штаттык ыраатамасы Министрлик тарабынан бекитилет деп белгиленген.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Департаменттин штаттык ыраатамасы Энергетика министрлиги тарабынан бекитилбестен, департаменттин директору тарабынан өз алдынча бекитилип келгендиги аныкталган.

**4.1. Сунуштама.**

2021-жылдын 20-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №320 токтомунун Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобосунун талаптары так сакталсын жана Департаменттин штаттык ыраатамасы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан бекитилсин.

**5. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 128-беренесинде көрсөтүлгөн контролдук-кассалык машиналарды колдонуу боюнча нускамаларына шайкеш келбестен Департамент тарабынан тиешелүү тастыктоочу документтери жок иш сапар чыгымдары беренеси боюнча

эсептен 263,7 миң сом суммасында чыгарылгандыгы аныкталган. *Аудиттин жыйынтыгы менен 2025-жылдын 17-июнундагы №418 төлөө тапшырмасы менен калыбына келтирилген.*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйруктары *(аудит мезгил аралыгында юридикалык күчү бар болгон)* менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 111-пунктуна ылайык транспорттук чыгымдардын - ырастоочу документтери болуп төмөнкүлөр саналат: авиабилеттер конуу талондору менен, темир жол билеттери, коомдук транспортто жол жүрүү билеттери, патент, кириш кассалык ордердин квитанциясы, кассалык чектер жана башка жол жүрүүнү тастыктаган документтер.

Аудит камтыган мезгилде, жогоруда көрсөтүлгөн талаптар сакталбастан Департамент тарабынан 11,7 миң сом суммасында тиешелүү тастыктоочу документтери жок (конуу талондору жок) иш сапар чыгымдары беренеси боюнча эсептен чыгарылган. *2025-жылдын 17-июнундагы №418 төлөө тапшырмасы менен калыбына келтирилген.*

**5.1. Сунуштама.**

Тастыктоочу документери жок 275,4 миң сомго бюджеттик каражаттарды иш сапар чыгымдарына негизсиз эсептен чыгарууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**6. Аныкталды/корутунду.**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин талаптарына шайкеш келбестен жалпы түзүлгөн сатып алуулар жөнүндө келишимдердин ичинен 36 келишим боюнча кепилдикти камсыз кылуу 10% (он пайыз) наркы мекеме тараптан жалпы, 170,5 миң сомго талап кылынбай, депозиттик эсепке түшпөстөн келишимдер түзүлгөн.

**6.1. Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын так сактоо жана түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүндө аткаруу көзөмөлгө алынсын, сатып алуулар боюнча келтирилген кемчиликтерге жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызматы (мындан ары – Энергетика көзөмөл кызматы)

**1. Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына

жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына ылайык Энергетика көзөмөл кызматынын 2023-жылдын 1-сентябрындагы №01-48/17 буйругу менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы Энергетикалык көзөмөлдөө боюнча кызматынын кызматкерлерине татаалдыгы, сапаты, ишинин натыйжасы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана иштин нормаланбаган режими үчүн үстөк акыларды белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобосу бекитилген. Аталган Жобонун 17-пунктуна ылайык *2 сааттан 10 саатка чейинки нормадан ашык иштеген кызматкерлерге 5%дан 25%га чейинки кошумча төлөөлөр каралган. Ошондой эле, аталган "Кызматкерлердин келүү жана кетүү журналын жүргүзүү тартиби" жөнүндөгү Жобосунун 5-бөлүмүнүн 28-30 пункттарында кызматкерлердин жумуш ордуна келүүсү жана кетүүсү "Кызматкерлердин келүү жана кетүү журналына" көрсөтүлүшү керек, - деп көрсөтүлгөн жана Жобонун 32-пуктунда "Жумуш убактысын эсепке алуу табелинде туура эмес маалыматтар жана кызматкерлердин келүү жана кетүү журналын жүргүзүүдөгү бузуулар табылган учурда, адам ресурстарын башкаруу боюнча кызматкер ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн үстөктөрдү алып салуу жана чараларды колдонуу жөнүндө чечимди мекеменин директоруна киргизүүгө укуктуу" деп көрсөтүлгөн.*

**Корутунду:** Энергетика көзөмөл кызматы тарабынан аталган жободо көрсөтүлгөн талаптары сакталбастан, эмгек акыга 286,1 миң сом ашыкча төлөнгөн жана социалдык чегерүүлөрү 49,0 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлгөн. Башкача айтканда, убакыт баракчасына (табелге) кызматкерлердин ченемделбеген жумуш күнүн көрсөтпөстөн жана кызматкерлердин жумуш ордуна келүүсү жана кетүүсү "Кызматкерлердин келүү жана кетүү журналына" көрсөтүлбөстөн, 2023-жыл ичинде айлык акысына 5%дан 25%га чейинки кошумча төлөөлөр 335,1 миң сомду түзгөн.

**1.1. Сунуштама.**

2023-жылдын 1-сентябрындагы №01-48/17 "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы Энергетикалык көзөмөлдөө боюнча кызматынын кызматкерлерине татаалдыгы, сапаты, ишинин натыйжасы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана иштин нормаланбаган режими үчүн үстөк акыларды белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобосунун талаптары сакталбастан 335,1 миң сомго эмгек акы төлөмдөрүнө жол берген жоопту кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, тактап айткан жумуш эмес күндөрү (ишемби, жекшемби) кызматтык автоунааларды жеке иштерине пайдаланып 2023-жылдын октябрь-декабрь айларында жалпы 190,0 литр А-92 үлгүсүндөгү күйүүчү майлоочу май, жалпы суммасы 15,8 миң сомго негизсиз чыгымдалган *(аудиттин жыйынтыгы менен ордуна коюлду)*.

**3. Аныкталды/корутунду.**

Мотор майын, запастык бөлүктөрдү жана автомашиналарды оңдоо боюнча кызматтарды сатып алуу боюнча конкурстук иш кагаздардын “Квалификациялык талаптарында” алдын ала (аванстык) төлөм-каралган эмес. Бирок, Энергетика көзөмөл кызматы тарабынан 2023-жылдын түзүлгөн келишимдин талаптары сакталбастан, 11-декабрындагы №632 төлөө тапшырмасы менен алдын ала төлөмдөр жүргүзүлгөн. Натыйжада, 2023-жылдын 31-декабрына карата “Акбай Юни” ЖЧКсына 23,2 миң сом запастык бөлүктөр үчүн дебитордук карыздар калып калган.

“Күйүүчү жана майлоочу майларды сатып алуу” боюнча конкурстук иш кагаздардын “Квалификациялык талаптарында” алдын ала (аванстык) төлөм-каралган эмес. Бирок, Энергетика көзөмөл кызматы тарабынан түзүлгөн келишимдин талаптары сакталбастан 2023-жылдын 11-декабрындагы №632 төлөө тапшырмасы менен алдын ала төлөмдөр жүргүзүлгөн. Натыйжада, 2023-жылдын 31-декабрына карата “Партнер Нефть” ЖЧКсына 179,6 миң сом күйүүчү жана майлоочу майлар үчүн дебитордук карыздар калып калган.

**3.1. Сунуштама:**

Товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана аткарылган жумуштарды сатып алууда, келишим түзүүдө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана түзүлгөн келишимдин талаптарын аткаруу көзөмөлгө алынсын.

## “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын аппараты (мындан ары – “КУЭТ” ААКсы) жана электр тармактар ишканалары боюнча

**1. Аныкталды/корутунду.**

“Түндүк электр” ААКсы, “Чыгыш электр” ААКсы, “Ошэлектр” ААКсы жана “Жалал-Абадэлектр” ААКсы бөлүштүрүүчү энергетикалык компанияларын “КУЭТ” ААКсы менен бириктирүү жолу менен бирдиктүү тармактык компания түзүлгөн.

Чыңалуу классы 0,4 – 6/10 – 35 кВ болгон электр тармактары “КУЭТ” ААКсына өткөрүлүп берилди. Анын ичинде: 35 кВ көмөк чордондор - 340 даана, 35 кВ аба чубалгылары - 4627 км, 35 кВ кабелдик чубалгылар - 88 км, ТП 0,4-6/10 кВ -25127 даана, 6-10 кВ аба чубалгылары - 22854,6 км, 0,4 кВ аба чубалгылары - 27400,81 км, 6-10 кВ кабелдик чубалгылары -1442,4 км, 0,4 кВ кабелдик чубалгылары - 1087,5 км.

Электр тармактарынын башкаруусунун вертикалын жана бирдиктүү системасын түзүү менен башкаруу ыкчамдыгын жогорулатууга өбөлгө түзүлдү. Реформанын натыйжасында объекттерди модернизациялоо жана реконструкциялоо боюнча иштерди координациялоо, пландаштыруу, материалдарды, тетиктерди борборлоштуруп сатып алуу, өз убагында оңдоо жана техникалык тейлөө, Компаниянын бюджетин консолидациялоо жана

чыгашаларды оптималдаштыруу, электр энергиясын сатып алуу үчүн региондорго бөлүнбөстөн бирдиктүү тариф белгилөө, бирдиктүү ченемдик-техникалык документтерди колдонуу үчүн шарттар түзүлдү.

Ошону менен бирге, аталган артыкчылыктарды колдонуп, системалык оптималдаштырууга жетүү толук ишке ашырыла элек.

Республиканын керектөөчүлөрүн электр энергия менен толук камсыздоо жана 0,4-6-10-35 кВ электр тармактарын өнүктүрүү үчүн шарт түзүү максатында бир топ иш-чараларды аткаруу керек. Алар:

– СИП зымын колдонуу, жыгач тирөөчтөрдү темир-бетон тирөөчтөргө алмаштыруу, кошумча ТП/КТП менен 0,4-6-10 кВ электр тармактарында курулуш жана реконструкцияны жүргүзүү;

– калктуу конуштардын кеңейүүсүн жана келечекте өнүгүүсүн эске алуу менен ашыкча жүктөлгөн жана номиналдык чекте иштеп жаткан трансформаторлорду алмаштыруу, кубаттуулугун жогорулатуу;

– 35 кВ аба чубалгыларынын өткөргүч мүмкүндүктөрүн жогорулатуу;

– “Акылдуу электр эсептегичтерине” толук өтүү;

– 0,4-6-10-35 кВ электр тармактарын тейлөөчү персоналды даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу.

**1.1. Сунуштама.**

Энергетика тармагын башкаруу системасын реформалоонун максаттарын ишке ашыруу, керектөөчүлөрдү электр энергия менен ишенимдүү камсыздоо жана 0,4-6-10-35 кВ электр тармактарынын өнүгүүсүнө шарт түзүүдө, пландаштыруу, бюджетти консолидациялоо менен, чыгашаларды оптималдаштыруу маселеси каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду.**

2028-жылга чейинки “КУЭТ” ААКсынын өнүгүү Стратегиясында аткарыла турган иш-чаралар, аларды аткаруу мөөнөттөрү, жооптуу аткаруучулары көрсөтүлгөн эмес (мисалы, АСКУЭ эсептөө приборлоруна эски эсептегичтерди алмаштыруу, жаңы курулуштары, оңдоп-түзөө иштерин жана б.у.с.).

**2.1. Сунуштама:** 2028-жылга чейинки “КУЭТ” ААКсынын Өнүгүү стратегиясында коомдун өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктап, тийиштүү көрсөткүчтөрүн бекитип, аларга жетүү үчүн аткарыла турган иш-чараларды так белгилеп, аткаруу мөөнөттөрүн, жооптуу аткаруучуларын тактоо камсыздалсын.

**3. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылга 22 568 566,9 миң сом суммасында жалпы киреше алынган, пландык наркы 21 204 075,2 миң сомду түзгөн (айырмасы -1 364 491,7 миң сом), анын ичинен:

1. 10-0,4 кВ тармактары аркылуу акыркы керектөөчүлөргө пайдалуу берүүдөн пландагы 19 434 976,4 миң сомдун ордуна 20 420 202,0 миң сомду түзүп, 985 225,5 миң сомго өскөн.

2. 110-220-500 кВт тармактар боюнча электр энергиясын алган керектөөчүлөрдөн (ИӨК (КПП), Кумтөр ЖАКсы, «ЭС» ААКсы) – план боюнча 1 761 869,4 миң сомдон

2 091 465,6 миң сомду түзүп, 329 596,3 миң сомго көбөйгөн, анын ичинде коңшу мамлекеттерге өз ара алмашууга берүүдөн 34 114,1 миң сом түшкөн.

3. Транзиттик, жыштыкты жөнгө салуу жана пландан тышкаркы электр энергиясын берүү боюнча товардык продукция план боюнча 7 229,3 миң сом болсо, аткарылышы 56 910,9 миң сомго жетип, өсүү – 49 669,9 миң сом болгон (7,9 эсе көп).

«КУЭТ» ААКсынын жалпы чыгымдарынын жана финансылык милдеттенмелеринин аткарылышы 24 690 632,0 миң сомду түзгөн, же планга карата 94,5% пайызга аткарылган: план 26 139 800,3 миң сомго каралып, үнөмдөө 1 449 168,2 миң сомду түзгөн.

Сатып алынган электр энергиясынын өздүк наркы пландагы 8 667 207,1 миң сомдун ордуна 9 473 334,2 миң сомду түздү, анын себеби 2023-жылдын 1-майынан баштап сатып алуу тарифинин бир киловатт-саатка баасы 55,05 тыйындан 64,50 тыйынга чейин көтөрүлүшүнө байланыштуу болгон.

Капиталдык салымдар боюнча иш жүзүндө 1 510 362,0 миң сом өздөштүрүлгөн, планга 2 473 653,8 миң сом бекитилген болсо, 963 291,8 миң сомдук жумуш өздөштүрүлбөй калган.

Бухгалтердик эсепке ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 3 910 653,0 миң сом суммасында жоготууну түзгөн, анын ичинде чет өлкө валютасындагы операциялардан 2 651 920,0 миң сом өлчөмүндөгү терс курстук айырма (31.12.2022-жылга карата доллардын курсу – 85,68 сом, 31.12.2023-жылга карата – 89,0853 сом же 3,4 сомго жогорулаган).

«КУЭТ» ААКсынын 2023-жылдын планына коюлган кирешелердин жана чыгашалардын көлөмү факты менен айырмасы чоң, кирешеден 1 364 491,7 миң сом жана чыгашадан 1 449 168,2 миң сом болгон. Бул талдоо менен, 2023-жылдын кирешелеринин жана чыгашаларынын планы так жана негиздүү түзүлбөгөндүгү көрүнөт.

**3.1. Сунуштама.**

Кирешелердин жана чыгымдардын жылдык планын түзүүдө пландык көрсөткүчтөрдүн көлөмүн аныктоону тийиштүү талдоонун негизинде так жана туура түзүү камсыздалсын.

**4. Аныкталды/корутунду.**

Акыркы керектөөчүлөрдүн карызынын туумдары “КУЭТ” ААКсында 2022-жылы 127 860,5 миң сомду түзсө, 2023-жылы акыркы керектөөчүлөрдүн бөлүштүрүүчү ишканаларга карыздарынын туумдары кошулуп 616 861,2 миң сомго чейин өсүп, айырмасы 489 000,7 миң сомду түзгөн.

**4.1. Сунуштама.**

“КУЭТ” ААКсынын 2023-жылдын 31-декабрына карата 616 861,2 миң сом акыркы керектөөчүлөрдүн карызынын туумдарын азайтуу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду.**

“КУЭТ” ААКсы менен ишкердик жүргүзгөн ири өнөр-жай ишканалары, керектөөчү-бөлүштүрүүчү ишканаларындагы алып кайра сатуучуларынын (ИӨИ, ПП, РП) отчеттук маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карыздары 52 763,5 миң сомду, ал эми 2023-жылдын 31-

декабрына карата 68 451,9 миң сомду түзүп, дебитордук карыздары жыл ичинде 15 688,4 миң сомго, же 29,7%га өскөн. Алардын ичинен:

- негизги керектөөчүлөр боюнча дебитордук карыз жыл башында 23502,1 миң сомду, 2023-жылдын 31-декабрына карата 30 085,0 миң сомду түзүп, дебитордук карыз 6582 миң сомго, же 28,0%га өскөн;

- керектөөчүлөр боюнча – жыл башында кайра сатуучулар үчүн карыз 3 176,0 миң сом болсо, жыл аягында - 9984,4 миң сом болгон, же карыз 6582 миң сомго же 314,3%га өскөн;

- бөлүштүрүүчү ишканалары боюнча карыз жыл башында - 26 085,4 миң сом болсо, жылдын аягында 28 380,2 миң сомду түзүп, дебитордук карыз 2 294,7 миң сомго, же 8,8 %га өскөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн дебитордук карыздардын ичинен 2011-2020-жылдар аралыгында түзүлгөн мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздар 2023-жылдын 31-декабрына карата – 21 973,5 миң сомду түзгөн.

«КУЭТ» ААКсынын төмөндөгү бухгалтердик эсеби боюнча № 1400 «Алуучу эсептер», 1500 «Башка операциялар боюнча дебитордук карыз», 1800 «Берилген авансстар», 2730 «Кызматкерлерге берилген ссудалар, дебитордук карыздын калдыгы» 01.01.2023-жылга карата:

- 87 721,4 миң сомду, 2023-жылдын 31-декабрына карата 141 579,9 миң сомду түзүп, дебитордук карыз 53 858,5 миң сомго же 161,4 %га өскөн.

Жогоруда аталган дебитордук карыздардын ичинен 2009-2020-жылдар аралыгында түзүлгөн жана мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыз жыл башына 1 022 701,3 миң сомду жана 2023-жылдын 31-декабрына карата 944 133,3 миң сомду түзгөн.

**5.1. Сунуштама.**

Дебитордук карыздарынын өсүшүнүн себептерине деталдуу талдоо жүргүзүлсүн жана 2023-жылдын 31-декабрына карата 944 133,3 миң сомду түзгөн дебитордук карыздарды, анын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды юридикалык чаралар аркылуу өндүрүү колго алынсын.

**Өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган чыгымдар боюнча**

**6. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктунун талаптары сакталбастан жана Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген “Электр энергиясына тарифтерди түзүү жана өздүк наркты аныктоо” жөнүндөгү методикасынын талаптарына ылайык келбеген, же өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган, өндүрүштүк жаракат алган жумушчуларга жардам көрсөтүүгө кеткен 9 267,2 миң сомду жөнгө салынуучу товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) баасына (тарифтерине) чыгымдарды киргизүүгө жол берилген.

**6.1. Сунуштама.**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги* Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменти менен

биргеликте аудит убагында аныкталган Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 24-ноябрындагы №4 буйругу менен бекитилген “Электр энергиясына тарифтерди түзүү жана өздүк наркты аныктоо методикасын” бузуу менен жөнгө салынуучу товарлардын баасына (тарифтерине) өндүрүүгө жана сатууга байланышпаган 9 267,2 миң сомдук чыгымдарды карап чыгып, тийиштүү чечим кабыл алынсын.

**7. Аныкталды:**

Аудит учурунда «КУЭТ» ААКсы 545 338,6 миң сомдук төлөмдүк (платный) жана башка кызматтардан (Коомдун мүлктөрүн ижарага берүүдөн, техникалык шарттарды абоненттерге берүүдөн, абоненттерди электр энергиясына туташтыруудан) киреше тапкан, анын ичинен 395 738,1 миң сому Коомдун керектөөсүнө сарпталган.

Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 11-августундагы №155 буйругу жана «КУЭТ» ААКсынын өзүнүн 2023-жылдын 18-августундагы №608 буйругу менен төлөмдүк кызматтардын баасы бекитилген.

Бирок, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 11-августуна чейинки аралыгында «КУЭТ» ААКсы жалпысы 4 890,2 миң сомдук, техникалык шарттарды берүүдө акы төлөтүп келген. Бул “Табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 15-пунктунун бузулушуна алып келет (Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашпай туруп шартнамаларды берүүдө акы алган). Алар 1000 ваттка чейинки жана андан жогорку чыңалүүгө, кабелдик жана аба аркылуу өткөн чубалгыларга техникалык шарттарды берүү, жаңы кошулган абоненттердин тармакка кошулуусуна, үч фазага кошулууга, иш алып барууга долбоорго корутунду берүү бир жана үч фазалык кирүүнү алмаштырууга жана башка жалпы 41 шарттардын түрү камтылган.

**Корутунду:** 2023-жылдын 1-январынан 11-августуна чейин «КУЭТ» ААК 4 890,2 миң сомдук (платный) төлөмдү монополиялык кызматтарды, аларды алдын ала белгиленген бааларды жөнгө салуучу орган - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашпай көрсөтүп келген, бул “Табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн 15-пунктун бузууга алып келген.

Аталган Мыйзамдын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, табигый монополиялардын субъектиси ушул Мыйзамды бузуунун натыйжасында алган кирешени ыйгарым укуктуу органдын чечими менен белгиленген мөөнөттө республикалык бюджетке которууга милдеттүү .

**7.1. Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги* Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменти менен биргеликте, аудит убагында аныкталган Отун-энергетикалык комплексти

жөнгө салуу департаменти менен макулдашылбаган кызматтардан алынган 4 890,2 миң сом суммасында кызмат көрсөтүүлөрдү карап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Табигый монополиялар жөнүндө” Мыйзамынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык республиканын бюджетине төлөнүшү боюнча тийиштүү чечим кабыл алынсын.

**8. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылдын 31-декабрына карата 3562 бухгалтердик эсепте «Айып пулдар боюнча кечиккен милдеттенмелер» 37 202,8 миң сом өлчөмүндө кредитордук карыз катталган. 2023-жылдын башында бул эсепте карыз жок болгон. Аудит мезгилинде 2023-жылдын март жана апрель айларында чет өлкөлүк кредитке милдетүү төлөөнүн графигин бузгандыгы үчүн, же болбосо негизги сумманы жана пайыздарды убагында төлөбөгөндүгүнө байланыштуу «КУЭТ» ААКсына өтө чоң суммада айып пул эсептелген жана Коомдун балансына чет өлкөлүк кредитке карыз катары алынган.

2023-жылдын ичинде эсептелген айып пулдардын жалпы суммасынан «КУЭТ» ААКсы 11 199,2 миң сомун өз эсебинен төлөгөндөн кийинки калдыгы 35 337,0 миң сом сумманы түзгөн. 2023-жыл ичинде кредит төлөмдөрдүн кечиктирилишинин эсебинен жалпысы 46 536,2 мин сом айып пул чегерилген.

2023-жылдын биринчи төрт айы үчүн төлөмдөрдүн графиги боюнча 3 136 041,8 миң сом төлөш керек болсо, факт түрүндө болгону 599 355,7 миң сом гана төлөнгөн. Демек, төлөмдөр белгиленген графигинен 2 536 686,1 миң сомго артта калган.

Туумдун эсептелишинин дагы бир себеби, 2023-жылдын 28-апрелиндеги Коомдогу акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун чечимине ылайык, Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы аркылуу эмиссияны жайгаштыруу жол-жоболорун жана бүтүмдү таануу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан акча каражаты бөлүнүүсүн эске алуу менен, 2023-жылдын июлунан тартып төлөм башталган, же болбосо 2023-жылдын апрелинен 2023-жылдын июль айына чейинки төлөм толук токтоп калган.

**8.1. Сунуштама.**

Кредиттик төлөмдөрдүн кечигүүсүн жана айып пулдардын кайрадан пайда болуусун алдын алуу капитализация аркылуу төлөнө турган кредиттердин төлөмдөрүн капиталдаштырууга тиешелүү органдар жана ведомстволор менен бирдикте алдын ала жүргүзүлсүн. Карыздык милдеттенмелер өз убагында аткарылып, кечиктирилгени үчүн төлөнүп жаткан айып пулдардын көлөмү азайтылсын жана ага жол берилбесин.

**Дивиденддерди төлөө боюнча**

**9. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылдын 31-декабрына карата Коомдун балансынын №3540-"Дивиденддерди төлөө" эсебинде 5 909,9 миң сом өлчөмүндө «КУЭТ» ААКсынын акционерлерине (юридикалык жана жеке адамдарга) карызы бар. Бул карыз 1999-2014-жылдары пайда болгон, бирок «КУЭТ» ААКсынын

башкармалыгы бул карыздарды төлөө боюнча жетиштүү чараларды көргөн эмес, же 2023-жылы болгону 17,4 миң сом дивидендтик карызы төлөнүп берилген.

Дивиденддерди узак мөөнөт бою төлөбөө жана акционерлер жөнүндө актуалдуу маалыматтарынын жоктугу жана карызды убагында төлөө боюнча чаралар жоктугу Коомдун дивиденддерин төлөөдө контролдун жетишсиздигин көрсөтөт.

**9.1. Сунуштама:**

1. Акционерлердин реестрин жаңылоону жүргүзүп, алардын байланыш маалыматтарын жана юридикалык статусу такталсын.

2. Жыйналган дивиденддерди тез арада мыйзам чегинде төлөө планынын долбоорун иштеп чыгып, жооптуу адамдарды аныктоо менен ишке ашырылсын.

**Социалдык фондго жана салыктарга карыздар боюнча**

**10. Аныкталды /корутунду:**

"КУЭТ" ААКсынын жана анын электр тармактар ишканаларында (ЭТИ) 2022-жылдын 1-августуна чейин Социалдык фондго жана башка салыктарга карыздары болгон эмес.

2022-жылы энергия бөлүштүрүүчү компаниялары "КУЭТ" ААКсына кошулгандан кийин Социалдык фондго төлөмдөрү да өткөн.

миң сом

| № | Филиалдар | 01.09.2022 | | 01.01.2023 | | 31.12.2023 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | негизги карыздар | туум | негизги карыздар | туум | негизги карыздар | туум |
| 1 | Жалал-Абад ЭТИсы | - | - | - | - | - | - |
| 2 | Жалал-Абад электросу | 52 351,54 | 27 753, 86 | 52 351,54 | 27 753, 86 | | 39 471, 46 |
| 3 | Ош ЭТИсы | - | - | - | - | | - |
| 4 | Баткен (Ош электросу) | 100,15 | 780,24 | 100,15 | 779,38 | | 1 214, 19 |
| 5 | Нарын ЭТИсы | - | - | - | - | - | - |
| 6 | Нарын (Чыгыш электросу) | 49 153,21 | 61 511, 28 | 49 153,21 | 65 648, 56 | | 71 065, 32 |
| 7 | Иссык-Куль ЭТИсы | - | - | - | - | - | - |
| 8 | Ыссык-Куль (Чыгыш электросу) | 89 935,60 | 45 382, 21 | 89 935,6 | 45 382, 21 | | 66 068,0 |
| 9 | Чуй ЭТИсы | | | - | - | - | - |
| 10 | КУЭТ аппараты | - | - | - | - | - | - |
| **Жалпысы** | | **191 540,50** | **135 427,60** | **191 540,50** | **139 564,02** | **-** | **177 818,97** |

2023-жыл ичинде "КУЭТ" ААКсы Социалдык фондго негизги карызга 191 540,5 миң сом төлөгөн. Кошумча нарк салыгына негизги карызга 44 594,79 миң сом жана туумдарга 1 651,3 миң сом, пайда салыгынын негизги карызына 28 697,0 миң сом жана туумдарына 5 224,3 миң сом төлөнгөн жана

Кошумча киреше салыгына 2023-жылы 3 008,2 миң сом өлчөмүндө төлөнгөн (тууму жок). 2023-жылдын 1-январына карата туум 139 546,0 миң сомду түзсө, жыл аягына 177 818,9 миң сомду түзгөн, же жыл ичинде туум 38 254,9 миң сомго өскөн.

"КУЭТ" ААКсынын 2023-жылдын 31-декабрына карата Социалдык фондго төлөнүүчү туумдарынын көлөмү 177 818,9 миң сомду түзгөн.

**10.1. Сунуштама:** «КУЭТ» ААКсы тарабынан 2023-жылдын 31-декабрына карата Социалдык фондго төлөнүүчү 177 818,9 миң сом туумдарды азайтуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн. Социалдык фондго эсептелген туумдардын көбөйүшүнүн себептери такталсын жана жыйынтыгы менен чара көрүлсүн.

**"КУЭТ ААКсынын" электр жабдууларынын абалы боюнча**

**11. Аныкталды:** Ушул аудитке Коом тарабынан Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу малекеттик комитетинин алдындагы Энергетика жана экономика илимий изилдөө институту (мындан ары – Институт) тарабынан иштелип чыккан жана аны «КУЭТ» ААКсынын 2016-жылдын 3-ноябрындагы №337 буйругу менен бекитип, 2016-жылдан баштап 110-500 кВт/с тармактарында электр энергиясынын жоготууларынын нормаларын белгилөө боюнча убактылуу инструкцияны колдонуп келээрин тастыкташкан, бирок иш жүзүндө 2016-жылдагы убактылуу инструкцияны колдонуп эсептелген электр энергиясынын жоготууларынын нормаларын белгилөө боюнча иш кагаздарын бул аудитке көргөзө алышкан жок.

2018-жылдын 5-январында Институттун илимий-техникалык кеңешинде кезектеги жаңы 110-500 кВт/с тармактарында электр энергиясынын жоготууларынын нормаларын белгилөө боюнча Инструкциянын долбоору каралган (мындан ары – Инструкция). Инструкцияны расмий түрдө бекитүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым нормативдик укук берүүчү ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык "КУЭТ" жана "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы" ААКыларына сунушталган (мындан ары - Электр энергиясын башкаруучулары).

Инструкцияны бекитүү боюнча Электр энергиясын башкаруучулары бир нече жолу Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу малекеттик комитетинин алдындагы Энергетика жана экономика илимий изилдөө институтуна 2018-2021-жылдары кайрылган. Бирок, тармактык ведомство тарабынан жогорудагы Инструкцияны бекитүү боюнча тиешелүү документ чыгарылган эмес (Министрликтер менен макулдашуу болгон эмес).

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги "КУЭТ" ААКсына "Электр энергиясынын техникалык жоготууларынын нормалары боюнча инструкцияны эсептеп жана негиздөө жөнүндө" буйрук

чыгарууну тапшырган, андан кийин Министрлик макулдашуу жүргүзөөрүн билдирген (110-500 кВт тармактарында электр энергиясынын жоготууларынын нормаларын белгилөө боюнча).

“КУЭТ” ААКсы бул тапшырманы аткарып, 2024-жылдын 21-майында №250 буйругун чыгарып тиешелүү документтерди Энергетика министрлигине жөнөткөн. Бирок, бул аудит учурунда дагы “КУЭТ» ААКсынын 2024-жылдын 26-ноябрындагы кайрылуусуна карабастан Энергетика министрлигинин макулдашуу буйругу чыгарылган жок.

Аудит белгилегендей, 2019-2023-жылдар аралыгында 110-500 кВ тармактары боюнча электр энергиясынын жалпы жоготуулары 883 514,2 миң кВт/с, же 4,95% тен 5,57% аралыгында болгон. Жоготуулардын эң чоң үлүшү 220 кВ тармактарында катталган – 527 303,8 миң кВт/с түзгөн.

**Корутунду:** 2019-2023-жылдар аралыгында 110-500 кВ тармактары боюнча электр энергиясынын жалпы жоготуулары 883 514,2, же 4,95%тен 5,57% аралыгында болгон. Жоготуулардын эң чоң үлүшү 220 кВ тармактарында катталган – 527 303,8 миң кВт/с түзгөн.

2023-жылы колдонгон 110-500 кВ тармактарында электр энергиянын техникалык жоготууларын негиздеген нормаларын жана колдонмосун (инструкциясын) “КУЭТ” ААКсы аудитке көрсөтө алган жок.

**11.1. Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги электр энергиясынын техникалык жоготууларынын ченемдерин негиздеген колдонмону иштеп чыгуусу, жана аны колдонуусун камсыздоо маселеси көзөмөлгө алынсын.

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги*:

- электр энергиясынын техникалык жоготууларынын ченемдерин негиздеген колдонмону иштеп чыгуу жана аны колдонууга алуу боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

*“Кыргызстан улуттук энергетика тармагы” ачык акционердик коомуна:*

- электр энергиясынын техникалык жоготууларынын ченемдерин негиздеген колдонмону иштеп чыгуу жана аны колдонууга алуу боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**12. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылга карата 0,4-35 кВт тармактарында электр энергиясынын техникалык жоготууларын эсептөө, өткөн жылдардын көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, ошондой эле жоготуулардын жыл сайын төмөндөшүн эсепке алуу менен гана жүргүзүлүп келген.

2022-2023 жана 2023-2024-жылдардагы күз-кыш мезгилине 0,4–35 кВ тармактарындагы электр энергиясынын жоготуулары 11,75% деңгээлинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен сунушталган.

Бул чекти негиздөөчү эсеп же методика колдонулган эмес жана өткөн жылдардагы жоготуулардын деңгээли гана эске алынган, башкача айтканда негизделген методикага актуалдаштырылып иштелип чыкпагандыгын аудит белгилейт.

2024-жылдын март айында электр энергиясынын технологиялык жоготууларын так эсептөө жана пландоо үчүн "КУЭТ" ААКсы РТП-3 программасын ишке киргизүүгө аракетин баштаган. РТП-3 программасы (расчет технических потерь) 0,4-500 кВт электр тармагындагы жоготууларды эсептөөнү автоматташтырууга, адам факторун жоюу менен жоготууларды так эсептөө жана пландоого багытталган. Аны ыкчам киргизүү максатка ылайык болот.

**12.1. Сунуштама.**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине, КР Министрлер Кабинетине:*

Электр энергиясынын техникалык жоготууларын так эсептөө жана пландоо үчүн РТП-3 программасын тез арада толук колдонууга киргизүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү көзөмөлгө алынсын.

*«Кыргызстан улуттук электр тармагы» ачык акционердик коомуна:*

Электр энергиясынын техникалык жоготууларын так эсептөө жана пландоо үчүн РТП-3 программасын тез арада толук колдонууга киргизүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Капиталдык салымдар, оңдоолор жана техникалык тейлөөлөр боюнча**

**13. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылы "КУЭТ" ААКсы жана филиалдары (электр тармактар ишканалары) капиталдык салымдарга, ондоолорго жана техникалык тейлөөлөргө пландалган каражаттарды толугу менен өздөштүрүү болгон эмес, анын ичинен.

Филиалдар боюнча төмөндөгү көлөмдөгү каражаттар өздөштүрүлбөй калган:

- Бишкек ЭТИ - 103 293,7 миң сом;
- Чүй ЭТИ - 77 582,2 миң сом;
- Ысык-Көл ЭТИ – 51 695,9 миң сом;
- Нарын ЭТИ – 81 454,3 миң сом;
- Талас ЭТИ – 59 540,1 миң сом;
- Ош ЭТИ – 71 498,1 миң сом;
- Жалал-Абад ЭТИ – 143 972,1 миң сом;
- Баткен ЭТИ – 86 409 миң сом;
- АиЦПС – 362 703,4 миң сом.

2023-жылы оңдоолор жана техникалык тейлөөлөр боюнча план 1 203 065,1 миң сомго каралган, план 1 105 258,0 миң сомго аткарылган, же 92% түзгөн. Анын ичинен оңдоолор 364 570,3 миң сомго аткарылган (93%), план 390 932,9 миң сом болгон жана техникалык тейлөө боюнча план 812 132,2 миң сом болсо, аткарылышы 740 687,7 миң сом болуп 91% түзгөн.

| № | ЭТИ | Оңдоо жана тейлоо иштеринин аткарылышы (миң сом) | | Айырмасы (+,-) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | план | факт | % | миң сом |
| 1 | ЖЭТИ | 133 256,4 | 137 613,4 | 103 | 4 357,0 |
| 2 | ЫЭТИ | 220 233,9 | 190 307,9 | 86 | -29 925,9 |
| 3 | НЭТИ | 133 212,0 | 120 447,8 | 90 | -12 764,1 |
| 4 | ОшЭТИ | 209 672,8 | 179 699,7 | 85 | -29 973,0 |
| 5 | ТЭТИ | 85 866,4 | 85 068,2 | 99 | -798,2 |
| 6 | Чүй ЭТИ | 213 650,5 | 206 151,0 | 96 | -7 499,4 |
| 7 | Баткен ЭТИ | 83 208,0 | 69 718,8 | 83 | -13 489,1 |
| 8 | Бишкек ЭТИ | 123 965,2 | 116 251,1 | 93 | -7 714,1 |
| | **Жалпы** | **1 203065,1** | **1 105 258,0** | **92** | **-97 807,0** |

Өздөштүрүлбөгөн каражаттардын максималдуу суммасы Ош ЭТИ боюнча 29 973,0 миң сомду (85%), Ыссык-көл ЭТИ боюнча 29 925,9 миң сом (86%) жана Баткен ЭТИ боюнча 13 489,1 миң сом (83%) түзгөн.

Ошондой эле, 2023-жылы 6/10-0,4 кВ бөлүштүрүү тармактарында оңдоо жана техникалык тейлөөгө бөлүнгөн каражаттардын 48 932 миң сому пайдаланылган эмес. Каражаттын өздөштүрүлбөй жаткандыгы ЫЭТИ, ОшЭТИ, БЭТИде байкалууда.

| № | ЭТИ | Оңдоо жана тейлоо иштеринин аткарылышы (миң сом) | | Айырмасы (+,-) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | план | факт | % | Миң сом |
| 1 | ЖЭТИ | 64 803,3 | 71 877,6 | 111% | **7 074,3** |
| 2 | ЫЭТИ | 141 254,4 | 119 454,7 | 85% | **-21 799,7** |
| 3 | НЭТИ | 68 102,8 | 66 230,5 | 97% | **-1 872,2** |
| 4 | ОшЭТИ | 137 802,8 | 111 073,5 | 81% | **-26 729,3** |
| 5 | ТЭТИ | 61 492,7 | 61 456,1 | 100% | **-36,6** |
| 6 | ЧүйЭТИ | 98 165,5 | 98 396,8 | 100% | **231,3** |
| 7 | БЭТИ | 50 357,3 | 44 557,4 | 88% | **-5 799,8** |
| 8 | БишЭТИ | 60 632,9 | 60 348,9 | 100% | **-284,0** |
| | **ЖАЛПЫ** | **621 978,7** | **573 046,7** | **92%** | **-48 932,0** |

“КЭУТ” ААКсынын маалыматы боюнча каражаттардын өздөштүрүлбөй калышынын негизги себептери төмөнкүлөр болуп саналат:

- техникалык кадрлардын жетишсиздиги;
- атайын техниканын жетишсиздиги;
- коомдун бюджети (бизнес-план шарттуу түрдө түзүлгөн) кеч бекитилип, ондоо жумуштарын толук жасоо үчүн электр материалдарды сатып алууга тендер жүргүзүү кечиктирилген;
- материалдарды сатып алуулар боюнча тендерлердин кечиктирилип, толук эмес көлөмдө өткөрүлгөнү үчүн, 0,4-6-10 кВ тармактарында оңдоо компаниясы февраль айында башталганда кампаларда тиешелүү материалдар жокко эсе болгон;
- борборлоштурулуп өткөрүлгөн тендерлер апрель айында гана өткөрүлүп, материалдар май айында, кээде андан да кечигип, ЭТИлерге жеткирилген, мисалы Баткен ЭТИне кеч жеткирилип, материалдарды монтаждоо иштери декабрь айында болгон.

**13.1. Сунуштама:**

1. Пландалган капиталдык салымдарды өздөштүрүүнү, оңдоо жана техникалык тейлөө жумуштарын толук жасоону, инженер-техникалык кадрларды даярдоону, атайын техника менен филиалдарды жабдууну камсыздоо.

2. Коомдун бюджетин бекитүүнү, материалдарды сатып алууга конкурстарды жүргүзүүнү кечиктирбестен өткөрүүнү жана каражатты максималдуу өздөштүрүү максатында, кымбат баалуу жана орнотууга көп убакыт талап кылынган жабдууларды сатып алуу-орнотууну жылдан-жылга өтмө иш чаралар катары планга киргизүүнү карасын.

**АСКУЭ эсептөө приборлору менен камсыздоо боюнча**

**14. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылдын 1-январына карата керектөөчүлөрдүн электр эсептегичтеринин жалпы саны 1 554 093 даана болгон, анын 277,0 миң даанасы гана АСКУЭ эсептөө приборлору менен камсыздалган (17,8%), ал эми 2023-жылдын 31-декабрына карата 1 582 872 эсептегич болсо, анын ичинен АСКУЭ эсептөө приборлору - 346 249 дааналы, же 21,9% түзгөн.

2023-жыл аралыгында компаниянын өз эсебинен 11 281 даана, Европа өнүктүрүү банкынын эсебинен 45 448 даана, тиричиликке эмес керектөөчүлөрдүн эсебинен 12 553 даана, жалпы 69 282 даана АСКУЭ эсептөө приборлору орнотулган.

АСКУЭ эсептөө приборлору орнотулган аймактарда 2023-жылы жоготуулардын деңгээли 2022-жылга салыштырмалуу 14,2%дан 12,1%га чейин төмөндөгөн.

АСКУЭ эсептөө приборлорун орнотуу «КУЭТ» ААКсына керектелген электр энергиясы жана онлайн кошулуу үчүн онлайн төлөм системасын киргизүүгө мүмкүндүк берип, керектелген электр энергиясы үчүн төлөм онлайн режиминде, төлөм терминалдары, мобилдик тиркемелер, мобилдик капчыктар аркылуу же штрих-код аркылуу жүзөгө ашырылып, бул электр энергиясын керектөөчүлөрүнүн убактысын үнөмдөөгө мүмкүндүк берген.

**14.1. Сунуштама:** электр жабдууларынын ишенимдүүлүгүн жогорулатуу жана электр энергиясынын жоготуусун азайтуу максатында, АСКУЭ эсептөө приборлору менен колдонуучуларды толук камсыз кылуу колго алсын.

**15. Аныкталды/корутунду.**

"КУЭТ" ААКсыга тиешелүү ишканалардын кампаларында болжолдуу жалпы баасы 9215,0 миң сомду түзгөн демонтаждалган эсептегич приборлорунун (ЭП) көлөмдүү саны топтолгон (184 299 даана).

Коомдо демонтаждалган эсептегич приборлорун так эсеби жок, ошондой эле эсепке алуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча иш-чаралар иштелип чыккан эмес.

**15.1. Сунуштама**: демонтаждалган эсептегич приборлордун так эсебин аныктап, алардын кыймылын жана натыйжалуу пайдаланышы боюнча иш-чаралар иштелип чыксын.

**Энергетика тармагын санариптештирүү боюнча**

**16. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык экономика тармактарында санариптештирүүнү жайылтуу боюнча №122 Жарлыгына ылайык, «КУЭТ» ААКсы «Мой свет» мобилдик онлайн программасын биринчи этапта пилоттук долбоор катары Бишкек шаарынын административдик райондорунда жана «КУЭТ» ААКсынын 2023-жылдын 26-майындагы № 356 буйругу менен бардык филиалдарда киргизүү жүргүзүлгөн.

«Мой свет» тиркемесин түзүүнүн максаттары:

- керектөөчүгө ыңгайлуу жана түшүнүктүү формада маалымат берүү;
- продукцияны сатуу рыногун кеңейтүү;
- кардар менен иштөөгө кеткен чыгымдарды кыскартуу;
- онлайн төлөмдөрдү кеңейтүү (МБанк, Оптима жана башкалар);
- керектөөчүгө ыңгайлуу формада маалымат берүү;
- керектөөчүлөргө автоматтык жардам.

2023-жылдын 31-декабрына карата «КУЭТ» ААКда 1 445 937 тиричилик керектөөчүлөрү катталган, анын ичинен 1 373 640 керектөөчү «Мой свет» тиркемеси аркылуу эсептерди алышат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 токтому менен бекитилген Электр энергиясын пайдалануу эрежелеринин (ЭЭПЭ) 93.1-пунктуна ылайык, керектөөчүгө керектелген электр энергиясы боюнча төлөм документтерин (извещение) ай сайын кагаз түрүндө берүүгө тийиш деп бекитилген.

Андыктан, электр энергиясын пайдалануу эрежелерининде (ЭЭПЭ) бекитилип калган бул эреженин «Мой свет» мобилдик тиркемесин ишке ашырууда тоскоол болгонуна байланыштуу тиричилик керектөөчүлөрү менен кошумча келишимдерди түзүү муктаждыгы келип чыккан жана кошумча келишимдерди түзүү иштери жүргүзүлгөн.

**16.1. Сунуштама**

КР Энергетика министрлиги менен бирдикте санариптештирүүнү жайылтуу жана өркүндөтүү максатында, КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 (№ 644 2018-жылдын 13-декабрынан редакцияда) токтому менен бекитилген Электр энергиясын пайдалануу эрежелерине (ЭЭПЭ) «Мой свет» мобилдик тиркемесин ишке ашыруу үчүн тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеси көтөрүлсүн.

**“Кумтөр Голд Компани” ЖАКсына берилген электр энергиясы үчүн эсептөөлөрдө колдонулган тарифтер боюнча**

**17. Аныкталды/корутунду.**

2022-жылдын 4-апрелинде Глобалдык жөнгө салуу келишимге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, “Центерра Голд Инк” компаниясы, “Кыргызалтын” ААКсы, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы, "Кумтөр Оперейтинг Компани" ЖАКсы тараптарынын колдору коюлуп, “Центерра

Голд Инк” компаниясы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКнын акцияларын толугу менен “Кыргызалтын” ААКсына өткөрүп берүүсү боюнча чечим кабыл алынган.

Бул чечим Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Финансы рыногун жөнгө салуу кызматынын № 199 лицензиясынын ээси – көз карандысыз “Registrum” (“Региструм”) реестр кармоочунун бланкында эки тараптын кол коюусу менен бекитилген жана 2022-жылдын 20-майында Флорида штатынын нотариусу менен тастыкталган.

“Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, реестр кармоочу "Кумтөр Голд Компани" ЖАКнын акцияларынын “Кыргызалтын” ААКсына өткөрүлүп берилгендигин бир күндүн ичинде реестрге каттоого милдетүү болчу.

Бирок, реестрге каттоо 2022-жылдын 2-августунда гана жүргүзүлгөн, натыйжада "Кумтөр Голд Компани" ЖАКсы 2022-жылдын 20-майынан 2-августуна чейинки мөөнөттө пайдаланган электр энергиясына төлөмдү жаңы тарифке өтпөй жүргүзгөндүгү үчүн, «КУЭТ» ААКсына, эсеп менен 119 555,02 миң сом аз төлөгөн.

**17.1. Сунуштама:** “КУЭТ” ААКсы “Кумтөр Голд Компани” ЖАКсынан 2022-жылдын 20-майынан 3-августуна чейинки мөөнөттө пайдаланган электр энергиясы үчүн төлөмдү жаңы тариф менен кайра эсептеп, эсеп менен, 119 555,02 миң сомдук каражатын төлөтүп алуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**CASA-1000 500 кВ электр берүү линиясын куруу долбоору боюнча (мындан ары – CASA-1000)**

**18. Аныкталды.**

Долбоор алкагында электр тирөөчтөрүн куруу үчүн жерлерди бузуп убактылуу жолдор салынган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №517 токтому менен бекитилген “Жер казынасын пайдалануу процесинде бузулган жерлерди рекультивациялоо жөнүндө” жобонун негизинде, подрядчы “Mitas Energy and Metal Construction Inc.” (мындан ары - подрядчы “Mitas”) CASA-1000 долбоору боюнча, бузулган жерлерди рекультивациялоо боюнча бардык иштерди алып баруусу керек.

Рекультивациялоо боюнча техникалык долбоор иштелип чыгып, 2022-жылдын 30-сентябрында мамлекеттик экспертизанын оң корутундусун алган, ага ылайык жалпы рекультивациялоонучу аянт 453,19 гектарды түзүп, аткарылуучу иштердин жалпы сметалык баасы 60 311,43 миң сомду түзгөн.

Ошону менен бирге, "КУЭТ" ААКсы тарабынан бекитилген "Колдонуудагы ченемдик-техникалык документтердин реестри" (Уюмдун стандарты 153-34.20.120-2003) боюнча жана иштеп жаткан электр орнотмолорун орнотуу эрежелеринин (ПУЭ) 2.5.22-пунктуна ылайык, аба чубалгыга жылдын кайсы мезгилинде болбосун мүмкүн болгон жакын аралыкка (0,5 км алыс эмес) кирүү камсыз кылынышы керек.

Андыктан, тирөөчтөргө кирүүчү жолдор рекультивацияланса тирөөчтөргө кирүү татаалдашып, 500 кВ электр берүү чубалгысын тейлөө кыйындайт.

Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жер казынасын пайдалануу процессинде бузулган жерлерди рекультивациялоо жөнүндөгү жобонун 5-пунктунда белгиленгендей, Жер казынасын пайдалануу процессинде бузулган жерлерди рекультивациялоо иштерин жүргүзүү үчүн негиз болуп рекультивациялоонун техникалык долбоору саналат.

Ошентип, аталган жолдордун кээ бири жергиликтүү калктын муктаждыктары үчүн пайдаланууга калтырылышы мүмкүн. Ал үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тийиштүү чечими керек. Бүгүнкү күнгө чейин бул маселе подрядчы “Mitas” тарабынан чечиле элек.

**Корутунду:** Техникалык долбоорго ылайык, подрядчы “Mitas” Долбоор алкагында электр тирөөчтөрүн куруу үчүн жерлерди бузуп салынган убактылуу жолдорду жергиликтүү калктын муктаждыктары үчүн жана тирөөчтөрдү тейлөө максатында калтырылышы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашууларды рекультивация долбоору боюнча жүргүзүүсү зарыл. Бүгүнкү күнгө CASA-1000 Долбоорунун мөөнөтү аяктаганына карабастан, бүгүнкү күнгө чейин бул маселе подрядчы “Mitas” тарабынан чечиле элек.

**18.1. Сунуштама.**

“CASA-1000” долбоору боюнча подрядчы “Mitas Energy and Metal Construction Inc.” тарабынан убактылуу жолдорду куруу үчүн бузулган жерлерди рекультивациялоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуусун тездетүү камсыздалсын.

**19. Аныкталды/корутунду.**

“CASA-1000” долбоору боюнча TW-05 жана TW-06 келишимдеринин алкагында объекттерди жана контракттын бөлүктөрүн тапшыруу жана кабыл алуу боюнча подрядчы “Mitas Energy and Metal Construction Inc.” 500 кВ Датка-Сугд жана 500 кВ Датка уячалары электр чубалгыларын эксплуатациялоо жана тейлөө үчүн зарыл болгон авариялык запастык бөлүктөрүн заказчы “КУЭТ” ААКсына өткөрүп берүүсү керек. Бирок, келишим боюнча TW-05 жана TW-06 аба чубалгыларынын 652 820,44 АКШ доллардык, же 58 153,2 миң сомдук запастык бөлүктөрү өткөрүлүп бериле элек. Башкача айтканда подрядчы “Mitas” менен «КУЭТ» ААКсынын ортосундагы келишиминде кабыл алынган шарттарын бузуу болуп эсептелет.

**19.1. Сунуштама:** “CASA-1000” долбоорун ишке ашыруучу тобу келишимде каралган TW-05 жана TW-06 аба чубалгыларынын 652 820,44 АКШ доллардык, же 58 153,2 миң сомдук авариялык запастык бөлүктөрүн, подрядчы “Mitas Energy and Metal Construction Inc.” өткөрүп берүүсүн камсыздасын.

**20. Аныкталды.**

CASA-1000 долбоорун ишке киргизүүдө 500 кВ «Датка-Сугд» аба чубалгысынын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу жана электр

энергиясынын макулдашылган көлөмдө жайында кабыл алуу үчүн, тажик өнөктөштөр тарабынан Сугд көмөк чордонуна өзүнчө автотрансформаторду туташтыруу менен “туюк” режимде иштөөсүн сунуштаган.

Бирок, бул сунуш «КУЭТ» ААКсы жана Орто Азиялык Координатордук диспетчердик «Энергия» борбору тарабынан макулдашылган эмес жана тажик тарапка 500 кВ «Датка-Сугд» аба чубалгысынын “параллелдүү” режимде иштетүү боюнча сунуш берилген.

**Корутунду:** CASA-1000 долбоорунун алкагында курулган 500 кВ «Датка-Сугд» аба чубалгысын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу жана электр энергиясынын берүү үчүн Сугд көмөк чордонунан “туюк” режимде же “параллелдүү” режимде иштетүү боюнча Тажикстан мамлекети менен макулдашуу бүтө элек жана иштөө режиминин маселеси ачык бойдон калып, авариялык абалдын алдын алуу боюнча автоматташтыруу маселеси да азырынча чечиле элек. Долбоордун мөөнөтү 2027-жылы бүтүшү каралган, азыркы күндө болжол менен 30% жумуш аткарылган.

**20.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, «КУЭТ» ААКсы 500 кВ Датка-Сугд аба линиясында авариялык абалды алдын алуу үчүн иштөө режиминин автоматташтыруу маселесин чечүүнү карасын.

**Товардык-материалдык запастар боюнча**

**21. Аныкталды/корутунду.**

Бухгалтериянын балансында Коомдун борбордук кампасында 2023-жылдын 31-декабрына карата баасы 2 273,0 миң сом суммасындагы моралдык жана физикалык жактан эскирип калган товардык -материалдык запастар (ТМЗ) катталган.

Бул ТМЗ, борбордук кампага 2020-жылдын 2-ноябрында Чүй электр тармактар ишканасынан алынып келинген. Белгилей кетүүчү жагдай “КУЭТ” ААК башкармалыгы өтүмсүз запастарды рационалдуу пайдалануу боюнча убагында жеткиликтүү чараларды көргөн эмес.

Бухгалтериянын №1724 «Авариялык кор бөлүктөр» эсебинде Коомдун телекоммуникация кызматынын башчысынын эсеп берүүсүндө 2018-жылы «Ак-Ай» долбоору боюнча алынган бардыгы болуп 12 143,6 миң сом өлчөмүндөгү авариялык товардык материалдык запастар (ТМЗ) жана запастык бөлүктөр эсепте катталган.

Бул товардык материалдык запастар (ТМЗ) «КУЭТ» ААКсынын 2023-жылдын 30-авгусунда №618 “Стандартты ишке киргизүү жөнүндө” буйругу менен көмөк чордондор, 35–500 кВ линиялары үчүн бекитилген стандартына дал келүүсүн тактоо боюнча чара көрүү керек.

**21.1. Сунуштама:** «КУЭТ» ААКсынын баланстык баасы - 2 273,0 миң сомдук узак убакыттан бери өндүрүштө колдонбой, моралдык жана физикалык жактан эскирип калган товардык материалдык запастарды инвентаризация жүргүзүп жыйынтыгы менен пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо боюнча чара көрүлсүн;

- 12 143,6 миң сомдук авариялык товардык материалдык запастар жана запастык бөлүктөрдүн стандартка туура келүүсүн текшерип тиешелүү чара көрүлсүн;

- ТМЗны башкаруу боюнча ички эрежелерди жаңылап, өтүмсүз активдер жана авариялык запастар боюнча чечимдердин убагында ишке ашырылышын камсыздоо үчүн көзөмөлдү күчөтүү жагы каралсын.

**22. Аныкталды/корутунду.** 2023-жылдын 31-декабрына карата Коомдун балансынын №2960 «Программалык камсыздоо» бухгалтердик эсебинде жалпы баасы 63 779,5 миң сомду түзгөн материалдык эмес активдер (МЭА ) катталган.

Жогорудагы программалык камсыздоолордун (ПК) ичинен, 2005-2012-жылдары эксплуатацияга берилген баасы 4 089,2 миң сомго бааланган Win Pro 7 32 bit Russian CI программалык камсыздоосу (100% амортизация) да болгон. Бирок, Коомдун программалык камсыздоосу улам жаңыланган версияларга өтүлгөндүктөн, жогорудагы программанын кызмат көрсөтүүсү заманбап жабдуулар менен шайкеш келбегендиктен таптакыр колдонулбай калган.

"КУЭТ" ААКсы балансында экономикалык пайда алып келбеген эскирген программалык камсыздоо катталып турат. Ушул себептен, жогорудагы материалдык эмес активдердин курамын өз учурунда жаңыртуу зарылдыгын келип чыкканын көрсөтөт.

**22.1. Сунуштама.**

«КУЭТ» ААКсы 63 779,5 миң сомдук программалык камсыздоолорду (материалдык эмес активдер) толук инвентаризациядан өткөрсүн жана эскирген, иштебей калган 4 089,2 миң сомдук программалык камсыздоолорду эсептен чыгаруу боюнча Коомдун эсеп саясатына ылайык чечим кабыл алсын.

**Сатып алуулар боюнча**

**23. Аныкталды.**

"КУЭТ" ААКсында мамлекеттик сатып алууларда пландоо жана аны ишке ашырууда бузуулар орун алган. Мамлекеттик сатып алуулар планынын жыл ичиндеги өзгөртүүлөрү жөнүндө маалымат аудитке берилген эмес.

Базар анализи, мониторингдин жоктугу планда көрсөтүлбөгөн келишимдердин түзүлүшүнө, жылдык планда бекитилген жалпы бюджеттен ашкан сатып алуулар орун алган. Бул сатып алуулар процессинин көзөмөлүнүн жана уюштурулушунун деңгээлин жетишсиз экенин көрсөттү, тактап айтканда:

1. 2023-жылы "КУЭТ"ААКсынын 2022-жылдын 20-июнундагы (Коомдун Директорлор кеңешинин №3 протоколу менен бекитилген) "Сатып алууларды жүргүзүү тартиби жөнүндөгү" жобонун 3-беренесин бузуу менен жылдык сатып алуулар планында көрсөтүлбөгөн 82 955,5 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

2. Ошол эле жобого ылайык, 2023-жылга бекитилген товарларды, иштерди жана кызматтарды сатып алуулар боюнча жалпы сатып алуу

планына өзгөртүү киргизбестен, аткарылган сатып алуулар 247 400,3 миң сомго көп жүргүзүлгөн.

**23.1. Сунуштама:**

- “КУЭТ”ААКсынын 2022-жылдын 20-июнундагы “Сатып алууларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобосунун талаптарын аткаруу камсыздалсын;
- сатып алуулардын жылдык планын аткарылышына көзөмөлдү күчөтсүн жана бекитилген планга кирбеген сатып алууларга жол берилбесин;
- сатып алуулардын жылдык планына өзгөртүүлөрдү киргизүү бекитилген тартипте жүргүзүлсүн;
- КУЭТ”ААКсынын 2022-жылдын 20-июнундагы “Сатып алууларды жүргүзүү тартиби жөнүндөгү» Жобонун талаптарын сактабастан сатып алууларды жүргүзгөн тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына* маалымат үчүн “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому 2023-жылы “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун 2022-жылдын 20-июнундагы “Сатып алууларды жүргүзүү тартиби жөнүндөгү” жобосунун 3-беренесин бузуу менен, жылдык сатып алуулар планында көрсөтүлбөгөн 82 955,5 миң сомго сатып алуулар жана сатып алуулар планына өзгөртүү киргизилбестен, аткарылган сатып алуулар 247 400,3 миң сомго көп жүргүзүлгөнү тууралуу маалымат жөнөтүлсүн.

**24. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылдын 29-декабрындагы №33-13/0471 келишими боюнча «КУЭТ» ААКсы (Буйрутмачы) менен жеке ишкер “Т.В. Ермолина” (аткаруучу) ортосунда 2024-жылга Коом үчүн салыктык эсеп саясатын иштеп чыгуу кызматын көрсөтүү каралган. Келишимдин жалпы суммасы 850,0 миң сомду түзгөн жана аны аткаруу мөөнөтү келишимге кол коюлган күндөн баштап алты ай, же 2024-жылдын 29-июнуна чейин деп көрсөтүлгөн.

Бирок, 2023-жылы 29-декабрында Коомдун бухгалтериясы факт жүзүндө 850,0 миң сомду Коомдун чыгашаларына негизсиз кошуп, ошол эле учурда аткаруучу алдында 850,0 миң сомдук карызды таануу чечими кабыл алган.

2024-жылдын 31-декабрындагы эки тараптын өз ара эсептешүүлөр боюнча актыларына ылайык, аткаруучу алдында калган карыз 569,5 миң сомду түзүп, 280,5 миң сом өлчөмүндө төлөм жүргүзүлгөн (850,0 - 280,5 миң сом). Факт жүзүндөгү кызмат, аудит өткөрүлгөн учурда (2024-жылдын аягына чейин) да көрсөтүлгөн эмес, же Коом үчүн аткаруучу тарабынан салыктык эсеп саясаты иштелип чыгып, «КУЭТ» ААКсынын балансына пайдаланууу үчүн өткөрүп берген эмес.

Салыктык эсеп саясатын иштеп чыгуу боюнча чыгашалар иш жүзүндө кызмат көрсөтүлгөнгө чейин алдын ала таанылган. Бул финансылык отчеттуулуктун бузулушуна жана негизсиз карыздын пайда болушуна алып келген.

**24.1. Сунуштама:** Коомдун чыгаша бөлүгүнө алып барылган 850,0 миң сомдук салыктык эсеп саясатын иштеп чыгуу боюнча чыгым финансылык

отчетто Коомдун эсеп саясатына жана эл аралык финансылык отчеттуулуктун стандартына ылайык чагылдырылсын. Салыктык эсеп саясатын иштеп чыгуу боюнча келишимдин аткарылышы көзөмөлгө алынсын, ошондой эле  аткарылбаган учурда, акча каражатын кайтаруу боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлсүн.

**25. Аныкталды/корутунду.**

Коомдун бухгалтердик 4231 эсебинде  «Кайтарымсыз алынган активдер» 31.12.2023-жылга карата 81 279,0 миң сом (1 163,7 миң АКШ доллары эквиваленти, 11.07.2019-жылдагы курсу боюнча 69,84 сом/доллар) суммасы көрсөтүлгөн. Бул сумма  жеткирүүчү  «ГК Электрощит-ТМ Самара» ААКсы тарап менен 23.01.2015-жылдагы №11/0005 түзүлгөн келишим боюнча  жеткирүүчү тарабынан келишимдеги милдеттенмелерин толук аткарбаганы үчүн «КУЭТ» ААКсы тарабынан жеткирүүчүдөн 2018-жылдын 3-августундагы №3042 милдеттенмелерди аткаруу кепилдиги боюнча өндүрүлгөн жана Коомдун бухгалтердик  эсебинде  2019-жылдын июль айынан  2023-жылдын 31-декабрына  чейинки мезгил аралыгында 4231 бухгалтердик эсебинде эсепке алынып келген, же болбосо жеткирүүчүнүн кепилдиги 81 279,0 миң сом өз убагында «КУЭТ» ААКсына киреше катары балансқа  алынган эмес.

**26.1. Сунуштама:** «КУЭТ» ААКсы жеткирүүчүдөн кепилдик катары алынган 81 279,0 миң сомдук каражатты Коомдун эсеп саясатына ылайык киреше катары балансқа алсын жана бухгалтердик тийиштүү оңдоолорду киргизсин.

**27. Аныкталды/корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-июлундагы №378 Кыргыз Респубикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-июлундагы №178 Кыргыз Репубикасынын энергетика тармагындагы өзгөчө кырдаал жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө" токтомуна ылайык 110 кВ "Ленин атындагы Завод" (БШЗ) көмөкчордонун "КУЭТ" ААКсына 15 жылдык мөөнөткө акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тапшырылган.

2023-жылдын 5-сентябрында «КУЭТ" ААКсынын №630 110 кВ "Ленин атындагы Завод" (БШЗ) көмөкчордонун кабыл алуу жөнүндө буйругу чыгарылып, Бишкек ЭТИне кабыл алууга аракети башталат.

"КУЭТ" ААКсынын 110 кВ "Ленин атындагы Завод" (БШЗ) көмөкчордонун болгон жабдуулардын техникалык абалы текшерип, актысы түзүлүп, болгон жабдууларга экспертиза өткөрүлгөн. Чыгымдар 43 000,0 миң сомду түздү, анын ичинен 6 000,0 миң сом оңдоо иштерине жана 37 000,0 миң сом комплектөөгө жана модернизациялоого жумшалган.

Бирок, БШЗ заводунун өкүлдөрү тарабынан өткөрүп берүү процесси кечеңдетилген. 27.10.2023-жылы Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин «Ленин атындагы Завод» (БШЗ) 110 кВ көмөкчордонун  КУЭТ "ААКсына 15 жылдык мөөнөткө акысыз убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө №573-б буйругу чыгат.

Ага карабастан 110 кВ "Ленин атындагы завод" (БШЗ) көмөкчордонун «КУЭТ" ААКсына өткөрүп берүү маселеси ушул аудит өткөрүлгөн убакытка чейин чечилбеген.

**27.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-июлундагы № 378 “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-июлундагы № 178 “Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы өзгөчө кырдаал жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө” токтомунун 9-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте “Бишкек штамптоо заводу” мамлекеттик ишканасынын “Ленин атындагы завод” 110/6 кВ подстанциясын “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомуна 15 жылдык мөөнөткө акысыз убактылуу пайдаланууга берүүнү жүзөгө ашыруу боюнча тапшырманы жана 2023-жылдын 27-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин № 573-б буйругун аткаруу камсыздалсын.

**«Камбар-Ата» жана «Курпсай ГЭС» көмөкчү чордондорун модернизациялоо боюнча.**

**28. Аныкталды.**

2023-жылдын 7-июлунда «КУЭТ» ААКсы «Электр станциялары” ААКсы жана «МБТ Строй» ЖЧКсы менен энергетикалык инфратүзүмдү модернизациялоо жана реконструкциялоо үчүн 1 500 000,0 миң сом өлчөмүндө инвестиция тартуу боюнча келишим түзүшкөн.

Белгилей кетүүчү жагдай «МБТ Строй» ЖЧКсы инвестор катары саналып, ал 110 кВ Курпсай ГЭС–Абасбекова, 110 кВ Камбар-Ата ГЭС 2 - Абасбекова ЛЭПтери, 110/35/6 кВ «Камбар-Ата» КЧ жана 220 кВ «Курпсай ГЭС» КЧнын модернизациясына багытталган иш-чараларды каржылайт. Инвестициянын болжолдуу мөөнөтү - 3 жыл.

Аудитордук текшерүүнүн жүрүшүндө «КУЭТ» ААКсынын эсептик эсебине «МБТ Строй» ЖЧКдан 110 кВ «Камбар-Ата» КЧнын реконструкциясына жана 110 кВ «Камбар-Ата - Курпсайская ГЭС» ВЛ линиясындагы чубалгыларды алмаштырууга 15 000,0 миң сом өлчөмүндөгү каржылык каражат түшкөн. Бул каражаттар «КУЭТ» ААКсынын филиалы “Жалал-Абад электр тармактар” ишканасынын эсептик эсебине которулган.

Аудитке төмөнкү келишимдер дагы берилген:

1. 2023-жылдын 23-октябрында Камбар-Ата ГЭС-2 энергетикалык инфратүзүмүн модернизациялоо жана реконструкциялоо боюнча башкы подряддык келишим №42/0325 («МБТ Строй» ЖЧК – Инвестор, «Электр станциялары» ААКсы – Буйрутмачы жана «КУЭТ» ААКсы – башкы подрядчы).
2. 2023-жылдын 23-октябрында «КУЭТ» ААКсы менен «МБТ Строй» ЖЧКнын ортосунда энергетикалык инфратүзүмдү модернизациялоо жана реконструкциялоо боюнча инвестиция тартуу жөнүндө №42/0333 келишим.

3. 2023-жылдын 24-ноябрында «КУЭТ» ААКсы менен Кыргыз Республикасынын «Энергопроект» институту ортосунда «МБТ Строй» ЖЧКсы үчүн электр энергиясын камсыздоо боюнча жумушчу долбоорду иштеп чыгуу жөнүндө №33-13/0392 келишим.

4. 2023-жылдын 1-декабрында "КУЭТ" ААКсы жана «Энергопроект» арасында «Камбар-Ата» көмөкчү чордонуунун реконструкциясы боюнча жумушчу долбоорду иштеп чыгуу жөнүндө келишим №33-13/0411.

5. «КУЭТ» ААКсы менен «Энергопроект» ортосунда «Курпсай ГЭС» 220/110 кВ авто трансформаторлорун ОРУ 220 кВ алмаштыруу боюнча 2023-жылдын 1-декабрында №33-12/0412 жумушчу долбоорду иштеп чыгуу келишими.

Бул аудитке берилген маалыматка таянсак, аудит учуруда «МБТ Строй» ЖЧКсы тарабынан жабдуулар жана материалдарды жеткирүү башталган жана жумушчу долбоорун «КУЭТ» ААКсы менен макулдашуу жүрүп жатат. Бирок, курулуш-монтаждоо иштери 2023-жылы башталган эмес.

**28.1. Сунуштама:** «КУЭТ» ААКсы долбоордун аткарылышын жөнгө салуу үчүн жабдууларды жана материалдарды жеткирүүнүн көлөмдөрүн жана мөөнөттөрүн көзөмөлдөө боюнча туруктуу мониторинг жүргүзүүнү колго алынсын. Келишимди аткарылышы жана инвестицияларды максаттуу колдонулушу боюнча иш-чаралардын жол картасын бекитүү жагы каралып чечилсин.

**<u>Баткен электр тармактар ишканасы боюнча</u>**

**1. Аныкталды/корутунду:**

"Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКсынын Башкы дирекциясы тарабынан 2022-жылдын 16-ноябрында №11-31 протоколунун негизинде бекитилген "Ар айлык дем берүүчү төлөмдөр (ЕСВ), "КУЭТ" ААКсынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишинин натыйжалуулугу жөнүндө" жобосунун талаптарына шайкеш келбестен, тартиптик чараларды көрүү боюнча 2023-жылы 25,0% ар айлык дем берүүчү төлөмдөрү жалпы 64,5 миң сомго кызматкерлердин эмгек акысынан кармалбаган.

**1.1. Сунуштама:** "КУЭТ" ААКсынын Башкы дирекциясынын 2022-жылдын 16-ноябрында №11-31 протоколунун негизинде "Ар айлык дем берүүчү төлөмдөр (ЕСВ), "КУЭТ" ААКсынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишинин натыйжалуулугу жөнүндө" жобосунун талаптары сакталсын жана кызматкерлерге ар айлык дем берүүчү төлөмдөрдү туура эмес эсептеп төлөгөн жооптуу кызматкерлерге чара көрүлсүн.

**2. Аныкталды/корутунду:**

1) "КУЭТ" ААКсынын филиалы Баткен ЭТИнин басма сөз катчысынын иштеген иши кесиптик билимине туура келбейт, анткени алган билими - жогорку юридикалык, укук таануу адистиги боюнча. Ошондой эле, коомчулук менен байланыш, журналистика ж.б. иш тажрыйбасы жок. 2023-жылга эмгек акысы - 623,9 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 107,6 миң сом жалпысы 731,5 миң сом акча каражаты төлөнүп берилген.

Андан тышкары:

2) 1-категориядагы инженер, балансты эсептөө боюнча кесиптик билимине туура келбейт, анткени алган билими математик. 2023-жылда төлөнгөн эмгек акысы 94,3 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 16,3 миң сом, жалпысы 110,6 миң сом.

3) Жетектөөчү инженер кесиптик билимине туура келбейт анткени билими орто Ош Айыл чарба техникуму "экономика тармактар боюнча бухгалтердик эсеп жана көзөмөл" 2023-жылда төлөнгөн эмгек акысы 351,7 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 60,7 миң сом, жалпысы 412,4 миң сом.

4) Электр энергиясын сатуу бөлүмүнүн адиси кесиптик билимине туура келбейт анткени билими жогорку Ош гуманитардык педагогикалык институту "дене тарбия" мугалими. 2023-жылда төлөнгөн эмгек акысы 223,5 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 38,6 миң сом, жалпысы 262,1 миң сом.

5) Бирдиктүү терезе бөлүмүнүн адиси кесиптик билимине туура келбейт анткени билими Жогорку. ОшМУ "эл аралык мамилелер". 2023-жылда төлөнгөн эмгек акысы 512,2 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 88,3 миң сом, жалпысы 600,5 миң сом.

6) Жетектөөчү бухгалтер кесиптик билимине туура келбейт анткени билими жогорку ОШМУ "Физ-мат". 2023-жылда төлөнгөн эмгек акысы 840,5 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 145,0 миң сом, жалпысы 985,5 миң сом.

7) Бухгалтер кассир кесиптик билимине туура келбейт анткени билими жогорку,"Юристпруденсия" 2023-жылда төлөнгөн эмгек акысы 414,9 миң сом, социалдык төлөмү (17,25%) 71,6 миң сом, жалпы 486,5 миң сом.

Баардыгы 7 кызматкердин иштеген иши кесиптик билимине шайкеш келбестен кызматкерлерге 2023-жыл ичинде жалпысы 3572,3 миң сом эмгек акы төлөнүп берилген.

**2.1. Сунуштама:** "КУЭТ" ААКсынын филиалы Баткен ЭТИнин кызматкерлеринин иштеген ишине кесиптик билимин туура келтирүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн жана кызматкерлерди жумушка кабыл алууда талап кылынган иш ордуна кесиптик билими туура келиши эске алынсын.

**3. Аныкталды/корутунду:**

"КУЭТ" ААКсынын филиалы Баткен ЭТИнин өндүрүштүк муктаждыгы катары ишкананын кызматкерлеринин менчик жеке автотранспортторун пайдалангандыгы үчүн кызматкерлерге күйүүчү майлоочу май (КММ) берилип турган. 2023-жылы Сүлүктү РЭС - 4,3 миң литр АИ-92 үлгүсүндөгү КММ орточо баа менен эсептегенде - 215,4 миң сомго, Лейлек РЭС - 4,5 миң литр АИ-92 үлгүсүндөгү КММ орточо баа менен эсептегенде 252,9 миң сомго жана Баткен ЭТИ - 3,0 миң литр АИ-92 үлгүсүндөгү КММ орточо баа менен эсептегенде - 207,7 миң сомго. Жалпы 11,8 миң литр АИ-92 үлгүсүндөгү КММ, орточо баа менен эсептегенде жалпы 676,0 миң сом төлөнүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун 3-пунктунда "Компенсация ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин кызматкерлерине алар жеке менчик жеңил автомобилин кызматтык сапарларга пайдаланганы үчүн төлөнөт. Төлөө алардын өндүрүштүк (кызматтык) ишке байланыштуу жумуштары алардын кызматтык милдеттерине жараша такай жол жүрүүгө байланышкан учурда болот,

таблицада көрсөтүлбөгөн жеке менчик жеңил автомобилдерди пайдалангандыгы үчүн компенсация ал автомобиль техникалык параметрлери (кыймылдаткычынын көлөмү куб.см менен) автомобилдин кайсы классына теңештирилиши мүмкүн болсо, ошол өлчөмдө төлөнөт" деп көрсөтүлгөн. Бирок "КУЭТ" ААКсынын филиалы Баткен электр тармактар ишканасында жогорудагы токтомдун талаптары сакталбастан акчалай компенсациянын ордуна күйүүчү май берилип турган.

**3.1. Сунуштама:** Кызматкерлердин жеке менчик автоунаалары кызматтык иш сапарга пайдаланылганы үчүн компенсацияга кеткен чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**4. Аныкталды/корутунду:**

Аудит убагында "КУЭТ" ААКсынын филиалы Баткен электр тармактар ишканасынын кампаларындагы ТМБга аудит учурунда инвентаризация жүргүзүлүп, жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан негизги кампадан - 37,3 миң сомго, Баткен РЭТнин кампасынан - 53,0 миң сомго, Кызыл-Кыя РЭТнин кампасынан - 67,5 миң сомго, Кадамжай РЭТнин кампасынан - 58,1 миң сомго, Лейлек РЭТнин кампасынан - 14,7 миң сомго, Сүлүктү РЭТнин кампасынан - 5,3 миң сомго, жалпы 235,9 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери аныкталды.

**4.1. Сунуштама:**

235,9 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери жооптуу кызматкерлер тарабынан калыбына келтирилсин жана ага жол берген жоптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**5. Аныкталды/корутунду.**

«КУЭТ» ААКсынын Директорлор кеңешинин 2022-жылдын 9-августундагы №10 токтому менен бекитилген Жобонун 6-бөлүмүнүн 6.2 пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, же электр энергиясынын төлөмдөрүн өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар убагында көрүлбөстөн, «КУЭТ" ААКсынын филиалы Баткен ЭТИнин 31.12.2023-жылга карата абоненттерден жана мекеме ишканалардан электр энергиясы үчүн жалпы суммасы 50 066,8 миң сомго дебитордук карызы пайда болгон.

**5.1. Сунуштама:** электр энергиясынын төлөмдөрүн өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар убагында көрүлбөстөн жана дебитордук карыздардын өсүшүнө жол берген жоопту кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**6. Аныкталды/корутунду.**

Капиталдык оңдоолор үчүн 2023-жылга карата планга жалпы суммасы 79201,1 миң сом каралса, анык аткарылганы 25427,8 миң сомду түзүп, 53773,3 миң сомго капиталдык ондоолордун планы аткарылбай калган, же планга каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн. Жалпы өздөштүрүлбөй, же капиталдык ондоо иштери аткарылбай калган каражаттын жалпы суммасы 53773,3 миң сомду түзөт.

**6.1. Сунуштама:** ишкананын планына капиталдык ондоолор үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана оңдоо иштерин планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын.

**7. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтомуна ылайык "КЭУТ" ААКсынын Генералдык дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 протоколу менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын талаптарына шайкеш келбестен жалпы 88 мамлекеттик сатып алуулар боюнча түзүлгөн келишимдердин ичинен 7 келишимде көрсөтүлгөн эрежелердин мөөнөтүндө аткарылбай калуусунун натыйжасында айыптык төлөмдөр 174,4 миң сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтомуна ылайык "КЭУТ" ААКсынын Генералдык дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 протоколу менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын талаптарына шайкеш келбестен, жалпы түзүлгөн сатып алуулар жөнүндө келишимдердин ичинен 88 келишимдин ичинен 43 келишимде контракттын өзгөчө шартында контракттагы эсеп менен кепилдикти камсыз кылуу наркы мекеме тараптан талап кылынбастан келишимдер түзүлүп 333,6 миң сом акча каражаты депозиттик эсепке тушпөгөндүгү аныкталды.

**7.1. Сунуштама:**

2023-жылы түзүлгөн келишимдердин эрежелерин аткарбаган 7 (жети) жоопкерчилиги чектелген коомдон, жалпы 174,4 миң сом суммасын өндүрүү каралсын. Түзүлгөн келишимдерди мөөнөтүндө аткаруу жагы жана контракттагы кепилдикти камсыз кылуу пайызынын наркы көзөмөлгө алынсын, ошондой эле сатып алуулар боюнча жооптуу кызматкерлерге эскертүүлөр берилсин.

## <u>Ош электр тармактар ишканасы боюнча</u>

**1. Аныкталды/корутунду:**

ОАО "Карасуу-Дан-Азык" ишканасына 2023-жылга бекитилип берилген лимит өлчөмү 1 770,196 миң кВт/с түзсө, ал эми жыл ичинде пайдаланганы 2004,763 миң кВт/с түзгөн, же бекитилген лимиттен 234,57 миң кВт/с, же 3 сом 18 тыйындан (234,57*3,18 тый) = 745,9 миң сомго электрэнергиясын ашыкча колдонууга жол берилгендиги аныкталды. Бул боюнча Ош ЭТИнин ЭЭТ бөлүмүнүн башчысы И.Халматовдун оозэки билдирүүсү боюнча *ишканага бир канча эскертүүлөр берилген, бирок ал*

*жерде мамлекеттик запас фондунун буудайлары сакталгандыктан, электр энергияны өчүрүүгө мүмкүнчүлүк болбогондугун билдирди.*

**1.1. Сунуштама:** Ири өндүрүш ишканаларына электр энергиясына бекитилген лимиттерди сактоо жагы көзөмөлгө алынсын, мындан ары электрэнергиясына бекитилген лимиттен ашыкча электр энергиясын пайдаланууга жол берилбесин, же билдирүүлөргө ылайык лимитти факты жүзүндө колдонуусуна ылайык талдоо менен, лимитти кайра кароо сунуштамасын берүү каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 «Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023-2024-жылдары күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунда “КУЭТ” ААКсынын филиалы “Ош электр тармактар” ишканасына Ош областы боюнча 2023-2024-жылга 890 662,0 миң кВт/с энергиясына чектөө белгиленген болсо, ал эми иш жүзүндө Ош облусу боюнча 2023-2024-жылдарда күз-кыш мезгилине 907 842,276 миң кВт/с электр энергиясын пайдаланышкан. Тактап айтканда, коюлган чектөөдөн 17 180,276 миң кВт/с электр энергиясы ашыкча колдонулган. Аудит мезгилинде каралган чектөөлөрдөн ашыкча колдонулган электр энергиянын жалпы көлөмү (17180,276*1,52) (керектөөчүлөргө сатылган орточо баа менен эсептегенде 1 кВтс 1,52 тыйындан туура келет) 26 114,0 миң сомду түзгөн.

**2.1. Сунуштама:** КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 «Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунун негизинде электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулугунун лимиттерин сактоо көзөмөлгө алынсын.

**3. Аныкталды/корутунду*:***

“КУЭТ” ААКсынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №890-буйругунун 1-тиркемесинин талаптарына шайкеш келбестен 2023-жылга карата техникалык жоготууларына 35/10/6-0,4кВ тармактарында план боюнча 308 834,616 миң кВт/саат каралган болсо, жыл ичиндеги жоготуу 330 667,999 миң кВтс түзгөн, же планга салыштырмалуу 21833,383 миң кВт/саатка көп, же 0,95% аткарылган же электрэнергиясынын орточо берүүчү тарифи менен алганда 1 сом 52 тый (21833,383*1,52)=33186,7 миң сомго бекитилген пландан ашыкча электр энергиясынын жоготууларына жол берилген.

**3.1. Сунуштама*:*** бекитилген пландан ашыкча электр энергиясынын жоготууларына жол берилбесин, техникалык жоготууларды азайтуу боюнча иш чаралар жургүзүлсүн.

**4. Аныкталды/корутунду.**

Ош ЭТИнин филиалынын өндүрүштүк кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келбестен, аттестациялоо комиссиясына санитардык-

эпидемологиялык кызматынын адиси катышпастан, же тактап айтканда иш орду боюнча тиешелүү денгээлде аттестациядан өткөрүлбөстөн, 2023-жылы 463 кызматкерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөм 3698,6 миң сомго, социалдык төлөмү (17,25%) 638,0 миң сом, жалпысы 4336,6 миң сомго оор жумуштар жана зыяндуулук үчүн кошумча эмгек акы төлөнүп берилген, ошону менен бирге зыяндуулук үчүн деп сүт азыктары катары 15148 литр, же 1075,5 миң сом төлөнүп берилген.

**4.1. Сунуштама:** Кызматкерлерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келтирилип төлөө камсыздалсын.

**5. Аныкталды/корутунду.**

Ош ЭТИнин өндүрүштүк кызматкерлерине “КУЭТ” ААКсынын Башкы дирекциясы тарабынан 2022-жылдын 16-ноябрындагы №11-3-1 бекитилген токтомунун негизинде жылдын аягында коомдун ишинин жалпы натыйжалары үчүн төлөнүүчү сый акылар жөнүндөгү жобонун 2-пунктунун 2.6 пунктчасынын талаптарына шайкеш келбестен, жыл ичинде кызматтык жазасы бар 29 кызматкерге жылдын аягында сый акысынан 10%га кыскартылбастан эмгек акысына 182,4 миң сомго, социалдык фондко 17,25% 31,5 миң сомго жалпысы 213,9 миң сом негизсиз сый акы төлөөгө жол берилген.

**5.1. Сунуштама:** Кызматкерлерге жылдын аягында төлөнүүчү сый акыларды төлөөдө “Кыргызстан улуттук электр тармактары” ААКсынын Башкы дирекциясы тарабынан 2022-жылдын 16-ноябрындагы №11-3-1 бекитилген токтомуна шайкеш келтирилип төлөнсүн.

**6. Аныкталды/корутунду.**

Ош ЭТИнин филиалынын өндүрүштүк кызматкерлерине “Кыргызстан улуттук электр тармактары” ААКсынын Башкы дирекциясы тарабынан 2022-жылдын 16-ноябрындагы №11-3-1 бекитилген протоколунун негизинде жылдын аягында коомдун ишинин жалпы натыйжалары үчүн төлөнүүчү сый акылар” жөнүндөгү жобонун 2.1.2-пункутунун талаптарына шайкеш келбестен жыл ичинде электр энергиясынын техникалык жоготууларына каралган пландан ашыкча жоготууга учурагандыгына, жылдын аягында сый акысынан 10%га кыскартылбастан эмгек акысына 7235,0 миң сомго, социалдык фондго 17,25% 1248,0 миң сомго жалпысы 8483,0 миң сом негизсиз сый акы төлөөгө жол берилген.

**6.1. Сунуштама:** Кызматкерлерге жылдын аягында төлөнүүчү сый акыларды төлөөдө “Кыргызстан улуттук электр тармактары” ААКсынын Башкы дирекциясы тарабынан 2022-жылдын 16-ноябрында бекитилген №11-3-1 токтомунун талаптары сакталсын.

**7. Аныкталды/корутунду:**

Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын сакталуусу боюнча, жалпысынан аудит учурунда ТМБдан ашыкчасы 245,7 миң сомго аныкталды, анын ичинен; Борбордук кампадан - 3,5 миң сомго, Ош ЭТИнин КМБ бөлүмүнөн - 3,2 миң сомго, Ош ЭТИнин Транспорт бөлүмүнөн - 125,8 миң сомго, Сулайман Тоо РЭТнын кампасынан - 107,9 миң сомго, Ош ЭТИнин кампасынан - 5,3 миң сомго.

Ал эми, ТМБдын жетишпестиктери жалпысынан 956,8 миң сомду түздү анын ичинен: Борбордук кампадан - 552,7 миң сомго, Ош ЭТИнын КМБ бөлүмүнөн - 7,8 миң сомго, Ош ЭТИнин Транспорт бөлүмүнөн - 14,7 миң сомго, Сулайман Тоо РЭТнын кампасынан - 308,9 миң сом, Ош ЭТИнин кампасынан - 72,7 миң сомго. ТМБдын жетишпестиги жооптуу кызматкерлер тарабынан өндүрүштө иш жүзүндө пайдаланылган товардык - материалдык баалуулуктарды өз убагында эсептен чыгарбоонун жана өз ишине так мамиле жасабагандыгынын натыйжасында келип чыккан, *аудит учурунда жалпы 956,8 миң сомдук жетишпестиктер жооптуу кызматкерлер тарабынан отчет алуунун негизинде 590,9 миң сом ордуна коюлду, натуралай калыбына келтирүү жолу менен 238,6 миң сом ордуна коюлду, Ош ЭТИси тарабынан берилген тактаманын негизинде жооптуу кызматкерлердин накталай эмгек акысынан кармоо жолу менен 127,3 миң сомдук жетишпестик ордуна коюлду. Ал эми ТМБдан ашыкчасы 245,7 миң сом аудит учурунда кампага кириштелди.*

**7.1. Сунуштама*:***

Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын сакталуусу катуу көзөмөлгө алынсын, ТМБга болгон жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги күчөтүлсүн жана аныкталган ТМБнын 956,8 миң сомго жетишпестиктерине жана 245,7 миң сомго ашыкча болуусуна жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**8. Аныкталды/корутунду.**

Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын өз убагында ишкананын балансына алынышы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүүнүн маселелери жөнүндөгү” токтомунун талаптары сакталбастан, 2023-жылы трансформаторлордун айланасын тосуу үчүн жасалган 29 даана тосмолор, 1 даанасынын баасы 25,58 миң сомдук, жалпысы 741,9 миң сомдук тосмолор Ош ЭТИнин балансына негизги каражат катары алынбай калган учурлары аныкталды. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик жолдомолордун негизинде 741,9 миң сомдук тосмолор ишкананын балансына кириштелди.*

Ошондой эле, “КУЭТ” ААКсынын 2023-жылдын 26-декабрындагы №12-3 токтому менен бекитилген “"КУЭТ" ААКсынын жана анын филиалдарынын балансында турган жана андан ары пайдаланууга жараксыз товардык-материалдык запастарды эсептен чыгаруу, өтүмсүз активдер

(неликвид) жана товардык-материалдык запастарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” жобосунун талаптарына шайкеш келбестен 2023-жылдын 31-декабрына карата Ош ЭТИнин балансында көп жылдан бери турган өтүмсүз товарлар калдыгы 4 991,9 миң сомду түздү.

**8.1. Сунуштама:**

- “КУЭТ” ААКсынын 2023-жылдын 26-декабрындагы №12-3 токтому менен бекитилген “"КУЭТ" ААКсынын жана анын филиалдарынын балансында турган жана андан ары пайдаланууга жараксыз товардык-материалдык запастарды эсептен чыгаруу, өтүмсүз активдер (неликвид) жана товардык-материалдык запастарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” жобосуна ылайык баланста көп жылдан бери турган өтүмсүз товарлар 4 991,9 миң сомдук калдыгы боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**9. Аныкталды/корутунду.**

Ош ЭТИнин өндүрүштүк муктаждыгы катары ишкананын кызматкерлеринин жеке менчик автоунаасын пайдалангандыгы үчүн эки тараптуу түзүлгөн келишимге ылайык, Ош ЭТИнин директорунун чыгарган буйругунун негизинде кызматкерлерге күйүүчү майлоочу май берилип турган. Бирок, өндүрүштүк муктаждык катары ишкананын кызматкерлеринин жеке менчик автоунаасын пайдалангандыгы боюнча “КУЭТ” ААКсынан уруксат алынган эмес, натыйжада 2023-жылда 77 кызматкердин жеке автоунаалары менен келишимдер түзүлүп, дизелдик күйүүчү май 5500 литр, жана 125698 литр АИ-92 үлгүсүндөгү бензин орточо баа 51 сом 20 тыйындан эсептегенде, жалпысы 6776,6 миң сомдук күйүүчү майлоочу май иштетилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун 3-пунктунда “Компенсация ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин кызматкерлерине алар жеке менчик жеңил автомобилин кызматтык сапарларга пайдаланганы үчүн төлөнөт. Төлөө алардын өндүрүштүк (кызматтык) ишке байланыштуу жумуштары алардын кызматтык милдеттерине жараша такай жол жүрүүгө байланышкан учурда болот, таблицада көрсөтүлбөгөн жеке менчик жеңил автомобилдерди пайдалангандыгы үчүн компенсация, ал автомобиль техникалык параметрлери (кыймылдаткычынын көлөмү куб.см менен) автомобилдин кайсы классына теңештирилиши мүмкүн болсо, ошол өлчөмдө төлөнөт” - деп көрсөтүлгөн. Бирок, Ош электр тармактар ишканасында жогорудагы токтомдун талаптарына шайкеш келтирилбестен акчалай компенсациянын ордуна күйүүчү майлоочу май берилип тургандыгы аныкталды.

**9.1. Сунуштама:** Кызматкерлердин жеке менчик автомобилдерин кызматтык иш сапарга пайдаланганы үчүн чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандыгы

үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун талаптарына шайкеш келтирилип чыгымдалсын.

**10. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылга карата дебитордук жана кредитордук карыздардын эсептөөлөрүнүн аудитинде 2023-жылдын 31-декабрына карата болгон дебитордук карыз, жалпысынан 2 209 073,2 миң сомду түзгөн, же жыл башына болгон дебитордук карызга салыштырмалуу 242 921,3 миң сомго же 12,3%га өсүүгө жол берилген.

“Башка операциялар боюнча дебитордук карыздар” эсеби боюнча карыздардын ичинде 1524 счету "Кем чыгуу, уурдоолор, ысырап кылуулар" эсеби боюнча 2023-жылда кампачыдан 13 213,9 миң сом ТМБдан жетишпестик чыгып, дебитордук карыз эсебине алынып барылган. Бул жетишпестик боюнча Ош ЭТИ тарабынан, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматына өткөрүлүп берилген. Бүгүнкү күнгө жогоруда аталган жетишпестик суммадан 3933,0 миң сом кайра өндүрүлүп, 9 280,9 миң сому өндүрүлбөгөн.

Ош шаардык соту тарабынан 2024-жылдын 12-сентябрындагы соттук бухгалтердик экспертиза дайындоо жөнүндөгү токтомуна ылайык соттун кароосунда каралып жатат. Соттук териштирүүлөр бүтпөгөндүгүнө байланыштуу “КУЭТ” ААКсынын филиалы Ош ЭТИнин эсебине 9280,9 миң сом өндүрүлбөгөн.

**10.1. Сунуштама:** 9 280,9 миң сомдук ТМБдын жетишпестигин толук өндүрүү боюнча иш алып барылсын.

**11. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылы Ош ЭТИнин 96 кызматкерине командировкалык чыгымдарды төлөөдө жалпысынан 210,4 миң сомго жатакана төлөмүнө ашыкча төлөөлөргө жол берилген учурлары аныкталды. *Аудит учурунда ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар Ош ЭТИнын 2024-жылдын 23-октябрындагы №09/1684 тактамасынын негизинде тиешелүү кызматкерлердин эмгек акысынан кармалуусуна алып барылды.*

**12. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылга карата “КЭУТ” ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 протоколу менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын талаптарына шайкеш келбестен, келишимде көрсөтүлгөн мөөнөтүндө товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү аткарбагандыгынын натыйжасында 138 келишимдин ичинен 30 келишим боюнча, жалпысы 615,3 миң сомго туум (пеня) төлөмдөр эсептелинди. Аудит убагында эсептелген туум төлөмдөр “КУЭТ” ААКсынын филиалы Ош ЭТИнин кирешесине алынууга жатат.

**12.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин негизинде иштелип чыгып “КЭУТ” ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын

талаптарын так сактоо жана түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүндө аткарылуусу көзөмөлгө алынсын. Аудит убагында аныкталган 615,3 миң сомдук айыптык төлөмдөрдү өндүрүү иш чаралары жүргүзүлсүн.

**13. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин негизинде иштелип чыгып "КЭУТ" ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын талаптарына шайкеш келбестен жалпы түзүлгөн сатып алуулар жөнүндө 138 келишимдин ичинен 11 келишимде контракттын өзгөчө шартында контракттагы эсеп менен кепилдикти камсыз кылуу наркы, жалпысынан 673,5 миң сому мекеме тараптан талап кылынбаган.

**13.1. Сунуштама***:* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин негизинде иштелип чыгып "КЭУТ" ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген жобосунун жана колдонмосунун талаптарына ылайык, түзүлгөн келишимдеги кепилдикти камсыз кылуу көзөмөлгө алынсын жана контракттын өзгөчө шартында контракттагы эсеп кепилдигин убагында талап кылбаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**14. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылга карата планынын жалпы суммасы 63160,1 мин сомду түзсө, ал эми анык аткарылышы 56044,2 миң сомго аткарылган, же бекитилген планга салыштырмалуу 7115,9 миң сомго аз, же 88,7%га аткарылган. Ал эми, кезектеги оңдоо иштеринин 2023-жылга карата планынын жалпы суммасы 145 781,4 миң сомду түзсө, ал эми анын аткарылышы 123 403,8 миң сомду түзгөн, же бекитилген планга салыштырмалуу 22 377,6 миң сомго аз, же 84,6%га аткарылган. 2023-жылга карата капиталдык оңдоо жана кезектеги оңдоо иштерин аткарууда, бекитилген планга салыштырмалуу капиталдык оңдоо иштеринен 7115,9 миң сомго, кезектеги оңдоо иштеринен 22377,6 миң сомго, жалпысы 29 493,5 миң сомго капиталдык жана кезектеги оңдоо иштерине каралган каражат толук өздөштүрүлбөгөн.

**14.1. Сунуштама:** Ош ЭТИнин планында каралган капиталдык жана кезектеги оңдоолору үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана оңдоо иштерин планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын.

**"Ош электр реабилитациялоо" долбоору боюнча**

**15. Аныкталды/корутунду***:* Ош ЭТИнын реабилитациялоо долбоорунун негизги каражаттарына жана товардык-материалдык баалуулуктарына 2024-жылдын 7-октябрында тандап алуу жолу менен инвентаризация жүргүзгөн учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди

албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, ТМБдан ашыкчасы 53,7 миң сомго жана жетишпестиги 14,8 миң сомго аныкталды.

**15.1. Сунуштама*:*** аныкталган ТМБдын 14,8 миң сомдук жетишпестиктери өндүрүлсүн, 53,7 миң сомго ашыкчасы кириштелсин жана ага жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**16. Аныкталды/корутунду*:*** Долбоордун 1-этабы боюнча "Hangzhou Sunrise Technology Co.Ltd" компаниясы менен түзүлгөн келишимдин негизинде сатылып алынган заманбап АСКУЭ системасын жана акылдуу эсептегичтерди орнотуу (анын ичинде программалык камыздоо жана аппараттык – сервердик жабдуулар) боюнча кампадагы ашыкча калдыктар жалпысынан 24 963,8 миң сомду түзөт. Белгилеп кетүүчү нерсе, Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоору 2024-жылын 29-июлуна карата долбоордун аякташы боюнча №40/1238 каты менен кайрылган болсо да, ТМБлар калдык болуп турат.

Долбоордун өздөштүрүү тобунун башчысы Б.Тавалдиевдин оозэки билдирүүсү жана Ош ЭТИ тарабынан "КУЭТ" ААКсына 2024-жылдын 19-июнунда №40/988 каты менен долбоордун 1-этабы менен келип, ашып калган электр эсептегичтерин кайтарып өткөрүп алуусун билдирген. Бирок, андан бери эч кандай иш аракеттер аткарылбастан азыркы күндө кампада 24 963,8 миң сомдук ТМБтар сакталып турат.

**16.1. Сунуштама*:*** Ош ЭТИнын реабилитациялоо долбоорунун негизинде 1-этабынан ашып калган 15972,5 миң сомдук 1317 даана концентратор, 8991,3 миң сомдук 2341 даана 3-фазалуу электр эсептегичтер, жалпы 24 963,8 миң сомдук ТМБлар боюнча "КУЭТ" ААКсы кайтаруу, алмаштыруу же орнотуу боюнча тийиштүү иштер алып барылсын.

**17. Аныкталды/корутунду*:***

Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоорунун максаты боюнча Ош шаарынын Батыш тарабынын жана ага жакын жайгашкан Кара-Суу районунун айылдарынын керектөөчүлөрүн электр энергиясы менен камсыздоонун сапатын жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу болгон болсо, Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоорунун талаптарына шайкеш келбестен, 2023-жылы "КУЭТ" ААКсынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №227 көрсөтмөсүнүн негизинде Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоору аркылуу келген акылдуу эсептегичтерден "КУЭТ" ААКсынын филиалы Жалал-Абад ЭТИне 1 фазалуу акылдуу эсептегичтерден 5500 даана, 110 даана концентратор жалпы суммасы 269720 евро (ошол учурдагы сомдун курсу боюнча алганда 97,4 сомдон) жалпы 26 270,7 мин сомго берилип кеткендиги аныкталды.

Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоорунун талаптарына шайкеш келбестен, 2023-жылы "КУЭТ" ААКсынын 2023-жылдын 1-декабрындагы №206 көрсөтмөсүнүн негизинде Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоору аркылуу келген акылдуу эсептегичтерден "КУЭТ" ААКсынын филиалы

Нарын ЭТИне 1 фазалуу акылдуу эсептегичтерден - 60 даана 142,9 мин сомдук, 3-фазалуу эсептегичтен - 260 даана 1 089,1 миң сомдук, 1 фазалуу акылдуу эсептегичтерге щит - 320 даана 428,6 мин сомго, жалпы 1 660,6 миң сомго берилип кеткендиги аныкталды. Жалпы 27 931,3 мин сомдук Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбооруна келген товардык материалдык баалуулуктар (акылдуу эсептегичтер) долбоордо каралбаган башка электр тармактар ишканаларына берилип кеткендиги аныкталды.

**17.1. Сунуштама:** Ош ЭТИнин реабилитациялоо долбоору боюнча келген товардык-материалдык баалуулуктарды өз максатында пайдалануу жагы көзөмөлгө алынсын, долбоор боюнча келип, бирок Жалал-Абад жана Нарын электр тармактар ишканаларына берилип кеткен 27931,3 миң сомдук ТМБлардын (акылдуу эсептегичтер) себеби такталсын жана долбоорду толук өздөштүрүү көзөмөлгө алынсын.

**Нарын электр тармактар жана Ысык-Көл электр тармактар ишканалары боюнча**

1. **Аныкталды/корутунду:**

Нарын электр тармактар ишканасында 2023-жылдын аягына электр энергияга болгон керектөөчүлөрдүн карызы 151 324,0 миң сомду түзгөн.

Ысык-Көл электр тармактар ишканасында 2023-жылдын аягына электр энергияга болгон керектөөчүлөрдүн карызы 158 821,4 миң сомду түзгөн.

**1.1. Сунуштама:** Ысык-Көл электр тармактар ишканасы жана Нарын электр тармактар ишканасы электр энергияга болгон керектөөчүлөрдүн карызын өндүрүү боюнча тийиштүү иш чаралар көрүлсүн.

**Чүй электр тармактар ишканасы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнун 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтомунун "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун 3-пункутунда *Оор, зыяндуу, эмгек шарттары кооптуу өзгөчө башка жумуш орундарынын тизмеги (мындан ары - тизмек) жумуш орундары аттестациялангандан кийин Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегине (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) ылайык жамааттык келишимде же кесиптик бирлик же кызматкерлердин башка өкүлчүлүктүү органы менен макулдашуу аркылуу иш берүүчү тарабынан бекитилген айрым документтерде каралат*, 4-пункутунда *Жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү үчүн шарттарды жакшыртуу жана эмгекти коргоо боюнча жүргүзүлгөн комплекстүү уюштуруу-техникалык иш-чараларды эсепке алуу менен жыл сайын кайра каралып турат, ошондой эле* 6-пункутунда *Аттестациялык комиссиянын курамына иш берүүчүнүн өкүлдөрү, эмгекти коргоо боюнча адис, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын шайланма органдарынын же кызматкерлердин башка өкүлдүк органынын өкүлдөрү, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилет деп көрсөтулгөн.*

Аудит учурунда алынган маалыматтын негизинде Чүй электр тармактар ишканасы 2023-жылдын 14-августунда №570 “Жумуш орундарын аттестациядан өткөрүү жөнүндө” буйругунун негизинде мамлекеттик

санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти менен келишим түзүлүп, аткарылган иштердин актысы 2023-жылдын 3-сентябрында өткөзүп берилген.

Бирок, Чүй электр тармактар ишканасы тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн токтом аткарылбай, 2023-жылдын 1-январынан тартып 31-августуна чейин жумуш оорундары аттестацияланбай, ошондой эле аттестациалык комиссиянын курамына санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилбей 3 484,9 миң сом эсептелип төлөнүп берилген.

**1.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун негизинде иш алып барылсын.

**2. Аныкталды/корутунду.**

“КУЭТ” ААКсынын кызматкерлерине бир жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча иштин жалпы жыйынтыктары үчүн сый акы төлөөнүн тартиби жөнүндө жобосунун 2.1.2 пунктунда “Борбордук аппарат жана филиалдар боюнча сый акынын тиешелүү суммасы төмөнкү көрсөткүчтөр үчүн азайтылышы мүмкүн” алар; кырсыктардын (авария) жана жабдуулардын иштебей калышы 20% чейин, өлүмгө алып келген же болбосо оор кесепеттерге алып келген өндүрүштүк учурлары 30% чейин, белгиленген планга каршы 110-220-500 кВ тармактарда электр энергиясынын жоготууларын көбөйтүү 10% чейин, белгиленген планга каршы 35-10-0,4 кВ тармактарда электр энергиясынын жоготууларын көбөйтүү 10% чейин, электр энергиясын берүүгө жана сатууга чыгымдардын сметасынан ашып кетүү 15% чейин, жылдын акырына карата дебитордук карыздын өсүшүнө 15% чейин көрсөтүлгөн.

Аудит учурунда берилген маалыматка ылайык, «КУЭТ» ААКсынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №549-ок “2023-жылдын жыйынтыгы боюнча сый акы жөнүндө” буйругу, Чүй электр тармактар ишканасынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №925 “2023-жылга иштин жыйынтыгы боюнча сый акы төлөө жөнүндөгү” буйругунун негизинде 97074,1 миң сом эсептелинип төлөнүп берилген.

Бирок, аудит камтыган мезгил аралыгында 2023-жылы 564 кырсыктардын (авария) жана жабдуулардын иштебей калганы, белгиленген планга каршы 220 кВ тармактарда электр энергиясынын жоготууларынын көбөйүшү, же 157890,5 кВ каралса ал эми, чыныгы 168620,5 кВ чыгымдалган (10730,280 айырма кВ), белгиленген планга каршы 35 кВ тармактарда электр энергиясынын жоготууларын көбөйүшүү, же 34528,3 кВ каралса, ал эми иш жүзүндө 41577,5 кВ чыгымдалган (7049,2 айырма кВ). «КУЭТ» ААКсынын кызматкерлерине бир жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча иштин жалпы

жыйынтыктары үчүн сый акы төлөөнүн тартиби жөнүндө" жобосунун баалоо критерийлери туура эмес бааланып, Чүй электр тармактар ишканасы тарабынан, жалпы 38 829,6 миң сом төлөнүп берилген.

**2.1. Сунуштама*:*** 2023-жылдын 28-ноябрындагы №11-3 «КУЭТ» ААКсынын Башкы дирекциясынын протоколу менен бекитилген жобосунун 2.1.2 пунктунун негизинде иш алып барылып, белгиленген көрсөткүчтөрдүн баалоо критерийлерин так даана чагылдырып, туура эсептөө камсыздалсын.

**3. Аныкталды/корутунду*:*** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин *100 беренесинде кызматкер иш берүүчүнүн демилгеси боюнча жумуш убактысынын, күндөлүк иштин (кезметтин) белгиленген узактыгынан ашыкча, ошондой эле эсепке алынган мезгилдин ичинде жумушчу сааттардын ченемдүү санынан ашык иштелген иш, мөөнөтүнөн ашык иштөө, - деп эсептелет.*

*Мөөнөтүнөн ашык иштөөгө тартуу иш берүүчүнүн сунушу, тескемеси боюнча же иш берүүчүгө айтылып жана кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана жүргүзүлөт.*

*Оор кара жумушта, эмгек шарттары зыяндуу жумуштарда, же кооптуу жумуштарда иштеген кызматкерлерди мөөнөтүнөн ашык иштөөгө тартууга төмөндөгү учурлардан тышкары тыюу салынат: 1-абзацта "Өлкөнүн коргонуусу үчүн, ошондой эле өндүрүштөгү кыйроону болтурбоо, же өндүрүштөгү кыйроонун же табигый кырсыктын кесепеттерин жоюу үчүн зарыл иштерди аткарууда", 2-абзацта "Суу, газ, жылуулук, жарык, канализация, транспорт, байланыш менен жабдуу боюнча коомдук зарыл иштерди аткаруу - алардын кадимкидей иштешине кедерги болгон капилет жагдайларды жоюу үчүн", 3-абзацта "Башталган иш өндүрүштүн техникалык шарттарына байланыштуу токтоп калышынан улам жумуш сааттарынын ченемдүү санынын ичинде аткарылбай (бүтүрүлбөй) калышы мүмкүн болсо, эгерде ушул иштин аткарылбай (бүткөрүлбөй) калышы иш берүүчүнүн мүлкүнүн, мамлекеттик же муниципалдык мүлктүн бузулушуна же жок болушуна, болбосо адамдардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч келтирсе", 4-абзацта "Кызматкерлердин көпчүлүгүнүн иши токтотушуна алып келиши мүмкүн болгон учурларда механизмдерди жана курулмаларды оңдоо жана калыбына келтирүү боюнча иштерди аткарууда", 5-абзацта "Эгерде жумушту үзгүлтүккө учуратууга болбосо, жумушту улантуу үчүн ордун алмаштыруучу кызматкер келбей калса. Мындай учурларда иш берүүчү кезметчини башка кызматкер менен алмаштырууга токтоосуз чара көрүүгө милдеттүү, ошондой эле 114 беренесинде дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрдө аткарууга тыюу салынган жумуштар. Кызматкерлерди дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүндө жумушка тартуу үчүн өзгөчө учурлар.*

*Дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүндө иштөөгө эреже катары тыюу салынат.*

*Кызматкерлер дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүндө жумушка алардын жазуу жүзүндөгү макулдуктары менен төмөнкүдөй учурларда тартылат: Өндүрүштүк аварияны, кыйроону болтурбоо, өндүрүштүк авариялардын, кыйроолордун же табигый кырсыктын кесепеттерин жоюу үчүн; Бөөдө кырсыктарды, мүлктөрдүн жок болушун же бузулушун болтурбоо үчүн; Алдынала болжолдоого болбогон, тез аткаруу бүтүндөй уюмдун же анын айрым бөлүмдөрүнүн андан ары кадимкидей иштеши ага байланыштуу болгон иштерди аткаруу үчүн. Жумуш эмес майрам күндөрүндө өндүрүштүк-техникалык шарттар боюнча токтотууга мүмкүн болбогон жумуштарды (үзгүлтүксүз иштөөчү уюмдар), калкты тейлөө зарылдыгына байланыштуу жумуштарды, ошондой эле кечиктирилгис оңдоо жана жүктөө-түшүрүү жумуштарын аткарууга жол берилет деп көрсөтүлгөн.*

Аудит камтыган мезгил аралыгында берилген маалыматтын негизинде Чүй электр тармактар ишканасы тарабынан эсептелген эмгек акысына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө, 2023-жыл үчүн айрым учурларда кызматкерлерге дем алыш жана майрам күндөрү мөөнөтүнөн ашык иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдү эсептөө тиешелүү негиздемесиз жүргүзүлгөн, мында кошуп эсептөө суммасы 2023-жылы 14 942,1 миң сомду түзгөн. Алсак, бөлүмдөрдүн, цехтердин жана башка өндүрүштүк участоктордун жетекчилеринин кызматтык билдирүүлөрүнүн негизинде Чүй электр тармактар ишканасынын жетекчиси тарабынан дем алыш, майрам күндөрү жана мөөнөтүнөн ашык иштеген айрым кызматкерлерди ишке тартууга өндүрүштүк муктаждыка байланыштуу техникалык тейлөө үчүн ар кандай зарылчылыктар себеп болгон буйруктар чыгарылган.

Бирок, көрсөтүлгөн кошумча төлөмдөрдү талдоонун жүрүшүндө, аудит жогоруда аталган жана башка себептер боюнча дем алыш жана майрам күндөрү, мөөнөтүнөн ашык иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн, тактап айтканда жогоруда көрсөтүлгөн Эмгек кодексинин 100-114-беренелеринин талаптары сакталбай, же кызматкерди дем алыш жана майрам күндөрү мөөнөтүнөн ашык иштешинин себеби чагылдырылбай, өндүрүштүк муктаждыкка байланыштуу техникалык тейлөө үчүн жана башка буйруктар чыгарылгандыгы аныкталды.

"КУЭТ" ААКсынын Директорлор кеңешинин 2022-жылдын 9-августундагы №10 протоколу менен "Чүй ЭТИнин" жобосу бекитилген. *Жобонун 4.21. пункутунда "Филиалдын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн формалары, системалары жана өлчөмдөрү эмгек акы төлөө жөнүндө жобого ылайык аныкталат.*

*Башкаруунун уюштуруу түзүмү жана филиалдын штаттык ыратамасы коомдун Директорлор кеңеши менен макулдашылып, коомдун башкы директору тарабынан бекитилет" деп көрсөтүлгөн.*

Аудит учурунда берилген маалыматка ылайык, Чүй ЭТИ боюнча сатуу бөлүмүнүн штаттан тышкаркы кассирлерине 2023-жылга жалпы 1969,9 миң сом эмгек акы төлөнүп берилгени аныкталды.

Бирок, Чүй электр тармактар ишканасынын сатуу бөлүмүндө иштеген кассирлерине штаттык бирдиктери коомдун Директорлор кеңеши менен макулдашылып бекитилбестен туруп, Чүй ЭТИнин директору тарабынан 1969,9 миң сом эмгек акы төлөнүп берилген.

**3.1. Сунуштама:**

**-** "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ачык акционердик коомунун Директорлор кеңешинин 2022-жылыдн 9-августундагы №10 протоколу менен бекитилген "Чүй электр тармактар ишканасынын" жобосунун талаптарынын сакталышы көзөмөлгө алынсын, ички укуктук актылардын талаптарына шайкеш келтирилбестен эмгек акылардын төлөнүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**-** Кызматкерлерге дем алыш жана майрам күндөрү мөөнөтүнөн ашык иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр боюнча Кыргыз Республикасынын

Эмгек кодексинин негизинде иш алып барылсын, эмгек акыга кошумча төлөмдөр боюнча чыгарылган буйруктарга жетекчилик тараптан көзөмөл жүргүзүлсүн. Негиздемесиз кошумча төлөмдөрдү жүргүзгөн тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**4. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылдын 27-мартындагы "КУЭТ" ААКсынын башкы директору тарабынан "Филиалдардын мөөнөттүү келишимдери боюнча кабыл алынган эсептөө приборлорун алып чыгуу жана алмаштыруу боюнча персоналдын эмгегине акы төлөө жөнүндө" жобосунун биринчи тиркемесинде аныктоо жана колдонуу тартиби эмгекке катышуу коэффициенти көрсөтүлгөн.

Аудит учурунда берилген маалыматтардын негизинде Чүй электр тармактар ишканасы аудит камтыган мезгил аралыгында абоненттерди эсепке алуу шиттерин алып чыгуу жана киргизүүнү алмаштыруу боюнча бригадалардын эмгек акысы 8560,6 миң сомго эсептелип төлөнүп берилгендиги аныкталды.

Бирок, Чүй электр тармактар ишканасы 2023-жылдын 27-мартындагы Кыргызстан улуттук электр тармагы ачык акционердик коомунун башкы директору тарабынан "Филиалдардын мөөнөттүү келишимдери боюнча кабыл алынган эсептөө приборлорун алып чыгуу жана алмаштыруу боюнча персоналдын эмгегине акы төлөө жөнүндө" жобосу сакталбай 177,5 миң сом төлөнүп берилген.

**4.1. Сунуштама:** 2023-жылдын 27-мартындагы "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ачык акционердик коомунун башкы директору тарабынан бекитилген "Филиалдардын мөөнөттүү келишимдери боюнча кабыл алынган эсептөө приборлорун алып чыгуу жана алмаштыруу боюнча персоналдын эмгегине акы төлөө жөнүндө" жобосунун негизинде иш жүргүзүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинини 107-беренеси боюнча *Жумуш убактысын эсепке алууда иш берүүчү, ошол иш берүүчүдө иш жүзүндө иштеген кызматкердин жумуш убактысынын эсепке алынышын уюштурууга милдеттүү. Жумушка келүүнүн жана кетүүнүн эсеби жумуш убактысын пайдалануунун аныкталган формадагы жылдык табелдик карточкаларда жана башка документтерде көрсөтүлөт. Иш жүзүндөгү жумуш убактысы эсепке алынат, ага иштелген жана иштелбеген убакыт киргизилет. Иштелген убакыттын курамына мөөнөтүнөн ашык иштелген жумуш убактысы, баалап иштөөчүлөрдүн мезгилдүү жумуштар, иш сапарлары өзүнчө киргизилет. Иштелбеген убакыттын курамына акы төлөнүүчү жана акы төлөнбөөчү убакыттар, ошондой эле кызматкердин күнөөсү менен жана анын күнөөсү жок жумуш убактысынын текке кетиши деп бөлүнөт. Иш жүзүндөгү убакыт кызматкер иш тартибине, кезмет графигине же иш берүүчүнүн өзгөчө көрсөтмөсүнө ылайык ордуна келген учурдан баштап ошол күнү жумуштан (кезметтен) иш жүзүндө бошонгонго чейинки мезгил эсептелет. Иштебей токтоп туруулардын убактысы токтоп туруу жөнүндө баракчалардын жана башка документтердин негизинде эсепке алынат.*

Аудит учурунда алынган маалыматардын негизинде Чүй электр тармактар ишканасынын эмгек келишиминин 3 пунктунда иштөө режими эртең мененки саат сегизден кечки бешке чейин (08.00-17.00), ал эми түшкү тыныгуу, же тамактанууга түшкү он экиден он эки кырк бешке чейин (12.00-

12.45) көрсөтүлгөн, ошондой эле 7.1 пункутунда бул келишимдин шарттары эки тараптын макулдугу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн, бул жөнүндө ушул келишимге тиркеме катары протокол түзүлөт деп каралган.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Чүй электр тармактар ишканасы ар бир иш күндүн түшкү тамактануусун он беш (15) мүнөткө кыскартып, 8 саат жумуш күнүнөн 15 мүнөткө ашыкча иштеп, бирок жуманын бешинчи күндөрү үч кырк бешке чейин иштешип, жума күндүн табели сегиз саат деп коюлган.

**5.1. Сунуштама:** Иш тартибин жана ал боюнча табель түзүү жагы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси боюнча жүргүзүлсүн.

**6. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 22-августундагы №576 "Электр энергиясын пайдалануу эрежелери" токтомунун тиркемесинин 10-главасынын "Электр энергиясын берүүнү токтотуунун жана чектөөнүн шарттарынын" 112-пункутунда *"Тиричиликтен башка керектөөчү төлөм документин алгандан кийин беш банктык күн ичинде керектелген электр энергиясы үчүн талашсыз сумманы төлөбөгөн учурда, лицензия алуучу төлөм документинде көрсөтүлгөн мөөнөттө, ушул Эрежелерде белгиленген жол-жобону сактоо менен электр энергиясын берүүнү толук токтотууга жана жарым-жартылай чектөөгө укуктуу" жана 113-пункутунда "Тиричиликке керектөөчү Келишимде (Контрактта) аныкталган мөөнөттүн ичинде керектелген электр энергиясына төлөбөсө, лицензия алуучу өчүрүүгө чейин 7 сутка мурда керектөөчүнү алдын ала эскертүү менен электрдик жабдууну токтотууга укуктуу" деп көрсөтүлгөн.*

Чүй электр тармактар ишканасынын берилген маалыматынын негизинде Чүй электр тармактар ишканасына 2023-жылы 35 кВ 3190706,24 миң кВтс электр энергия алынып, анын ичинен 361420,74 миң кВтс электр энергиясы техникалык жоготууларын түзүп, 4428,67 миң кВтс электр энергиясы чарбачылык муктаждыкка жана 31479,34 миң кВтс электр энергиясы электр агымына (перетоки) жумшалып, ал эми калган 2793377,49 миң кВтс пайдалуу (полезный отпуск) электр энергиясы 5195278,0 миң сомдук товардык продукцияны түзүп, 2023-жылы жалпы 5338583,25 миң сом чогултулган, чогултулган 5338583,25 миң сом менен 2023-жылы алынган товардык продукциянын 5195278,0 миң сомдун ортосунда 143305,25 миң сом айырма аныкталып, анын ичинен 111471,3 миң сом дебитордук карыз жана 31832,2 миң сом кредитордук карыз.

Бирок, Чүй электр тармактар ишканасы тиричиликтен башка керектөөчү төлөм документин алгандан кийин беш банктык күн ичинде керектелген электр энергиясы үчүн талашсыз сумманы төлөбөгөн учурда, лицензия алуучу төлөм документинде көрсөтүлгөн мөөнөттө, ушул Эрежелерде белгиленген жол-жобону сактоо менен электр энергиясын берүүнү толук токтотпой же жарым-жартылай чектебей, ошондой эле тиричиликке керектөөчү келишимде аныкталган мөөнөттүн ичинде керектелген электр энергиясына төлөтпөй лицензия алуучу өчүрүүгө чейин 7 сутка мурда керектөөчүнү алдын ала эскертүү менен электр энергиясы менен жабдууну токтотпой 111 471,3 миң сомго электр энергиясы берилген.

**6.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 22-августундагы №576 "Электр энергиясын пайдалануу эрежелери" токтомунун негизинде иш алып барылсын, Чүй электр тармактар ишканасынын жетекчилиги тарабынан дебитордук карыздарды азайтуу боюнча көзөмөл жүргүзүлсүн.

**7. Аныкталды/корутунду.**

"Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин 3-бөлүгүндө *"Электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (жеке жактардын) электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Үч айдан ашык мезгил үчүн карыздын суммасын өндүрүп алуу сот тартибинде гана жүргүзүлөт" деп көрсөтүлгөн, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген Электр энергиясын пайдалануу эрежелеринин 112-пункутунда "Тиричиликтен башка керектөөчү төлөм документин алгандан кийин беш банктык күн ичинде керектелген электр энергиясы үчүн талашсыз сумманы төлөбөгөн учурда, лицензия алуучу төлөм документинде көрсөтүлгөн мөөнөттө, ушул Эрежелерде белгиленген жол-жобону сактоо менен электр энергиясын берүүнү толук токтотууга жана жарым-жартылай чектөөгө укуктуу" жана 113-пункутунда "Тиричиликке керектөөчү Келишимде (Контрактта) аныкталган мөөнөттүн ичинде керектелген электр энергиясына төлөбөсө, лицензия алуучу өчүрүүгө чейин 7 сутка мурда керектөөчүнү алдын ала эскертүү менен электрдик жабдууну токтотууга укуктуу" деп көрсөтүлгөн.*

Аудит камтыган мезгил аралыгында Чүй электр тармактар ишканасында 2024-жылдын 1-январына жалпы 235520,7 миң сомдук дебитордук карызды түзгөн, анын ичинен бир айга чейинки 136478,8 миң сом, бир айдан экинчи айга чейинки 21714,9 миң сом, эки айдан үч айга чейин 5776,9 мин сом, ал эми үч айдан үч жылдан жогоркусу 71550,1 миң сомду тузгөн. Чүй электр тармактар ишканасынын юридикалык бөлүмү аркылуу 35581,8 миң сомго доо арыз сотко берилгени аныкталды.

Бирок, Чүй электр тармактар ишканасы жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамды толук аткарбай, же болбосо электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн жеке жактардын электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берилип жана тиричиликтен башка керектөөчү төлөм документин алгандан кийин беш банктык күн ичинде керектелген электр энергиясы үчүн талашсыз сумманы төлөбөгөн учурда, лицензия алуучу төлөм документинде көрсөтүлгөн мөөнөттө, эрежелерде белгиленген жол-жобону сактоо менен электр энергиясын берүү толук токтотулбай жана жарым-жартылай чектөөгө киргизилбей, ошондой эле тиричиликке керектөөчү келишимде аныкталган мөөнөттүн ичинде керектелген электр энергиясына төлөбөсө, лицензия алуучу өчүрүүгө чейин 7 сутка мурда керектөөчүнү алдын ала эскертүү менен электр энергиясы менен жабдуу токтотулбай, 35 968,3 миң сомго электр энергия берилген.

**7.1. Сунуштама:** Чүй электр тармактар ишканасы тарабынан электр энергиясы менен камсыз кылуу "Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген Электр

энергиясын пайдалануу эрежелеринин негизинде жүргүзүлсүн, дебитордук карыздардын өсүшүнө жол берилбесин.

**8. Аныкталды/корутунду***:* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомунун негизинде Чүй электр тармактар ишканасынын 2022-жылдын 25-ноябрында №362 буйругу менен "Сатып алуу жол-жобосу боюнча нускама, 2023-жылдын 28-августунда №8-6 "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ачык акционердик коому жана анын филиалдарынын товарларды, иштерди жана кызматтарды чексиз катышуу менен сатып алуу процедураларын өткөрүү" боюнча нускамасы бекитилген. Чүй электр тармактар ишканасы тарабынан алынган маалымат боюнча, 2023-жылда мамлекеттик сатып алуулар боюнча ачык жана айкын тооруктарды өткөрүүчү (тендердик) комиссиялары жана сатып алуу жана жабдуу бөлүмү түзүлгөн.

Чүй электр тармактар ишканасы 2023-жылга карата мамлекеттик сатып алуулар планы 201737,4 миң сомго түзүлгөн. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 01-сентябрына чейинки аралыкта мамлекеттик сатып алуулар боюнча "tenders.kg" сайтында 91 конкурс 122039,4 миң сомго жарыяланган, ал эми 2023-жылдын 1-сентябрынан тартып Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин электрондук "Zakupki.okmot.kg» сайтына жалпысынан 49348,2 миң сомдук 23 сатып алуулар жайгаштырылган, 2023-жылы 114 конкурс 171387,7 миң сомго жарыяланып, жыйынтыгында 138670,4 миң сомго келишимдер түзүлүп, 32132,2 миң сом акча каражаты үнөмдөлгөн. Жогорудагы көрсөтүлгөн нускаманын 5-параграфынын 29-беренесинин 2-пунктунда "Эгерде конкурстук катышуучусунун нускаманын 3-пунктунда белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келбесе, анын конкурстук арызы четке кагылат" деп көрсөтүлгөн.

Аудит учурунда берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 10-январында "Тиричилик самын жана айна парашогуна" конкурс жарыяланып конкурска 2 фирма (ЖЧК Первый, ЖЧК Роял Хорс) катышкан, конкурстун жыйынтыгында "Роял Хорс" ЖЧКсы жеңүүчү деп табылып, 2023-жылдын 15-февралында 435,6 миң сомго келишим түзүлгөн. Конкурстун негизги талаптарынын бири "Бардык талап кылынган лоттордун суммасынан кем эмес суммага, экиден кем эмес окшош келишимдерди аткаруу тажрыйбасына ээ болду" деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, "Роял Хорс" ЖЧКсы менен келишим түзүлгөн.

Ошондой эле, жогорудагы көрсөтүлгөн талаптарды бузуу менен "Ронд" ЖЧКсы 2568,9 миң сомго 09.02.2023-жылдагы келишим №110д/52, (Материалы для СПС 1 квартал), ЖЧК "ТИАС" 918,9 миң сом 06.03.2023 келишим №110д/81, (Материалы для СВС), ЖЧК "Дос трейд компани" 2974,0 миң сом 14.04.2023-жылдагы келишим №110д/142 (Провод СИП 2РЕС), ЖЧК "ТИАС" 2129,0 миң сом 31.05.2023 келишим №110д/213 (Суюлтулган газ, лак-сыр продукциялары), ЖЧК "ТИАС" 1684,6 миң сом келишим №110д/185 (Ашыкча чыңалуулар, электр товарлары, линиялык арматура, кабелдик

продукция), ЖЧК Ройал Хорс 2246,5 миң сом 02.06.2023-жылдагы келишим №110д/219. Жалпы 12849,2 миң сомго келишим түзүлгөн.

Бирок, Чүй электр тармактар ишканасынын сатып алуу бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан көрсөтүлгөн конкурстук талаптар толук аткарылбай, же экиден кем эмес окшош келишимдерди аткаруу тажрыйбасына ээ болбогон келишимдер менен келишим түзүлүп, жалпы 8391,7 миң сомго айырманы түзгөн.

**8.1. Сунуштама:** “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ачык акционердик коомунун 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому жана анын филиалдарынын товарларды, иштерди жана кызматтарды чексиз катышуу менен сатып алуу процедураларын өткөрүү” нускамасынын негизинде иш алып барылсын, конкурстун талаптарын буузуга жол берилбесин.

**9. Аныкталды/корутунду*:***

Кыргыз Республкасынын өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун 8 параграфынын “Бухгалтердик документтерди сактоонун тартиби” 60-пунктунда “Баштапкы бухгалтердик документтердин (накладной, эсептер, эсеп-фактуралар, кассалык кириш ордерлери ж.у.с.) сакталышын, бухгалтердик отчеттордун жана баланстардын жол-жоболоштурулушун жана аларды архивге өткөрүп берүүнү субъекттин башкы бухгалтери камсыз кылат” жана 61 пунктунда “Субъекттин архивине аларды өткөрүп бергенге чейин документтер башкы бухгалтер ыйгарым укук берген адамдардын жоопкерчилиги астында бухгалтериядагы атайын жайларда же жабыла турган шкафтарда сакталууга тийиш” деп көрсөтүлгөн.

Бирок, аудит каматыган мезгилге берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 16-майында №70к, 10-июлунда №133к, 11-октябрында №226к Чүй электр тармактар ишканасынын буйругун негизинде кызматкер Казакстан Республикасынын Кордай РЭТ ишканасына иш сапарына барып келген. Кызматкердин жазган түшүнүк катында иш сапарга кеткен чыгымдар эсеп счетуна которулганын жана тийиштүү авансттык отчетторун эсеп бөлүмүнө тапшыргандыгын жазган. Бирок, аудит учурунда кызматтык иш сапарына кеткен 96,9 миң сомдук авансттык отчету эсеп-кысап бөлүмүндө аудит учурунда камсыз кылынбай, жогоруда көрсөтүлгөн токтом аткарылбай, же субъекттин архивине аларды өткөрүп бергенге чейин документтер башкы бухгалтер ыйгарым укук берген адамдардын жоопкерчилиги астында бухгалтериядагы атайын жайларда же жабыла турган шкафтарда сакталбай калганы аныкталды.

**9.1. Сунуштама:** Иш сапарына чыгымдалган 96,9 миң сомдук авансттык отчету эсеп-кысап бөлүмүндө аудит учурунда камсыз кылынбай, тийиштүү токтом аткарылбай, же субъекттин архивине аларды өткөрүп бергенге чейин

документтер башкы бухгалтер ыйгарым укук берген адамдардын жоопкерчилиги астында бухгалтерияда тиешелүү сакталбай калганына жол берген жооптуу кызматкердин жоопкерчилиги каралып, көрсөтүлгөн сумма калыбына келтирилсин.

**Бишкек электр тармактар ишканасы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 жана 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө токтомдоруна ылайык “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсынын 2023-жылдын 7-июлундагы №470 буйругу менен 2023-жылдын 12 айына Бишкек ЭТИсинин электр энергиясын керектөө планы 2 829 210,6 миң кВт/с каралса, анык керектелген (поступления в сеть) электр энергия 2 867 645,3 миң кВт/с түзгөн, же планга салыштырмалуу 38 434,7 миң кВт/саатка, же 73 026,1 миң сомго каралган лимиттен ашыкча чыгымдалган.

**1.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилип берилген электр энергиясын колдонуу лимиттери “КУЭТ” ачык акционердик коому тарабынан сакталышы көзөмөлгө алынсын жана мындан ары, каралган лимиттен ашыкча чыгымдоолорго жол бербөө боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**2. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЭТИси тарабынан 2023-жылга карата электр энергиясын керектөө 2 867 645,3 миң кВт/с түзгөн. 2023-жылга карата (35 кВт/с линиясы боюнча) план боюнча каралган электр энергиясынын жоготуусу 7,10% каралган. Жалпы келип түшкөн электр энергиясына салыштырмалуу, электр энергиясынын жоготуусу 202 245,5 кВт/с, же 7,05% түзгөн. 2023-жылга карата анык сатылган (полезный отпуск) электр энергиясы 2 639 663,5 кВт/с, же 5 037 099,4 мин сомду түзгөн, орточо сатылган баасы 1 сом 90 тыйындан туура келген.

2023-жылга карата Бишкек ЭТИнын пайда жана зыян тууралуу отчету боюнча чыгымдардын өздүк наркы 3 131 468,7 миң сомго көрсөтүлгөн. Бирок, аудит убагында белгилүү болгондой Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы№ 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускамасынын” талаптары сакталбаган, башкача айтканда, аталган нускаманын талаптары боюнча:

Товарлардын ар кандай себептерден улам жоготууга учуроосу төмөнкүдөй чагылдырылат:

- үзгүлтүксүз эсепке алуу системасында жоголгон товарлардын өздүк наркы 1610 «Товарлар» эсебинин кредитинен 7200 «Сатып өткөрүлгөн товарлардын өздүк наркы» эсебинин дебетине алып коюлат;

- товарлардын ар кандай жоготууларынын өздүк наркы товарлардын сатып өткөрүлүшү сыяктуу эле эсептелет жана эсептен алып салынат, - деп

көрсөтүлгөн, бирок Бишкек ЭТИ тарабынан чыгымдардын өздүк наркына сатылып алынган 1610 (Товарлар) баасы менен коюлган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" Жобонун 4-бөлүмүнүн 14- пунктунун 13- пунктчасынын талаптары сакталбастан, 137688,7миң сомго (202245,5*1,908-202245,5*0,6136=261786,5-124097,8) электр энергиясынын жоготуусунун чыгымдары Бишкек ЭТИнин 2023-жылга карата пайда жана зыян тууралуу отчету боюнча товарларды тейлөөнүн өздүк наркына кошулуп эсептелинбеген.

**2.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускамасынын" жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" Жобонун талаптары сакталсын жана чыгымдардын өздүк наркын туура эсептөө жагы көзөмөлгө алынсын.

**3. Аныкталды/корутунду*:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же атайын түзүлгөн комиссия менен ар жыл сайын кызматкерлердин иш орду аттестацияланбастан, иш орду боюнча зыяндуулук такталып, төлөмдөрүнүн өлчөмү аныкталып буйрук менен бекитилбестен туруп, зыяндуулук үчүн жыл ичинде жалпысы 2371,7 миң сом кошумча эмгек акылар төлөнгөн, анын социалдык төлөмү (17,25%) 409,1 мин сомду, жалпысы 2780,8 мин сомду түзөт.

**3.1. Сунуштама*:*** Зыяндуулук үчүн эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүү көзөмөлгө алынсын.

**4. Аныкталды*:*** Бишкек электр тармактар ишканасынын 2023-жылдын 31-декабрына карата электр энергиясына болгон дебитордук карызынын жалпы суммасы 134 085,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен 60 418,5 миң сому баланс боюнча резервде үмүтсүз карыз катары коюлган. Үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен 19 665,0 миң сому карызды өндүрүүнүн үч жылдык мөөнөтүнөн ашып кеткен карыздарды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 320-беренеси боюнча айып, же туум келишимге жараша толук өндүрүлүүгө жатат.

Балансте резервде турган үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен 19 665,0 миң сом, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөтү өтүп кеткен учурда доо арыздар менен кайрылып, бирок сот органдары тарабынан, мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу соттук чечимдер кайтарылган карыздар болуп эсептелет.

"Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдын $15^1$-беренесине ылайык электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (жеке жактардын) электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Электр энергиясы үчүн карыздын суммасын өндүрүп алуу үч айдан ашкан учурда, сот тартибинде иш чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.

Бишкек электр тармактар ишканасы тарабынан "Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөттө электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын өндүрүү боюнча сот органдарына убагында, же 3 жыл ичинде сотко доо арыз менен кайрылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнүн себебинен 19 665,0 миң сомду өндүрүүгө эч кандай мүмкүнчүлүк жок. Бүгүнкү күндө өндүрүүгө мүмкүн болбогон дебитордук карыздар "Үмүтсүз карыздар" 1491 эсебине алынып барылып "КЭУТ" ААКсынын кирешесинин жоготуусуна жол берилген.

**Корутунду:** Бишкек электр тармактар ишканасы тарабынан "Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөттө электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын өндүрүү боюнча сот органдарына убагында, же 3 жыл ичинде сотко доо арыз менен кайрылуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнөн доо арыз берүү мөөнөтүнүн өтүп кеткендигине байланыштуу 19 665,0 мин сомду өндүрүүгө мүмкүнчүлүк жок. Бүгүнкү күндө өндүрүүгө мүмкүн болбогон дебитордук карыздар "Үмүтсүз карыздар" 1491 эсебине алынып барылып "КЭУТ" ААКунун кирешесинин жоготуусун түзгөн.

**4.1. Сунуштама:** "Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин жана Бишкек электр тармактар ишканасынын ички жоболорунун негизинде мөөнөтү үч айдан ашкан дебитордук карыздарды сот органдарына доо арыз менен, кайрылуу мөөнөтүнөн кечиктирбей кайрылуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек электр тармактары ишканасы боюнча аудит мезгилинде тандоо жолу менен негизги каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоонун жыйынтыгында Бишкек электр тармактар ишканасынын бөлүмдөрүнүн кампаларынан жалпысы 215,8 миң сомго материалдардын айырмачылыктары аныкталды, анын ичинен:

206,3 миң сомдук ТМБдын жетишпестиги ордуна коюлууга жана 9,5 миң сомдук ТМБдын ашыкчасы бухгалтердик эсепке алынуусуна жатат.

**5.1. Сунуштама*:*** Бишкек электр тармактары ишканасынын кампаларындагы электр, курулуш жана башка чарбалык материалдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүлсүн жана 206,3 миң сомдук ТМБтардын жетишпестиктери өндүрүлүп, 9,5 миң сомдук ТМБтар эсепке алынсын. Материалдардын жетишпестигине жол берген жана материалдарга убагында тийиштүү отчет жүргүзбөгөн кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**6. Аныкталды/корутунду*:***

Келишимдеги эрежелердин аткарылышы боюнча 2023-жылга карата “КЭУТ” ААнын Генералдык дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын негизинде товар, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, келишимде көрсөтүлгөн мөөнөтүндө аткарылбай калуусунун натыйжасында айыптык төлөмдөр жалпысы 236,9 миң сомго эсептелинди. Аудит убагында эсептелген айыптык төлөмдөр Бишкек электр тармактары ишканасынын кирешесине алынууга жатат.

**6.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомуна ылайык “КЭУТ”ААКнын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген сатып алуулардын Жобосунун жана инструкциясынын талаптарын так сактоо жана түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүндө аткарылышы көзөмөлгө алынсын. Аудит убагында аныкталган 236,9 миң сомдук айыптык төлөмдөр ишкананын кирешесине өндүрүү каралсын.

**Жалал-Абад электр тармактар ишканасы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду:** “Жалалабатэлектро” ААКсы Аксы районунун Ак-Суу айыл өкмөтүндөгү электр энергиясын алып сатуучу “Жарык” ЖЧКуна Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик департаментинин 25.11.2021-жылдагы №182 буйругунун негизинде 1кВт/саат электр энергиясын 68,74 тыйын баасында сатылып келген. Башкача айтканда, 2023-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин сатылган электр энергия 3836,0 кВт/саат түзгөн. Электр энергиясынын бөлүштүрүү жана сатуу өз наркы 150,4 тыйын болгондугуна карабастан, арзан баада сатылып (3836,0*68,74=2636,9 - 3836,0*150,4=5769,3 =3132,4), же 3132,4 миң сомго кирешенин жоготуусун түзөт.

**1.1. Сунуштама:**

- Аксы районунун Ак-Суу айыл өкмөтүндөгү электр энергиясын алып сатуучу “Жарык” ЖЧКсына сатып алуу жана жеткирүү чыгымдарынын наркынан арзан баада сатууга жол берилбесин жана бул маселе боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:*

- “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы жана Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча департаменти менен

биргеликте Жалал-Абад электр тармактар ишканасы боюнча Аксы районунун Ак-Суу айыл өкмөтүндөгү электр энергиясын алып сатуучу “Жарык” ЖЧКсына сатып алуу жана жеткирүү чыгымдарынын наркынан арзан баада сатууга жол бербөө маселеси боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн жана ага жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду*:*** Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын кызматкерлерин материалдык жактан стимулдаштыруу боюнча сый акылар эмгек келишимдин, буйруктардын жана ички жоболордун негизинде эсептелип берилет.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 126, 129 жана 130-беренелерин бузуу менен кызматкерлерге эмгек өргүү өз убагында берилбей, кийинки жылдары акчалай компенсациялар төлөнүп келет. Мисалга, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 129-беренесинин талаптары боюнча кызматкерлерге акы төлөнүүчү ар жылдык өргүүнү 2 жыл катары менен бербей коюуга тыюу салынгандыгына карабастан, Э.Т.Полотовго 2023-жылы 1999-2018-жылдар үчүн пайдаланылбай калган эмгек өргүүнүн эсебинен 501,4 миң сом акчалай компенсация төлөнгөн.

Жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына шайкеш келбестен эмгек өргүүнү акчалай компенсациялоо катары төлөнгөн сумма жалпысынан 1 504,8 миң сомду түзгөн.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасы тарабынан Р.А.Шамуратовго 2023-жылы пайдаланылбаган эмгек өргүүсү үчүн компенсация катары 2004-2007-жылдарга, же 4 жылга жалпысы 178,3 миң сом төлөнүп берилген, бирок компенсация катары 3 жылга 134,5 миң сом төлөнүш керек болчу. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 129 беренесинин 7-пунктунун талабы сакталбастан 43,8 миң сом, социалдык фонду (17,25%) – 7,6 мин сом, жалпысы 51,4 мин сомго эмгек өргүүсүнө компенсация негизсиз төлөнүп берилген. *Аудит убагында эмгек акысынан 30,2 мин сом кармалып ордуна коюлду, буйрук №1632-к менен 14 күн өргүүсү кыскартылды жана 2023-жылдын октябрь айындагы №1832 квитанция менен 21,2 мин сом кассага төгүлдү.*

**2.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык кызматкерлерге эмгек өргүүнү убагында берүү жана эмгек өргүүлөрдү компенсациялоо менен ашыкча чыгымдоолорго жол бербөө боюнча тийиштүү иш-чаралар көрүлсүн.

**3. Аныкталды:** Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын кызматкерлерине “КУЭТ” ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-ноябрындагы №11-3 токтому менен “КУЭТ” ААКсынын кызматкерлерине жалпы иштин жыйынтыгы менен жыл аягында төлөнүүчү сый акыны төлөө тартиби” жөнүндөгү Жобосунун 2-бөлүмүнүн 2.2.1. пунктунун талаптары боюнча жылдын жыйынтыгы боюнча төлөнүүчү сый акыдан төмөндөгү критерийлер боюнча азайтылып төлөнүшү каралган, анын ичинен: авария

жана жабдуулардын иштебей калышы боюнча 20%, адамдын ден-соолугуна зыян келген кокустук боюнча 30%, электр энергиясынын жоготуусу 110-220-500 кВт/с өткөргүчтөрү боюнча 10%, ал эми 35-10-0,4 кВт/с өткөргүчтөрү боюнча 15%, электр энергиясын берүүдө каралган сметадан ашыкча чыгым болгон учурда 10% жана жыл башына салыштырмалуу жыл аягында дебитордук карыздардын өсүшү боюнча 15%.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасы тарабынан 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" жана 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомдорунун №2 тиркемесинин негизинде 2023-жылга карата Жалал-Абад областы боюнча электр энергиясынын жоготуусу 12,5%га каралып, бирок 2023-жылга карата электр энергиясынын анык жоготуусу 12,9% түзгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жогоруда аталган токтомдорунун талаптарына шайкеш келбестен, 2023-жылга электр энергиясынын жоготуусу 8032,1 кВт/с, же орточо коюлган тариф боюнча 13 413,6 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын электр энергиясы үчүн жыл башындагы дебитордук карызы 94 644,5 миң сомду түзсө, жыл аягына 131 872,4 миң сомду түзгөн, же 37 227,9 миң сомго көбөйүп 139,3% түзгөн. 2023-жылга "КУЭТ" ААКсынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №549-ок буйругунун негизинде жылдын жыйынтыгы менен сый акы 94,5% төлөө каралган, же электр жабдуулардын толук кандуу иштебегендиги (9 жолу жабдуулардын иштебей калгандыгы) боюнча 3% жана адам ден соолугуна зыян келгендиги боюнча 2,5% азайтылган. 2023-жылга карата чыгымдардын сметасы 3 065 794,9 миң сомго каралса, жалпы анык чыгымы 3 145 590,7 миң сомду түзгөн, же 79 795,8 миң сомго чыгымдар сметага салыштырмалуу ашыкча жүргүзүлгөн, же 102,6% түзгөн.

**Корутунду:** Аудит убагында белгилүү болгондой, 2023-жылдын жыйынтыгы менен жалпы 75707,3 миң сом сый акы төлөнгөн, анын ичинен "КУЭТ" ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-ноябрындагы №11-3 токтому менен "КУЭТ" ААКсынын кызматкерлерине жалпы иштин жыйынтыгы менен жыл аягында төлөнүүчү сый акыны төлөө тартиби" жөнүндөгү Жобосунун 2-бөлүмүнүн 2.2.1. пунктунун талаптары сакталбастан, чыгымдардын каралган сметадан ашык кеткендиги боюнча 10% төлөнгөн сый акыдан кыскартылбаган. 2023-жылга карата жылдын жыйынтыгы менен сый акы жалпысы 68136,6 миң сом чегерилиш керек болсо, аныгында 75707,3 миң сом чегерилип төлөнгөн, же 7570,7 миң сомго сый акы ашыкча чегерилип төлөнгөн, анын социалдык төлөмү (17,25%) 1305,9 миң сом, жалпы 8876,6 миң сомду түзөт.

**3.1. Сунуштама:** "КУЭТ" ААКсынын Башкы дирекциясынын 2023-жылдын 28-ноябрындагы №11-3 токтому менен "КУЭТ" ААКсынын

кызматкерлерине жалпы иштин жыйынтыгы менен жыл аягында төлөнүүчү сый акыны төлөө тартиби" жөнүндөгү Жобосунун талаптары сакталсын жана ашыкча сый акыларды төлөөгө жол берилбесин, тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**4. Аныкталды/корутунду:** "КУЭТ ААКсынын структуралык бөлүмдөрүндө жумуштун натыйжалуулугун баалоо менен ай сайын дем берүүчү төлөмдөр жөнүндөгү" Жобосунун №3 тиркемесинде кызматкерлердин иш жыйынтыктарын баалоо менен ар ай сайын дем берүүчү төлөмдөрдөрдүн өлчөмү 40 пайызга чейин төлөө шарттары каралган, анын ичинде электр энергияны жоготуунун нормаларын сактоо үчүн 5 пайыз өлчөмү көрсөтүлгөн. Ал эми, Жалал-Абад электр тармактар ишканасы 2023-жылдын ноябрь айында Сузак РЭСинде 16,45% каралган болсо, иш жүзүндө 16,51% түзүп, айырмасы 0,06% көп, декабрь айында Жалал-Абад РЭСинде 14,51% каралган болсо, иш жүзүндө 14,71% түзүп, айырмасы 0,2% көп, электр энергиянын жоготуулары аткарылып, кызматкерлердин эмгек акыларына жогорудагы көрсөтүлгөн айларга дем берүүчү төлөмү кызматкерлердин иш жыйынтыктарынын негизинде 35 пайыз эсептелинбестен, толук 40 пайыз өлчөмүндө дем берүүчү төлөм төлөнүп берилген. "КУЭТ ААКсынын структуралык бөлүмдөрүндө жумуштун натыйжалуулугун баалоо менен, ай сайын дем берүүчү төлөмдөр жөнүндө" Жобосунун №3 тиркемесине шайкеш келбестен төлөнгөнү 803,6 миң сом түзөт.

**4.1. Сунуштама:** "КУЭТ ААКсынын структуралык бөлүмдөрүндө жумуштун натыйжалуулугун баалоо менен ай сайын дем берүүчү төлөмдөр жөнүндө" Жобосунун талаптары сакталсын жана сый акылар боюнча ашыкча төлөмдөрдү жүргүзбөө көзөмөлгө алынсын, тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**5. Аныкталды/корутунду***:* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же иш орду аттестациядан тешелүү деңгээлде өткөрүлбөстөн, жыл ичинде жалпы 1841,6 миң сомго зыяндуулук үчүн кошумча эмгек акылар төлөнүшүнө жол берилген, анын социалдык төлөмү (17,25%) 317,7 миң сомду, жалпы 2159,3 мин сомду түзөт.

**5.1. Сунуштама:** Зыяндуулук үчүн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптарынын негизинде жүргүзүлсүн.

**6. Аныкталды:** Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын 2023-жылдын 31-декабрына карата электр энергясына болгон дебитордук карыздын жалпы суммасы 131 872,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен 78242,2 мин сому баланс боюнча резервде үмүтсүз карыз катары коюлган.

Үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен электр энергиясынын негизги төлөмү болгон 38 544,2 миң сому карызды өндүрүүнүн үч жылдык мөөнөтүнөн ашып кеткен карыздар, ал эми анын тууму *(пеня)* 21 899,4 миң сомду, жалпы 60 443,6 миң сомду түзөт. Анын ичинен турак-жай абонеттери боюнча 29 доо арыз 2710,9 миң сомго сотко өндүрүү үчүн берилген, андан сырткары «Электросила» ЖЧКдан 16 777,7 миң сом өндүрүү жөнүндө 1 доо арыз боюнча Бишкек шаарындагы райондор аралык сотунун 2023-жылдын 8-октябрындагы чечими менен доо арыз канааттандырылуусуз калтырылган.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 320-беренеси боюнча айып, же туум келишимге жараша толук өндүрүлүүгө жатат.

Баланста резервде турган үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен 40955,0 миң сом Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөтү өтүп кеткен учурда доо арыздар менен кайрылып, бирок сот органдары тарабынан мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу соттук кароодон кайтарылган жана үч жыл ичинде, же убагында сотко кайрылбаган карыздар болуп эсептелет.

“Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесине ылайык электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (жеке жактардын) электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Электр энергиясы үчүн карыздын суммасын өндүрүп алуу үч айдан ашкан учурда, сот тартибинде иш чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасы тарабынан “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөттө электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын өндүрүү боюнча сот органдарына убагында, же 3 жыл ичинде сотко доо арыз менен кайрылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнүн себебинен 40 955,0 миң сомду өндүрүүгө эч кандай мүмкүнчүлүк жок. Бүгүнкү күндө өндүрүүгө мүмкүн болбогон дебитордук карыздар “Үмүтсүз карыздар” 1491 эсебине алынып барылып “КУЭТ” ААКсынын кирешесинин жоготуусуна жол берилген.

**Корутунду*:*** Жалал-Абад электр тармактар ишканасы тарабынан “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөттө электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын өндүрүү боюнча сот органдарына убагында, же 3 жыл ичинде сотко доо арыз менен кайрылуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнөн доо арыз берүү мөөнөтүнүн өтүп кеткендигине байланыштуу 40 955,0 миң сомду өндүрүүгө мүмкүнчүлүк жок. Бүгүнкү күндө өндүрүүгө мүмкүн болбогон

дебитордук карыздар “Үмүтсүз карыздар” 1491 эсебине алынып барылып “КУЭТ” ААКсынын кирешесинин жоготуусун түзгөн.

**6.1. Сунуштама:** “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин жана Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын ички жоболорунун негизинде мөөнөтү үч айдан ашкан дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча сот органдарына доо арыз менен кайрылуу мөөнөтүнөн кечиктирбей кайрылуу боюнча тийиштүү иш-чаралары жүргүзүлсүн.

**7. Аныкталды:**

Жалал-Абад электр тармактары ишканасында 2024-жылдын 08-октябрындагы №948 буйруктун негизинде негизги каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо жүргүзүлдү. Инвентаризациянын жыйынтыгында Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын бөлүмдөрүнүн кампаларынан жалпы 1564,3 миң сомго ТМБдан айырмачылыктар аныкталды, анын ичинен:

- Базар-Коргон РЭСинин борбордук кампасынан - 1496,6 миң сомдук электр жана курулуш материалдардын жетишпестиги аныкталды, анын ичинен: 1493,6 миң сомдук электр жана курулуш материалдары Базар-Коргон РЭСинин короосуна машыгуу полигонун курулушуна иштетилгендигин билдирет, бирок аткарылган иштердин актысы түзүлүп борбордук кампанын эсебинен чыгышталган эмес. Полигондун курулушу 2023-жылга карата аткарыла турган иштердин бизнес планына кирген эмес, ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин аткарылган иштерге акт процентовка түзүлүп кабыл алынбаган. *Аудит убагында* 3,0 миң сомдук ТМБлар жооптуу кызматкердин эмгек акысынан кармалып *ордуна коюлду*;

- Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын жогорку чыңалуудагы тармактар кызматынын кампасынан - 1,8 миң сомдук электр жана кеңсе материалдын жетишпестиги аныкталып, *аудит убагында* жооптуу кызматкердин эмгек акысынан кармалып *ордуна коюлду;*

- Кара-Көл РЭСтин кампасынан - 2,3 миң сомдук кеңсе материалдын жетишпестиги аныкталып, *аудит убагында* жооптуу кызматкердин эмгек акысынан кармалып *ордуна коюлду;*

- Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын Сузак РЭСинин борбордук кампасынан - 13,2 миң сомдук электр материалдары. *Аудит убагында* жооптуу кызматкердин эмгек акысынан кармалып *ордуна коюлду;*

- Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын АЧБ башчысында ТМБдан 50,4 миң сомго айырма чыгып, анын билдирүүсү боюнча Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын алдына кароолкана курулган, бирок 2023-жылга карата бизнес-планга кирбегендигине байланыштуу аткарылган ишке акт процентовка түзүлүп бухгалтерияга тапшырыла элек.

**Корутунду:** Инвентаризациянын жыйынтыгында Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын бөлүмдөрүнүн кампаларынан жалпысы 1564,3 миң сомго материалдардын жетишпестиктери аныкталды.

**7.1. Сунуштама***:* Ишканасынын кампаларындагы электр, курулуш жана башка чарбалык материалдардык сакталышына көзөмөл жүргүзүлсүн жана жетишпестиктердин келип чыгышына жол берилбесин. 2024-жылдын бизнес-планына кошумча киргизилип, негизги каражаттардын эсебине алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн. Материалдардын жетишпестигине жол берген жана материалдарга убагында тийиштүү отчет жүргүзбөгөн кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. 1544,0 миң сомдук курулуш иштерине негизсиз чыгышталган ТМБларды, бизнес планга киргизүү менен чыгыштоо, же ордуна коюу боюнча иш-чаралар аткарылсын.

**8. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылдын 1-январына Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын Социалдык фондго болгон Кредитордук карызы 89694,5 миң сом, анын ичинен негизги карыз 57 763,8 миң сом, туум 31 930,7 миң сом, жыл ичинде эсептелгени 260093,9 миң сом, төлөнгөнү 263 900,2 миң сом, эсептелген туум 9 174,7 миң сом, эсептен чыгарылганы 1633,9 миң сом, жыл аягына болгон Кредитордук карыз 85 888,2 миң сом, анын ичинен негизги карыз 46 416,7 миң сом, туум 39 471,5 миң сомду түзгөн. Социалдык фондго төлөмдөр "КУЭТ" ААКсы аркылуу борборлоштурулган эсеп менен жүргүзүлөт. "КУЭТ" ААКсы тарабынан социалдык фондго мурунку жылдарга кредитордук карыз эсебинен 2023-жылы жалпы 7 540,8 мин сом айып (пеня) салынып "КУЭТ" ААКсынын филиалы Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын кирешесинин жоготуусуна алып келген.

**8.1. Сунуштама:** "КУЭТ" ААКсынын филиалы Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын кирешесинин жоготуусун алдын алуу максатында, Социалдык фондго болгон кредитордук карызын жоюу боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**9. Аныкталды/корутунду:** Жалал-Абад электр тармактары ишканасы тарабынан жүргүзүлгөн товарларды, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды жүргүзүүдө төмөндөгүлөр аныкталды.

Келишимдеги эрежелердин аткарылышы боюнча 2023-жылга карата тандап алуу жолу менен аудит жургүзүүдө "КУЭТ" ААКнын Генералдык дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген Жобосунун жана инструкциясынын негизинде товар, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, келишимде көрсөтүлгөн мөөнөтүндө аткарылбай калуусунун натыйжасында айыптык төлөмдөр жалпысы 382,7 миң сомго эсептелинди. Аудит убагында эсептелген айыптык төлөмдөр Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын кирешесине алынууга жатат.

**9.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин негизинде иштелип чыгып "КУЭТ" ААКнын Генералдык дирекциясынын 2023-жылдын 28-августундагы №8-6 токтому менен бекитилген жобосунун жана колдонмосунун талаптарын так сактоо жана түзүлгөн келишимдерди мөөнөтүндө аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын. 382,7 миң сомдук айыптык

төлөмдөр Жалал-Абад электр тармактары ишканасынын кирешесине өндүрүү каралсын.

**Талас электр тармактар ишканасы боюнча**

**1. Аныкталды:**

2023-жылга Талас ЭТИси тарабынан электр энергиясын керектөө план боюнча 446755,7 миң кВт/с каралса, иш жүзүндө керектелген *(поступления в сеть)* электр энергия 449496,7 миң кВт/с түзгөн. 2023-жылга карата (35 кВт/с линиясы боюнча) план боюнча каралган электр энергиясынын жоготуусу 13,5% каралган. Жалпы келип түшкөн электр энергиясына салыштырмалуу, электр энергиясынын жоготуусу 60684,2 кВт/с, же 13,5% түзгөн. 2023-жылга карата анык сатылган (полезный отпуск) электр энергиясы 386632,4 кВт/с, же 605633,2 сомду түзгөн, орточо сатылган баасы 1 сом 57 тыйындан туура келген.

2023-жылга карата Талас ЭТИнин пайда жана зыян тууралуу отчету боюнча чыгымдардын өздүк наркы (себестоимость) 715990,4 миң сомго көрсөтүлгөн. Бирок, аудит убагында белгилүү болгондой Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускамасынын" талаптары сакталбаган, башкача айтканда, аталган нускаманын талаптары боюнча:

Товарлардын ар кандай себептерден улам жоготууга учуроосу төмөнкүдөй чагылдырылат:

- үзгүлтүксүз эсепке алуу системасында жоголгон товарлардын өздүк наркы 1610 «Товарлар» эсебинин кредитинен 7200 «Сатып өткөрүлгөн товарлардын өздүк наркы» эсебинин дебетине алып салынат;

- товарлардын ар кандай жоготууларынын өздүк наркы товарлардын сатып өткөрүлүшү сыяктуу эле эсептелет жана эсептен алып салынат, - деп көрсөтүлгөн, бирок Талас ЭТИ тарабынан чыгымдардын өздүк наркына сатылып алынган 1610 (Товарлар) баасы менен коюлган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" Жобонун 4-бөлүмүнүн 14-пунктунун 13-пунктчасынын талаптары сакталбастан 21 722,4 миң сомго (60684,2*1,57-60684,2*0,6135=60289,7-38567,2=21722,4)электр энергиясынын жоготуусунун чыгымдары Талас ЭТИнин 2023-жылга карата пайда жана зыян тууралуу отчету боюнча товарларды тейлөөнүн өздүк наркына кошулуп эсептелинбеген.

Талас ЭТИнин 2023-жылга карата пайда жана зыян тууралуу отчету боюнча товарларды тейлөөнүн өздүк наркынын аз көрсөтүлүшү, пайда салыгынан жана дивиденд төлөмдөрүнөн айырмачылыктардын чыгышына

жол берилгендигин көрсөтөт. Пайда салыгы жана дивиденд төлөмдөрүнүн эсептелиши “КУЭТ” ААКсы тарабынан жүргүзүлөт.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” Жобонун 4- бөлүмүнүн 14-пунктунун 13-пунктчасынын талаптары сакталбастан, 21 722,4 миң сомго электр энергиясынын жоготуусунун чыгымдары Талас ЭТИнин 2023-жылга карата пайда жана зыян тууралуу отчету боюнча чыгашаларына кошулуп эсептелинбеген.

**1.1. Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча” Нускамасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарын сактоо менен, чыгымдардын өздүк наркын туура эсептөө көзөмөлгө алынсын.

**2. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же иш ордуна ар жыл сайын аттестация өткөрүбөстөн, зыяндуулук үчүн эмгек акы төлөмдөрү такталып буйрук менен бекитилбестен зыяндуулук үчүн жыл ичинде жалпысы 395,8 миң сомго зыяндуулук үчүн кошумча эмгек акылар төлөнүшүнө жол берилген, анын социалдык төлөмү (17,25%) 68,3 миң сомду, жалпы 464,1 миң сомду түзөт.

**2.1. Сунуштама:** Зыяндуулук үчүн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарын сактоо менен, иш ордуна убагында аттестация жүргүзүүнүн негизинде төлөм жүргүзүлсүн.

**3. Аныкталды:** Талас электр тармактар ишканасынын 2023-жылдын 31-декабрына карата электр энергиясына болгон дебитордук карыздын жалпы суммасы 88 791,3 миң сомду түзгөн. Ал эми 14 927,7 миң сому баланс боюнча резервде үмүтсүз карыз катары коюлган. Үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен 13282,1 миң сому карызды өндүрүүнүн үч жылдык мөөнөтүнөн ашып кеткен карыздарды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 320-беренеси боюнча айып, же туум келишимге жараша толук өндүрүлүүгө жатат.

Балансҭа резервде турган үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен 13282,1 миң сом Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөтү өтүп кеткен учурда доо арыздар менен кайрылып, бирок сот органдары тарабынан мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу соттук кароодон кайтарылган жана үч жыл ичинде, же убагында сотко кайрылбаган карыздар болуп эсептелет.

“Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесине ылайык электр менен жабдуучу уюм керектөөчүлөрдүн (жеке жактардын) электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын үч айдан ашык узартууга жол берүүгө укуксуз. Электр энергиясы үчүн карыздын суммасын өндүрүп алуу үч айдан ашкан учурда, сот тартибинде иш чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.

Талас электр тармактар ишканасы тарабынан “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөттө электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын өндүрүү боюнча сот органдарына убагында, же 3 жыл ичинде сотко доо арыз менен кайрылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнүн себебинен 13282,1 миң сомду өндүрүүгө мүмкүнчүлүк жок. Бүгүнкү күндө өндүрүүгө мүмкүн болбогон дебитордук карыздар “Үмүтсүз карыздар” 1491 эсебине алынып барылып “КУЭТ” ААКсынын кирешесинин жоготуусуна жол берилген.

**Корутунду:** Талас электр тармактар ишканасы тарабынан “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $15^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөттө электр энергиясы үчүн акы төлөөгө карыздарын өндүрүү боюнча сот органдарына убагында, же 3 жыл ичинде сотко доо арыз менен кайрылуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнөн доо арыз берүү мөөнөтүнүн өтүп кеткендигине байланыштуу 13 282,1 мин сомду өндүрүүгө мүмкүнчүлүк жок. Өндүрүүгө мүмкүн болбогон дебитордук карыздар “Үмүтсүз карыздар” 1491 эсебине алынып барылып “КУЭТ” ААКсынын кирешесинин жоготуусун түзгөн.

**3.1. Сунуштама***:* Кыргыз Республикасынын “Электр энергетикасы жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин жана ички жоболорунун негизинде мөөнөтү үч айдан ашкан дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча сот органдарына доо арыз менен кайрылуу мөөнөтүнөн кечиктирбей кайрылуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Электр тармактар ишканаларында**
**курулуш иштеринин аткарылышы боюнча**

**1. Жалал-Абад электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- Жалал-Абад электр тармактар ишканасында 2023-жылы 0,4 кВ-27,9 км. жана 10 кВ-18,2 км. аба чубалгылары, 0,4 кВ кабелдерди жаткыруу жана 54 даана кошумча КТП-6-10/0,4 кВ трансформаторлорун орнотуу капиталдык курулуш иштерине долбоордук-сметалык документтер даярдалбастан аткарылган.
- "Токтогул" райондук электр тармактарынын "Торкент" электр тармактар участогу үчүн 4-типтеги кызматтык имарат куруу объектисинде, "НУР-Ислам строй групп" ЖЧКсы тарабынан 116,8 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*
- "Көк-Арт" райондук электр тармактарынын "Жерге-Тал" электр тармактар участогу үчүн 4-типтеги кызматтык имарат куруу объектисинде, иштердин көлөмү "НУР-Ислам строй групп" ЖЧКсы тарабынан 115,4 миң сомго жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*
- Жалал-Абад энергия сатуу ишканасынын жаңы административдик имаратын реконструкциялоо объектисинде, иштердин көлөмү жана баалары "Кен-Тимур" ЖЧКсы тарабынан 52,9 миң сомго жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

**2. Баткен электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- Баткен электр тармактар ишканасында 2023-жылы жалпы суммасы 35493,3 миң сомдук 0,4 кВ-20,8 км. жана 10 кВ-19,4 км. аба чубалгылары куруу, 31 даана кошумча КТП-6-10/0,4 кВ трансформаторлорун орнотуу капиталдык курулуш иштерине долбоордук-сметалык документтер даярдалбастан аткарылган.
- "Сүлүктү" райондук электр тармактарына административдик имарат куруу объектисинде, "ЮГ-строй сервис" ААК тарабынан 1063,5 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*
- Кадамжай РЭТтин имаратына жылытуу системасын куруу объектисинде, "Кылым-Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 172,3 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*
- "Баткен" райондук электр тармактарына административдик имарат куруу объектисинде, "КСУ" ЖЧКсы тарабынан 1987,3 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

**3. Ош электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- Ош электр тармактар ишканасынын капиталдык курулуш бөлүмү тарабынан 2023-жылы жалпы суммасы - 59307,7 миң сомдук 18,91 км узундуктагы 10кВ аба чубалгыларын куруу, 50,8 км узундуктагы 0,4кВ аба чубалгыларын куруу жана 82 даана кошумча трансформаторлорун орнотуу объектилеринде жергиликтүү бийликтин токтомдору, архитектуралык шаар куруу корутундусу, чиймеси, техникалык шарттамасы даярдалып, бирок долбоор-сметасы түзүлбөстөн аткарылган.

- Сулайман-Тоо (Батыш) РЭТтин 2 кабаттуу административдик имаратын кошумча тиркемелери менен куруу объектиси боюнча "Авангард Сити" ЖЧКсы тарабынан 160,1 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

- Сулайман-Тоо (Батыш) РЭТтин 2 кабаттуу административдик имаратын кошумча тиркемелери менен куруу объектиси боюнча "Авангард Сити" ЖЧКсы тарабынан 163,0 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

- 35/10кВ Катта-Сай көмөк чордондо кызматтык имарат куруу объектиси боюнча "Кубай" ЖЧКсы тарабынан 75,8 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

- 35/10/6кВ Отуз-Адыр көмөк чордондо кызматтык имарат куруу объектиси боюнча "Кубай" ЖЧКсы тарабынан 66,7 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

- 110кв "Узловая-Ош-6" аба чубалгысынын мамыларындагы АС-150 чубалгысын АС-185/29 чубалгыга алмаштыруу объектиси боюнча "Мехколонна КЭСС" ЖЧКсы тарабынан 31,5 миң сомго иштин баасы жогорулатылган жана *аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

- Ош РЭТине атайын унаалар үчүн бастырма куруу объектиси боюнча контролдук өлчөөнүн натыйжасында жеринде оцинковкаланган темир тыныкенин көлөмү, жою актысында көрсөтүлгөн көлөмдөн 120 метрге аз койулганы аныкталып, *аудит мезгилинде* оңдоо-курулуш участогу тарабынан 120 метр квадрат темир тыныке *ордуна коюулду.*

- ВЛ-110кв "Суфи-Курган-Сары-Таш" аба чубалгысында учурдагы оңдоо объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча ПС-70Е изоляторлор жою актысында 15-даанага жогорулатылгандыгы аныкталды.

- ВЛ-110 кВ «Каратай-Гульча» аба чубалгысында учурдагы оңдоо объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча ПС-70Е изоляторлор жою актысында 14-даанага жогорулатылгандыгы аныкталды.

- Чоң Алай РЭТтин административдик имаратын капиталдык оңдоо объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча материалдарды жоюу 36,0 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталды.

- Кызыл-Эшме айылына КТП-165 кошумча трансформатор орнотуу обьектисинде жеринде аткарылган жумуштарды контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча, материалдарды жою актысында көрсөтүлгөн АВВГ - 25 метр кабели, жеринде 10 метрге аз тартылгандыгы аныкталып, *аудит мезгилинде* Чоң-Алай РЭТтин кызматкелери тарабынан суммасы 4,4 миң сомдук 10 метр кабель тартылып, *ордуна койулду.*

- Кашка-Суу айылына Вл-0,4 кВ аба чубалгысын куруу обьектисинде жеринде аткарылган жумуштарды контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча, материалдарды эсептен чыгаруу актысында 1 даана СВ 95-2 тибиндеги мамыча, 1 даана стык-подкос жогорулатылгандыгы аныкталып, *аудит мезгилинде* Чоң-Алай РЭТтин кызматкелери тарабынан суммасы 9,2 миң сомдук 2 даана СВ 95-2 тибиндеги мамыча *ордуна орнотулду.*

- Алай РЭТтин административдик имаратын капиталдык оңдоо объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча материалдарды жоюу 3,3 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталды.

**4. Чүй электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- "Сокулук РЭТтин Жаңы-Жер участогунун аймагында жылуу жай жана кампа куруу" объектисинде, иштердин көлөмүн аткаруу актыларында жогорулаткандыгы үчүн "STRIM GROUP" ЖЧКсынан суммасы 58,8 миң сом өндүүгө жатат.

- 500кВ "Фрунзенская" көмөк чордондо 500кВ 1даана реактор Р-500 алмаштыруу объектисинде, капиталдык оңдоо иштердин актыларында контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 16,2 миң сом суммасындагы материалдардын орнотулбаган көлөмү жооптуу кызматкерлер тарабынан киріштелсин.

- 500кВ "Фрунзенская" көмөк чордондо жалпы станциялык башкаруу пунктунун (ОПУ) имаратынын сыртын учурдагы оңдоо объектисинде, контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 36,1 миң сом суммасындагы материалдардын жетишпеген жана орнотулбаган көлөмдөрү, мындан сырткары суммасы 694,7 миң сомдук эмгек акы негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды.

- Кемин РЭТке душ жана ажаткана куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 13,9 миң сом суммасындагы материалдардын жетишпеген жана орнотулбаган көлөмдөрү аныкталды.

**5. Бишкек электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- “Ак-Ордо” ПС110/10 кВ подстанциясынын Т-2 16 МВА трансформаторун орнотуу менен 2-кезектеги курулушу” объектисинде Бишкек ЭТИ тарабынан курулуш иштеринин баасы 54,7 миң сомго жогорулатылган.

- “Чыгыш” ПС110/35/10 кВ подстанциясынын Т-3 40 МВА трансформаторун орнотуу менен 3-кезектеги курулушу” объектилери боюнча Бишкек ЭТИ тарабынан 21,9 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

**6. Нарын электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- “Мантыш участогу үчүн 4 типтеги кызматтык имарат куруу объектиси” (подрядчы "САПАТ-ШЭД" ЖЧКсы) боюнча 243,2 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

- “Он-Арча участогу үчүн 4 типтеги кызматтык имарат куруу объектисин” аткарган подрядчы "САПАТ-ШЭД" ЖЧК тарабынан 243,2 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

- Нарын шаарындагы темир-бетон таянычтарын чыгаруучу цехти курулушу подрядчы "Алимдар" ЖЧКсы тарабынан 451,6 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

**7. Талас электр тармактар ишканасы.**

**Аныкталды/корутунду:**

- Талас электр тармактар ишканасында 2023-жылы жалпы суммасы 6838,8 миң сомдук 4,7 км узундуктагы 10кВ аба чубалгыларын куруу, 2,2 км узундуктагы 0,4кВ аба чубалгыларын куруу жана 8 даана кошумча трансформаторлорун орнотуу капиталдык курулуш иштерине долбоордук-сметалык документтер даярдалбастан аткарылган.

- Бакай-Ата РЭТинин өткөөлүн куруу объектиси боюнча жеринде орнотулбаган материалдар үчүн суммасы 43,8 миң сомдук материалдар курулуш-монтаждоо участогунун жетекчисинин жоопкерчилигине кириштелди.

- Буюртмачы тарабынан Бакай-Ата РЭТин имаратын 2-чи кабатын капиталдык оңдоо объектиси боюнча оңдоо-курулуш участогунун материалдар боюнча жооптуу кызматкеринин жоопкерчилигине 12,8 миң сом суммасындагы материалдар кириштелди.

- Буюртмачы тарабынан Талас РЭТин имаратын 2-чи кабатын капиталдык оңдоо объектиси боюнча материалдардын көлөмү негизсиз жогорулатылгандыгы үчүн оңдоо-курулуш участогунун материалдар боюнча жоопту кызматкеринин жоопкерчилигине 56,8 миң сом суммасындагы материалдар кириштелди.

- Буюртмачы тарабынан Талас РЭТин участогунун башчысынын кабинетин оңдоо объектиси боюнча материалдардын көлөмү негизсиз жогорулатылгандыгы үчүн оңдоо-курулуш участогунун материалдар боюнча жоопту кызматкеринин жоопкерчилигине 20,8 миң сом суммасындагы материалдар кириштелди.

- Буюртмачы тарабынан Боо-Терек участогунун имаратынын жылытуу системасын учурдагы оңдоо объектиси боюнча материалдардын орнотулбаган көлөмү үчүн оңдоо-курулуш участогунун материалдар боюнча жоопту кызматкеринин жоопкерчилигине 12,8 миң сом суммасындагы материалдар кириштелди.

**Сунуштама:** *"КУЭТ" ачык акционердик коомуна:*

**-** Капиталдык курулуш иштерине долбоордук-сметалык документтери "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 45 жана 37-беренелерин жетекчилике алуу менен аткарылсын. Долбоордук-сметалык документтерди түзүүдөгү катачылыктардын кайталанбоосу Жалал-Абад, Ош, Баткен, Талас электр тармактар ишканаларынын жетекчилиги тарабынан көзөмөлгө алынсын. Долбоордук-сметалык документтерди түзүүдөгү катачылыктарга жана курулуш иштеринин көлөмүнүн, ошондой эле бааларынын жогорулатылышына жол берген адистерге тийиштүү чаралар көрүлсүн.

- "Сокулук РЭТтин Жаңы-Жер участогунун аймагында жылуу жай жана кампа куруу" объектисинде, иштердин көлөмүн аткаруу актыларында жогорулаткандыгы үчүн "STRIM GROUP" ЖЧКсынан суммасы 58,8 миң сом өндүрүлсүн.

- 500кВ "Фрунзенская" көмөк чордондо 500кВ 1даана реактор Р-500

алмаштыруу объектисинде, капиталдык оңдоо иштердин актыларында контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 16,2 миң сом суммасындагы материалдардын орнотулбаган көлөмү жооптуу кызматкерден өндүрүлсүн.

- 500кВ "Фрунзенская" көмөк чордондо жалпы станциялык башкаруу пунктунун (ОПУ) имаратынын сыртын учурдагы оңдоо объектисинде, контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 36,1 миң сом суммасындагы материалдардын жетишпеген жана орнотулбаган көлөмдөрү, андан сырткары суммасы 694,7 миң сомдук эмгек акы негизсиз жогорулатылгандыгы ордуна коюлсун.

- Кемин РЭТке душ жана ажаткана куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 13,9 миң сом, “Ак-Ордо” ПС110/10 кВ подстанциясынын Т-2 16 МВА трансформаторун орнотуу менен 2-кезектеги курулушу” объектисинде Бишкек ЭТИ тарабынан курулуш иштеринин жогорулатылган баасы 54,7 миң сом ордуна коюлсун.

- “Чыгыш” ПС110/35/10 кВ подстанциясынын Т-3 40 МВА трансформаторун орнотуу менен 3-кезектеги курулушу” объектилери боюнча Бишкек ЭТИ тарабынан 21,9 миң сомго жогорулатылган иштин көлөмү ордуна коюлсун.

- “Мантыш участогу үчүн 4 типтеги кызматтык имарат куруу объектисинен” жогорулатылган иштин көлөмү боюнча подрядчы "САПАТ-ШЭД" ЖЧКсынан 243,2 миң сом өндүрүлсүн.

- “Он-Арча участогу үчүн 4 типтеги кызматтык имарат куруу объектисинен” жогорулатылган иштин көлөмү боюнча подрядчы "САПАТ-ШЭД" ЖЧКсынан 243,2 миң сомго өндүрүлсүн.

- Нарын шаарындагы темир-бетон таянычтарын чыгаруучу цехти курулушунан жогорулатылган иштин көлөмү боюнча подрядчы "Алимдар" ЖЧКсынан 451,6 миң сому өндүрүлсүн.

- ВЛ-110 кВ «Каратай-Гульча» аба чубалгысында учурдагы оңдоо объектиси боюнча жою актысында 14-даанага жогорулатылган ПС-70Е изолятору калыбына келтирилсин.

- Чоң Алай РЭТтин административдик имаратын капиталдык оңдоо объектиси боюнча жою актысында жогорулатылган суммасы 36,0 миң сомдук материалдар калыбына келтирилсин.

- Алай РЭТтин административдик имаратын капиталдык оңдоо объектиси боюнча жою актысында жогорулатылган суммасы 3,3 миң сомдук материалдар калыбына келтирилсин.

- ВЛ-110кв "Суфи-Курган-Сары-Таш" аба чубалгысында учурдагы оңдоо объектисинде жою актысында жогорулатылган 15-даана ПС-70Е изолятору калыбына келтирилсин.

**“Электр станциялары” ачык акционердик коомунун аппараты жана борбордук өндүрүштүк бөлүмдөрү боюнча**

**“Электр станциялары” ААКсынын Стратегиялык өнүгүү пландарынын аткарылышы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду.**

“Электр станциялары” ачык акционердик коомунун (мындан ары - “Электр станциялары” ААКсы же Коом) Уставынын 15.3.1-пунктун бузуу менен (Коомдун Өнүгүү стратегиясын аныктоо, түзүү, бекитүү жана аткарылуусун көзөмөлдөө Директорлордун кеңешинин өзгөчө компетенциясына кирет), “Электр станциялары” ААКсынын Өнүгүү стратегиясы” Коомдун Директорлордун кеңешинин тарабынан бекитилбестен, 2017-жылдын 30-октябрында Коомдун башкы директору тарабынан “2017-2025-жылдарга “Электр станциялары” ААКсынын Өнүгүү стратегиясы” бекитилген. Ошондой эле, анда коюлган иш-чаралардын дээрлик бардыгы мөөнөтүнөн кеч аткарылган, бир тобу аудит өткөрүлүп жаткан учурга чейин аткарыла элек.

Алсак, Токтогул ГЭСнын төрт агрегатынын ишке берилиши төрт жылга, CASA-1000 долбоорунун ишке берилиши беш жылга кечиктирилиши, 2022-жылда ишке берилүүгө болжолдонгон Камбар-Ата -2 ГЭСнын экинчи агрегаты азыркы учурга чейин орнотула элек.

Мөөнөтү кечиктирилген иш-чаралар боюнча Коомдун Өнүгүү стратегиясына тийиштүү өзгөртүүлөр кабыл алынбаган.

Стратегиялык иш-чараларды аткарылуусун Коомдун Генералдык дирекциясы камсыз кыла алган эмес жана Директорлордун кеңеши тарабынан көзөмөлдөө жүргүзүлгөн эмес.

**1.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсынын Уставынын 15.3.1-пунктунун негизинде Коомдун Өнүгүү стратегиясы Директорлор кеңеши тарабынан бекитилсин. Анда Коомдун стратегиялык өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталып, тийиштүү көрсөткүчтөр, аткарыла турган иш-чаралар, мөөнөттөрү, жооптуу аткаруучу бөлүмдөр же филиалдар так көрсөтүү жана анын аткарылышы боюнча жыйынтыктарды чыгаруу камсыздалсын.

**Нарын ГЭСтеринин каскады боюнча 2023-жылдагы суу балансы**

**2. Аныкталды/корутунду*:*** Төмөнкү Нарын ГЭСтеринин жана Ат-башы ГЭСнин суу сактагычтарына суунун агып келиши жаратылыш кубулуштарына байланыштуу, ал эми ГЭСтердеги суунун агып чыгышы кыргыз энергосистемасындагы иштөө режимине жараша болот. Суу сактагычтагы суунун турбина аркылуу эмес курулай агызуу – электр энергиясын өндүрүп алууга болгон мүмкүнчүктөрдүн толук пайдаланылбай жаткандыгын билдирет.

*млн.м$^3$*

| ГЭСтердин аталышы | Суунун агып келиши | | Турбина аркылуу чыккан суу | | Технологиялык курулай агызуу | | Жалпы агып чыккан суу | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-ж | 2023-ж | 2022-ж | 2023-ж | 2022-ж | 2023-ж | 2022-ж | 2023-ж |
| **Камбар-Ата-2** | 10422,32 | 9242,11 | 4701,30 | 4838,31 | 5720,54 | 4404,17 | 10421,84 | 9242,48 |
| **Токтогул** | 13282,40 | 12198,63 | 12278,62 | 12793,32 | - | - | 12317,88 | 12844,83 |
| **Күрпсай** | 13010,10 | 13323,77 | 12914,60 | 13198,24 | - | - | 13014,87 | 13314,24 |
| **Таш-Көмүр** | 13994,87 | 14029,27 | 13898,41 | 13650,00 | - | - | 13899,36 | 13650,95 |
| **Шамалды-Сай** | 13899,36 | 13650,95 | 13949,13 | 14003,19 | 27,50 | 47,00 | 13978,20 | 14051,76 |
| **Үч-Коргон** | 13978,20 | 14051,76 | 12960,32 | 12700,97 | 193,78 | 368,48 | 13154,86 | 13070,22 |
| **Ат-башы** | 1177,65 | 1088,31 | 934,53 | 1067,75 | 125,80 | 19,23 | 1060,33 | 1086,98 |
| **Жалпысы** | | | | | **6067,62** | **4838,88** | | |

Таблицада көрсөтүлгөндөй Токтогул, Күрпсай жана Таш-Көмүр ГЭСтеринин гидроагрегаттарынын суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү мүмкүндүк бергендигинен курулай агызуу болбогон.

Ал эми 2023-жылы Камбар-Ата-2, Шамалды-Сай, Үч-Коргон жана Ат-Башы ГЭСтериндеги курулай агызуунун (технологиялык агызуунун) себептери төмөндөгүдөй болгон:

- Камбар-Ата-2 ГЭСинин экинчи гидроагрегатынын ишке киргизилбегендигине байланыштуу. Экинчи агрегатты ишке киргизүү боюнча 110,0 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү инвестициялык Келишими Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2017-жылдын 28-февралында жактырылган, бирок ар кандай себептер менен бүгүнкү күнгө чейин толук ишке ашпаган;
- Шамалды-Сай ГЭСинин №2-чи трансформатордо 15 күн оңдоо иштери жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу үч гидроагрегаттын ордуна бирөө эле иштеген;
- Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоого байланыштуу гидроагрегаттарды кезек менен иштетүүгө байланыштуу;
- Ат-Башы ГЭСинин бардык гидроагрегаттарынын суу өткөрүү жөндөмдүүлүгүнө салыштырмалуу ага агып келген суунун көп келгендигине байланыштуу.

Белгилей кетчү нерсе, Үч-Коргон ГЭСинин 4 гидроагрегатын модернизациялоо боюнча инвестиция булагы табылып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бул маселе боюнча чечими 2017-жылы эле кабыл алынганына карабастан, биринчи гидроагрегатынын модернизациялоо иштери 2024-жылы гана бүткөрүлгөн.

Ошондой эле, абал Камбар-Ата-2 ГЭСинин экинчи гидроагрегаты боюнча да байкалат. Ал боюнча 110,0 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү инвестициялык Келишими Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2017-жылдын 28- февралында жактырылган.

Коом үчүн маанилүү болгон бул маселелерди чечүүдө “Электр станциялары” ААКсынын аракети талапка ылайык болбогондугун аудит белгилейт.

**2.1. Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине жана “Электр станциялары” ААКсына:*

- иштеп жаткан ГЭСтердеги курулай агызуунун (технологиялык агызуунун) көлөмүн азайтуу жана мүмкүн болгон электр энергияны алууну көбөйтүү максатында, Камбар-Ата-2, Шамалды-Сай жана Үч-Коргон ГЭСтеринин кубаттуулуктарын көбөйтүү боюнча иштерди күчөтсүн.

**Товардык продукция үчүн эсептешүүлөр боюнча**

**3. Аныкталды:** “Электр станциялары” ААКсы тарабынан башка мамлекеттерге экспорттолгон электр энергиясынан болгон дебитордук карыздар 2023-жылдын 1- январына карата жалпысынан 285 824,9 миң сомду түзсө, ал эми 31 - декабрына карата 296 581,1 миң сомду түзгөн.

Жогорудагы карыздар 1997 -2014 жылдары пайда болгон, бирок “Электр станциялары” ААКсы тарабынан ошол учурдан бери бул дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча эч кандай чаралар көрүлбөй келген, анын ичинен эн чоң дебитордук карыздар:

- Казакстан Республикасынан “Жамбыл РЭК” ишканасы 82 199,9 миң сомду;
- Казакстан Республикасынан “Актив-Энерготрейд” ишканасы 18 333,1 миң сомду;
- Казакстан Республикасынан “Кызыл-Орда Энерго” ишканасы 12 534,7 миң сомду түзгөн.

Бүгүнкү күндө, электр энергиясынын тартыштыгынын себебинен, бюджеттик кредиттердин эсебинен сырттан электр энергиялары сатылып алынууда жана бюджеттик кредит үчүн пайыздар төлөнүп, “Электр станциялары” ААКсы зыянга учуроодо, ошого карабастан экспорттолгон электр энергиясы, же дебитордук карыздар өндүрүлбөй келет.

**Корутунду:** “Электр станциялары” ААКсы тарабынан башка мамлекеттерге экспорттолгон электр энергиясынан болгон дебитордук карыздар 2023 -жылдын 31-декабрына жалпысынан 296 581,1 миң сомду түзгөн. Бул дебитордук карыздар акыркы 15-20 жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келет жана ал дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча эч кандай чаралар көрүлгөн эмес.

**3.1. Сунуштама:** “Электр станциялары” ААКсы тарабынан экспорттолгон электр энергиясынын эсебинен, көп жылдардан бери өндүрүлбөй келген 296 581,1 миң сом көлөмүндөгү дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

*КР Министрлер Кабинетине:*

Электр станциялары” ААКсы тарабынан экспорттолгон электр энергиясынын эсебинен, көп жылдардан бери өндүрүлбөй келген

296 581,1 миң сом көлөмүндөгү дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**4. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылы ички энергия рыногуна 17 792 979,1 миң сомдук энергиясы берилген, анын төлөнүшү 18 128 940,0 миң сомду же 101,9% түзгөн (2022-жылы бул көрсөткүч 99% болгон).

2023-жылы берилген электр энергия үчүн “КУЭТ” ААКсы - 9 589 600 миң сом, ири өнөр жай керектөөчүлөр, керектөөчү-кайра сатуучулар жана бөлүштүрүүчү ишканалар - 5 105 288,05 миң сом, “Кумтөр” ЖАКсы – 873 393,3 миң сом төлөгөн.

Берилген товардык продукция боюнча төлөмдөр “БЖТ” – 2 088 723,1 миң сом же 99,9%, 2022 - жылы – 92,7%, Ош шаарынын ЖЭБи боюнча төлөмү – 243 628,4 миң сом же 107,2%, 2022-жылы – 96,9%.

Ички энергия рыногунда дебитордук карыздын суммасы 01.01.2023-жылга карата 1 844 934,1 миң сомду түзсө, 2023-жылдын аягына карата дебитордук карыз 1 525 929,2 миң сомду түзүп жана 17,3% га төмөндөдү, анын ичинде:

1. «КУЭТ» ААКсынын 2023- жылдын 1-январына карата дебитордук карызынын суммасы 384 004,3 миң сомду түзсө ал эми 2023 жыл ичинде КУЭТ» ААКсы жалпы суммасы 436 041,5 миң сом төлөнүп берилген, жыйынтыгында 2023- жылдын 31- декабрына карата 52037,2 миң сомдук кредитордук карыз пайда болгон.

2. Өнөр жайдын ири керектөөчүлөрү (Кумтөрдү эсепке алганда) 2023 жылдын 1 январына карата дебитордук карыздын суммасы – 830 090,2 миң сомду түзсө, ал эми 2023- жылдын 31- декабрына карата дебитордук карыз 963 293,6 миң сомду түзгөн, же болбосо жылдын башына карата дебитордук карыздын өсүшү 133 203,4 миң сомду же 16% пайызды түзгөн (анын ичинде учурдагы керектөөдөн – 124 378,4 миң сомго, жана Кумтөрдөн 8 825,0 миң сомго);

3. Жылуулук энергиясын керектөөчүлөрдун 2023 жылдын 1 январына карата дебитордук карыздын суммасы 593 580,0 миң сомду түзсө, ал эми 2023-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 590 889,1 миң сомду түзгөн, же болбосо жылдын башына карата 2 691,0 миң сомго дебитордук карыз азаюу болгон же 0,5% пайызга.

01.01.2023-жылга карата электр энергиясынын ири керектөөчүлөрү катары (мындан ары “ЭИК”) 90 абонент катталган. Алардын 2023-жылы иш жүзүндө керектөөсү 1 010 363,41 миң кВт/с түзгөн жана орточо коюлган тариф 3,19 сом болду.

Керектөөчү-кайра сатуучулар (мындан ары “ККС”) – 6 абонент болуп, 2023-жылы керектөөсү 94 286,653 миң кВт/с түзгөн, орточо коюлган тарифи 1,72 сом болду.

14 бөлүштүрүүчү ишканалардын (мындан ары “БИ”) керектөөсу 862 689,4 миң кВт/с түзүп, орточо коюлган тарифи 1,459 сом болду.

Алардын жалпы керектөөсү 1 967 339,45 миң кВт/с болуп, орто коюлган тарифи 2,36 сом болду.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча “Электр станциялары» ААКсынын дебитордук карызы жыл башына салыштырмалуу 20527,8 миң сомго (1,0%) азайып же болбосо 2023 - жылдын башында дебитордук карыздын көлөмү 2 357 066,3 миң сомду түзсө жылдын акырында 2 336 538,5 миң сомду түзгөн. Анын ичинен:

Электр энергиясынан болгон дебитордук карыздардын суммасы 2023-жылдын 1-январына 1 238 513,7 миң сомду түзгөн болсо анын ичинде (“КУЭТ ААКсынын кошумча келишимдин негизинде – 83 000 миң сом, Кумтордүн карызы – 74 428,0 миң сом, жыштыкты жөнгө салуудан – 2 339,06 миң сом, өздүк керектөөдөн жана жоготуулардан – 37 259,53 миң сом, ири энергия компаниялардан – 755 662,10 мин сом, экспорттоодон – 285 824,88 миң сом), ушул эле жылдын акырында 1 178 373,04 миң сомду түзгөн же карыз 60 140,66 миң сомго азайган.

Жогорудагы карыздын ичинен негизги ири өндүрүштүк, кайра алып сатуучу жана башка юридикалык жактардын карызы 2023-жылдын башында 755 662,2 миң сомду түзсө, ал эми 2023-жылдын аягындагы дебитордук карызы 880 040,6 сомду түзгөн. “Электр станциялары” ААКсы тарабынан 2023-жылдын 31-декабрына карата өндүрүлүп алына турган каражаттар боюнча шектүү карыздар боюнча Коомдун эсеп саясатынын негизинде жалпы суммасы 302 347,1 миң сомду түзгөн резерв топтолгон. Бул аудит белгилегендей 302 347,1 миң сомдук саналган резерв Коомдун чыгымына алып барылган. ИЭК, ККС, БИ абоненттери боюнча өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдар кепилденген киреше катары ай сайын баланста көрсөтүлөт жана чагылдырылат. КР Жарандык кодексине жана электр энергиясын сатып алуу-сатуу боюнча түзүлгөн келишимге ылайык туумдар эсеп-фактураны алган күндөн тартып 5 банктык күндөн кийин, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын эсептик чени боюнча эсептелет.

Ири өнөр жай керектөөчүлөрү боюнча карызынын өсүшүн болтурбоо үчүн электр энергиясы менен жабдусуунда чектөөлөрдү киргизүү боюнча чаралар көрүлүүдө, бирок жетишсиз болгонун аудит белгилейт.

“Бишкек штамптоо заводу” МИси - авариялык-технологиялык резерви бар, карыздарды өндүрүү максатында аны толугу менен чектөөгө мүмкүн болбогон 1-категориядагы абонент. Төлөө графиги менен макулдашуу түзүлүп, карыз 76 950,0 миң сомду, анын ичинде туум 33 200,0 миң сомду түзөт.

Кара-Балта ЭТВ боюнча-электр энергиясын керектөөчү-кайра сатуучу, бир катар башка ишканалар: КГРК, КРМЗ жана бир катар бюджеттик уюмдар, калк үчүн кайра сатат. Карыз 119 800,0 миң сом, анын ичинде туум 14 900,0 миң сом.

“НарынГЭС” ААКсы - керектөөчү, ГЭСтерди куруу боюнча башкы подрядчы болуп саналат, карыз 33 000,0 миң сом, анын ичинде туум 17 800,0 мин сом. Учурда 12 000,0 миң сом туум төлөндү.

Бардыгы болуп туумдар боюнча өсүш 29 600,0 миң сомду түздү, дебитордук карыздын мөөнөтү 60 күндү түзөт.

“Электр станциялары” ААКсы тарабынан ири өндүрүштүк пайдалануучуларга сатылган электр энергияларынын эсебинен, үч жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келген дебитордук карыздар 773 921,2 миң сомду түзөт.

**4.1. Сунуштама:** “Электр станциялары” ААКсы тарабынан ири өндүрүштүк пайдалануучуларга сатылган электр энергиясынын эсебинен, үч жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келген 773 921,2 миң сомдук дебитордук карыздарды (доонун эскирүү мөөнөтү өткөн) айып суммалары менен өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду:** "Аянтекс" ЖЧКсы (Текстильщик), №Д-130-10/488 келишими 04.07.2002-жылдагы, дебитордук карыз бүгүнкү күнгө карата 9 776,57 миң сом. Карыз 2003-жылы 12 262,6 миң сом суммасында түзгөн, Ош шаардык сотунун 16.06.2003-жылдагы карызды өндүрүү жөнүндө чечими менен ЖЧК “Аянтекс” 2014-жылга чейин 2 486,03 миң сом төлөгөн. 9 776,57 миң сом боюнча доо иштери жүргүзүлүүдө.

СКМП Отель "Ак-Кеме" ЖЧКсы менен №Д-130-10/460 келишими 24.09.2008-жылы түзүлгөн, 2015-жылдан берки карыз 2 305,32 миң сом. Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 20.02.2018-жылдагы чечими №Эд-967/18 өндүрүп алуу жөнүндө аныкталган. Карыз төлөнгөн эмес.

“КҮН энергиясы” ЖЧКсы, №Д-130-10/252 келишими 17.05.2006-жылдан баштап түзүлгөн, карыз 2008-жылдан бери үмүтсүз карыз 569,07 миң сом болгон, Ысык-Көл облстынын Райондор аралык соттун 09.12.2008-жылдагы № ЭД-299/08-МИ, чечими аткарылган эмес.

"Комфорт Трейд" ЖЧКсы (майнинг) – “Улуттук энергохолдинг компаниясы” ААКсынын чечими менен 2019-жылы өчүрүлгөн, карыз 6075,83 миң сом, карызды өндүрүү боюнча доо иштеринин бардык жол-жоболору жүргүзүлгөн, 2024-жылдын январында Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук соту тарабынан банкрот деп табылган (ГД-6627/23БЗ).

Кыргыз-кытай кагаз фабрикасы менен №130-10/646 келишими 31.07.2002-жылы түзүлгөн. Үмүтсүз карыз 1 149,95 миң сомду 2014-жылдан баштап түзөт, бүгүнкү күндө банкроттук жол-жобосу жүрүп жатат.

“Таш-Көмүр Электрик Компани” ЖЧКсы менен №130-10/428 келишими 27.08.2009-жылы түзүлгөн, Үмүтсүз карыз 6 440,12 миң сом 2010-жылдан бери түзөт, бүгүнкү күндө банкроттук жол-жобосу жүрүп жатат.

2023-жылы пайдаланган электр энергиясы үчүн ЭИК, ККС, БИ абоненттери боюнча дебитордук карыздардын көбөйүшүнүн себебинин бири Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576-токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу эрежелеринин” 112 беренесине ылайык керектөөчү төлөм документин алгандан кийин беш банктык күн ичинде керектелген электр энергиясы үчүн талашсыз сумманы төлөбөгөн учурда, “Электр станциялары” ААКсы электр энергиясын берүүнү толук токтотуу жана жарым-жартылай чектөө укугун толук пайдаланбай келген.

**5.1. Сунуштама:**

1.“Электр станциялары” ААКсы электр энергиясынын ири керектөөчүлөрү, керектөөчү-кайра сатуучулары жана бөлүштүрүүчү ишканалардын абоненттери пайдаланган электр энергиясы үчүн түзүлгөн дебитордук карыздарды жоюу боюнча тийиштүү чараларды көрсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги электр энергиясы үчүн дебитордук карыздардын азайтуу максатында электр энергия берүүчү Коомдорунун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576-токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу эрежелеринин” 112-беренесине ылайык керектөөчү төлөм документин алгандан кийин беш банктык күн ичинде керектелген электр энергиясы үчүн талашсыз сумманы төлөбөгөн учурда электр энергиясын берууну толук токтотуу жана жарым-жартылай чектөө укугун пайдаланышын камсыздасын.

**6. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылдын 1-январына карата «Алдын ала төлөнгөн салыктар» бухгалтердик № 1530 эсеби боюнча 7 572,4 миң сом дебитордук карызы болгон. Аудит мезгилинде “Электр станциялары” ААКсы тарабынан 402 100,5 миң сом өлчөмүндөгү салык түрүндө аванстык төлөмдөр жүргүзүлгөн жана 327 678,2 миң сом салыктык милдеттенмелер чегерилген. Жыйынтыгында 2023-жылдын 31-декабрына карата Коомдун салык иретинде 81 994,6 миң сомдук акча каражатын ашыкча төлөм жүргүзгөн.

Ашыкча төлөнгөн суммалар салыктарды тиешелүү негиздүү эсептөөлөрсүз которуунун натыйжасында келип чыккан, бул Коомдун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгүн жүгүртүүдөн чыгарып салууга алып келген.

**6.1. Сунуштама*:*** Салыктарга 81 994,6 миң сом суммасында ашыкча төлөнүшүнүн себептерин жана негиздүүлүгүн аныктоо үчүн талдоо жүргүзүлсүн.

**7. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылдын башында Коомдун кызматкерлерине берилген ссуданын көлөмү 30 054,3 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдын аягына карата бул дебитордук карыз 30 659,5 миң сом болгон.

Алардын ичинен “Электр станциялары” ААКсынын 20 кызматкери турак жай судалык келишимдин 2.4-пунктунун талаптарын сактабастан, алган ссудаларынын төлөмдөрүн өз убагында төлөшкөн эмес.

Судалык келишимдер боюнча 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын көлөмү 8027,0 миң сомго жеткен, анын ичинде узак мөөнөттүү кредиттер боюнча - 7870,7 миң сомду жана кыска мөөнөттүү кредиттер боюнча - 156,3 миң сомду түзөт.

“Электр станциялары” ААКсынын башкы дирекциясы тарабынан мөөнөтү өтүп кеткен карызды өндүрүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес, бул келишимдин 2.7 пунктун бузуу болуп саналат же болбосо алган ссудаларын 5 айдан ашык төлөшпөй кечиктирген болсо, кредиттик карыздын калган бөлүгүн толук мөөнөтүнөн мурда өндүрүп алуу укугу пайдаланылган эмес.

Бул мөөнөтү өтүп кеткен ссудаларды өндүрүү боюнча Коом тарабынан контролдун жоктугун жана чаралар көрүлбөгөндүгүн көрсөтөт. Бул Коомдун турак-жай ссудаларынын каражаттарын кайтаруудагы иш-аракеттеринин эффективдүү эмес экендигин көрсөтөт.

**7.1. Сунуштама:** "Электр станциялары" ААКсы турак-жай ссуда келишимдеринин каражатты кайтаруу боюнча шарттарын бузган жана ага жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралып, каражатты кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**8. Аныкталды/корутунду*:*** "РусГидро" ААКсы тарабынан Жогорку Нарын гидроэлектрстанцияларын курулушу башталган, бирок аягына чыкпай токтотулган жана Гонконг шаарынын (КНР) Арбитраждык соту тарабынан 2022-жылдын 7-январында "РусГидро" ААКсынын пайдасына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн 549,5 миң евро, 71 600,0 миң рубль жана 37191,3 млн. АКШ доллары өндүрүү чечими кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-майындагы №167-р буйругун аткаруу максатында "Электр станциялары" ААКсы Ат-Башы ГЭСи филиалына "Жогорку Нарын гидроэлектрстанциялар" ЖАКнын (мындан ары-Жогорку Нарын ГЭСтеринин ЖАКсы) объектилерин техникалык тейлөөнү жана коопсуздукту камсыздоону (кайтарууну) тапшырган.

Жогорку Нарын ГЭСинин ЖАКсы менен Ат-Башы ГЭСинин 2017-жылдын 30-сентябрындагы объектини кайтарууга алуу келишимине ылайык 2469 бирдик (имараттар, инвентарлар жана башка баалуулуктар) товарлардын наркын көрсөтпөстөн сандык түрдө өткөрүлгөн.

Кеткен чыгымдарын талдоо көрсөткөндөй, объектини техникалык тейлөө боюнча жумуш аткарылбай эле объектини кайтаруу үчүн "Электр станциялары" ААКсы тарабынан 2018-2023-жылдары бөлүнгөн чыгымдар негизсиз көбөйтүлүп туруп, ар бир айга кетирилген каражаттын көлөмү 502,0 миң сомго чейин өскөн (2017-жылы – 509,8 миң сом, 2023-жылы- 1 011,8 миң сом).

Ошентип, 2018-2023-жылдары бул багытта жумшалган каражаттын көлөмү 36 144,0 миң сомго (1011,8-509,8=502,0*6 жыл*12 ай) көбөйгөн жана анын себептерин түшүндүргөн эч кандай далилдүү материалдар аудитке берилген эмес.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №167-р буйругунун 1-пунктунун 1-пунктчасын бузуу менен 2019–2023-жылдар аралыгында Жогорку-Нарын ГЭСтеринин ЖАКсы объектилерин кармоого кеткен чыгымдын жалпы суммасы 61 194,9 миң сом "Электр станциялары" ААКсынын тарифинде каралбаган жана Коомдун финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнүн эсебинен чыгарылган.

Жогорку-Нарын ГЭСтеринен өткөрүлүп берилген мүлктүн наркын эсепке алуудагы кемчилдиктер жана кайтаруу үчүн чыгашалардын негизсиз көбөйүшү Коомдун финансылык жана башкаруучулук көзөмөлүнүн так эмес экенин көрсөтүп турат.

**8.1. Сунуштама:**

1. Жогорку-Нарын ГЭСтеринин ЖАКсынын объекттериндеги турган мүлккө толук инвентаризация жүргүзүү, анын наркын бухгалтердик эсепке киргизүү камсыздалсын.

2. Техникалык тейлөөгө жана коопсуздукту камсыздоого чыгымдардын сметасы кайрадан иштелип чыгып, чыгымдардын ар бир өсүшүнүн негиздүүлүгү такталып бекитилсин.

3. Мындан ары Жогорку-Нарын ГЭСтеринин ЖАКсына кеткен чыгымдарды Коомдун тарифине киргизүү камсыздалсын.

**9. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылдын 23-мартындагы №011 түзүлгөн келишимдин негизинде **“**Электр станциялары” ААКсы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы “Авиациялык издөө-куткаруу кызматы” мамлекеттик ишканасына аткарган кызматы үчүн жалпы 3 433,6 миң сом төлөп берген. Алардын ичинен 2023-жылдын 5-октябрындагы №102 эсеп-фактура боюнча авиациялык тейлөө үчүн төлөнгөн 709,6 миң сом көрсөтүлгөн кызмат үчүн тастыктоочу документтер аудитке берилген жок.

**9.1. Сунуштама*:*** 2023-жылдын 5-октябрындагы №102 эсеп-фактура боюнча «Авиациялык издөө-куткаруу кызматы” мамлекеттик ишканасына төлөп берилген 709,6 миң сомдук авиациялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн тастыктоочу документтердин негизинде Коомдун чыгашасы катары таанылсын жана № 011 келишим менен жүргүзүлгөн бардык чыгашалардын негиздүүлүгүнө жана документалдуу далилдерине ички аудит жүргүзүлсүн.

**“Электр станциялары” ААКсы бөлүштүрүүчү компанияларга койгон айыптык санкциялары боюнча.**

**10. Аныкталды/корутунду:** “Электр станциялары” ААКсы “Чыгыш электр», “Жалалабадэлектр», “Түндүк электр», “Ошэлектр» акционердик коомдору 2009-2022-жылдар аралыгында алган электр энергиясынын карыздарына эсептелген туумдун (айып пул) көлөмүн 439 300,0 миң сомго эсептеп, «Кыргызстан улуттук электр тармагы» ААКсынан (мындан ары-«КУЭТ» ААКсы) өндүрүү үчүн сотко доо арыз менен кайрылган (2022-жылдын 5-августунда бөлүштүрүүчү энергокомпаниялар «КУЭТ» ААКсына кошулган).

Бирок, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту 2022-жылдын 29-ноябрындагы чечими менен “Электр станциялары” ААКсынын бул доо арызды канааттандыруусуз калтырылган.

Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2023-жылдын 10-мартындагы чечими менен Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2022-жылдын 29-ноябрындагы чечими толугу менен жокко чыгарылып, жаңы чечим чыгарылып, доо арызы жарым-жартылай канааттандырылып “КУЭТ” ААКсынан “Электр станциялары” ААКсынын пайдасына 11 458,12 миң сом айып өндүрүлгөн.

Бул чечимди 2023-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту күчүндө калтырып, “Электр станциялары” ААКсы 2009-жылдан 2022-жылга чейин чегерилген айыптар боюнча карызды өндүрүп

берүүнү сурангандыгын, ал эми доо арыз 2022-жылдын 16-сентябрында берилгендигин белгилеп, “Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелерине ылайык, доонун эскирүү мөөнөтү деп укугу бузулган адамдын доосу боюнча укугун коргоо мөөнөтү таанылат. Жалпы эскирүү мөөнөтү үч жыл деп белгиленген.

Демек, 2009-жылдын сентябрынан 2019-жылдын сентябрына чейинки төлөмдөрдү калыбына келтирүү мүмкүн эмес, анткени доонун эскирүү мөөнөтү аяктагандыктан, айыптык төлөм доо арыз бергенге чейин 3 жыл мурда, башкача айтканда, 2019-жылдын сентябрынан 2022-жылдын сентябрына чейин өндүрүлүп алынууга тийиш” – деп тастыктаган.

Натыйжада “КУЭТ” ААКсынан “Электр станциялары” ААКсынын пайдасына 11 458,12 миң сом айып өндүрүү чечими күчүндө калтырылган.

Бул маселеде “Электр станциялары” ААКсы 2009-жылдан бери электр энергиясын бөлүштүрүүчү компанияларга сатууда алар менен салыштыруу актылары түзбөгөнүн, айыптык санкцияларды колдонбогонун, айыптык төлөмдөр боюнча карызынын суммасын таануу жана аларды өндүрүү боюнча сотко өз учурунда кайрылбаганын аудит белгилейт.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун аталган чечиминде белгиленгендей, “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык айыптарды эсептөө жана төлөө тартибин жөнгө салуу тартиби так иштелип чыккан эмес.

**10.1. Сунуштама:**

- “Электр станциялары” ААКсы электр энергиясын сатуу келишимдерин түзүү жана алардын талаптарын аткарууда Коомдун кызыкчылыгын эске алуу менен салыштыруу актыларын өз учурунда түзүүнү, айыптык санкцияларды колдонууну, айыптык төлөмдөрдү өндүрүүнү камсыздасын.
- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык айыптарды эсептөө жана төлөөнү жөнгө салуу тартибин иштеп чыгып, кабыл алуу маселеси демилгеленсин.

**“Электр станциялары” ААКсынын мамлекеттик карыздары боюнча**

“Электр станциялары” ААКсына берилген чет өлкөлүк инвестициялар жана алар боюнча карыз милдеттенмелери Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан көзөмөлгө алынат жана «Электр станциялары» ААКсына субсидиялык келишимдер аркылуу берилген.

2023-жылдын 1-январына карата мамлекеттик зайым каражаттары боюнча карыз 74 145 600,0 миң сомду түздү, анын ичинен:

- негизги сумма – 70 408 900,0 миң сом,
- чегерилген пайыздар – 3 609 600,0 миң сом,
- мурда чегерилген айыптар – 127 100,0 миң сом.

Булактары төмөндөгүдөй болгон:

- бюджеттик ссудалар - 27 097 500,0 миң сом,
- чет өлкөлүк кредиттер (инвестициялык долбоорлор) - 47 048 100,0 миң сом.

2023-жылы кайтарылган каражат 5 484 800 миң сомду түздү, анын ичинен:

- негизги сумма – 4 159 900 миң сом,
- чегерилген пайыздар – 1 317 500 миң сом,
- мурда чегерилген айыптар – 7 400 миң сом.

2023-жылдын 31-декабрына карата алынган насыялар боюнча карыз 82687900 миң сомду түздү, анын ичинен:

- негизги сумма – 78 882 100 миң сом,
- чегерилген пайыздар – 3 675 100 миң сом,
- мурда чегерилген айыптар – 130 700 миң сом.

Булактары төмөндөгүдөй болгон:

- бюджеттик жана коммерциялык кредиттер - 31 135 400 миң сом,
- чет өлкөлүк кредиттер (инвестициялык долбоорлор) боюнча - 51 552 500 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28 ноябрындагы № 661 “Электр станциялары" жана "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ачык акционердик коомдорун финансылык жактан чыңдоо жөнүндө” токтомуна ылайык, уставдык капиталды көбөйтүүгө бөлүнгөн каражаттарды бюджеттик насыялар боюнча карызды жабуу үчүн пайдалануу сунушталат, анын ичинен 2023 –жылы 10 800 299,3 миң сом (5 400 млн сом – “Электр станциялары” ААКсына жана 5 400,3 млн сом – “Кыргызстан УЭТ” ААКсына). Ошондой эле, 2024-жылдан 2030-жылга чейин бул насыялык карыздарды жабуу боюнча чаралар сунушталган.

2023-жылдын 28-апрелиндеги “Электр станциялары” ААКсынын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунда Коомдун Уставдык капиталынын өлчөмүн көбөйтүү жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин пайдасына 5 399 999 998 сомдук жөнөкөй аталыштагы акциялардын кошумча чыгарылышын жабык жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Каржы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын 2023-жылдын 25-майындагы №14/1627 чечими менен “Электр станциялары” ААКсынын жөнөкөй номиналдык акцияларынын үчүнчү чыгарылышын мамлекеттик каттоодон өткөрүлдү.

Муну менен, “Электр станциялары” ААКсы 5 399 999 998 сом суммасында 1 177 043 525 нускада кошумча акцияларды чыгарып, Уставдык капиталын 5 399 999 998 сомго көбөйткөн жана Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинен түшкөн 5 399 999 998 сомду кайра которуп бюджеттик насыялар боюнча милдеттенмелерин азайты.

Андан тышкары 2023-жылы төмөнку бюджеттик насыялар алынган:

1) 3,0 млрд сом, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 18.04.2023-ж. № 181-р (дсп) буйругу;

2) 1,2 млрд сом, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-ноябрындагы № 668-р (дсп) буйругу;

3) 1,5 млрд сом, РСК Банк, коммерциялык кредит, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-декабрындагы № 790-р буйругу.

2023-жылы тышкы инвестициялык долбоорлор боюнча 4 041 200,0 миң. сом өздөштүрүлгөн.

**Капиталдык курулуш жана оңдоо иштеринин планынын аткарлышы боюнча**

**11. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылы "Электр станциялары" ААКсынын оңдоо иштери жалпысынан 87,8% аткарылган.

Оңдоо иштеринин аткарылбагандыгынын себептери болуп негизги жабдыктарын узак мөөнөттүү пайдалануудан улам моралдык жана физикалык эскириши, оңдоо иштерине бекитилген нормативдердин жетишсиздиги жана башка ушуга байланышкан көйгөйлөр эсептелет.

Ошондой эле, 2023-жылы аткарылган оңдоо иштеринин планга салыштырмалуу толук өздөштүрүлбөгөндүгүнүн себептери төмөнкүлөр:

1. Оңдоо иштерин аткаруу учурунда жабдуулардын тетиктерин ачып текшергенден кийин, планда каралган айрым иштерди аткаруу жана материалдар менен запастык бөлүктөрдү колдонуу зарыл эместиги аныкталат. Мунун натыйжасында эмгек чыгымдары азайып, оңдоо иштерине каралган эмгек акы фонду дагы азаят.

2. Конкурс боюнча материалдарды сатып алууда материалдардын баасы планда каралган баадан төмөн болуп калып, бул өз кезегинде оңдоолор пландаштырылган наркын төмөндөтөт.

3. Пландалган бардык материалдар убагында сатылып алынбайт, бул дагы оңдоо иштеринин аткарылышына таасирин тийгизет.

**11.1. Сунуштама*:*** "Электр станциялары" ААКсы капиталдык салымдар жана оңдоо иштеринин пландык көрсөткүчтөрүн так жана негиздүү коюуга жана коюлган пландарды толук өздөштүрүү боюнча иш алып барсын, ошондой эле капиталдык салымдар жана оңдоо иштерине нормативдерди жаңылоо жана актуалдаштыруу менен иштеп чыгып бекитилсин.

**Кара-Көл жана Шамалды-Сай шаарларындагы турак жай-коммуналдык чарба объекттери боюнча**

**12. Аныкталды/корутунду*:*** Учурда "Электр станциялары" ААКсы Кара-Көл жана Шамалды-Сай шаарларындагы турак жай-коммуналдык чарба объекттерин "Кыргызэнерго" АКны трансформациялоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондусунун 1997-жылдын 23-майындагы №72-токтомунун негизинде камсыздоо жана эксплуатациялоо жумуштарын жүргүзүп келет.

2023 - жылы Кара-Көл жана Шамалды-Сай шаарларындагы суу камсыздоо, канализация жана шаарды жакшыртуу боюнча коммуналдык объектилерди күтүүгө "Электр станциялары" ААКсынын жумшаган чыгашалары 211,0 млн.сом болуп, алардан түшкөн кирешелер 26,4 млн. сом болгон (жоготуу – 184,6 млн. сом).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 23-апрелиндеги №239-токтому менен бекитилген "Кыргызэнерго" АКсын мамлекеттен ажыратуу жана приватизациялоо боюнча программасынын 2-этабынын 5-

пунктунда инфратүзүм жана коммуналдык объектилерди жергиликтүү аткаруу бийлик органдарына өткөрүлүп берилиши каралган.

Ошондой эле, турак жай-коммуналдык чарба объекттерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өнүктүрүү боюнча чечимдер 1999-жылдын 02-августунда “Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну дагы да өнүктүрүү жөнүндө” №196 КР Президентинин Жарлыгында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 28-майында “Ишканалардан жана уюмдардан социалдык тармактын жана турак-жай коммуналдык чарбасынын объектилерин андан ары бөлүп чыгаруу чаралары жөнүндө” № 310-токтомунда, 1999-жылдын 7-октябрындагы “Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу-укуктук жана финансылык-экономикалык негиздерин чыңдоо боюнча иш-чаралар Планын бекитүү жөнүндө” №550-токтомунда жана 2001-жылдын 8-октябрында “Объектилерди Кыргыз Республикасынын областтык башчылыгы астындагы шаар мэрияларына муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө” № 608-токтомунда кабыл алынган.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 25-июнундагы № 3970-VI "Убактылуу депутаттык комиссиянын ишинин жыйынтыктары тууралуу" токтомуна ылайык, "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы" ААКсына берилген тапшырмаларынын ичинде "Электр станциялары" ААКсынын балансындагы турак жай-коммуналдык чарба (ТКЧ) объектилерин жана жылытуучу от казандарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансына өткөрүп берүү тапшырмасы берилген.

Кийинчерээк, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-июлундагы № 126-р буйругу менен бекитилген 2021-жылдын экинчи жарым жылдыгынын Антикризистик иш-аракеттер планынын 30-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине, Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине Кара-Көл, Шамалды-Сай, Кызыл-Кыя шаарларынын мэриялары менен макулдашуу аркылуу Кызыл-Кыя, Кара-Көл жана Шамалды-Сай шаарларынын коммуналдык ишканалар комбинаттарын (ККП) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансына өткөрүү процессин баштоо тапшырылган.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 13.04.2020-ж №01-23/112 жазма буйругу менен “Электр станциялары” ААКсы социалдык-маданий жана турак жай коммуналдык чарба объектилерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүү процессин аякташын камсыз кылуу милдеттендирилген.

Бирок, ушул күнгө чейин “Электр станциялары” ААКсы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик менчикте турган Кара-Көл жана Шамалды-Сай шаарларынын турак-жай

коммуналдык чарба объектилерин жергиликтүү органдарга өткөрүү маселеси чечиле элек.

**12.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, “Электр станциялары” ААКсы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашууну тездетип, "Электр станциялары" ААКсынын балансындагы турак жай-коммуналдык чарба объектилерин муниципалдык менчикке өткөрүп берүү боюнча токтомунун долбоорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгелөө боюнча иш алып баруу жагы тездетилсин.

**“Камбар-Ата” ПС-110/35/6 кВ көмөк чордонунун реконструкциялоо хронологиясы (инвестор ЖЧК “МБТ Строй”) боюнча негизги каражаттары**

**13. Аныкталды/корутунду***:* Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин маалыматы боюнча, 2023-жылы “Электр станциялары” ААКсына 41 кыймылсыз мүлк объектиси бекитилген.

Алардын ичинде эки объект Коомдун бухгалтердик балансында жок болуп чыкты. Алар:

1. Бишкек шаарында Самойленко көчөсүнүн №7-б дарегинде жалпы аянты 0,1756 га түзгөн, болжол менен (расчетно), 3589,0 миң сомдук жер тилкеси (Бишкек шаарынын мэриясынын 2004-жылдын 13-сентябрындагы №979 токтому менен “Электр станциялары” ААКсына өткөрүлүп берилген);
2. Жалал-Абад областынын Кетмен-Төбө айылындагы Шамшыкал көчөсүндө катталган үй номери көрсөтүлбөгөн (коду №3110500010425) кыймылсыз мүлк.

**13.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсы Бишкек шаарынын Самойленко көчөсүнүн №7-б дарегинде жайгашкан жалпы аянты 0,1756 га түзгөн, болжол менен (расчетно) 3589,0 миң сомдук жер тилкесинин баасын жана Жалал-Абад облусунун аймагында жайгашкан (3110500010425 номерлүү) кыймылсыз мүлккө менчик укугун тастыктаган документин тактап балансқа алууну камсыз кылсын.

**14. Аныкталды*:*** Аудит өткөрүүдө жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында “Электр станциялары” ААКсынын кампаларында жеткирип берүүчүлөрдөн келген жалпы суммасы 3 270,3 миң сомдук “Электр станциялары” ААКсына керектелбеген товардык - материалдык баалуулуктар (ТМБ) катталды.

Алар, “Электр станциялары” ААКсынын филиалы Ош ЖЭБине (мындан ары – Ош ЖЭБи) “Электр станциялары” ААКсы тарабынан алынган баалуулуктар болгон. Бирок, Ош ЖЭБинин мүлк комплекси Ош шаарынын мэриясынын балансына өткөндүгүнө байланыштуу (өткөрүп берүү актысы 2024-жылдын 8-августундагы №218/808-1) көрсөтүлгөн ТМБлар “Электр станциялары” ААКсынын кампасында сакталып турат, же ТМБ иш жүзүндө колдонулбай жаткандыгы аныкталды, бул анын жоголуу же наркынын төмөндөшү коркунучун жаратат.

**Корутунду:** Ош ЖЭБинин мүлк комплексин Ош шаарынын мэриясынын балансына өткөрүп берүүнүн натыйжасында - 3 270,3 миң сомдук ТМБ калдык болуп сакталышы материалдык ресурстардын эффективдүү эмес пайдаланылгандыгынан кабар берет. Бул сактоо компаниянын ашыкча чыгымдарына жана мүлктүн туура эмес сакталышына алып келиши мүмкүн.

**14.1. Сунуштама*:*** "Электр станциялары" ААКсы тарабынан Ош ЖЭБи үчүн сатылып алынган 3 270,3 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктарды өз учурунда жана эффективдүү пайдалануу боюнча Ош шаардык мэриясы, "Электр станциялар" ААКсы менен биргеликте тийиштүү иш-чаралар көрүлсүн.

**15. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылдын 31-декабрына карата Коомдун бухгалтердик эсебинде жалпы баасы 3 909,9 миң сомду түзгөн материалдык эмес активдер - программалык камсыздоолор катталган.

Мезгил талабына ылайык Коомдун программалык камсыздоолору заманбап жабдууларга өткөндүгүнө байланыштуу улам жаңыланып турган, бирок алардын ичинде 2000-жылдарына чейин эксплуатацияга берилген баасы 34,4 миң сомдук 1С-программасы жана баасы 221,6 миң сомго бааланган "Модус" программасы бар. Алар заманбап жабдууларга шайкеш келбегендиктен узак жылдардан бери таптакыр колдонулбай, же Коомго пайда алып келбей калган.

**15.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтомуна ылайык "Электр станциялары" ААКсы 3 909,9 миң сомдук программалык камсыздоолор (материалдык эмес активдер) толук инвентаризациядан өткөрүлсүн жана эскирген, иштебей калган 256,0 миң сомдук программалык камсыздоолорду эсептен чыгаруу маселеси каралсын.

**16. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылдын 31-декабрына карата "Электр станциялары" ААКсынын балансында баасы 1184,0 миң сомду түзгөн ишкананын активдерин башкаруу системасы эсепте турган (мындан - ары - Сервердик башкаруу системасы).

Бул жабдуулар 2020-жылдын 1-июлунда долбоордун кеңешчиси болгон "Грант Торнтон" ЖАКсынан алынган. "Грант Торнтон" ЖАКсы тарабынан бардык энергетикалык компанияларда системаны пилоттук түрдө киргизүү 2020-жылдын 17-декабрында аяктаган.

Бирок, сервердик башкаруу системасынын программасы учурда эскирген жана техникалык колдоонун жоктугунан таптакыр иштебейт. Натыйжада, жабдуулар жана система иш жүзүндө пайдаланылбай эффективдүүлүгүн жоготкон.

**16.1. Сунуштама*:*** "Электр станциялары" ААКсы баасы 1184,0 миң сомду түзгөн ишкананын активдерин башкаруу системасынын функционалдуулугун калыбына келтирүү, маалыматтарды жаңылоо жана техникалык колдоону жаңылоо мүмкүнчүлүгүн кароо менен иш чара иштеп чыксын.

**17. Аныкталды/корутунду**: 2023-жылдын 31-декабрына карата Коомдун 28 230,2 миң сом өлчөмүндө “Электр станциялары” ААКсынын акционерлерине (юридикалык жана жеке адамдарга) дивиденддер боюнча карызы бар. Бул карыз 2001-2010-жылдары пайда болгон, бирок “Электр станциялары” ААКсынын башкармалыгы бул карыздарды төлөө боюнча жетиштүү чараларды көргөн эмес.

Дивиденддердин узак мөөнөт бою төлөнбөшү жана акционерлер жөнүндө актуалдуу маалыматтардын жоктугу, ошондой эле карызды убагында төлөө боюнча чаралар көрүлбөгөндүгү Коомдун дивиденддерин төлөөдө иш-аракетинин жетишсиз экендигин көрсөтөт.

**17.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсы:

1. Акционерлердин реестрин жаңылоону жүргүзүп, юридикалык статусун тактасын.

2. Төлөнбөй жүргөн 28230,2 миң сомук дивиденддерди тез арада төлөө планынын долбоорун иштеп чыгып, жооптуу адамдарды аныктоо менен ишке ашырсын.

**18. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылдын 31-декабрына карата Коомдун балансында “Бүтпөгөн иштеп чыгуулар” эсебинде жалпы баасы 8 827,0 миң сомду түзгөн материалдык эмес активдер (МЭА ) катталган.

“Электр станциялары” ААКсы (Кардар) менен “Бизнес Сервис” ЖЧКсы (Консультант, Украина, Киев) ортосунда 2011-жылдын 2-сентябрында түзүлгөн №Д-110-28/364 келишимдин негизинде Консультант 9 айдын ичинде (2012-жылдын май айына чейин) Корпоративдик ишканалардын ресурстарын башкаруунун бирдиктүү тутумун киргизүү милдетин алган (BSI - программасы).

“Электр станциялары” ААКсы “Бизнес сервис” ЖЧКсынын эсебине 2012-жылы 3840,2 миң сомдук акча каражатын жана 2019-жылы кошумча дагы 4624,0 миң сом, бардыгы болуп 8 827,0 миң сомдук акча каражатын которуп берген (199,95 миң АКШ доллары).

Бирок, “Бизнес Сервис” ЖЧКсы тарабынан жогорудагы келишимде көрсөтүлөн BSI программасы “Электр станциялары” ААКсына кабыл алуу сертификаты боюнча өткөрүлүп берилген эмес жана 2023-жылдын 31-декабрына карата BSI программасы бул аудитке көрсөтүп берилген жок.

“Электр станциялары” ААКсынын жетекчилиги тарабынан системаны ишке киргизүү боюнча же 8 827,0 миң сом дебитордук карызды кайтаруу боюнча чаралар ушул убакка чейин көрүлгөн эмес.

**18.1. Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:*

- “Электр станциялары” ААКсы менен “Бизнес Сервис” ЖЧКасынын ортосунда Корпоративдик ишканалардын ресурстарын башкаруунун бирдиктүү тутумун ишке киргизүү боюнча 8 827,0 миң сомдук келишимдин аткарылбагандыгы жана ал боюнча дебитордук карыздын пайда болуп тиешелүү чаралар көрүлбөй, кайтарылбагандыгы боюнча тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн.

*“Электр станциялары” Ачык акционердик коомуна:*

- “Электр станциялары” ААКсы менен “Бизнес Сервис” ЖЧКсынын Корпоративдик ишканалардын ресурстарын башкаруунун бирдиктүү тутумун киргизүү боюнча келишими аткарылбай калгандыгы боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн жана ал боюнча жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**19. Аныкталды/корутунду***:* Коомдун “Башка узак мөөнөттүү активдер” бухгалтердик эсебинде жалпы суммасы 430 209,4 миң сомдук материалдык эмес активдер камтылган, анын ичинен 403 964,0 миң сому Камбар-Ата ГЭС-1 курулушунун техникалык-экономикалык негиздемесин (ТЭН) түзүүгө кеткен чыгымдар.

Бул техникалык-экономикалык негиздемени “Камбарата ГЭС-1” ЖАКсынын (КГЭС-1» ЖАКсы) буйругу менен “SNS-Lavalin International INC» корпорациясы (Канада) даярдап “Камбарата ГЭС-1” ЖАКсына өткөрүп берген.

Жогорудагы ТЭНди “Электр станциялары” ААКсы тарабынан «Камбарата ГЭС-1» ЖАКсынан 2017-жылдын 18-декабрында 403 964,0 миң сомго (анын ичинде кошумча нарк салыгы 43 281,9 миң сому) сатып алган.

Бирок, белгилей кетчү жагдай, 2017-жылы Коомдун балансына жогорудагы техникалык-экономикалык негиздемени кабыл алууда 43 281,9 миң сом суммасындагы КНСтин суммасын өзүнчө бөлүп, келечектеги бюджетке төлөнүүчү салыктан кемитилбей калган, жыйынтыгында Коом 43 281,9 миң сомдук зыян тарткан.

**19.1. Сунуштама***:* “Электр станциялары” ААКсы Камбар-Ата ГЭС-1 долбоорунун техникалык-экономикалык негиздемесин сатып алуу үчүн төлөнгөн суммадан 43 281,9 миң сом КНСтин эсепке алуу менен келечектеги бюджетке төлөнүүчү салыктан кемитилбей калышы боюнча кызматтык териштирүү жүргүзсүн жана төлөнгөн КНСтин бул суммасын тактоо үчүн салык органдарына кайрылуу боюнча чара көрсүн.

**20. Аныкталды/корутунду***:* “Электр станциялары” ААКсынын “Узак мөөнөттүү активдер” эсебинде 2008–2011-жылдары “Камбар-Ата ГЭС-1ди” куруунун алдын ала техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу үчүн 26 245,4 миң сом “Интер РАО ЕЭС” ЖАКсына (РФ) которулган каражат бар.

“Интер РАО ЕЭС” ЖАКсы 2018-жылдын 25-декабрындагы каты менен “Электр станциялары” ААКсына кайрылып келишимде каралган жумуштар аткарылбай калгандыктан, келишимди бузуу сунушталган. Бирок, “Электр станциялары” ААКсынын жетекчилиги келишимдин шарттарын аткарууга, же которулган каражаттарды кайтаруу боюнча эч кандай чара көргөн эмес.

2019-жылы 26 245,4 миң сомдук дебитордук карыз “Электр станциялары” ААКсында үмүтсүз дебитордук карызга резерв эсептелген.

**20.1. Сунуштама:**

1. *“Электр станциялары” ачык акционердик коомуна:*

“Электр станциялары” ААКсынын “Узак мөөнөттүү активдер” эсебинде 2008–2011-жылдары “Камбар-Ата ГЭС-1ди” куруунун алдын ала техникалык-

экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу үчүн 26 245,4 миң сомдук “Интер РАО ЕЭС” ЖАКсына (РФ) которулуп жана азыркы убакытка чейин келишимдин шарттарын аткаруу, же каражаттарды кайтаруу боюнча чаралардын көрүлбөгөнү тууралуу маселеси боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

*2. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:*

“Электр станциялары” ААКсынын “Узак мөөнөттүү активдер” эсебинде 2008–2011-жылдары “Камбар-Ата ГЭС-1ди” куруунун алдын ала техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу үчүн 26 245,4 миң сомдук “Интер РАО ЕЭС” ЖАКсына (РФ) которулуп жана азыркы убакытка чейин келишимдин шарттарын аткаруу, же каражаттарды кайтаруу боюнча чаралар көрүлбөй, үмүтсүз дебитордук карыз болуп эсептелгени тууралуу маалымат тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн.

**21. Аныкталды/корутунду*:*** Аудит учурунда жүргүзүлгөн инвентаризацияда аныкталгандай, техникалык-экономикалык негиздемелер (ТЭО) түзүлүп Коомго “КПҮ” мөөрү менен келген үч объект боюнча жалпы баасы 385 727,3 миң сомдук документтер Коомдун жалпы бөлүмдө “КПҮ” катары каттоо журналында катталган эмес жана тийиштүү жоопту адамдарга бекитилип берилген эмес.

**21.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсы:

Үч объект боюнча, жалпы баасы 385 727,3 миң сомдук техникалык-экономикалык негиздемелер жалпы бөлүмдүн “КПҮ”нүн иш кагаздарын жүргүзүү журналына катталсын жана материалдык жоопту жактарга бекитилсин.

**Метрологиялык кызмат боюнча.**

**22. Аныкталды/корутунду*:*** "Электр станциялары" ААКсынын метрологиялык кызматы Коомдогу электр приборлорун лабораториялык колибрлөөнү, текшерүүнү уюштуруу боюнча иштерди алып барат.

“Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик жөнгө салууга кирген өлчөө каражаттары текшерүүдөн өтүүгө тийиш, бирок Кыргызстандартта эталондук жабдуулардын жоктугунан улам, аспаптарды чет өлкөгө алып чыгууга туура келет. Аспаптарды текшерүү жылына бир жолу жүргүзүлөт.

Коомдогу жыл сайын мындай текшерүүлөрдөн өткөрүлүүчү электр приборлордун жалпы саны 30 дан ашык даана.

2023-жылы бул максаттар үчүн 783,5 миң сом жумшалган, анын ичинде Казакстанга жеткирүү үчүн жол кире акысы жана кызматкерлердин иш сапарына берилген чыгымдар бар.

Кээ бир электр өлчөөлөрдү Кыргызстандарттын лабораториясында (БЦИСМ) текшерүүгө мүмкүн болгондугуна карабастан, кызмат төлөмү кымбатыраак болгон коңшу өлкөлөрдүн лабораторияларында текшерилген.

2022-жылдын 30-декабрындагы Д-48-23/589 келишими боюнча (кызматы 2023-жылы төлөнгөн), 6 622,09 миң тенге же 122,49 миң сом

текшерүүгө жана эки адамдын иш сапарына 256,14 миң сом, жанар майга - 171 литр*54,5 = 9,32 миң сом чыгымдалган.

2023-жылдын 20-сентябрындагы Д-48-31/451 келишими боюнча 804,55 миң тенге (150,5 миң сом) текшерүүгө жана эки адамдын иш сапарына 231,2 миң сом, жанар майга – 223литр*62,5 = 13,94 миң сом чыгымдалган.

Жыйынтыгында лабораториялык текшерүү кызматына 272,94 миң сом чыгымдалса, жол акы жана иш сапарына 510,60 миң сом чыгымдалган.

Ал эми 2024-жылы жол жүрүү чыгашалары үнөмдөлүп, чет элдик лабораториялага жеткирип - кайра алып келүүгө экспресс почтасынын кызматы пайдаланылган үчүн бул чыгымдар 18,47 миң сомду түзгөн.

Андыктан Алматыга 2023-жылдагы эки барып-келүүдөн, эсеп менен, 510,6 миң сом – 18,47 миң сом*2= 473,66 миң сом үнөмдөлбой, ашыкча каражат жумшалган.

Андан сырткары, 2023-жылдын 23-сентябрындагы №48-31/451 келишими боюнча Алматыда текшерилген өлчөө каражаттарынын ичинде ЦА 8500/1 түрүндөгү амперметр жана СА 6471 түрүндөгү жерге туташтыруу каршылыгын өлчөгүч аспаптары болгон. Аларды текшерүүгө 15,68 миң теңге же 3,14 миң сом жана 39,2 миң теңге же 7,84 миң сом төлөнгөн, бирок бул аспаптар 2023-жылы Кыргызстандартта (БЦИСМ) текшерилген жана ал кызмат үчүн Кыргызстандартка 500 сом жана 600 сом төлөнгөн. Ошентип, себепсиз кайрадан текшерүүдөн 10,98 миң сом ашыкча каражат жумшалган.

Натыйжада, 2023-жылы чет элдик лабораторияларга экспресс почтасынын кызматын пайдаланбай жеткирип - кайра алып келүүгө жана 2023-жылы Кыргызстандартта (БЦИСМ) текшерилген кээ бир аспаптарды себепсиз кайрадан Алматы шаарына текшерүүдөн өткөргөнү үчүн, эсеп менен, "Электр станциялары" ААКсынын 484,6 миң сомдук каражаты ашыкча сарпталган.

**22.1. Сунуштама:**

1. "Электр станциялары" ААКсы метрологиялык кызматтын электр приборлорду лабораториялык колибрлөө жана текшерүүсүн уюштурууда жыл сайын жумшаган чыгымдардын көлөмүн азайтуу боюнча чаралар көрүлсүн жана Коомдун эсеп менен 484,6 миң сомдук каражатынын ашыкча сарпталышына жол берилгени боюнча кызматтык териштирүү жүргүзсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги электр приборлорун колибрлөө, ишенүү ж.б. сертификаттарды жана текшерүүлөрдү жүргүзүүнү Кыргыз Республикасынын аймагында уюштуруу маселесин тийиштүү мамлекеттик органдарга демилгелесин.

**Сатып алуулардын жол-жоболорунун аткарылышы**

**23. Аныкталды/корутунду***:* “Электр станциялары” ААКсынын Директорлор кеңешинин 2022-жылдын 21-июнундагы №5 протоколу менен бекитилген “Сатып алуунун жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин” талаптары сакталбастан, “Каган” ЖЧКсынан жалпы суммасы 3 125,7 миң сомдук чарбалык буюмдарды (лак-боёк) сатып алуунун жол-жоболору өткөрүлбөстөн сатып алынган.

Ошондой эле, “ДЕКО Инжиниринг” ЖЧКсынан жалпы суммасы 1102,3 миң сомдук кондиционерлерди сатып алган.

**23.1. Сунуштама:**

- Сатып алуулар жол-жоболорун Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларына жана “Электр станциялары” ААКсынын “Сатып алуунун жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелерине” ылайык жүргүзүү камсыздалсын.

**24. Аныкталды/корутунду*:*** 2023-жылга каралган сатып алуулар планына ылайык жана 2023 жана 2024-жылдардагы күзгү кыш мезгилине өз убагында даярдануу максатында импорттолуучу D, DG, G маркасындагы импорттук көмүрдөн баардыгы болуп 550,0 миң тонна, баасы 5186,35 сомдон тоннасы (53,37 АКШ доллары) жалпы суммасы 2 852 492,5 миң сомго сатып алуу үчүн **“**Электр станциялары” ААКсы тарбынан эки жолу конкурс жарыяланган (2023-жылдын 28-февралында жана 2023-жылдын 2-мартында), бирок эки конкурс тең баалары пландалган баадан ашкандыгына байланыштуу өтпөй калган.

Ушуга байланыштуу керектүү сапаттык параметрлери менен D, DG, G маркасындагы көмүрдүн рыноктук наркын аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүлүп, салыктарды эсепке албаганда 62,57 АКШ долларына (сатуу салыгын жана КНСти эсепке алганда 6080,20 сом) жогорулатуу менен кайталап үчүнчү конкурс жарыяланган.

Бирок, бул конкурс Коомдун Директорлор кеңешинин 2022-жылдын 21-июнундагы №5 протоколу менен бекитилген “Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жана ишке ашыруу ички эрежелеринин” 8.2 пунктунун купуялуулук (конфиденциальность) принцибинин сакталбагадыгына байланыштуу жокко чыгарылган.

2023-жылдын 23-майындагы КР Президенттин алдындагы кеңешменин №18-4287 протоколдук чечиминин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунда көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин демилгесин колдоо боюнча чечимине ылайык 2023-жылдын 26-майында №Д-51-7/247 номерлүү 3 тараптуу келишим түзүлгөн: 1-тарап - **“**Электр станциялары” ААКсы (төлөп берүүчү), 2-тарап - **“**Электр станциялары” ААКсынын филилалы Бишкек ЖЭБи (көмүрдү алуучу), 3-тарап - “ИК Гефест” ЖЧКсы (жеткирип берүүчү).

Келишим боюнча 550,0 миң тонна көлөмдөгү көмүрдүн жалпы баасы 3 263150,0 миң сомду түзгөн (баардык салыктар менен тоннасы - 5 933 сомдон) жана 2023-жылдын июль айынан тартып 2024-жылдын март айына чейин Бишкек ЖЭБине жеткирүү шарты коюлган.

Бирок, жеткирип берүүчү “ИК Гефест” ЖЧКсы тараптан болгону 2 320 199,3 миң сомдук, көлөмү 391,1 миң тонна көмүр келген, же келишимде көрсөтүлгөн көлөмдөн 158,9 миң тонна көмүр, жалпы баасы 942 950,7 миң сомго аз коюлган.

Буга себеп болуп 2024-жылдын 3-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Президентинин №89-Жарлыгына жана 2024-жылдын 7-июнундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №303-

токтомуна ылайык Бишкек ЖЭБи “Электр станциялары” ААКсынан Бишкек шаарынын мэриясынын карамагына өткөзүлгөн.

Бишкек жылуулук электр борборунун демилгеси боюнча жана Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 27-августундагы № 04-624/6-993 катынын негизинде, жогоруда 2023-жылдын 26-майында түзүлгөн №Д-51-7/247 келишим 2024-жылдын 28-августундагы №51-7/327 номерлүү макулдашуу менен токтотулган.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин демилгеси менен алынууга пландаштырылган баасы 3 263 150,0 миң сом болгон 550,0 миң тонна көлөмдөгү импорттолуучу D, DG, G маркасындагы көмүрдүн ордуна 391,1 миң тонна көмүр алынган жана жетиштүү болгон. Алынбай калган 158,9 миң тонна импорттолуучу көмүрдөн үнөмдөлгөн сумма 942 950,7 миң сом болгон.

Бул үнөмдөө Бишкек ЖЭБи “Электр станциялары” ААКсынан Бишкек шаарынын мэриясынын карамагына өткөндө жана 2024-жылдын 28-августунда № 51-7/327 номерлүү макулдашуу менен токтотулганда гана пайда болгон. Ошентип импорттолуучу D, DG, G маркасындагы көмүрдүн кышкы сезонго керектүү көлөмүн аныктоодо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан так пландаштыруу жүргүзүлгөн эместигин экендигин далилдейт (айырмасы – 942 950,7 миң сом).

**24.1. Сунуштама*:*** Каражаттарды үнөмдүү пайдалануу максатында, Бишкек шаарынын мэриясы менен биргеликте импорттолуучу D, DG, G үлгүсүндөгү көмүрдүн кышкы сезонго керектүү көлөмү так аныкталсын жана пландаштыруу колго алынсын.

**Бишкек жана Ош жылуулук электр борборлоруна “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсынын жаратылыш газын сатып алуу боюнча**

**25. Аныкталды*:*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220 токтомунун негизинде Бишкек жана Ош шаарларынын жылуулук электр борборлоруна жаратылыш газын жеткирүүгө “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы менен (жеткирүүчү тарап) “Электр станциялары” ААКсы тарабынан (пайдалануучу) 2023-жылдын 31-мартында № Д-60-2-9/119 келишими түзүлгөн жана 74 110,0 миң м3 көлөмдөгү жалпы суммасы 1 778 640,0 миң сомго табигый газ сатып алуу пландаштырылган.

Иш жүзүндө “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы ( 2023-жылдын апрель айынан тартып 2024-жылдын март айына чейин) бардыгы болуп 106 186,4 миң м3 көлөмүндөгү жалпы суммасы 2 575 604,7 миң сомдук жаратылыш газын жогорудагы пайдалануучуларга берген.

Бирок, 2023-жылдын 2-февралындагы Бишкек ЖЭБинде болгон технологиялык бузулуудан улам жана Ош ЖЭБинин 2023-жылдын 15-январындагы №19/21 катында белгиленгендей жаратылыш газын керектөөсү жыл сайын көбөйүп, жылытуу мезгилинин башталышында сырткы абанын температурасы төмөндөп кеткендигине байланыштуу, “Электр станциялары” ААКсы Бишкек жана Ош ЖЭБтерине жаратылыш газын берүү планын көбөйтүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-

жылдын 25-апрелиндеги №220 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө бир нече жолу кат менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министирлигине кайрылган, бирок жооп алган эмес.

Натыйжада “Электр станциялары» ААКсы сатып алуу планында каралбаган жалпы суммасы 796 964,7 миң сомдук 32 076,4 миң.м3 көлөмүндөгү жаратылыш газын сатып алган жана пайдаланылган.

**Корутунду***:* Коомдун Директорлор кеңешинин 2022-жылдын 21-июнундагы №5 протоколу менен бекитилген “Электр станциялары” ААКсындагы “Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жана ишке ашыруу эрежесинин” 7-пунктунун талаптарын бузуу менен сатып алуулар планына караганда жалпы суммасы 796 964,7 миң сомдук 32 076,4 миң м3 көлөмүндөгү жаратылыш газын көп сатып алган (факт -106,2 млн.м3 - план - 74,110 млн.м3 = 32,076 млн м3).

**25.1. Сунуштама:** “Электр станциялары” ААКсы сатып алуулар планына кирбеген товарларды сатып алуу кайталанбасын жана сатып алуу эрежелери так сакталсын, ошондой эле сатып алуу планынан ашыкча 796 964,7 миң сомдук жаратылыш газын сатып алууга жол берген жоопттуу кызматкерлерге тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**“Электр станциялары” ААКсынын филиалы “Бишкек жылуулук тармагы” (боюнча мындан ары –Бишкекжылуулуктармагы)**

**Кассалык жана банктык операциялар**

**1. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын” талаптары аткарылбастан акча каражаттарынын кыймылынын (выписка) маалыматтары боюнча “Бишкекжылуулуктармагында” 2023-жылы 1 985,3 миң сом накталай акча каражаты кассага кириштелип 2 016,2 миң сом чыгышталган.

**1.1. Сунуштама***:* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген "2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны” аткаруу максатында, накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Штаттык бирдиктердин түзүлүшү, эмгек акы жана Социалдык фондго төгүмдөрү боюнча**

**2. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 6-пунктунун талаптары сакталбастан жумуш орундарын аттестациялоодо аттестациялык комиссиянын курамына санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилбеген, же иш ордун аттестациялоо тийиштүү денгээлде жүргүзүлбөстөн 2023-жылы жалпы 2 767,9 миң сомго зыяндуулук үчүн эмгек акыга кошумча төлөмдөр төлөнүп берилген.

**2.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобосунун 6-пунктунун талаптары так сакталсын.

**3. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун жана "Бишкекжылуулуктармагынын" жетекчисинин буйругунун негизинде 16 кызматкерге менчик автотранспортун кызматтык максаттарда пайдаланганандыгы үчүн компенсациялык төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын жалпы суммасы 483,3 миң сом, анын ичинен Социалдык фондко төгүмү 71,1 миң сом. Бирок, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 177-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 193-беренесинин талаптарын бузуу менен, кызматкерлер менен келишим түзбөстөн компенсациялык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**3.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 117-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 177-беренесинин талаптары так сакталсын.

**Бишкек жылуулук тармагынын ишмердүүлүгү боюнча**

**4. Аныкталды/корутунду:** 2024-жылдын 1-январына карата Бишкекжылуулуктармагынын 140 306 абоненти жылуулук энергиясы жана ысык суу менен камсыз болгон. Анын ичинен:

- бюджеттик мекемелер – 360 абонент;
- башка керектөөчүлөр – 4571 абонент;
- Турмуш-тиричилик керектөөчү – 135 375 абонент, анын ичинен:

а) жеке үйлөрдө жашагандар – 1258 абонент;

б) Турак жай-курулуш кооперативдери (ЖСК), Турак жай ээлеринин бирикмеси (ТСЖ), КМ – 33 абонент;

в) ведомстволук үйлөр, ЖЧК – 55 абонент;

г) көп батирлүү турак жайларда жашаган жана жеке типтүү келишими барлар - 134029 абонентти түзөт.

2023-жылга карата чегерүүлөрдүн аудитинин жүрүшүндө Типтүү келишими бар адамдардын (көп кабаттуу үйлөрдөгү батирлер жана жеке сектордогу үйлөр) 2 же андан көп батирлүү абоненттердин аты-жөнүнүн толук дал келүүсү аныкталды. Алсак, муниципалдык турак жайларда 22 906 жана жеке сектордо 5 бирдик. Анын ичинен:

• Бишкекжылуулуктармагы менен келишим түзгөн 15 444 абоненттин аты-жөнү 2 жолу кайталанган;

• 3 жолу - 3507 абоненттин аты-жөнү;

• 4 жолу - 1168 абоненттин аты-жөнү;

• 5 же андан көп жолу – 2787 абонеттин аты-жөнү.

Калкты жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого учурдагы тарифтер алардын иш жүзүндөгү өздүк наркынан кыйла төмөн белгиленет, ошентип, Бишкекжылуулктармагынын карамагындагы батири бар ар бир жаранды жеңилдик менен камсыз кылган. Башкача айтканда берилген жеңилдиктер боюнча чыгымдар, электр энергисынын тарифине таасирин тийигизет.

Жыйынтыктап алганда, бир нече батири бар жана аларды ижарага берип коммерциялык багытта колдонгон же аянты чоң батирлерде (элитка) жашаган калктын бөлүгү кадимки өлчөмдөгү батирлерде жашаган бир батирлүү жарандарга караганда көбүрөөк жеңилдик алган кырдаал түзүлгөн.

Жыйынтыгында, ушундай жагдайлардан улам Бишкек жылуулук тармагынын 2023-жылга бюджетинин жоготуулары эсеп боюнча (расчетно) 54 983,3 миң сомду түздү. Ошол эле учурда, белгилей кетчү жагдай, “Кадастр” мамлекеттик мекемесинде кыймылсыз мүлктү кайра каттоодо жаңы менчик ээлери дайыма эле коммуналдык ишканаларга, анын ичинде Бишкекжылуулуктармагы келишимди кайра каттатуу үчүн кайрылышпайт. Келишимге кайра кол коюу үчүн батирдин ээсинин же анын мыйзамдуу өкүлүнүн жеке катышуусу талап кылынат. Ошол себептен батирдин мурунку ээси Бишкекжылуулуктармагынын маалымат базасында кала берет.

Дагы бир себеби, курулуш компаниялары тарабынан жаңы үйлөрдү курууга жарандардын үлүштүк катышуусу. Көбүнчө, мындай имараттардагы батирлердин келечектеги ээлери тарабынан курууччуларга болгон карыздардын толук төлөнбөгөнү үй пайдаланууга берилгенден жана жеке келишимдерге өткөндөн кийин, ээсинин толук аты-жөнү курулуш компаниясынын өкүлү катары көрсөтүлүшүнө алып келет. Ал эми, сатып-алуу бүтүмү аяктагандан кийин, батирдин жаңы ээси Бишкек жылуулук тармагына келишимди түзүү үчүн келет.

Аудиттин жүрүшүндө айрым абоненттерди тандап алуу жолу текшерүү жүргүзүлүп 2024-жылдын 18-октябрында “Бишкек жылуулук тармагы” муниципалдык ишканасынын Сатуу борборунун өкүлдөрү (Баланс жана талдоо бөлүмү, Борбордук райондун абоненттик бөлүмү (2 участок) жана контракт бөлүмү) Бишкек шаарынын Абдрахманов көчөсүнүн 176 турак жайдын батирлерине комиссиялык текшерүү жүргүзүшкөндө №13 жана

№102-батирлер кеңсе (тил курстары) катары, коммерциялык багытта пайдаланылып жатканы аныкталды.

Ушундай эле учур, Бишкек шаары, Чуй проспектиси №113 турак жайдын №61 жана 62-батирлер кеңселер катары жана Ауэзова көчөсү №7 турак жайдын №2-батири кеңсе катары (Сулуулук салону) пайдаланылып жаткандыгы аныкталды.

Аудит учурунда, кеңсе колдонуучуларына, комиссия тарабынан "Турмуш-тиричилик эмес керектөөчүлөргө жылуулук энергиясын берүү келишимдерин" түзүү үчүн эскертүүлөр берилип келишимдер кайра түзүлдү.

**4.1. Сунуштама:** "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасы:

- "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасынын кызматкерлери тарабынан Бишкекте турак жайды ижарага берген батир ээлеринин маалымат базасын түзүү боюнча иш алып барылсын. Ошондой эле батирлер коммерциялык багытта пайдаланылып жатканы аныкталган учурда, "Турмуш-тиричилик эмес керектөөчүлөргө жылуулук энергиясын берүү келишимдери" түзүлсүн.
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агентигинин Бишкектеги филиалынан турак жай ээлеринин маалыматын алуу боюнча Бишкек шаарынын мэриясы менен биргеликте иш алып барылсын.

**Жылуулук энергиясын жана тармактык сууну сатуу боюнча**

**5. Аныкталды/корутунду:** Бишкекжылуулуктармагы боюнча 2023-жылы талап кылынбаган жылуулук энергиясынын жалпы саны план боюнча 28,3 миң Гкал бекитилген, аныгында (факт) 97,9 миң Гкал түзгөн жана ушуну менен бирге, жылуулук энергиянын сатып алынуучу баасынын орточо эсеби 1 Гкал үчүн 41,57 сомду түзөт, талап кылынбаган жылуулук боюнча ишкананын каражатынын жоготуулары 2 893,3 миң сомду (97,9 миң Гкал* 41,57 сом) түздү. Талап кылынбаган жылуулук энергиясы *(жоготуу)* менен бирге жылуулук энергиясынын баасы турмуш-тиричилик керектөөчүлөргө 1 Гкал үчүн 1248 сом турат.

**5.1. Сунуштама*:*** "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасы: талап кылынбаган жылуулук энергиясы боюнча ишкананын бюджеттик жоготууларына жол берилбесин жана ишкананын талап кылынбаган жылуулук энергиясынын чыгашасына кирешесинен сарпталган чыгымдардын сарамжалдуу жана рационалдуу колдонулушуна чара көрүлсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча**

**6. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылдын 31-декабрына карата Бишкекжылуулуктармагынын бухгалтердик эсебинде катталган дебитордук карыздын жалпы суммасы 690 372,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен үч жылдан ашкан, узак убакыт бою өндүрүлбөгөн дебитордук карыздын жалпы суммасы 12 339,2 миң сомду түзгөн.

**6.1. Сунуштама**: "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасынын жетекчилиги жана тийиштүү кызматкерлери тарабынан

12 339,2 миң сом суммасында дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча кыска мөнөттө комплекстүү иш алып барылсын.

**7. Аныкталды/корутунду:** "Миң түркүн соода үйү" Ачык акционердик коомунун 1 475,0 миң сом суммасында узак убакыт бою өндүрүлбөгөн карыздын калдыгы бар, учурда Бишкек шаарынын Экономикалык иштер боюнча сот аткаруу кызматы тарабынан көрүлгөн чараларга карабастан төлөнбөй келет.

**7.1. Сунуштама***:* "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасынын жетекчилиги жана тийиштүү кызматкерлери тарабынан "Миң түркүн соода үйү" ААКсынын 1 475,0 миң сом суммасындагы узак мөөнөттөн бери өндүрүлбөй келген дебитордук карызды өндүрүү боюнча кыска мөнөттө комплекстүү иш алып барылсын.

**Сатып алуу жол жоболорунун талаптарынын аткарылышы**

**7. Аныкталды/корутунду:** 2023-жылдын 2-февралында "Кристал ИНТ" жоопкерчилиги чектелген коому (ЖЧК) №230124001 сатып алуу конкурсу боюнча утуучу болуп, 2023-жылдын 28-февралында 5 494,7 миң сомго изоляциялоочу материалдар менен камсыз кылууга №3048 келишими түзүлгөн. Келишимдин 3.4 пунктуна ылайык, Жеткирүүчү 2023-жылдын 15-апрелине чейин жеткирүүгө милдеттенет. Бирок, келишимдин 3.4 пунктунда көрсөтүлгөн талаптар аткарылбай, изоляциялоочу материалдардын кээ бир позициялары кечиктирилген.

2023-жылдын 28-февралында №3048 келишимдин 6.3 пунктунун негизинде "Кристал ИНТ" ЖЧКсына убагында жеткирилбеген изоляциялоочу материалдар үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум аудит учурунда эсептелип 30,7 миң сомду түздү.

Ушундай эле, Келишимдин өз убагында толук аткарылбагандыгы үчүн аудит учурунда, 18.04.2022-жылындагы №86 түзүлгөн келишимдин негизинде "Кристалл ИНТ" ЖЧКсына жеткирилбей калган калдык изоляциялоочу материалдар үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип 16,5 миң сом жана 07.02.2023-жылындагы №3032 түзүлгөн келишимдин негизинде "Дос Трейд Компани" ЖЧКсына жеткирилбей калган калдык компенсаторлор үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип 38,2 миң сомду түздү.

**8.1. Сунуштама***:* Түзүлгөн келишимдер боюнча милдеттенмелерди тараптардын аткарышын башкаруу жана контролдоо процесси көзөмөлгө алынсын, аудитте эсептелген 85,4 миң сомдук туумду жеткирүүчүлөрдөн өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Негизги каражаттардын, ТМБ жана финансылык эмес активдердин колдонуусу боюнча**

**9. Аныкталды/корутунду:** "Бишкек жылуулук тармагы" муниципалдык ишканасынын негизги каражаттарына жана товардык-материалдык баалуулуктарына тандалма инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча Ремонт кызматы боюнча төмөнкү кемчиликтер табылды:

1. Кампада тартип сакталбайт, материалдарды эсептөөдө кыйынчылыктар жаралды. Товардык-материалдык баалуулуктар сакталган идиштерде жана таңгактарда наамы жана/же коду көрсөтүлгөн эмес.

2. Обороттук-сальдолук ведомостто негизги каражаттарга өткөрүлүшү керек болгон активдер табылды: бастырма (код №1860) бир даана, суммасы 152,1 миң сом, дарбаза (код №14624) 2 даана, суммасы 85,7 миң сом жана эшик (код №12235) 1 даана, суммасы 11,8 миң сом. Жалпы суммасы 249,6 миң сомду түздү. Аудит учурунда, аныкталган активдер - бастырма (код №1860) бир даана, дарбаза (код №14624) 2 даана жана эшик (код №12235) 1 даана бухгалтердик справка берилип "Негизги каражаттар" категориясына өткөрүлдү.

**9.1. Сунуштама:** Товардык-материалдык баалуулуктарды сактоо жана эсепке алуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн. Кампаларды тартипке келтирип, товарлардын аталышы жана коду көрсөтүлгөн белгилерди идиштерге жана таңгактарга илип коюлсун.

Мындан ары, "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылы 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын.

**10. Аныкталды/корутунду:** Аудиттин жыйынтыгы боюнча запастар жана товардык-материалдык баалулуктар кампаларда сакталат, бул олуттуу каражаттын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келүүдө. Демек, өндүрүш үчүн керексиз запастар жана товардык-материалдык баалуулуктардын керектөөлөрү талдоосуз алуу жолу менен аныкталган, бул камсыздоо кызматы тарабынан мониторингдин жоктугун көрсөтүп турат жана натыйжада, Бишкекжылуулуктармагынын каражаттарын эффективдүү чыгымдоо камсыз кылынбайт.

2023-жылдын 31-декабрына өндүрүштүк процессте узак убакыт бою пайдаланылбаган (үч жылдан ашык) запастар жана товардык-материалдык баалулуктар пландаштырылган максаттарга жетпестен, натыйжасыз сарпталган сумма  5 777,3 миң сомду түзөт.

**10.1. Сунуштама:** Өндүрүштүк процессте запастар жана товардык-материалдык баалулуктарды пайдаланууда, каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча чаралар көрүлсүн.

## "Бишкек жылуулук тармагы" "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун филиалын "Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу" долбоору

**Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду:** Долбоорлордун аткаруу мөнөөтүнө бир нече жолу өзгөртүү киргизилип узартылган, №IDA-HSIP-ICB-HIS/1-2020 келишимди аткаруу мөөнөтү 180 күн же 2022-жылдын апрелине чейин

каралган, 2019-2020-жылдардагы короновирустук инфекция, Россия жана Украинанын ортосундагы атайын аскердик операциянын негизинде логистика маршруттарын өзгөртүү киргизилген себептер боюнча 542 күнгө же 31.03.2023-жылга чейин өзгөртүлгөн. №IDA-HSIP-ICB-HHMU/1-2020 контракт боюнча контракттын аткаруу мөөнөтү 31.12.2023-жылга чейин каралган. Ошондой эле, Дүйнөлүк банктан келип түшкөн каттарга ылайык, Грант МАР №D240-KG жана Кредит МАР №6146-KG боюнча Долбоордун негизги финансылык макулдашуусун, ошондой эле Грант SEKO №TF0B2457 боюнча кошумча макулдашуу боюнча Долбоорду 2024-жылдын 31-декабрына чейин узартуу чечими кабыл алынган. Ошондой эле 2210 жылуулук эсептегич түйүндөрүнүн метрологиялык мүнөздөмөлөрүн жана алардын техникалык регламенттерде белгиленген, же даярдоочу-заводдун коштоочу документтеринде көрсөтүлгөн, милдеттүү талаптарга ылайыктуулугун ырастоонун негизинде колдонууга жарактуулугун белгилөөдө, атап айтканда өлчөө каражаттарын текшерүү кечиктирилип жатканын аудит белгилейт. Жогоруда белгиленген себептерден улам Дүйнөлүк банктан келип түшкөн катка ылайык, Долбоорлорду 2025-жылдын 31-октябрына чейин узартуу чечими кабыл алынган.

Бишкек жылуулук тармагы тарабынан долбоорду өз убагында бүтпөгөндүгү үчүн жоопкерчиликтер каралган эмес. Ушуга байланыштуу аудит долбоордун өз убагында бүтпөй калуу тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

**1.1. Сунуштама***:* “Бишкек жылуулук тармагы” муниципалдык ишканасы тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча иш-чаралар көрүлсүн жана долбоордун өз убагында бүткөрүлбөгөндүгү үчүн жоопкерчилик чараларынын тартиптик жана материалдык түрлөрүн колдонуу каралсын.

**Эмгек акы жана Социалдык фондго төгүмдөрү боюнча**

**2. Аныкталды/корутунду:** Бишкекжылуулуктармагынын долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн башчысы Н.Дж.Курумшиевдин 2022-жылдын 3-октябрындагы «Чыгыш» жылуулук тармагынын I, III, IV долбоорлорун ишке киргизүү үчүн экологиялык жана социалдык маселелер боюнча консультантты жалдоо жөнүндө” №219/146 кызматтык катынын негизинде Бишкекжылуулуктармагы 2022-жылдын 1-ноябрында экологиялык жана социалдык маселелер боюнча консультант К.Жумалиев менен №KG-BTS-318514-CS-CDS түз Келишим түзүлгөн. Келишидин аяктоо мөөнөтү 2022-жылдын 31-декабры. Келишимдин 3-пунктунда төлөөчү суммасы 46 900 сомдон ашпашы керек деп белгиленген. Келишимге бир жыл ичинде бир нече жолу өзгөртүүлөр киргизилген, алар төмөнкү өзгөртүүлөр:

- 2022-жылдын 1-ноябрында түзүлгөн №KG-BTS-318514-CS-CDS Келишимге 2-Кошумча 2022-жылдын 29-декабрында түзүлгөн, Келишимдин мөөнөтү 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-январына чейин. Келишимдин 2-абзацында “Келишимдин суммасын өзгөртпөстөн келишимдин

мөөнөтүн узартууга алып келүүчү Техникалык шарттарга ылайык иш-чараларды аяктоо үчүн кошумча убакыттын зарылдыгын эске алуу менен Келишимдин төмөнкү беренесине өзгөртүүлөр киргизилди”- деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, ошол эле Келишимдин 3-пунктунда төлөөчү келишимдин суммасы 93 800 сомго өзгөртүлүп жогорулатылган, айрымасы 46 900 сомду түзгөн, төлөм жүргүзүлгөн эмес;

- 2022-жылдын 1-ноябрында түзүлгөн №KG-BTS-318514-CS-CDS Келишимге 3-Кошумча 2023-жылдын 25-январында түзүлгөн, Келишимдин мөөнөтү 2023-жылдын 1-февралынан тартып 2023-жылдын 31-мартына чейин. Ошондой эле консультант К.Жумалиевдин 2023-жылдын 27-январында “Дүйнөлүк банк менен долбоордун комплекстүү социалдык кароосун макулдашуу процесси жүрүп жаткандыгына байланыштуу, келишимдин суммасын көбөйтпөстөн, келишимди 2023-жылдын 31-мартына чейин узартууну сурануу боюнча”, “Бишкекжылуулуктармагы” ишканасынын директору У.К.Раимбековго жазган кызматтык каты келишимдин мөөнөтүн узартууга негиз болуп саналган. Аныгында март айында аткарган иши боюнча берилген отчетко ылайык К.Жумалиевге чегерилген эмгек акысы 58,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен Социалдык фондго төгүмү 8,5 миң сом.

- 2022-жылдын 1-ноябрында түзүлгөн №KG-BTS-318514-CS-CDS Келишимге 4-Кошумча 2023-жылдын 23-мартында түзүлгөн, Келишимдин мөөнөтү 2023-жылдын 31-мартынан тартып 2023-жылдын 31-майына чейин. Келишимдин 3-пунктунда төлөөчү келишимдин суммасы 187 600 сомдон ашпашы керек деп өзгөртүлгөн, төлөм жүргүзүлгөн эмес;

- 2022-жылдын 1-ноябрында түзүлгөн №KG-BTS-318514-CS-CDS Келишимге 5-Кошумча 2023-жылдын 31-майында түзүлгөн, Келишимдин мөөнөтү 2023-жылдын 1-июнунан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин. Келишимдин 3-пунктунда төлөөчү келишимдин суммасы 233 412,48 сомдон ашпашы керек деп өзгөртүлгөн. Аныгында июнь айында аткарган иши боюнча берилген отчетко ылайык К.Жумалиевге чегерилген эмгек акысы 93,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен Социалдык фондко төгүмү 13,6 миң сом.

Келишимдин 3-бөлүгүнүн С-пунктусун жана А-Тиркемесинин V-бөлүмүнүн 1-абзацын бузуу менен белгиленген милдеттенмелер, атап айтканда “төлөм консультант эсеп-фактураны бергенден кийин жүргүзүлөт” жана “отчеттор долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн башчысы тарабынан бекитилет”- деп көрсөтүлгөн. Бирок, Консультант тарабынан эсеп-фактура берилген эмес жана отчеттор долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн башчысы тарабынан бекитилбей, бөлүм тарабынан көзөмөлдөнгөн эмес.

**2.1. Сунуштама:** “Бишкек жылуулук тармагы” муниципалдык ишканасы, түзүлгөн келишимдердин шарттарында каралган милдеттерин так аткарсын.

“Бишкек жылуулук тармагы” муниципалдык ишканасынын жооптуу кызмат адамдарынын, экологиялык жана социалдык маселелер боюнча консультант менен түзүлгөн келишимде каралган милдеттердин аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчилиги каралсын.

**“Электр станциялары” ААКсынын филиалы “Камбарата - 2 ГЭСи” (мындан ары-Камбарата - 2 ГЭСи)**

**1. Аныкталды/корутунду:** Камбарата - 2 ГЭСинде апрель айынан - октябрь айына чейин 1 агрегатты толук кандуу иштетүүгө жетиштүү суу келет, ал эми октябрь айынан – апрель айына чейин суунун кириши төмөндөп 1 агрегаттан болгону 65-70 МВт/с чейин электр энергиясын өндүрүүгө мүмкүнчүлүк бар, себеби 1 агрегаттан 120,0 МВт/с электр энергиясын өндүрүү үчүн 280,0 м.куб/с керектелсе, суунун кириши азайган мезгилде 190,0 м.куб/с ашпайт, ал эми суунун кириши көбөйгөн кезде 751,12 м.куб/с чейин жогорулайт.

Камбарата - 2 ГЭСинде суунун кириши көбөйгөн апрель-сентябрь айларында 1 агрегаттан 120,0 МВт/с электр энергиясын алуу мүмкүн, бирок электр энергиясын бөлүштүрүүчү подстанциянын мүмкүнчүлүгү 110,0 МВт/с болгондугунун жана электр линиялары талапка толук жооп бербегендигинен 90,0 МВт/с ашыкча электр энергиясын жөнөтүү мүмкүн болгонбогондугунун себебинен, орточо 30,0 МВт/с электр энергиясын пайдаланууга мүмкүн болбой келет, өндүрүлгөн нарк баасы менен алганда болжол менен (рассчетно) 2023-жылы 102 000,0 миң сом же 120 000,0 миң кВт/саат. Тактап айтканда эсеп менен 102 000,0 миң сомдук электр энергиясын толук алууга, же пайдаланууга мүмкүнчүлүк болбой келет.

**1.1. Сунуштама*:*** Камбарата-2 ГЭСинин 1 гидроагрегатынан өндүрүлүүчү 120,0 МВт/саат электр энергиясынан, пайдаланылбай келген 30,0 МВт/саат электр энергиясын толук пайдалануу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Штаттык бирдиктердин түзүлүшү, эмгек акы жана Социалдык фондго төгүмдөрү боюнча**

**2. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 6-пунктунун талаптарын бузуу менен жумуш орундарын аттестациялоодо аттестациялык комиссиянын курамына санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистерин киргизүү менен уюштурулган эмес жана 2023-жыл ичинде Камбарата – 2 ГЭСинин кызматкерлерине эмгек акыга зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөрдүн жалпы суммасы 6 061,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен Социалдык фондго төгүмү-891,8 миң сом. Анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын” типтүү тизмегине кирбеген кызматтарга да эмгек акыга кошумча төлөмдөр берилип, анын суммасы 629,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен Социалдык фондко төгүмү-92,7 миң сом. Атап айтканда, директорго, директордун орун басарына, директордун кеңешчисине, башкы бухгалтерге, башкы бухгалтердин орун басарына, кадрлар бөлүмүнүн башчысына жана

адистерине, сатып алуулар жана логистика бөлүмүнүн башчысына жана адистерине, юристке жана башкаларга.

**2.1. Сунуштама***:* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобонун талаптары так сакталсын жана Жобонун талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Капиталдык жана кезектеги оңдоолорго каражаттардын планынын аткарылышы боюнча**

**3. Аныкталды/корутунду:** Камбарата - ГЭСинин (Камбарата ГЭС-1 жана Камбарта ГЭС-2) капиталдык салымдары үчүн 2023-жылга карата планда 890 031,3 мин сом каралса, анык аткарылышы 449 194,9 мин сомду түзүп, 440 836,4 мин сомго капиталдык салымдардын планы аткарылбай калган, же план 50,5% аткарылган.

**3.1. Сунуштама***:* "Электр станциялары" ААКсынын филиалы - Камбарата - ГЭСинин планына капиталдык салымдар үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана капиталдык салымдарды планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын.

**Сатып алуу жол жоболорунун талаптарынын аткарылышы**

**4. Аныкталды/корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык Типтүү тартиби Коомдун Директорлор кеңешининин 2022-жылдын 21-июнунда №5 Протоколу менен бекитилген. Камбарата – 2 ГЭСинин сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен сатып алууларды атаандаштыкты жана натыйжалуу тандоону камсыз кылуу үчүн сунуштарды карабастан, рынокту талдоо жүргүзбөстөн, сатып алуулар жол-жоболорун өткөрбөстөн 288,5 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар, өкүлчүлүк чыгашалар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**4.1. Сунуштама***:* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин" жана "Электр станциялары" ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары" ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин" талаптары так сакталсын.

**Негизги каражаттар, товардык-материалдык баалуулуктар жана финансылык эмес активдер боюнча**

**5. Аныкталды/корутунду:** Аудиттин жыйынтыгы боюнча запастар жана товардык-материалдык баалуулуктар кампаларда сакталат, бул олуттуу каражаттын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келүүдө. Демек, өндүрүш үчүн керексиз запастар жана товардык-материалдык баалуулуктардын керектөөлөрү талдоосуз алуу жолу менен аныкталган, бул камсыздоо кызматы тарабынан мониторингдин жоктугун көрсөтүп турат жана натыйжада, Камбарата - 2 ГЭСинин каражаттарын эффективдүү чыгымдоо камсыз кылынбайт.

2023-жылдын 31-декабрына карата өндүрүштүк процессте узак убакыт бою пайдаланылбаган (үч жылдан ашык) запастар жана товардык-материалдык баалуулуктар пландаштырылган максаттарга жетпестен, натыйжасыз сарпталган сумма 42 299,0 миң сомду түзөт. Анын ичинен өтүмсүз материалдар (неликвид) 6 134,4 миң сом жана товардык материалдык баалуулуктар 36 164,6 миң сомду түзгөн.

**5.1. Сунуштама:**

Өндүрүштүк процессте запастар жана товардык-материалдык баалуулуктардын фондуларын пайдаланууда, каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча чаралар көрүлсүн.

**<u>“Камбар-Ата-2 ГЭСинин 2-чи гидроагрегатын ишке киргизүү” долбоору</u>**

**1. Аныкталды/корутунду:** Түзүлгөн келишимдин шарттары боюнча кредиттин берилиши 2021-жылдын 30-июнунда бүтмөк. Тактап айтканда долбоордун аткарылыш мөөнөтү 2021-жылдын 30-июну.

Насыянын 2021-жылдын 30-июнундагы баштапкы жеткиликтүүлүк датасы (дата доступности) кайра каралып, 2025-жылдын 31-декабрында Евразия өнүктүрүү банкы тарабынан бекитилген. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2024-жылдын 31-майындагы №16-3/7131 каты менен Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондуна, насыянын баштапкы жеткиликтүүлүк датасын 2028-жылдын 31-декабрына чейин узартуу боюнча сураныч жөнөтүлүп жообу күтүүлүдө.

2022-жылдын 18-ноябрында башкы подрядчыны тандап алуу үчүн конкурс жарыяланып, 2023-жылдын 12-апрелинде конкурс өткөрүлүп, 2023-жылдын 16-июнунда конкурстун жыйынтыгы, башкы подрядчыны тандап алуу үчүн Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондуна жиберилген. Бирок, Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фонду конкурстук табыштамаларды баалоонун жыйынтыгына жана келишимди ыйгаруу боюнча сунушка каршы пикирин билдирген. Жыйынтыгында 2023-жылдын 8-декабрында “Электр станциялары” Ачык акционердик коому катышуучуларга сынакты жокко чыгаруу боюнча кайрылуу жөнөткөн. Конкурс 3 Лотко (1-Лот “Турбина, генератор жана станциянын жабдуулары” 2-Лот “Бөлүштүрүү жабдуулары жана электр берүү линиялары”, 3-Лот “Водоввод жана курулуш бөлүгү”) бөлүнүп кайра 2024-жылдын 27-июнунда жарыяланган. 2024-

жылдын 22-24-октябрында өткөрүлүп, азыркы учурда балоо жыйынтыгы каралууда.

"Камбар-Ата-2" ГЭСинин 2-гидроагрегатын ишке киргизүү долбоорунун 2023-жылга бюджети 10 990,0 миң АКШ долларга Кыргыз Республикасынын Энергетика министри менен макулдашылып "Электр станциялары" ААКсынын башкы директорунун орун басары тарабынан бекитилген. 2023-жыл ичинде башкы подрядчыны тандап алуу үчүн конкурс жокко чыгарылгандыгынын себебинен долбоордун бюджети 149,1 миң АКШ долларга такталып 100% өздөштүрүлгөн.

2023-жылдын 31-декабрына карата "Камбарата-2 ГЭСинин 2-чи гидроагрегатын ишке киригизүү" долбоорунун алкагында алынган кредиттик каражаттардын өздөштүрулгөнү 0,6% эле түзөт же түзүлгөн келишим күчүнө киргенден тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин 761,2 миң АКШ доллары өздөштүрүлгөн.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Финансы министри менен Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин төрагасы тарабынан бекитилген "Камбарата-2 ГЭСинин 2-гидроагрегатын ишке киригизүү" долбоорун ишке ашыруу боюнча" колдонмонун 38-пунктунун негизинде "Электр станциялары" ААКсы тарабынан финансылык жыл сайын көз карандысыз аудитордук текшерүүнү камсыз кылуу милдеттендирилген. 2023-жылы "Электр станциялары" ААКсы "ЭйчЭлби Марка Аудит" жоопкерчилиги чектелген коому менен келишим түзүп актынын жана эсеп фатуранын негизинде "Электр станциялары" ААКсынын бюджетинин эсебинен 516,0 миң сом сарпталган. Долбоорду аяктоо мөөнөттөрүн узартуу, финансылык жыл сайын көз карандысыз аудитордук текшерүүнү камсыз кылуу боюнча чыгашалары пропорционалдуу көбөйтүлүшүнө алып келет.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан долбоорду өз убагында бүтпөгөндүгү үчүн жоопкерчиликтер каралган эмес. Ушуга байланыштуу аудит долбоордун кошумча келишимде көрсөтүлгөн убагында да бүтпөй калуу тобокелдигинин бар экендигин белгилейт.

**1.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча олуттуу иш-чаралар көрүлсүн.

**Эмгек акы жана Социалдык фондго төгүмдөрү боюнча**

**2. Аныкталды/корутунду:** "Камбар-Ата-2 ГЭСинин 2-гидроагрегатын ишке киргизүү" долбоорун аяктоо мөөнөттөрүн узартуу, долбоордо иштеген кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө түрүндө кредиттик каражаттар жана операциялык чыгымдар боюнча чыгашаларды пропорционалдуу көбөйтүлүшүнө алып келет. 2023-жылы долбоорду ишке ашыруу тобунун кызматкерлерине, "Электр станциялары" ААКсынын бюджетинин эсебинен 4 356,0 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген, анын ичинде Социалдык фондко чегерүүлөр 640,9 миң сомду түзгөн.

**2.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча олуттуу иш-чаралар көрүлсүн.

**<u>“Электр станциялары” ААКсынын филиалы - Токтогул ГЭСтеринин Каскады (мындан ары- Токтогул ГЭСтеринин Каскады)</u>**

**Штаттык бирдиктердин жана эмгек акынын төлөө фондусунун туура түзүлүшү боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду:** Эмгек акынын төлөнүшү боюнча аудит жүргүзүүдө Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын өндүрүштүк кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келбестен, же тактап айтканда кызматкерлерге зыяндуулук үчүн кошумча эмгек акы төлөө боюнча Аттестациялык комиссиянын курамына санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адиси катышпастан жана иш орду боюнча тиешелүү деңгээлде аттестация өткөрүлбөстөн, 2023-жылы 761 кызматкерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөм -31187,6 миң сом, анын социалдык төлөмү- (17,25%) 5379,8 мин сом, жалпысы 36 567,5 мин сом төлөнүшүнө жол берилген.

Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине 2023-жылы зыяндуулук боюнча Аттестациялык комиссиянын курамына санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адиси катышпастан жана иш ордуна тиешелүү деңгээлде аттестация өткөрүлбөстөн 241 кызматкерге эмгек акысына кошумча төлөм - 6540,2 миң сом, анын социалдык төлөмү-(17,25%) 1128,2 мин сом, жалпысы 7 668,4 мин сом төлөнүшүнө жол берилген.

**1.1. Сунуштама:** Кызматкерлерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына шайкеш келтирилип төлөнсүн. Эмгек акыга зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөрдү аталган токтомдун талаптарына шайкеш келтирбестен төлөөгө жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду:** “Электр станциялары” ААКсынын 01.04.2023-жылдагы “Электр станциялары” ААКсынын кызматкерлерине сый акы жана башка төлөмдөрдү төлөө жөнүндө” жобосунун 44 пункту боюнча өндүрүштүк кубаттуулукка катышпаган Коммуналдык комбинат ишканасынын (ККИ) кызматкерлерине жылдын жыйынтыгы менен сый акы төлөө көрсөтүлбөгөндүгүнө жана ККИнин 2023-жылга зыян менен чыккандыгына карабастан 2023-жылдын жыйынтыгы менен 12312,4 миң сом,

социалдык төлөмү (17,25%) 2125,4 мин сом жалпысы 14 446,8 миң сом негизсиз түрдө сый акы төлөөгө жол берилген.

**2.1. Сунуштама*:*** Коммуналдык комбинат ишканасынын кызматкерлерине жылдын жыйынтыгы менен төлөнүүчү сый акылар "Электр станциялары" ААКсынын кызматкерлерине сый акы жана башка төлөмдөрдү төлөө жөнүндө" жобосунун талаптарына шайкеш келтирилип төлөмдөр жүргүзүлсүн. Сый акыларды негизсиз төлөөгө жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Коммуналдык ишканалар комбинатынын ишмердүүлүгү боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду*:*** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын штаттык бирдиктеринин 2023-жылга карата кармалышы боюнча аудит жургүзүүдө Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын башкаруу аппараты бар туруп, 2023-жылда ишкана ишмердүүлүгү боюнча зыян тартып жаткандыгына карабастан, штаттык бирдиктерине оптималдаштыруу жүргүзүлбөстөн Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын негизги "Таза суу менен камсыздоо" жана "Таштандыларды чыгаруу" ишканаларынын жетекчилери жана аткаруучу кызматкерлери бар туруп, андан сырткары алардын үстүнөн 32 штаттык бирдиктен турган Коммуналдык ишканалар комбинатынын башкармалыгы натыйжасыз кармалган. Себеби, "Таза суу менен камсыздоо" жана "Таштандыларды чыгаруу" ишканаларынын ишмердүүлүгүн толугу менен өзүнүн жетекчилери тарабынан аткаруу мүмкүнчүлүгү бар жана ал ишканалардын бухгалтериясынын эсеп-кысабы Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын бухгалтериясы тарабынан жүргүзүлөт. Ошондой эле, комбинаттын карамагындагы Жылуулук менен камсыздоо ишканасы 2023-жылдын 1-апрелинен тартып толугу менен жергиликтүү бюджетке өткөрүлүп берилген.

Коммуналдык ишканалар комбинатынын башкармалыгын кармоо үчүн 2023-жылы эмгек акысына жалпысы 1088,5 миң сом, анын Социалдык фондуна 187,8 миң сом, жалпысы 1276,3 миң сом төлөнүп берилген. Коммуналдык ишканалар комбинатынын башкармалыгын натыйжасыз кармоонун негизинде "Электр станциялары" ААКсынын филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын бюджетинин жоготуусун түзөт.

**1.1. Сунуштама*:*** "Электр станциялары" ААКсынын филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын Коммуналдык комбинат ишканасынын башкармалыгынын штаттык бирдиктерин оптималдаштыруу жагы каралсын жана тармактык эмес коммуналдык ишканаларды Кара-Көл шаардык мериясына жергиликтүү бюджетке өткөрүп берүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча**

**2. Аныкталды/корутунду*:*** Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын 01.01.2024-жылга карата чыккан дебитордук карыздан 3 жылдан жогорку дебитордук карыздары 21561,6 миң сомду түзөт, анын ичинен эң чоң дебитордук карыздар: "Фихтнер GmbH& Co.Kg" ишканасы - 3393,1 миң сомду, "Ст Балтика" ЖЧКсы - 4876,7 миң сомду жана "Леонсия" ЖЧКсынан -

3105,9 миң сомду түзгөн. Токтогул ГЭСтеринин Каскады тарабынан 21 561,6 миң сомдук эски дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча толук кандуу иш жүргүзүлбөгөн жана бүгүнкү күнгө чейин өндүрүлгөн эмес.

**2.1. Сунуштама***:* "Электр станциялары" ААКсынын филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын 01.01.2024-жылга карата 3 жылдан жогорку мезгилден бери өндүрүлбөй келген 21561,6 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча толук кандуу иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Сатып алуулардын жол жоболорунун аткарылышы**

**3. Аныкталды/корутунду***:* "Электр станциялары" ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары" ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин" талаптарына шайкеш келбестен жалпы 62 мамлекеттик сатып алуулар боюнча түзүлгөн келишимдердин ичинен 8 келишим боюнча, келишимде көрсөтүлгөн эрежелердин мөөнөтүндө аткарылбай калуусунун натыйжасында айыптык төлөмдөр аудиттин жүрүшүндө эсептелип эсеп боюнча 316,7 миң сомду түздү.

**3.1. Сунуштама:**

- 2023-жылы түзүлгөн сатып алуулар боюнча келишимдердин талаптарынын аткарылбагандыгынын эсебинен 8 ЖЧКдан эсеп боюнча 316,7 миң сомдук айыптык төлөмдөрдү өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн;

- мындан ары сатып алуулар "Электр станциялары" ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары" ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин" талаптарына ылайык жүргүзүлсүн, түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүндө аткарылышы көзөмөлгө алынсын.

**4. Аныкталды/корутунду***:* Келишимдеги эрежелердин аткарылышы боюнча 2023-жылга карата тандап алуу жолу менен аудит жургүзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" типтүү тартибинин жана "Электр станциялары" ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары" ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин" талаптарына шайкеш келбестен жалпы түзүлгөн сатып алуулар боюнча 62 келишимдин ичинен 22 келишимде Контракттын өзгөчө шартында контракттагы эсеп менен кепилдикти камсыз кылуу наркы мекеме тараптан талап кылынбастан келишимдер түзүлүп 517,8 миң сом акча каражаты депозиттик эсепке түшпөгөндүгү аныкталды.

**4.1. Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана

андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин жана “Электр станциялары” ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 “Электр станциялары” ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин” талаптары так сакталсын, түзүлгөн келишимдердин контракттагы кепилдикти камсыз кылуу жагы көзөмөлгө алынсын жана кепилдикти камсыз кылуу талаптарын аткарбаган тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Капиталдык жана кезектеги оңдоолорго каражаттардын туура чыгымдалышы боюнча**

**5. Аныкталды/корутунду***:* Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын капиталдык оңдоолору үчүн 2023-жылга карата планга 133341,9 миң сом каралса, анык аткарылганы 100854,9 миң сомду түзгөн. Натыйжада капиталдык ондоо иштеринин планынын аткарылбагандыгына байланыштуу, капиталдык ондоо иштерине каралган каражаттан 32487,0 миң сом өздөштүрүлбөй калган.

**5.1. Сунуштама***:* “Электр станциялары” ААКсынын филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын планында капиталдык ондоолору үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана ондоо иштерин планга ылайык толук аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын.

**“Токтогул гидроэлектростанциясын реабилитациялоо 2-Фазасы” долбоору (Долбоор)**

**1. Аныкталды/корутунду:** “Токтогул гидроэлектростанциясын реабилитациялоо 2-Фазасы” долбоорун аяктоо мөөнөттөрүн узартуу, долбоордо иштеген кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө түрүндө кредиттик каражаттар жана операциялык чыгымдар боюнча чыгашаларды пропорционалдуу көбөйтүлүшүнө алып келген. 2023-жылы долбоордун узартылгандыгына байланыштуу ишке ашыруу тобунун кызматкерлерине, “Электр станциялары” ААКсынын бюджетинин эсебинен 4 033,9 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген.

**1.1. Сунуштама:** “Электр станциялары” ААКсы тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча иш-чаралар көрүлсүн.

**Капиталдык жана кезектеги оңдоолорго каражаттардын планынын аткарылышы**

**2. Аныкталды/корутунду***:* Берилген маалыматка ылайык, аткаруу мөөнөтү түзүлгөн келишимде көрсөтүлгөндөй 2023-жыдын 31-декабрына монтаждоо жана демонтаждоо иштери General Electic Франция компаниясы тарабынан убагында аткарылбай, же 29076,1 миң сом, 889,2 миң АКШ доллары жана 1739,2 миң евро акча каржаттары өздөштүрүлбөй калган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын официалдуу сайтынан 31.12.2023-жылга карата курстун наркы 1 АКШ доллары 89,08 сомду жана 1 евро 98,53 сомду түзгөн.

Курска карата (889,2 миң АКШ доллар*89,0799 сом)=79209,9 миң сом, (1739,2 миң евро*98,5186 сом) = 171 343,7 миң сомду түзүп, 2023-жылдын акырына жалпысы 279 629,7 миң сом акча каражаты монтаждоо жана демонтаждоо иштери үчүн өздөштүрүлбөгөй калгандыгы аныкталды.

**2.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча иш-чаралар көрүлсүн жана макулдашууда каралган бюджетти толук өздөштүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн. Монтаждоо жана демонтаждоо иштеринин операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрүндө аткарууну көзөмөлдөөгө тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Долбоордун алкагында сатылып алынган товардык-материалдык баалуулуктары боюнча**

**3. Аныкталды/корутунду*:*** “Токтогул гидроэлектро- станциясын реабилитациялоо 2-Фазасы” долбоору боюнча №10 келишимге кошумча макулдашуунун негизинде ААК, GE Hydro лидер катары Консорциум, өнөктөш Консорциум GE Renewable (Швейцария) тарабынан бардык структураларды реабилитациялоонун аяктоо мөөнөтү 2023-жылдын 29-ноябры деп белгиленген.

Бирок, 2023-жылдын аягына келип түшпөгөн агрегаттын запастык бөлүктөрүнүн суммасы 1 079,8 миң еврону, же 31.12.2023-жылга Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын официалдуу сайтынан алынган маалыматка ылайык 1евро 98,53 сомду түзүп, (1079,8*98,53) = 106 393,3 миң сомду түзгөндүгү аныкталды. Бүгүнкү күндө талаштуу маселелер боюнча Кеңешине узартуу кошумча келишим түзүү боюнча кабарлар берилип азыркы учурда каралууда.

**3.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо, каралган бюджетти толук өздөштүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн жана реабилитациялоо иштеринин операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрүндө аткарууну көзөмөлдөө боюнча тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Токтогул гидроэлектростанциясын реабилитациялоо 3-Фазасы” долбоору**

**1. Аныкталды/корутунду*:*** “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААКсы (“УЭХК” ААКсы) тарабынан тармактагы реформаларды аяктоо жана автоматташтыруу боюнча пилоттук аймакты аныктоо зарыл болгон. Бирок, 2023-жылы “УЭХК” ААКсы жоюлуп, функциялары Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине өткөрүлгөн мезгилге туура келгендигине байланыштуу Энергетикалык компаниялардын структурасын өзгөртүү боюнча процедуралык чаралар боюнча иш алып барылгандыгынан аткаруу графиги 28 айдан кошумча келишимдин негизиде 32 айга өзгөртүлгөн.

Долбоордун бизнес аналитиги тарабынан берилген маалыматка ылайык, 2023-жылга долбоордун бюджетинин планы 105 514,0 миң сомду түзсө, аткарылышы 91 618,6 миң сомду түзүп, 2023-жылдын 31-декабрына карата долбоордун планын аткарылышы боюнча 13895,5 миң сом акча каражаты өздөштүрүлбөгөй калгандыгы аныкталды.

**1.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги тарабынан туруктуу негизде долбоорду өз убагында ишке ашыруу жана долбоорду башкаруу боюнча операциялык колдонмодо каралган мөөнөттөрдү сактоо боюнча иш-чаралар көрүлсүн жана макулдашууда каралган бюджетти толук өздөштүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**“Электр станциялары” ААКсынын филиалы -Ат-Башы ГЭСи (мындан ары- Ат-Башы ГЭСи)**

**1. Аныкталды/корутунду*:*** Ат-Башы ГЭСинин капмпасындагы күйүүчү майды инвентаризациялоо учурунда кампа башчысынын жоопкерчилигиндеги күйүүчү майдан 376 литр (25,3 миң сомдук) жетишпестиги аныкталды.

**1.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсынын филиалы Ат-Башы ГЭСинин жетекчилигине:

- “Электр станциялары” ААКсынын филиалы Ат-Башы ГЭСинин 25,3 миң сомдук жетишпестик жоопту кызматкерден өндүрүлсүн.

-Товардык материалдык баалулуктардын жетишпестигине жол берген тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун жана “Электр станциялары” ААКсынын 2019-жылдын 13-фералындагы №53 “Эсеп саясатын колдонуу жөнүндө” буйругунун негизинде кабыл алынган “Электр станциялары” ААКсынын Эсеп саясатына ылайык балансында турган негизги каражаттардын, товардык-материалдык баалуулуктардын, сакталышына жана туура, так сарпталышына көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Иш-сапар чыгымдары боюнча**

**2. Аныкталды/корутунду*:*** Ат-Башы ГЭСинин 2023-жылдагы бюджетинде план боюнча иш сапар чыгымдарына 924,4 миң сом өлчөмүндө акча каражаты каралган, иш жүзүндө 1 245,9 миң сом акча каражаты сарпталган, талдоо көрсөтүп тургандай иш жүзүндө 321,5 миң сомго ашыкча чыгымдалган, анын ичинен:

- өндүрүштүк чыгымдар менен план 465,2 миң сом, иш жүзүндө 639,1 миң сом, иш жүзүндө 173,9 миң сомго ашыкча чыгымдалган;

- административдик чыгымдар менен план 459,1 миң сом, иш жүзүндө 606,7 миң сом, иш жүзүндө 147,6 миң сомго ашыкча чыгымдалган. Бул көрсөткүч электр энергиясынын өздүк наркынын жогорулашына да алып келген.

**2.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсынын филиалы-Ат-Башы ГЭСинин жетекчилиги иш сапар чыгымдарын бекитилген пландын көрсөткүчтөрүнө ылайык жүргүзүүнү камсыз кылсын. Ошондой эле пландык көрсөткүчтөн ашыкча чыгымдоого жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигин карасын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын эсептешүүлөрү боюнча**

**3. Аныкталды/корутунду*:*** Ат-Башы ГЭСинин бухгалтердик балансынын маалыматтарына ылайык мекемесинин балансында 31.12.2023-жылга карата, 2009-жылдын 3-мартындагы №Д-1106/111 келишими боюнча товарларды жеткирүү үчүн жогорулатылган сумманы которуунун натыйжасында түзүлгөн 83,0 миң сомдук 2009-жылдан берки мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыз болгондугу аныкталды. Бул карызды өндүрүү боюнча мекеме тарабынан өткөзүлгөн соттук иш-чаралардын негизинде Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2021-жылдын 3-февралындагы №ГД-483/21.Б2 чечиминин негизинде “Электр станциялары” ААКсынын “Энерго Вей” ЖЧКсына карызды өндүрүү боюнча доо арызы канааттандыруусуз калтырылсын» жана “Чечим 30 күндүн ичинде Бишкек шаардык сотуна даттанылышы мүмкүн” деген чечими чыккан. Бирок, Ат-Башы ГЭСи тарабынан чечим 30 күндүн ичинде Бишкек шаардык сотуна даттанылынган эмес.

**3.1. Сунуштама*:*** Дебитордук карыздарды убагында өндүрүү жана кечиктирилгис тийиштүү чараларды көрүү жагы көзөмөлгө алынсын.

**Ссудалардын берилиши жана кайтарылышы боюнча**

**4. Аныкталды/корутунду*:*** Ат-Башы ГЭСинин жетекчилиги жана Турак жай комиссиясы тарабынан "Электр станциялары" ААКсынын Генералдык дирекциясынын 2020-жылдын 27-августундагы протоколунун негизинде бекитилген "Электр станциялары" ААКсынын кызматкерлеринин турак жай шарттарын жакшыртууга ссуда берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары аткарылбастан, "Электр станциялары" ААКсынын Башкы дирекциясынын чечими жок туруп 2023-жылы 1 580,0 миң сом өлчөмүндө акча каражаты кызматкерлерге берилген (ссуда).

**4.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсынын филиалы-Ат-Башы ГЭСинин жетекчилиги кызматкерлеге ссуда берүүдө "Электр станциялары" ААКсынын Генералдык дирекциясынын 2020-жылдын 27-августундагы протоколунун негизинде бекитилген "Электр станциялары" ААКсынын кызматкерлеринин турак жай шарттарын жакшыртууга ссуда берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарын сактоону камсыз кылсын жана аталган Жобонун талаптарын бузуу менен 1580,0 миң сомго ссуда берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигин карасын.

**Негизги каражаттары жана товардык-материалдык баалуулуктары боюнча**

**5. Аныкталды/корутунду*:*** Ат-Башы ГЭСинин жетекчисинин 2024-жылдын 12-октябрындагы №136 буйругунун негизинде инвентаризация жасоо учурунда кампадан өтүмсүз, иштетүүгө жараксыз жаңы жана мурда

колдонулган (неликвид) жалпы суммасы 5 354,8 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктар бар экендиги аныкталды, анын ичинен:

- өтүмсүз жана колдонууга муктаждыгы жок жаңы товардык материалдык баалуулуктар 3 402,0 миң сом;

- мурда колдонулган өтүмсүз жана колдонууга муктаждыгы жок товардык материалдык баалуулуктар 1 952,8 миң сом. Бирок, бул өтүмсүз жана колдонууга муктаждыгы жок жаңы жана мурда колдонулган (неликвид) товардык материалдык баалуулуктар боюнча Ат-Башы ГЭСинин жетекчилиги тарабынан КУЭТ ААКсына, Камабар-Ата ГЭСине,Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадына жана Ош ТЭЦине сунуштар кат жүзүндө жөнөтүлгөн, бирок жыйынтыктар болгон эмес.

**5.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсынын филиалы-Ат-Башы ГЭСинин жетекчилиги “Электр станциялары» ААКсы менен бирдикте:

- Ат-Башы ГЭСинин чарбалык кампасындагы өтүмсүз жана колдонууга муктаждыгы жок жаңы жана мурда колдонулган жалпы суммасы 5 354,8 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, “Электр станциялары” ААКсынын башка структуралык бөлүмдөрүнө кайра бөлүштүрүү боюнча иш чараларды жүргүзүү камсыздалсын. Өндүрүш процессине товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда талдоо жана мониторинг жүргүзүү жана рационалдуу пайдалануу камсыздалсын.

- өндүрүш процессине товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда талдоо жана мониторинг жүргүзүүнү жана рационалдуу пайдаланууну камсыз кылсын

**Сатып алуулардын жол жоболорунун аткарылышы**

**6. Аныкталды/корутунду*:*** Ат-Башы ГЭСинде 2023-жылга товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун жана “Электр станциялары” ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 “Электр станциялары” ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин” талаптары сакталбаган. Башкача айтканда, Ат-Башы ГЭСи 2023-жылга сатып алуулардын такталган планында көрсөтүлбөгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жалпы суммасы 521,7 миң сомго сатып алуулардын жол-жоболорун өткөрбөстөн сатып алган.

**6.1. Сунуштама:**

- Ат-Башы ГЭСинин жетекчилиги товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана аткарылган жумуштарды сатып алууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50

жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун жана "Электр станциялары" ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары" ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин" талаптарын аткарууну камсыз кылсын.

- Сатып алуулардын жол-жоболорун аткарбастан, сатып алууларды жүргүзгөн тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**"Ат-Башы" гидроэлектростанциясын реконструкциялоо долбоору**

**1. Аныкталды/корутунду:** "Ат-Башы ГЭСинин реконструкциялоо" долбоорлоруна Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускамасына ылайык тиешелүү финансылык отчеттор, түзүлгөн келишимдер ж.б. берүү-кабыл алуу документтерин өткөрүп берүү-кабыл алуу боюнча комиссиясы түзүлбөстөн жана мекеменин жетекчисинин берүү-кабыл алуу боюнча буйругу жок туруп, өткөрүп берүү-кабыл алуу жүргүзүлгөн, башкача айтканда "Ат-Башы ГЭСинин реконструкциялоо" долбоорлорунун - өткөрүп берүүчү "Ат-Башы ГЭСинин" камсыздоо бөлүмүнүн башчысына - кабыл алуучу болуп акты түзүлүп өткөрүлгөн.

**1.1. Сунуштама:** Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускамасына ылайык "Ат-Башы ГЭСинин реконструкциялоо" долбоорлоруна тиешелүү финансылык отчеттор, түзүлгөн келишимдер ж.б. тийиштүү бардык документтер жетекчинин буйругунун негизинде комиссия түзүлүп, өткөрүп берүү-кабыл алуу актысынын негизинде өткөрүү жүргүзүлсүн.

**"Электр станциялары" ААКсынын филиалы – "Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады" (мындан ары- Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады)**

**1. Аныкталды/корутунду***:* 2023-жылдын 29-декабрындагы "Электр станциялары" ААКсынын башкы директору тарабынан "Электр станциялары" ААКсынын кызматкерлеринин жыл ичинде жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаргандыгы үчүн сый акы төлөө жөнүндө" жобосу бекитилген. Жобонун 1-пунктутунда "Жылдын жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаруу үчүн сый акы төлөө жөнүндө жобо "Электр станциялары" ААК энергия жабдууларынын ишенимдүүлүгүн жогорулатууда кызматкерлердин материалдык кызыгуусун жогорулатуу максатында кабыл алынган", 3-пунктунда "Жыл ичинде жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаруу үчүн сый акы "Электр станциялары" ААКсы боюнча жалпысынан жыл үчүн жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаруу шартында эсептелет" деп көрсөтүлгөн.

Аудит камтыган мезгил аралыгында берилген маалыматтын негизинде электр энергиясын өндүрүү боюнча план 3749772 миң кВт/с каралып, иш жүзүндө факт 3675545 миң кВт/с аткарылып же 98,02% тузгөнү аныкталды. Анын ичинен Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады план боюнча 1881251 миң

кВт/с каралып, иш жүзүндө факт 1821281 миң кВт/с аткарылып же 96,81% түзгөн, Шамалдуу-Сай ГЭСи план боюнча 969868 миң кВт/с каралып, иш жүзүндө факт 962620 миң кВт/с аткарылып же 99,25% түзгөн жана Үч-Коргон ГЭСи план боюнча 898653 миң кВт/с каралып, иш жүзүндө факт 891644 миң кВт/с аткарылып же 99,22% түзгөн.

Бирок, коюлган пландын толук аткарылбагандыгына карабастан "Электр станциялары" ААКсынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №528-ОК "2023-жыл үчүн жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаруу үчүн сый акы төлөө жөнүндө" жана Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №664 "2023-жыл үчүн жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаруу үчүн сый акы төлөө жөнүндө" буйруктардын негизинде кызматкерлердин материалдык кызыгуусун жогорулатуу максатында 49982,1 миң сом сый акы төлөнүп берилген.

**1.1. Сунуштама:** Сый акылар "Электр станциялары" ААКсынын кызматкерлеринин жыл ичинде жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырманы аткаргандыгы үчүн сый акы төлөө жөнүндө" жобосунун талаптарына ылайык төлөнүп берилсин, негизсиз сый акыларды төлөөгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду*:*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомунун негизинде 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары” ААКсында сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелери" “Электр станциялары” ААКсынын Директорлор кеңешинин протоколу менен бекитилген. Бекитилген эрежелердин 5.2 пунктунда Ушул эрежелердин максаттары үчүн төмөнкү терминдер жана аныктамалар колдонулат, алардын ичинде Рынокту талдоо, баалардын мониторинги - сатып алуу предметине бааларды аныктоо, сатып алуулардын натыйжалуулугун жана сапатын, жеткирүүчүлөрдүн болушун, ал эми зарыл болгон учурда анын чегинен тышкары сатып алуу предметинин болушун камсыз кылуу максатында товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногун бардык жеткиликтүү каражаттар менен изилдөө каралган.

Аудит учурунда алынган маалыматын негизинде Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадында сатып алуулар боюнча белгиленген усулдар аркылуу товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү 152681,2 мин сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинен төмөнкү усулдар аркылуу өткөрүлгөн алар; чексиз усулу аркылуу 59872,2 миң сомго, жөнөкөй усулу аркылуу 159,6 миң сомго жана түз сатып алуу усул аркылуу 92649,4 миң сомго.

Бирок, Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадында жогоруда көрсөтүлгөн сатып алуулар эрежелеринин талаптары аткарылбай, же рыноктуу талдоо баалардын мониторинги жүргүзүлбөй же (жүргүзүлгөн күнү, айы) көрсөтүлбөй, жалпысы 19376,2 миң сомго товарларды сатып алуулар жүргүзүлгөнү аныкталды.

**2.1. Сунуштама*:*** 2022-жылдын 21-июнундагы №5 "Электр станциялары” ААКсынын “Сатып алууларды уюштуруунун жана ишке

ашыруунун ички эрежелери" жобосунун негизинде иш алып барылсын жана аталган жобонун талаптарын сактабастан сатып алууларды жүргүзгөн тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**3. Аныкталды/корутунду:** Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады тарабынан сатып алуулар боюнча белгиленген усулдар аркылуу товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү 152681,2 мин сомго сатып алынып, келишимдер түзүлгөн. Түзүлгөн келишимдердин 7.7.1. пунктунда "Жеткирүүчү тарабынан жеткирүү мөөнөтү бузулган учурда, Жеткирүүчү Сатып алуучуга ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,10% өлчөмүндө үстөк айып (туум айып) төлөйт, максималдуу кемитилүүчү сумма келишимдин баасынан 5% түзөт" деп көрсөтүлгөн.

Бирок аудит учурунда жеке ишкер Э.А.Мамбетова менен бланк продукциясын алып келүү үчүн келишим түзүлгөн, келишимдин 7.7.1. пункту аткарылбай 3602,07 сом туум;

“ИдеалСтрой ТК” ЖЧКсы менен курулуш материалдарды алып келүү үчүн келишим түзүлгөн, келишимдин 7.7.1. пункуту аткарылбай 4296,87 сом туум;

Жеке ишкер П.И.Апсаматова менен боёк буюмдарын (лакокрасочная продукция) алып келүү үчүн келишим түзүлгөн, келишимдин 7.7.1. пункуту аткарылбай 14298 сом туум;

“Электро Комплекс” ЖЧКсы менен кабел продукциясын алып келүү үчүн келишим түзүлгөн, келишимдин 7.7.1. пункуту аткарылбай 11821,5 сом туум айып эсептелинип, жалпы 34,0 мин сомду түзөт.

**3.1. Сунуштама*:*** “Электр станциялары” ААКсынын филиалы – Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады түзүлгөн келишимдин негизинде иш аткарылып, жетекчи тарабынан көзөмөл жүргүзүлүп, келишимде көрсөтүлгөн ар бир кечиктерилген күн үчүн жалпы 34,0 миң сомдук туумду (пеня) өндүрүү боюнча чара көрүлсүн жана убагында тийиштүү чара көрбөгөн жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**4. Аныкталды/корутунду*:*** Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын 2023-жылдын гидроэлектростанциялардын суу балансынын мүнөздөмөсүнө ылайык Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскадынын суу агымы (приток) 140029,274 млн м3, ал эми иштеп чыгууга 13649,996 млн м3 чыгымдалган. Шамлды -Сай ГЭСине суу агымы (приток) 13650,946 млн м3, ал эми иштеп чыгууга 14003,193 млн м3 чыгымдалган ал эми Үч-Коргон ГЭСине суу агымы (приток) 14051,759 млн м3, ал эми иштеп чыгууга 12700,972 млн м3 чыгымдалып, жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында суунун чыгымдалышы 40354,161 млн м3 түзүп, 3675545 миң кВт/с электр энергиясы иштелип чыкан.

Аудит учурунда белгилүү болгондой, берилген маалыматтын негизинде суу режимине байланыштуу Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын нөөмөт башчысынын буйруктарынын негизинде жана гидроагрегаттардын капиталдык жана учурдагы оңдого иштерине байланыштуу Шамалды -Сай ГЭСинен бош агызылган суунун көлөмү 47,0 млн м3 жана Үч-Коргон

ГЭСинен бош агызылган суунун көлөмү 368,484 млн м3 жалпы 415,484 млн м3 түзгөн.

Бирок, 415,484 млн.м3 бош агызылган суунун эсебинен өндүрүлбөй калган электр энергиясы 29,10 млн кВт сааты, же 23 875,6 мин сомду түзгөн.

**4.1. Сунуштама:**

"Электр станциялары" ААКсынын филиалы Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады тарабынан Токтогул ГЭСтеринин Каскадынан агып келген суу ресурстарын өндүрүшкө толук пайдаланып, кириштелген сууну бош агызбоо, суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду***:* "Энергетика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренеси боюнча "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү энергетикалык программаны аныктайт жана ушул Мыйзамга, башка ченемдик укуктук актыларга ылайык ушул программанын ишке ашырылышын контролдоону жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отун-энергетика комплекси чөйрөсүндөгү функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт анын ичинен компетенциясынын чектеринде отун-энергетика комплексиндеги мамилелерди жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алат", - деп көрсөтүлгөн, ал эми Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады трансформаторлордо электр энергиясынын жоготуусун 1989-жылы чыгарылган "Энергоатомиздат" (Москва) өзгөрүүлөрү менен "Жогорку чыңалуудагы электр орнотуулары боюнча колдонмо" Колдонмодо электр машиналарын, күч трансформаторлорун, РУ жабдууларын, жогорку чыңалуудагы аба жана кабелдик линияларды эксплуатациялоо боюнча маалыматтар берилген. Экинчи басылышы 1981-жылы чыккан. Үчүнчү басылышка атмосфера булганган аймактарда орнотулган Электр станцияларынын, оперативдүү туруктуу ток системаларынын, электр машиналарын козгоо системаларынын, кабелдик курулмалардын, жабдуулардын өздүк муктаждыктарын тандоо жана тейлөө боюнча материалдар киргизилген. Электр станцияларынын жана тармактарынын инженердик-техникалык кызматкерлери, долбоорлоо, оңдоо жана монтаждоо уюмдары үчүн колдонулуп келет.

Аудит учурунда алынган маалыматтын, техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн негизинде трансформаторлордо электр энергиясын жоготуусунун планы 8449,652 миң кВт/с бекитилип, иш жүзүндө 8424,245 миң кВт/с түзгөн.

Таш-Көмүр ГЭСтеринин Каскады боюнча трансформаторлордо электр энергиясын жоготуулары 8424,245 миң кВт/с, же 6911,8 миң сомду түзгөн. Бирок, жоготуулардын нормалары ченемдик укуктук актылар менен так бекитилип берилген эмес.

**5.1. Сунуштама***:* Электр энергиясынын технологиялык жоготууларын эсептөө үчүн, так нормаларды иштеп чыгып, бекитип алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**“Электр станциялары” ААКсынын филиалы Ош жылуулук электр борбору (мындан ары- Ош ЖЭБи)**

**1. Аныкталды/корутунду*:*** “Электр станциялары” ААКсынын 2023-жылдын 10-апрелиндеги №101 “2022-2023-жылдагы күз-кыш мезгилин Электр станциясы өтүү боюнча сыйлык берүү жөнүндө” буйругунда өзгөчө маанилүү өндүрүштүк тапшырманы аткарууга активдүү катышкандыгы үчүн сый акы төлөп берүүсү каралган.

Ош ЖЭБи жогоруда көрсөтүлгөн буйрукту аткарууда 2023-жылдын 11-апрелинде №103 “2022-2023-жылдагы күз-кыш мезгилин өткөндүгүнө сый акы төлөө” буйругу чыгарылып жалпы 1755,5 мин сом сый акы төлөнүп берилген.

Бирок, Ош ЖЭБиндеги кызматкерлердин өзгөчө маанилүү өндүрүштүк тапшырманы аткарууга активдүү катышкандыгы боюнча баалоо критерийлери иштелип чыкпай төлөнүп берилгени аныкталды.

**1.1. Сунуштама*:***

Өзгөчө маанилүү өндүрүштүк тапшырманы аткарууда баалоо критерийлерин иштеп чыгып жана алардын негизинде сый акылардын төлөнүшү камсыздалсын.

**2. Аныкталды/корутунду*:*** 2021-жылдын 09-июнундагы "Электр станциялары" ААКсынын Уставы бекитилген. Уставдын 15.3.2 пунктуна ылайык ички ченемдик укуктук актылары Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет. Аудит учурунда белгилүү болгондой Ош ЖЭБинин 2023-жылдын 6-апрелиндеги №99 “Ош ЖЭБи боюнча командалык-штабдык окуулардын жана жарандык коргонуу боюнча иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча жана жарандык коргонуу штабынын башчысы М.А. Парпиевдин кызматтык катынын негизиндеги” буйругунун негизинде, жарандык коргонуу иш-чараларын аткаруудагы артыкчылыгы жана активдүү катышкандыгы үчүн акчалай сыйлык менен сыйланып жалпы 181,0 мин сом төлөнүп берилген.

Бирок Ош ЖЭБи тарабынан Директорлор кеңеши же “Электр станциялары” ААКсынын сый акыларды төлөө маселелери боюнча чечими жок төлөнүп берилген.

**2.1. Сунуштама*:*** Кызматкерлерге сый акылар тиешелүү ченемдик-укуктук актыларга ылайык төлөнсүн.

**3. Аныкталды/корутунду*:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-мартындагы № 172 “Жылуулук энергиясын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомунун 100-беренесинде Керектөөчүлөр жылытуу мезгилинде колдонулуп жаткан тарифтер боюнча календардык айда бир жолу төлөм жүргүзөт. Жылуулук менен жабдуучу уюм көрсөткөн эсептерди керектөөчү эсеп-билдирме көрсөтүлгөн күндөн тартып, 10 календардык күндүн ичинде, кандай гана себеп боюнча болбосун, анын ичинде керектөөчүдө каражаттардын жоктугунан төлөнбөгөн учурда, жылуулук менен жабдуучу уюм, төлөм келип түшкөн күндөн баштап, төлөм аткарылган күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык керектөөчүгө төлөнбөгөн сумма боюнча пайыздарды кошуп эсептейт.

101-беренесинде көрсөтүлгөндөй, туум өндүрүп алуу укугуна карабастан, жылуулук менен жабдуучу уюмдун эсеп берилген күндөн тартып, 10 күндүн ичинде төлөнбөгөн учурда керектөөчүгө жылуулук энергиясын берүүнү токтотуу укугу сакталат. 107-беренесинде Жылуулук менен жабдуучу уюм төмөнкү учурларда 3 күнгө чейин билдирүү менен керектөөчүгө жылуулук энергиясын берүүнү чектеши же токтотушу мүмкүн. 1-пунктунда Жылуулук энергиясына Келишимде белгиленген төлөө мөөнөттөрүн керектөөчүнүн бузуулары деп көрсөтүлгөн.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Ош ЖЭБинин берилген маалыматынын негизинде жалпы 2024-жылдын 1-январына дебитордук карыз жалпы 70330,7 миң сомду түзүп, анын ичинен учурдагы дебитордук карызы 45452,6 мин сом, ал эми бир айдан тартып үч жылдан жогоркусу 24878,1 миң сомдук дебитордук карызды түзгөн.

Бирок Ош ЖЭБи тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун айрым талаптары аткарылбай же болбосо керектөөчүлөр жылытуу мезгилинде колдонулуп жаткан тарифтер боюнча календардык айда бир жолу төлөмдөр жүргүзүлбөй ошондой эле жылуулук менен жабдуучу уюм 3 күнгө чейин билдирүү менен керектөөчүгө жылуулук энергиясын берүүнү чектебей же токтотулбай жылуулук энергиясы берилген.

**3.1. Сунуштама*:*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-мартындагы № 172 “Жылуулук энергиясын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомунун негизинде иш алып барылсын, жылуулук төлөмдөрүн убагында төлөбөгөн абоненттерге токтомдун талаптарына ылайык убагында тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**4. Аныкталды/корутунду*:*** Кыргыз Республикасынын “Электр энергетикасы жөнүндө” Мыйзамынын 23-беренесине ылайык, Бардык бөлүштүрүүчү компаниялар эсептегичтердин көрсөтмөлөрүн маалы менен алып туруу, счетторду түзүү жана акча жыйноонун натыйжалуу ыкмаларын белгилөө үчүн кызмат көрсөтүлүүчү электр энергиясына ар бир точкада ишенимдүү жана коопсуз эсептегичтерди коюуга милдеттүү. Турмуш-тиричилик абоненттери үчүн электр жана жылуулук энергиясынын счетчиктери (жеке эсептөөчү приборлор) энергия менен жабдуучу уюмдардын каражаттарынын эсебинен сатылып алынат, орнотулат жана эксплуатацияланат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-мартындагы № 172 токтому менен бектилген Жылуулук энергиясын пайдалануу эрежелеринин 43-пунктуна ылайык, жылуулук менен жабдуучу уюм жана керектөөчү арасында жылуулук энергияга эсептешүү приборлору жана түзүлүштөрү керектөөчү тарабынан сатылып алынат, орнотулат жана пайдаланылат: үй-тиричилик керектөөчүлөрүнө - жылуулук менен жабдуучу уюм тарабынан; башкалар үчүн - керектөөчү тарабынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 5-мартындагы №1/1 буйругу менен бекитилген Имараттардын жылуулук энергиясын керектөөсүн эсептөө боюнча методикасына ылайык, турак үйлөрдүн, коомдук жана административдик

имараттардын, ишканалардын жылытуу, желдетүү, ысык суу менен жабдуу жана технология муктаждыктарына керектелген жылуулук энергиясына (долбоордук маалыматтар жок болгон учурда) эсептик керектөөлөрүн аныктоо үчүн арналган. Субъект тарабынан жылуулук энергиясынын иш жүзүндөгү чыгымы эсептөө приборлору боюнча аныкталууга тийиш, анткени жылуулук энергиясын прибордук эсепке алуунун натыйжалары боюнча гана жылуулук энергиясын керектөө, инженердик тармактардагы жылуулук жоготуулары, буу казандарынын жылуулук техникалык жабдууларынын ишинин натыйжалуулугу ж.б. боюнча алдын ала маалыматтар алынат. Түтүктөрдө муздатуу менен жылуулук энергиясынын жоголуусу беш жылда 1 жолу мезгилдүүлүгү менен аныкталат. Жылуулук сыноолорду жүргүзүү мүмкүн болбогон учурда жоготуулар эсептешүү жолу менен аныкталат. Түтүктөрдө жылуулукту жоготуунун учурдагы нормалары жылуулук алып жүрүүчүнүн жана курчап турган чөйрөнүн жылдык, сезондук, айлык орточо температурасынын маанилери менен аныкталат деп көрсөтүлгөн.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Ош ЖЭБи берген маалыматынын негизинде жалпы 161,282 миң Гкал жылуулук энергиясы иштелип чыгып, керектөөгө 120,849 миң Гкал берилип, ал эми калган 40,433 миң Гкал же болбосо 59802,5 миң сом (жылуулук 48599,9+суу 11202,5) жылуулук энергиясынын жоготууларын түзгөн.

Бирок, Ош ЖЭБи тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзам жана токтомдордун талаптары толук аткарылбай, же түтүктөрдөгү жылуулук сыноолору жүргүзүлбөй, жылуулук энергиясынын счетчиктери орнотулбай жылуулук энергиясынын жоготуулары так эсептелбестен, болжолдуу, же иштеп чыгылган жылуулук менен керектөөчүлөргө берилген жылуулуктун айырмасы, жоготуу деп коюлган.

**4.1. Сунуштама*:***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-мартындагы №172 “Жылуулук энергиясын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 5-мартындагы №1/1 буйругу менен бекитилген “Имараттардын жылуулук энергиясын керектөөсүн эсептөө боюнча” методикасынын негизинде иш алып барылсын жана жылуулук энергиясынын жоготууларынын так эсебин жүргүзүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду*:*** “Электр энергетикасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесине ылайык, бардык бөлүштүрүүчү компаниялар счетчиктердин көрсөткөндөрүн маалы менен алып туруу, счетторду түзүү жана акча жыйноонун натыйжалуу ыкмаларын белгилөө үчүн кызмат көрсөтүлүүчү электр энергиясына ар бир точкада ишенимдүү жана коопсуз эсептегичтерди коюуга милдеттүү. Турмуш-тиричилик абоненттери үчүн электр жана жылуулук энергиясынын счетчиктери (жеке эсептөөчү приборлор) энергия менен жабдуучу уюмдардын каражаттарынын эсебинен сатылып алынат, орнотулат жана

эксплуатацияланат. "Энергетика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү энергетикалык программаны аныктайт жана ушул Мыйзамга, башка ченемдик укуктук актыларга ылайык ушул программанын ишке ашырылышын контролдоону жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отун-энергетика комплекси чөйрөсүндөгү функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт анын ичинен компетенциясынын чектеринде отун-энергетика комплексиндеги мамилелерди жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну. ошондой эле Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигине караштуу отун-энегетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2023-жылдын 29-апрелиндеги №80 "Энергетикалык компания үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө" буйругунун 3-пункутунун 1-пункчасында "Көлөмүндө акыркы керектөөчүлөргө ишке ашыруу үчүн 1 кВтс 64,50 тыйын" каралган, 2-пункчасында 110-500 кВ чубалгыларында техникалык жоготууларга 19,80 тыйын салыксыз каралган деп көрсөтүлгөн.

Ош ЖЭБинин берилген маалыматында 2023-жылы жалпы электр энергия 110 кВ чубалгылар аркылуу жалпы 717739,349 миң кВт/с электр энергиясы Ош ЖЭБи кабыл алып, анын ичинен 343903,982 миң кВт/с электр энергиясы 110 кВ чубалгысы аркылуу, калган 332200,311 кВт/с электр энергиясы 35 кВ чубалгысы аркылуу кайра берилген.

Ал эми калган 41635,056 миң кВт/с электр энергиясы Ош ЖЭБнын өздүк мукдаждыгына иштетип, техникалык жоготуулары 1238,834 кВт/с, же 79,9 миң сомду түзгөн. Электр энергиясын чыгымдарынын эсебин жүргүзүүдө, электр энергиясынын техникалык жоготууларынын нормалары ченемдик укуктук актылар менен бекитилип берилген эмес.

**5.1. Сунуштама:** Бул аныктама боюнча сунуштама тиешелүү органадарга (КР Министрлер Кабинетине, КР Энергетика министрлигине жана "КУЭТ" ААКсына) берилди.

**"Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо" долбоору**

**1. Аныкталды/корутунду***:* "Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо" долбоору боюнча 2019-жылдын 1-ноябрында Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкы 100,0 млн. АКШ долларына макулдашууга кол коюлган.

"Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо" долбоору боюнча 2019-жылдын 1-ноябрындагы Кредиттик жана Гранттык макулдашуунун 3.04-беренесинин негизинде долбоордун аткаруу мөөнөтү 2025-жылдын 30-июну деп белгиленген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2021-жылдын 21-октябрындагы №26-1/1691 Азия өнүктүрүү банкына жазган катынын негизинде Долбоорлордун аткаруу мөөнөтүнө бир жолу өзгөртүү киргизилип узартылган, ал 2019-2020-жылдардагы короновирустук инфекция себептери боюнча долбоордун аткаруу мөөнөтүү 2027-жылдын 30-июну деп белгиленген.

“Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо” долбоорунун 2023-жылга бюджети 10 987,0 миң АКШ долларга Кыргыз Республикасынын Энергетика министри менен макулдашылып “Электр станциялары” ААКсынын башкы директорунун орун басары тарабынан бекитилген. Анын ичинен Гранттык каражаттар 4 630,0 миң АКШ доллары жана Кредиттик каражаттар 6357,0 миң АКШ доллары. 2023-жыл ичинде башкы подрядчынын графикте белгиленген мөөнөттө бүтпөгөндүгүн себебинен долбоордун бюджети 515,92 миң АКШ долларга такталып 100% өздөштүрүлгөн. Анын ичинен Гранттык каражаттар 320,43 миң АКШ доллары жана Кредиттик каражаттар 195,49 миң АКШ доллары. Келишимдин шарттары боюнча 4-гидроагрегаттын реабилитациясы 2023-жылдын 1-мартынан 2023-жылдын 16-ноябрына чейин аткарылышы керек болчу, бирок реабилитацияга чейин China National Electric Energining менен Dongfang Electric Machinery Консорциуму керектүү жабдууларды убагында жеткирилбегендигинен, бекитилген бюджетке өзгөртүү киргизилген.

Жеткирүүчү China National Electric Engineering жана Dongfang Electric Machinery Консорциумунун эсебинен контрактынын 26-пунктунун “Аяктоо мөөнөтүн кепилдөө” талаптарына ылайык ишти өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип, болжолдуу суммасы 352,2 миң АКШ долларын же 30 641,4 миң сомду түздү.

**1.1. Сунуштама*:*** Түзүлгөн келишимдер боюнча милдеттенмелерди тараптардын аткарышын башкаруу жана контролдоо процесси көзөмөлгө алынсын, аудитте эсептелген 352,2 миң АКШ долларын же 30 641,4 миң сомдук туумдарды жеткирүүчүлөрдөн өндүрүү боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**“Электр станциялары” ААКсынын филиалы Бишкек жылуулук электр борбору (мындан ары-Бишкек ЖЭБи)**

**1. Аныкталды/корутунду*:*** Бишкек ЖЭБинин 2023-жылга болгон жалпы чыгымдарына анализ жасоодо эмгек акы фондунан өргүү резервине планда акча каражаты каралган эместиги, ашыкча чыгымдар 3 164,6 миң сомду түзгөндүгү аныкталды. Демек, Бишкек ЖЭБи тарабынан эмгек акы фонду боюнча жалпы пландан ашыкча чыгымдар 3 164,6 миң сомду түзгөн.

**1.1. Сунуштама*:*** “Бишкек жылуулук электр борбору” ишканасынын жетекчилиги тарабынан эмгек акы боюнча планда каралган чыгымдарды, бекитилген пландан ашырбоо көзөмөлгө алсын жана ашыкча чыгымдоолорго жол берилбесин.

**2. Аныкталды/корутунду*:*** Аудитке берилген маалыматтар боюнча 2023-жылдын декабрь айында жалпы 104 017,1 миң сомго жыл жыйынтыгы боюнча сыйлыктар (вознаграждения по итогам года) төлөнүп берилген. Бирок, Бишкек ЖЭБинин жетекчилиги тарабынан тартиптик жаза (эскертүү, сөгүш) алган жумушчуларга жана кызматкерлерге ай сайын берилүүчү жана жылдын жыйынтыгы боюнча берилүүчү сый акылардан кыскартуу же такыр ажыратуу боюнча чечимдер кабыл алынган эмес. Ошонун эсебинен, Бишкек ЖЭБинин жетекчилиги жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырмаларды аткаргандыгы үчүн жыл жыйынтыгында сый акыларды эсептөө жөнүндө чечим кабыл

алууда жыл ичинде тартиптик жазаларын эске албастан, Бишкек ЖЭБинин жетекчилигинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №528-ОК буйругунун жана Бишкек ЖЭБинин администрациясы жана профсоюздук комитетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы протоколунун негизинде жыл жыйынтыгы боюнча сыйлыктардан 10 кызматкерге 683,9 миң сомдук сый акылар төлөнгөн.

**2.1. Сунуштама:**

- Ишкананын жетекчилиги жумушчу кубаттуулугу боюнча тапшырмаларды аткаргандыгы үчүн сый акыларды эсептөө жөнүндө чечим кабыл алууда жыл ичинде алынган тартиптик жазалары эске алынсын;

- Бишкек ЖЭБинин кызматкерлерине эмгек акы жана башка төлөмдөр боюнча ички жоболордо көрсөтүлгөн ай сайын жана жыл жыйынтыгы боюнча берилүүчү сыйлыктарды төлөө шартында жыл ичинде алынган тартиптик жазаларды эске алуу менен өзгөртүү жагы каралсын.

**Транспорт каражаттарына, автотранспортту пайдалануу боюнча кеткен чыгымдар боюнча**

**3. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин кампасындагы күйүүчү майды аудит учурунда инвентаризациялоонун жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндөгү" токтомунун талаптары сакталбастан, кампачынын жоопкерчигиндеги 453 литр, же 33,4 миң сомдук дизелдик күйүүчү май ашыкча чыккандыгы аныкталды.

**3.1. Сунуштама:**

- ашыкча чыккан 453 литр, же 33,4 миң сомдук дизелдик күйүүчү май, бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча ченемдерге ылайык кириштелсин;

- мындан ары баланста турган негизги каражаттардын, товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы жана туура сарпталышы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндөгү" токтомунун тааптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Иш-сапар чыгымдары боюнча**

**4. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин 2023-жылдагы бюджетинде план боюнча иш сапар чыгымдарына 3 008,3 миң сом өлчөмүндө акча каражаты каралган, иш жүзүндө 4 720,6 миң сом акча каражаты сарпталган, анын ичинен, өлкө ичиндеги иш сапар чыгымдары 298,4 миң сом жана чет өлкөгө иш сапар чыгымдары 4 422,2 миң сом, планга салыштырмалуу иш жүзүндө чыгымдар 1 712,3 миң сомго ашыкча чыгымдалган, анын ичинен:

- өндүрүштүк чыгымдары бекитилген план боюнча 2 637,6 миң сом, иш жүзүндө 3 767,8 миң сом, ашыкча чыгым 1 130,2 миң сомду түзгөн;

- административдик чыгымдар бекитилген план боюнча 370,7 миң сом, иш жүзүндө 952,8 миң сом, ашыкча чыгым 582,1 миң сомду түзгөн. Демек ишкана тарабынан пландык көрсөткүчтөр сакталбаган, ошонун негизинде жалпысынан 2023-жыл үчүн пландык көрсөткүчтөн ашыкча сарптоолору 1 712,3 миң сомду түзгөн. Бул көрсөткүч электр энергиясынын өздүк наркынын жогорулашына дагы таасирин тийгизет.

**4.1. Сунуштама***:* "Бишкек жылуулук электр борборунун" жетекчилиги иш сапар чыгымдарын бекитилген пландын көрсөткүчтөрүнө ылайык жүргүзүүнү камсыз кылсын жана каралган пландан ашыкча чыгымдоолорго жол берилбесин.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын эсептөөлөрү боюнча**

**5. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин бухгалтердик балансы боюнча 2023-жылдын 31-декабрына карата, 19 юридикалык жана физикалык жактарга жалпы суммасы 39 887,5 миң сомдук 3 жылдан жогорку өндүрүлбөй келе жаткан мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздар бар. Бул карыздарды өндүрүү боюнча мекеме тарабынан ар кандай иш-чаралар, соттук териштирүүлөр өткөзүлгөн, анын ичинен 12-си боюнча соттук териштирүү иштери жүргүзүлгөн, 9-у боюнча өз ара макулдашуу менен карыздарды жоюу графиги түзүлгөн. Бирок, ал аракеттерге карабастан 2023-жылдын 31-декабрына карата, 19 юридикалык жана физикалык жактардан өндүрүлбөгөн дебитордук карыздын жалпы суммасы 39 887,5 миң сомду түзөт.

**5.1. Сунуштама***:* "Бишкек жылуулук электр борбору" муниципалдык ишканасынын жетекчилиги мөөнөтү өтүп кеткен 39 887,5 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүүнү камсыз кылсын.

**6. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин бухгалтердик балансында 2023-жылдын 31-декабрына карата, 9 юридикалык жактарга жалпы суммасы 682,8 миң сомдук 3 жылдан бери төлөнбөй келе жаткан кредитордук карыздар болгондугу аныкталды. Карыздарды төлөө боюнча Бишкек ЖЭБи тарабынан эч кандай иш-чаралар өткөзүлгөн эмес. Бишкек ЖЭБинин башкы бухгалтеринин жана сатып алуулар жана логистика бөлүмүнүн жетекчилеринин түшүндүрмөсү боюнча түзүлгөн Келишимдердин аткарылышы Бишкек ЖЭБинин жабдуу бөлүмүнө жүктөлгөн (азыркы убакта аталган бөлүм жоюлуп кеткен), ошондой эле аталган бөлүмдүн кызматкерлеринин тез-тез алмашуусунан Келишимдердин аткарылуусу көзөмөлгө алынбай калган. Ошондой эле жабдуучулар тарабынан 2023-жылдан бери кат жүзүндө кайрылуулар болгон эмес.

**6.1. Сунуштама***:* "Бишкек жылуулук электр борбору" муниципалдык ишканасы 3 жылдан бери төлөнбөй келе жаткан 682,8 миң сомдук кредитордук карыздары боюнча 9 юридикалык жактар менен иш алып барылсын. Эгерде жабдуучуларга төлөп берүү мүмкүнчүлүгү аныкталбаса, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 212-беренеси боюнча

“Доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү”- 3 жыл өткөндүгүн эске алуу менен ишкананын кирешесине өткөрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү камсыз кылсын.

**7. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин бухгалтердик балансында 2023-жылдын 31-декабрына карата, 11 юридикалык жана жеке жактарга жалпы суммасы 311,1 миң сомдук 3 жылдан жогорку убакыттан бери төлөнбөй келе жаткан Келишимди аткаруу кепилдиги (ГОИК) боюнча талап кылынбаган кредитордук карыздар бар. Бишкек ЖЭБинин башкы бухгалтеринин жана сатып алуулар жана логистика бөлүмүнүн жетекчилеринин түшүндүрмөсү боюнча түзүлгөн Келишимдердин аткарылышы Бишкек ЖЭБинин жабдуу бөлүмүнө жүктөлгөн (азыркы убакта аталган бөлүм жоюлуп кеткен), бирок бөлүмдүн кызматкерлеринин тез-тез алмашуусунан Келишимдердин аткарылуусу көзөмөлгө алынбай калган. КР Граждандык Кодексинин 212-беренеси боюнча “ Доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү”- 3 жыл өткөндүгүнө карабастан жөнөтүүчүлөр тарабынан кат жүзүндө кайрылуулар болгон эмес.

**7.1. Сунуштама***:* *"*Бишкек жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасы Келишимдин аткаруу кепилдиги боюнча көп жылдан бери төлөнүп берилбей кредитордук карыз болуп турган 311,1 миң сомдук акча каражаттарын төлөп берүү боюнча иш алып барылсын. Эгерде 11 юридикалык жана жеке жактарга төлөп берүү мүмкүнчүүгү аныкталбаса, КР Граждандык Кодексинин 212-беренеси боюнча “Доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү”- 3 жыл өткөндүгүн эске алуу менен ишкананын кирешесине өткөрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү камсыз кылсын.

**Товарларга жана кызмат көрсөтүүгө түзүлгөн келишимдер боюнча**

**8. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБи 5 юридикалык жана жеке жактар менен 2023-жылга товарларды сатып алуу жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча түзүлгөн келишимдерге ылайык, жөнөтүүчүлөр тарабынан келишимдин мөөнөтүндө аткарылбагандыгына байланыштуу пайыздык чегерүүлөрдүн жалпы суммасы 1 498,8 миң сомду түздү, анын ичинен: “Пегасс” ЖЧКсы - 639,5 миң сом (эки келишим боюнча), “Инструмент-плюс” ЖЧКсы - 307,1 миң сом (эки келишим боюнча), “Тооашкан” ЖЧКсы - 85,5 миң сом, ”Кристал Инт” ЖЧКсы - 214,6 миң сом жана жеке ишкер “Аманов А.Р” - 252,2 миң сом.

**8.1. Сунуштама:** *"*Бишкек жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасы товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча эки тараптуу түзүлгөн келишимдерге ылайык, жалпы 1 498,8 миң сом өлчөмүндөгү пайыздык чегерүүлөрдү өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Ижара мамилелери боюнча**

**9. Аныкталды/корутунду***:* Аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылда ижара акылар боюнча эки тараптуу түзүлгөн келишимдердин талаптары аткарылбастан, келишимде көрсөтүлгөн мөөнөтүнөн кечиктирилип төлөнгөн сумма жалпы 3 572,2 миң сомду түзгөн. Эки тараптуу түзүлгөн келишимдерде кечиктирилип төлөнгөн ижара акыларына 0,1% ,0,2%

пайыздык чегерүүлөр каралган. Бирок ишкана тарабынан 2023-жылы пайыздык чегерүүлөрдү эсептөө жана өндүрүү иштери жүргүзүлбөгөн. Бишкек ЖЭБинин 2024-жылдын 1-январына карата ижара акыдан төлөнбөгөн пайыздык чегерүүлөр, жалпы 104,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен жеке ишкер “Айтбек уулу Чынгыз” - 0,4 миң сом, жеке ишкер “Байтиков М.О.” - 0,8 миң сом, жеке ишкер “Шаршенбаев С.Т.” - 7,9 миң сом, жеке ишкер “Мухамбетова Ж.М.” - 17,7 миң сом, “Эр-Телеком” ЖЧКсынан - 22,7 миң сом жана “Средазэнергомонтаж” МИ ААКсынан – 54,9 миң сом.

**9.1. Сунуштама***:* "Бишкек жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасы ижара акылар боюнча эки тараптуу түзүлгөн келишимдерге ылайык, жалпы 104,4 миң сом пайыздык чегерүүлөрдү өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар боюнча**

**10. Аныкталды/корутунду***:* Аудит жүргүзүү учурунда Бишкек ЖЭБинин директорунун 2024-жылдын 15-ноябрындагы №1045 сандуу буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия менен биргеликте негизги каражаттарды, кампада турган товардык материалдык баалуулуктардын сакталышы боюнча тандап алуу жолу менен инвентаризация жүргүзүлдү. Инвентаризациялоодо Бишкек ЖЭБинин №802 кампасынан товардык материалдык баалууктардан 18,8 миң сомдук ашыкча чыгуу аныкталды. Ал эми, №801 кампасынан товардык материалдык баалууктардан 70,6 миң сомдук жетишпестик жана 62,9 миң сомдук ашыкча чыгуу аныкталды. Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы менен жалпы 70,6 миң сомдук ТМБнын жетишпестиги жана 81,7 миң сомдук ашыкчасы аныкталды.

**10.1. Сунуштама***:* “Бишкек жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасына:

- 70,6 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги жоопту адамдардан өндүрүлүп, эсепке алынсын;
- ашыкча чыккан 81,7 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктар Бишкек ЖЭБинин Эсеп саясатына жана бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү ченемдерине ылайык кириштелсин;
- мындан ары Бишкек ЖЭБинин Эсеп саясатына ылайык балансында турган негизги каражаттардын, товардык-материалдык баалуулуктардын, сакталышына жана туура, так сарпталышына көзөмөл жүргүзүлсүн.

**11. Аныкталды/корутунду***:* 2023-жылы күлдүн жана нымдын сапатынын начарлашынан улам көмүрдүн наркын кайра эсептөө жүргүзүлгөн жана көмүрдүн сапаты боюнча жергиликтүү берүүчүлөр боюнча 154 748,1 тонна көмүргө 25 805,2 миң сом суммасында жана "Каражыра" АКсына 34 667,34 АКШ доллары, же 2 997,9 миң сом өлчөмүндө арзандатуу коюлган, жалпы суммасы 28 803,1 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, 2023-жылы от казандарды, күлшлак түтүктөрүн жана башка жабдууларды ондоого көмүрдүн сапатынын төмөндүгүнөн улам олуттуу каражаттар сарпталган, алсак 2023-жылы 97 281,1 миң сом сарпталган, же сапатсыз көмүр үчүн жеңилдиктер боюнча алынган суммадан 68 478,0 миң сомго көп болгон (97 281,1 -28

803,1=68 478,0). Демек, Бишкек ЖЭБинин сапатсыз көмүрдү пайдалануунун натыйжасында казандарды, агрегаттарды жана күлшлак өткөргүчтөрдү оңдоого жана тейлөөгө аудитке камтылган мезгил аралыгында жалпы 68 478,0 миң сом ашыкча сарпталган, ошону менен биге өндүрүлгөн продукциянын өздүк наркы көрсөтүлгөн суммага көбөйгөн.

**11.1. Сунуштама***:* Бишкек ЖЭБ муниципалдык ишканасы:

- көмүр продукциясын камсыз кылуу боюнча типтүү келишимдин шарттары кайра каралып чыксын, тактап айтканда Келишимдин №1 тиркемесинде берилген көмүрдүн жалпы партиясындагы башка заттар *(таш, кум топурак ж.б)* 2,5% дан көп эмес кармоо тууралуу;

- товардын сапаты боюнча келишимдин шарттарынын аткарылышына көзөмөлдү күчөтүү, ошондой эле сапаты боюнча туура келбеген товарларды Бишкек ЖЭБинин кампасына түшүрүүгө жол бербөө боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн;

- келишимде товардын билдирилген сапатына аккредиттелген лабораториянын корутундусунун болушу жөнүндө талапты аткарууну камсыз кылсын;

- от казандарды, күлшлак түтүктөрүн жана башка жабдууларды оңдоого кеткен чыгымдардын негиздүүлүгү, арзандатуу менен кабыл алынган сапатсыз көмүрдүн от казандарына тийгизген таасири изилденсин.

**12. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин жооптуу кызматкерлеринин жетишсиз ишинин натыйжасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылы 07-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбастан негизги каражаттар, тактап айтканда 83 бирдик санындагы 76 400,1 миң сом суммасындагы имараттар жана курулмалар балансdefinitely кабыл алынган эмес.

**12.1. Сунуштама***: Бишкек ЖЭБ муниципалдык ишканасына:*

- Бишкек ЖЭБнын эсепке алынбаган 83 бирдик санындагы 76 400,1 миң сом суммасындагы имараттарды жана курулмаларды баалоонун жыйынтыктары боюнча баланска алуу камсыздалсын.

**13. Аныкталды/корутунду***:* Бишкек ЖЭБинин кампаларын инвентаризация жасоо учурунда өтүмсүз, иштетүүгө жараксыз жаңы жана мурда колдонулган (неликвид) жалпы суммасы 3 574,2 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктар бар экендиги аныкталды.

**13.1. Сунуштама***:* Бишкек Жылуулук электр борбору муниципалдык ишканасынын чарбалык кампасындагы өтүмсүз жана колдонууга муктаждыгы жок жаңы жана мурда колдонулган жалпы суммасы 3 574,2 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Сатып алуулардын жол жоболорунун аткарылышы**

**14. Аныкталды/корутунду***:* 2023-жылы сатып алуулардын такталган планына киргизилбестен, сатып алуулар боюнча конкурсту tenders.kg сайтына гана жарыялоо менен жана  конкурстук комиссиялардын чечими боюнча жалпы суммасы 72 459,1 миң сомго 5 сатып алуулар өткөзүлгөн жана келишимдер түзүлгөн.

**14.1. Сунуштама***:* Сатып алууларды каралган планга ылайык жүргүзүү камсыз кылынсын.

**15. Аныкталды/корутунду***:* “Электр станцялары “ААКсынын филиалы Бишкек ЖЭБинде “Электр станциялары” ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 “Электр станциялары” ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин” 13.1. «Түздөн-түз келишим түзүү жолу менен сатып алуулар техникалык кеңешменин жана компаниянын протоколдук чечиминин негизинде төмөнкү учурларда ж.б..” пунктунун талаптары аткарылбастан, 2023-жылы техникалык кеңешменин протоколдук чечими жок туруп, сатып алуулар боюнча комиссиянын чечими менен жалпы суммасы 3 708,1 миң сомго 4  сатып алууларга келишимдер түзүлгөн.

**15.1. Сунуштама:** Сатып алууларды жүргүзүүдө “Электр станциялары” ААКсынын 2022-жылдын 21-июнундагы №5 “Электр станциялары” ААКсында сатып алуу жол-жоболорун уюштуруунун жана ишке ашыруунун ички эрежелеринин” талаптарын аткаруу камсыздалсын жана аталган эреженин талаптарынын бузулушуна жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Электр станциялары” ААКсынын жана анын филиалдарында курулуш иштеринин аткарылышы боюнча**

***“Электр станциялары” ААКсынын филиалы Бишкек жылуулук тармагы.***

**1. Аныкталды/корутунду:**

- Буюртмачы тарабынан "Техник Трейд" ЖЧКсынан Каралаев №2 көчөсүн бойлой "Восток" жылуулук тармагынын магистралдык участкасын реконструкциялоодо иштин көлөмү 84,2 миң сомго жогорулатылган  жана аудит учурунда толук өндүрүлдү.
- Буюртмачы тарабынан "Техник Трейд" ЖЧКсынан Абдымомунов көчөсүндөгү туташтыргыч жылуулук тармагын курууда иштин көлөмү 127,4 миң сомго жогорулатылган  жана аудит учурунда толук өндүрүлдү.
- Буюртмачы тарабынан консорциум "China Road and Bridge Corporation", "Shandong Junhui Constraction Group Co.","Технотоп" ЖЧКсынан  СК-В-3а дан НС №4 чейинки участоктогу “Чыгыш” жылуулук тармагын реконструкциялоо 1-чи  ишке киргизүү комплекси жылуулук тармагын курууда иштин көлөмү 1172,9 миң сомго жогорулатылган  жана аудит учурунда толук өндүрүлдү.
- Буюртмачы тарабынан консорциум "China Road and Bridge Corporation", "Shandong Junhui Constraction Group Co.","Технотоп" ЖЧКсынан  СК-В-3а дан НС №4 чейинки участоктогу “Чыгыш” жылуулук

тармагын реконструкциялоо 1-чи ишке киргизүү комплекси жылуулук тармагын курууда иштин көлөмү 2204,1 миң сомго жогорулатылган жана аудит учурунда толук өндүрүлдү.

**1.1. Сунуштама:**

Аткарылган курулуш иштеринин көлөмүнүн негизсиз жогорулатылышына жол бербөө максатында тиешелүү адистердин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.

***"Электр станциялары" ААКсынын филиалы "Бишкек жылуулук электр борбору".***

**2. Аныкталды/корутунду:**

- "Бишкек ЖЭБинин турбина цехинде кран темир жолун оңдоо" объектиси боюнча "Нарын СГЭМ" ААКсы тарабынан 475,0 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

- "Бишкек ЖЭБинин турбина цехинин башкы корпусунун чатырын оңдоо" объектиси боюнча "Промастер кейджи" ЖЧКсы тарабынан 92,0 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

**2.1. Сунуштама:**

- "Бишкек ЖЭБинин турбина цехинде кран темир жолун оңдоо" объектиси боюнча жогорулатылган иштин көлөмү 475,0 миң сом "Нарын СГЭМ" ААКсынан өндүрүлсүн;

- "Бишкек ЖЭБинин турбина цехинин башкы корпусунун чатырын оңдоо" объектиси боюнча жогорулатылган иштин көлөмү 92,0 миң сом "Промастер кейджи" ЖЧКсынан өндүрүлсүн;

- Аткарылган курулуш иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатылышына жол бербөө максатында тиешелүү адистердин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.

**"Электр станциялары" ААКсынын филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскады**

**3. Аныкталды/корутунду:**

- "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскады бүгүнкү күндө капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерин имараттарда, инженердик системаларда жана курулмаларда, көмөк чордондордо электр жабдууларын жана кабелдерди алмаштырууда, саркынды суу жана гидроагрегаттардын оңдоо иштерин аткарууга лицензиялык-уруксаты жок экендигине карабастан жумуштар чарбалык ыкма менен аткарылып жаткандыгы аныкталды.

- Токтогул ГЭСтин ГСС аянтында жайгашкан кампаны айланта жарыктандыруу орнотуу жана имараттын, жайды электр менен жабдуу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 28,5 миң сом суммасындагы эмгек акы үчүн төлөнүп берилген суммага жумуштардын аткарылбаган көлөмдөрү жана суммасы 45,4 миң сомдук материалдардын жеринде орнотулбаган көлөмдөрү аныкталды.

- Көк-Бел эс алуу базасында 1 жана 2-типтеги жеңил конструкциялардан имараттарды куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 28,2 миң сом суммасындагы эмгек акы үчүн төлөнүп берилген суммага жумуштардын аткарылбаган көлөмдөрү аныкталды.

- "Токтогул ГЭСин модернизациялоо" долбоорунун алкагында фаза-2 менен аткарылган "Тосмо жана гидромеханикалык жабдууларды реабилитациялоо" жана №2 жана №4 гидроагрегаттарды алмаштырууда жалпы суммасы 5 214 597,2 миң сомдук (жабдуулар жана аткаруу иштери) долбоорунун документтери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүү үчүн курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө” жобонун 33- бөлүгүнүн 2-пунктуна жана 36-бөлүгүнүн талаптарына ылайык келбейт.

**3.1. Сунуштама:**

- "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун филиалы Токтогул ГЭСтеринин Каскады, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерин имараттарда, инженердик системаларда жана курулмаларда, көмөк чордондордо электр жабдууларын жана кабелдерди алмаштырууда, саркынды суу жана гидроагрегаттардын оңдоо иштерин, лицензиялык-уруксат кагаздарына ылайык аткаруу боюнча тийиштүү чаралар жүргүзүлсүн.

- Токтогул ГЭСтин ГСС аянтында жайгашкан кампаны айланта жарыктандыруу орнотуу жана имараттын, жайды электр менен жабдуу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 28,5 миң сом суммасындагы эмгек акы үчүн төлөнүп берилген суммага жумуштардын аткарылбаган көлөмдөрү жана суммасы 45,4 миң сомдук материалдардын жеринде орнотулбаган көлөмдөрү ордуна коюлсун.

- Көк-Бел эс алуу базасында 1 жана 2-типтеги жеңил конструкциялардан имараттарды куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча 28,2 миң сом суммасындагы эмгек акы үчүн төлөнүп берилген суммага жумуштардын аткарылбаган көлөмдөрү ордуна коюлсун.

- "Токтогул ГЭСин модернизациялоо" долбоорунун алкагында фаза-2 менен аткарылган "Тосмо жана гидромеханикалык жабдууларды реабилитациялоо" жана №2 жана №4 гидроагрегаттарды алмаштырууда жалпы суммасы 5 214 597,2 миң сомдук (жабдуулар жана аткаруу иштери) долбоорунун документтерин Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 93 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында курулуш иштерине документтерди берүү жана инженердик тармактарга кошуу тартибин бекитүү жөнүндө” тартибине ылайык келтирүү боюнча иштер жүргүзүлсүн жана долбоордун документтерин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы

№114 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык келтирбестен курулуш иштерин аткарууга жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:*

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Энергетика министирлигинин стратегиялык маанилүү долбоорлорун жана энергетика тармактарындагы модернизациялоону ишке ашырууда обьектилердин долбоор-сметалык документтери Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин 2025-жылдын 2-июлундагы №93 “Кыргыз Республикасында курулуш иштерине документтерди берүү жана инженердик тармактарга кошуу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүү камсыздалсын.

## “Нарынспецгидроэнергомонтаж” ачык акционердик коому (мындан ары – “НСГЭМ” ААКсы)

**1. Аныкталды/корутунду:**

“НСГЭМ” ААКсынын кызматкерлеринин 2023-жылдын 1-январына карата эмгек акыдан болгон дебитордук карызы 289,3 мин сомду, ал эми 31-декабрына карата 340,8 мин сомду түзгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 07-октябрындагы №231 “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускамасынын” талаптары сакталбастан 340,8 мин сомдук дебитордук карыз, балanска дебитордук карыз болуп көрсөтүлбөгөн. *Аудит учурунда оңдоо боюнча бухгалтердик жазуулар берилип эсепке алынды.*

**2. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылга карата “НСГЭМ” ААКсынын кызматкерлеринин эмгек акылары Директорлор Кенешинин 2023-жылдын 12-майындагы №4 токтому менен “Эмгек акы төлөө шарттары” Жобосунун негизинде “НСГЭМ” ААКсынын 2023-жыл үчүн 176,6 бирдик, бир айлык эмгек акы фонду 2659,0 мин сом өлчөмүндө башкы директор У.К.Айткулуев тарабынан бекитилген штаттык ырааттамасы боюнча чегерилген. Бирок, 2023-жылдын апрель айынан тартып октябрь айына чейин “НСГЭМ” ААКсынын эмгек акы боюнча эсепчиси Н.А.Баранованын билдирүүсү боюнча разряд менен иштеген жумушчу кызматкерлердин эмгек акылары, жумуш аткаруу боюнча түзүлгөн келишимдерди мөөнөтүндө бүткөрүү максатында, иштеп тапкан каражатына ылайык иштеген ишине жараша төлөнө баштаган. 2023-жылдын октябрынан тартып жумушчулардын эмгек акы төлөө тарифтери көбөйтүлүп бекитилип

төлөнө баштаган. 2023-жылда “НСГЭМ” ААКсынын “Эмгек акы төлөө шарттарынын” Жобосунун талаптары толук сакталбастан 6 384,2 мин сомго эмгек акылар ашыкча чегерилип төлөнгөн.

**2.1. Сунуштама.**

2023-жылда “НСГЭМ” ААКсы тарабынан 6 384,2 мин сомго эмгек акылардын негизсиз ашыкча төлөнүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**3. Аныкталды/корутунду.**

Социалдык фондго 2023-жылдын 31-декабрына карата негизги кредитордук карызы 42871,2 миң сомду түзүп, анын ичинен “НСГЭМ” ААКсынын кредитордук карызы 37698,4 мин сомду жана Свердлов райондук Социалдык фонд башкармалыгы менен салыштыруу актысынын негизинде “НСГЭМ” ААКсынын филиалы “Монтаж-Север СГЭМдин” кредитордук карызы 5172,8 миң сомду түзгөн. Бирок, “НСГЭМ” ААКсынын Эсеп саясатынын 2.18, 2.18.2 бөлүмүнө *(Бюджет менен эсептешүү)* шайкеш келбестен, НСГЭМ” ААКсынын филиалы “Монтаж-Север СГЭМдин” 5172,8 мин сомдук кредитордук карызы бухгалтерияда эсепке алынган эмес. *Аудит убагында оңдоо проводкасы берилип, эсепке алынды.*

**4. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылдын 31-декабрына карата “НСГЭМ” ААКсынын салык жана социалдык төлөмдөрүнөн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туундулар жана айыптар Кара-Көл шаардык мамлекеттик салык кызмат башкармалыгы менен салыштыруу актылары боюнча анык кредитордук карызы 99 323,8 миң сомду түзөт, анын ичинен:

- Салык төлөмдөрүнөн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туундулар жана айыптар 33 088,0 миң сомду түзөт, анын ичинен: киреше салыгы - 8470,3 миң сом, КНС - 23133,3 миң сом, сатуудан салык - 1484,4 миң сом;

- Социалдык төлөмдөрүнөн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туундулар жана айыптар 66 235,8 миң сомду түзөт, анын ичинен: “НСГЭМ” ААКсынын кредитордук карызы - 61072,1 мин сомду жана “НСГЭМ” ААКсынын филиалы “Монтаж-Север СГЭМдин” кредитордук карызы - 5163,7 мин сомду түзгөн.

Аудит убагында белгилүү болгондой, “НСГЭМ” ААКсынын Эсеп саясатынын 2.18, 2.18.2 бөлүмүнүн талаптарына шайкеш келбестен, “НСГЭМ” ААКсынын 2023-жылга карата түзүлгөн баланс жана айлануу жүгүртүү ведомосту боюнча салык жана социалдык төлөмдөрүнөн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туундулар жана айыптар боюнча кредитордук карызы 81625,8 мин сомду түзсө, Кара-Көл шаардык мамлекеттик салык кызмат башкармалыгы жана Свердлов райондук СФ башкармалыгы менен түзүлгөн салыштыруу актыларына ылайык туундулар жана айыптар боюнча кредитордук карызы 99 323,8 миң сомду түзүп, анык кредитордук карызга салыштырмалуу 17698,0 мин сомго баланста аз көрсөтүлгөн, анын ичинен 2023-жылы 11741,9 мин сомдук кредитордук карызы негизсиз себептер менен балантан кыскартылган жана “НСГЭМ” ААКсынын филиалы “Монтаж-Север СГЭМдин” 5172,8 мин сомдук кредитордук карызы эсепке алынбаган.

*Аудит убагында оңдоо боюнча бухгалтердик жазуулар берилип, эсепке алынды.*

**5. Аныкталды/корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 07-октябрындагы №231 **“**Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” Жобонун 35 пунктунун, ошондой эле “НСГЭМ” ААКсынын Эсеп саясатынын талаптары сакталбастан, дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча ар бир финансылык жылдын жыйынтыгында өз ара эсептешүү актылары түзүлбөгөн, дебитордук карыздар 2023-жылдын 31-декабрына карата үч жылдан жогору эски өндүрүлбой жүргөн дебитордук карыздары жалпысы 49 929,0 мин сомду түзөт, анын ичинен:

- 1420 счету боюнча “Келишим боюнча аткарылган жумуштардын дебитордук карыздары” 13187,4 мин сом;
- 1590 счету боюнча “Ар түрдүү жеке жана юридикалык жактардын дебитордук карыздары” 12418,0 мин сом;
- 1800 счету боюнча “Товар жана материалдарды сатып алуу боюнча аванс катары төлөнгөн дебитордук карыздары” 9830,3 мин сом;
- 1580 счету боюнча “НСГЭМ” ААКсынын филиалы “Монтаж-Север СГЭМдин” дебитордук карыздары” 14493,3 мин сом. “НСГЭМ” ААКсынын филиалы “Монтаж-Север СГЭМ 2024-жылдын 24-апрелиндеги “НСГЭМ” ААКсынын №105 буйругунун негизинде жоюлган, бирок дебитордук карыздары өндүрүлгөн эмес жана бул дебитордук карыздары кандай дебитордук карыздар экендиги боюнча так маалымат жок.

“НСГЭМ” ААКсынын салык жана социалдык төлөмдөрүнөн кредитордук карыздарынын көп болгондугуна жана жыл сайын ал карыздар үчүн туум жана айыптардын салынып жаткандыгына карабастан, эски дебитордук карыздары өндүрүлбөгөн.

**5.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 **“**Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтому жана “НСГЭМ” ААКсынын эсеп саясатынын талаптары сакталсын. “НСГЭМ” ААКсынын 2023-жылдын 31-декабрына карата үч жылдан жогору эски өндүрүлбөй жүргөн 49 929,0 миң сомдук дебитордук карыздарына салыштыруу актыларын түзүү, аларды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6. Аныкталды/корутунду.**

НСГЭМ” ААКсынын эсеп саясатынын 2.3.3-пунктунун талаптары сакталбастан, 2023-жылы НСГЭМ” ААКсынын материалдык жоопту

кызматкерлери товардык материалдык баалуулуктарды сатып алуу жана иш сапар чыгымдары үчүн кассадан берилген накталай акча каражаттарынын авансалык отчетторун өз убагында тапшырышпагандыгына карабастан, накталай акча каражаттары берилгендиктен жана жумшалбаган акча каражаттарын материалдык жоопкер кызматкерлер үч күндөн кечиктирилбеген мөөнөттө кассага кайтарышпагандыктан, 2023-жылдын 31-декабрына карата 158,5 миң сомдук дебитордук карыз пайда болгон жана аудит учуруна чейин авансалык отчеттору алынбаган, же кассага кайтарылбаган.

НСГЭМ" ААКсынын жетекчилиги тарабынан дебитордук карызы бар кызматкерлерден өндүрүү, же болбосо эмгек акысынан кармап калуу чаралары көрүлбөгөн.

**6.1. Сунуштама.**

158,5 миң сомдук дебитордук карыз өндүрүлсүн жана убагында авансалык отчет тапшырбаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**7. Аныкталды/корутунду.**

"Нарынспецгидроэнергомонтаж" ААКсынын балансында турган автоунаалардын жүргөн километрин аныктоочу спидометрлери көпчүлүгү иштебейт, же 16 автоунаадан 3 автоунаанын спидометри иштейт, ал эми 13 автоунаанын спидометри иштебейт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, күйүүчү майлардын чыгымын жол баракчалары боюнча чыгымдоодо спидометрлер толук толтурулбаган. Жогоруда көрсөтүлгөндөр аткарылбастан 2023-жылы жалпы 3 529,0 миң сом күйүүчү май үчүн чыгымдалган.

**7.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын, баланста турган 13 кызматтык автоунаалардын спидометрлери оңдолсун жана жол баракчаларына спидометрдин көрсөткүчтөрүн көрсөтүп жазуу менен күйүүчү майларды чыгымдоо жүргүзүлсүн.

**8. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин 33-пунктунун

талаптары сакталбастан, сатып алуулардын планы түзүлбөгөн. Ошондой эле, аталган Типтүү тартиптин 17-пунктунун талаптары боюнча мониторинг жүргүзүлбөгөн. Ошондой эле, сатып алууларды ишке ашыруунун типтүү тартибинин 14-пунктунун жана "НСГЭМ" ААКсынын Директорлор кеңешинин 2023-жылдын 12-майындагы №4 токтому менен бекитилген "НСГЭМ" ААКсында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу тартибинин талаптары сакталбастан жалпысы 6354,8 миң сомдук сатып алуулар сатып алуунун жол-жоболорун өткөрбөстөн жүргүзгөн.

**8.1. Сунуштама.**

Сатып алууларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомуна ылайык "НСГЭМ" ААКсынын директорлор Кенешинин 2023-жылдын 12-майындагы №4 токтому менен бекитилген "НСГЭМ" ААКсында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу" тартибине ылайык жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынсын. Сатып алуу тартибинин жол-жоболорун аткарбастан 6354,8 миң сомго сатып алуу жүргүзгөн тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**9. Аныкталды/корутунду:**

2023-жылы энергетика системасындагы башка ишканаларда лицензияга ылайык жумуштарды аткаруу боюнча жалпы 92810,4 миң сомго 15 келишим түзүлгөн, анын аткарылышы 63622,6 миң сомду түзүп, 29187,8 миң сомдук жумуш кийинки жылга калган. Анын ичинен Бишкек ЖЭБи менен 5422,2 мин сомго түзүлгөн келишимдин аткаруу мөөнөтү 2024-жылдын апрель айына каралган. Жылдын жыйынтыгы менен курулуш иштерин өздөштүрүү 62,7%га аткарылган, же аткарылбаганы 23 765,0 миң сом, же 37,3% түзөт.

**9.1. Сунуштама:** Келишимдер боюнча капиталдык жана кезектеги оңдоо иштеринин планынын аткарылышын өз убагында өздөштүрүү боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүү камсыздалсын.

## "Нарынгидроэнергокурулуш" ачык акционердик коому

**1. Аныкталды/корутунду.**

"Нарынгидроэнергокурулуш" Ачык акционердик коомунун (мындан ары - "Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсы) 2023-жылга бюджетинин киреше жана чыгашалардын болжолдонгон көлөмдөрүнүн беренелери боюнча тиешелүү талдоосуз бюджети түзүлгөн, тактап айтканда, бюджетти түзүү жана бекитүү формалдуу тартипте, ишти жүзөгө ашыруу үчүн керектүү сумманы тиешелүү негиздөөсүз түзүлгөн.

**1.1. Сунуштама.**

"Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсы тиешелүү жылга бюджетинин долбоорун түзүү бюджетинин киреше жана чыгаша беренелери боюнча ырастоочу эсептөөлөрдүн негизинде жүргүзсүн.

**2. Аныкталды/корутунду.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы тарабынан 2023-жылы товарларды сатып алуу жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн түзүлгөн келишимдерде жеткирүүчүнүн жоопкерчилиги каралбастан жана 100 пайыз алдын ала төлөө менен 50 429,4 миң сомго 19 келишим түзүлгөн.

**2.1. Сунуштама.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы келишимдерди түзүүдө, милдеттенмелерди аткаруу мөөнөттөрү, алдын ала төлөмдөр жана жеткирүүчүлөрдүн жоопкерчилигин көрсөтүү менен белгиленсин.

**3. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы № 737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын” талаптары аткарылбастан акча каражаттарынын кыймылынын маалыматтары боюнча “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы 2023-жылы 2 625,4 миң сом накталай акча каражаты кассага кириштелип 2 289,3 миң сом чыгышталган.

**3.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы № 737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны аткаруу максатында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Аныкталды/корутунду.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын Жамааттык келишимине жана кызматкерлерине эмгек акы төлөө жана сыйлоо жөнүндө жоболоруна ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-мартына чейинки мезгил аралыгында ар бир айда натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаргандыгы үчүн эмгек акынын 50% дан 100% га чейинки өлчөмүндө, бардыгы болуп 1 741,8 миң сомго сый акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 256,3 миң сомду түзгөн (өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн планынын аткарылышы, иш планынын ишке ашырылышы, курулуш-монтаждоо иштери, авариялуулук, иштин сапаты ж.б.). Жогоруда көрсөтүлгөн Жобого ылайык, бир айлык жыйынтыктар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаруу үчүн дем берүүчү төлөмдөрү каралгандыгын белгилейт. Бирок, ар бир айдагы натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөрдүн аткарылышын баалоону документ түрүндө тастыктоочу, анын ичинде: өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн планынын аткарылышы, курулуш-монтаждоо иштеринин, айлык

тапшырманын аткарылышы, авариялуулук, иштин сапаты ж.б., документтерди аудитке көрсөтө алышкан жок.

**4.1. Сунуштама.**

"Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсынын кызматкерлерине Жамааттык келишимдин жана "Сый акы төлөө жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык, дем берүүчү төлөмдөр натыйжалар боюнча негизги көрсөткүчтөрдү аткаргандыгы үчүн жүргүзүлсүн.

**5. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 160-беренесин 1-пунктунун талабы сакталбастан, 22 кызматкерге 72,9 миң сомго ашыкча төлөнгөн, же алардын дебитордук карыздары кызматтан бошогон учурда, эмгек акыдан кармап калуу жүргүзүлгөн эмес.

**5.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 96-беренесинин талаптары так сакталсын жана 22 кызматкерге кызматтан бошогон учурда эмгек акылардан кармалбаган 72,9 миң сомдук дебитордук карыздары боюнча тиешелүү иш чара жүргүзүлсүн.

**6. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-июлундагы №386 "Сатып алуу актысы" баштапкы эсепке алуу документинин типтүү бир түргө келтирилген формасын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, сатып алуу актылары тиркелген. Бирок, ККМ чектери же электрондук патенттер боюнча маалыматтар, чыгашаларды актоо үчүн алдын ала отчетко тиркелбеген учурулар аныкталып, алардын суммасы 1 601,6 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобонун 3-пунктунун талаптары сакталбастан, материалдык техникалык жабдуу бөлүмү тарабынан сатып алынган запастык бөлүктөргө айрым аванстык отчеттор боюнча сатып алуу актыларын жана кабыл алуу актыларын тиркөө менен чектелген, кемчиликтүү (дефектүү) актылар жана орнотуу актылары түзүлгөн эмес, алардын суммасы 258,0 миң сомду түзгөн.

**6.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобонун 3-пунктунун талаптары сакталсын жана "Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсынын бухгалтердик кызматы тарабынан жооптуу адамдардын баштапкы документтеринин толуктугуна көзөмөл жүргүзүлсүн.

**7. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 1997-жылдын 30-майындагы № 15-01/2867 Эсепке берилген акча каражаттарын эсепке алуунун

тартибинин талаптарын бузуу менен “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы материалдык жооптуу кызматкерлерге (подотчет) мурда берилген каражаттарга аванстык отчет тапшырылбастан жаңы аванстар берилген, ошол себептерден 2023-жылдын аягына кызматчылардын карызынын суммасы 1 126,1 миң сомду түзгөн.

**7.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 1997-жылдын 30-майындагы № 15-01/2867 Эсепке берилген акча каражаттарын эсепке алуунун тартибинин талаптары так сакталсын, жоопкерчиликке берилген акча каражаттарына авансалык отчеттордун тапшырылышы көзөмөлгө алынсын жана 2023-жылдын аягына дебитордук карыз болуп чыккан 1126,1 миң сом акча каражаттарынын максатуу пайдаланылышы кайрадан каралып чыксын.

**8. Аныкталды/корутунду.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын дебитордук карыздарынын ичинен беш жылдан ашкан, узак убакыт бою өндүрүлбөгөн дебитордук карыздын жалпы суммасы 6 935,4 миң сомду түзгөн:

1. “Ароен” ЖЧК-157,6 миң сом (2013-жыл);
2. “Империя Групп” ЖЧК -24,0 миң сом (2013-жыл);
3. “ТемирЛайн” ЖЧК-154,5 миң сом (2013-жыл);
4. “Ала-Арчинская ПМК-2 419,7 миң сом (2009-жыл);
5. ОАО “Нарынспецгидроэнергомонтаж”-1 738,7 миң сом (2017-жыл);
6. ОсОО “ЮгСтрой” – 2 440,9 миң сом (2019-жыл).

**8.1. Сунуштама.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы тарабынан узак убакыт бою өндүрүлбөгөн дебитордук карыздар боюнча тийиштүү иш-чаралар көрүлсүн.

**9. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын “Акционердик коомдор жөнүндө” Мыйзамынын 31-беренесинин 4-пунктунда “Акционердик коом акциялардын ар бир категориясы (түрү) боюнча жарыяланган дивиденддерди төлөө күнү келген күндөн тартып талап боюнча бардык акционерлерге төлөп берүүгө милдеттүү” - деп көрсөтүлгөн. Бирок, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы тарабынан аталган Мыйзамдын талаптары сакталбастан, акционерлерге төлөнбөгөн дивиденддер боюнча карыз 2023-жылдын 31-декабрына карата 4 119,6 миң сомду түзгөн.

**9.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын “Акционердик коомдор жөнүндө” Мыйзамынын талабына ылайык, төлөнбөй жүргөн дивиденд төлөмдөрүн акционерлерге кечиктирбестен төлөп берүү боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**10. Аныкталды/корутунду.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы жеке адам М.Б. Мамбеталиев менен 2022-жылдын 10-августунда №48/2023 ижара келишимин түзгөн. Келишимдин 1-пунктуна ылайык “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы өзүнүн Хово маркасындагы автомашинасын (мамлекеттик номери 0445DK

автобетононасос) бузук абалда жеке жакка ижарага берет. Келишимдин 3.1 жана 3.1.2-пункттарына ылайык, ижара акысы 50,0 миң сом бир айга, төлөө 2023-жылдын 1-январынан тартып эсептелет. Келишимдин 3.2-пунктунда *"автоунааны оңдоого кеткен чыгымдар тиешелүү документтерди берүү менен өз ара эсептешүү жолу менен ижара акысынан кемитилет"*- деп көрсөтүлгөн. Бирок, ушул күнгө чейин Мамбеталиев М.Б. тарабынан автоунааны оңдоого кеткен чыгымдар боюнча тиешелүү документтер берилген эмес жана ижара акысы төлөнгөн эмес. Натыйжада, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин 600,0 миң сом М.Б. Мамбеталиевден карызды өндүрүү боюнча эч кандай иш-чара жүргүзүлгөн эмес. Келишим убагында төлөбөгөндүгү үчүн жоопкерчилик тартуу жагы каралбастан түзүлгөн.

**10.1. Сунуштама.**

"Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсы тарабынан жеке жак М.Б.Мамбеталиевден өндүрүлбөй жүргөн 600,0 миң сом ижара акысын өндүрүү боюнча иш алып барылсын жана келишимдин аткарылышы көзөмөлгө алынсын.

**11. Аныкталды/корутунду.**

Түштүк курулуш-өндүрүштүк участогунда негизги каражаттар, даяр продукция жана товардык-материалдык баалуулуктарды сактоо боюнча тартип сакталбагандыгы жана негизги каражаттарда инвентардык номерлер коюлбагандыгы аныкталган.

**11.1. Сунуштама.**

"Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобосуна ылайык негизги каражаттарды, товардык-материалдык баалуулуктарды сактоо жана эсепке алуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

**12. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобонун 3-пунктунун талаптары сакталбастан, 2023-жылдын 5-февралында сатып алынган 18 878,8 миң сомдук LIUGONG CLD 952HD моделиндеги гусеницалуу экскаватор (мамлекеттик номери 742CC) эсепке алынган эмес жана балanска коюлган эмес. Белгилей кетчү жагдай, жеткирүүчү "ГТС Корп" ЖЧКсы тарабынан эсеп фактура берилген эмес.

*“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын 2025-жылдын 8-августундагы №01-01-06/335 каты менен LIUGONG CLD 952HD моделиндеги гусеницалуу экскаватор боюнча эсеп-фактурасы алынып, балансска коюлган.*

**12.1. Сунуштама.**

Негизги каражаттарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтомунун талаптары так сакталсын.

**13. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” Жобонун талаптары сакталбастан, 2023-жылдын 25-октябрында сатып алынган 2 119,2 миң сомго 15 даана СВ-110 тирөө формасы (форма для опоры) жана 480,0 миң сомго арматураны чыңоо тик көтөргүчү (домкрат) ДНГ-14а 2 типтеги (домкрат для натяжения арматуры, управление на ручке, шток сквозной) 2 даана, ДЭК-251 гусеницалуу кран 203,6 миң сомго 1 даана жана ДЭК-251 гусеницалуу кран 240,0 миң сомго 1 даана, жалпысы 3042,8 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктарынын кем чыгуулары аныкталган. *“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын 2025-жылдын 8-августундагы №01-01-06/335 каты менен 2599,2 миң сомдук ТМБнын жетишпестиги ордуна коюлган. Ал эми, 443,6 миң сомдук 2 даана ДЭК-251 кранды алып келүү боюнча иштер жүрүп жаткандыгын белгилейт.*

**13.1. Сунуштама:**

- “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы тарабынан негизги каражаттарды, товардык-материалдык баалуулуктарды сактоо жана эсепке алуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн. 443,6 миң сомдук 2 даана ДЭК-251 кранды алып келүү жана балансска алуу боюнча иштер жүргүзүлсүн;
- 3 042,8 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктардын кем чыгууларына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**14. Аныкталды/корутунду.**

Өндүрүш үчүн керексиз корлор жана товардык-материалдык баалулуктардын керектөөлөрү талдоосуз алынгандыгы аныкталган, бул камсыздоо кызматы тарабынан мониторингдин жоктугун көрсөтүп турат жана натыйжада, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын каражаттарын натыйжалуу чыгымдоо камсыз кылынбайт.

2023-жылдын 31-декабрына карата өндүрүштүк процессте узак убакыт (3 жылдан ашык) бою пайдаланылбаган корлор жана товардык-материалдык баалуулуктар пландаштырылган максаттарга жетпестен калдык болуп турат, калдык суммасы 27 166,4 миң сомду түзгөн.

**14.1. Сунуштама.**

“Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын өндүрүштүк процессте корлор жана товардык-материалдык баалулуктардын фондуларын пайдаланууда, каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча чаралар

көрүлсүн жана 2023-жылдын 31-декабрына карата өндүрүштүк процессте узак убакыт (3 жылдан ашык) бою пайдаланылбаган калдык суммасы 27 166,4 миң сомду түзгөн корлор жана товардык-материалдык баалуулуктар боюнча тиешелүү чара көрүлсүн.

**Сатып алуу жол-жоболорунун аткарылышы.**

**15. Аныкталды /корутунду.**

2023-жылдын 8-сентябрында 256,2 миң сомго автотранспортту ондоо иштери үчүн №60/2023 "Мундуз-Нур" ЖЧКсы менен келишим түзүлгөн. Келишимдин 3.1-пунктуна ылайык, аткаруучу 10 күн ичинде жумуштарды аткарууга милдеттенет. Бирок, жумуштар өз убагында аякталбай кечиктирилген. Келишимдин 7.2-пунктунун негизинде "Мундуз-Нур" ЖЧКсына аткарылбай калган иштер үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип 19,7 миң сомду түзгөн.

Ушундай эле учур, 05.08.2023-жылдагы №53-1а/2023 түзүлгөн келишимдин негизинде "ПромЭнергоТехСтрой" ЖЧКсы жеткирилбей калган калдык материалдар үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип 15,4 миң сом, 28.07.2023-жылдагы №53-1/2023 түзүлгөн келишимдин негизинде "ТМ Алхан" ЖЧКсы жеткирилбей калган калдык (спецодежда) үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип 17,6 миң сом жана 21.07.2023-жылдагы №48-1/2023 түзүлгөн келишимдин негизинде "Скай-Сити" ЖЧКсы аткарылбай калган иштери үчүн, келишимде көрсөтүлгөн туум эсептелип 82,7 миң сом. Салынган туумдардын жалпы суммасы - 135,4 миң сомду түздү.

**15.1. Сунуштама.**

Түзүлгөн келишимдер боюнча милдеттенмелердин аткарылышын башкаруу жана контролдоо процесси көзөмөлгө алынсын, аудитте эсептелген 135,4 миң сом суммасындагы туумдарды жөнөтүүчүлөрдөн өндүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**16. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна ылайык, Коомдун директорлор Кеңешинин 2023-жылдын 18-апрелиндеги №5 Протоколу менен бекитилген "Нарынгидроэнергокурулуш" ААКсынын сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү" тартибинин талаптары сакталбастан, сатып алуулардын жол жоболорун жүргүзбөстөн, 24 305,0 миң сомго күйүүчү-майлоочу майлар, материалдар, запастык тетиктер жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган. Анын ичинен, каражаттарды эсепке берүү жолу менен сатылып алынган (нак акча каражатына) 4 068,8 миң сом жана банк аркылуу, которуу жолу менен 20 236,2 миң сом.

Мындан тышкары, "Электр станциялар" ААКсы менен жумуштарды аткаруу боюнча келишимдер түзүлүп, бирок ал долбоордун конкреттүү

тапшырмасын аткарууга ички ресурстары жетишпегендигине байланыштуу, келишимде көрсөтүлгөн кээ бир иштери субподряддык уюмдарга тапшырылып, келишимдер түзүлгөн. Белгилеп кетчү жагдай, субподряддык уюмдар менен келишим түзүүдө атаандаштыкты жана натыйжалуу тандоону камсыз кылуу үчүн сунуштарды карабастан, рынокту талдоо жүргүзбөстөн 2023-жылы 442 042,4 миң сомго 7 субподряддык уюмдар менен келишим түзүлүп, жыл ичинде 214 795,3 миң сом төлөнүп берилген.

**16.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомуна ылайык Коомдун директорлор Кеңешинин 2023-жылдын 18-апрелиндеги №5 Протоколу менен бекитилген “”Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсынын сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү” тартибинин талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине:*

Субподряддык уюмдар менен келишим түзүүдө атаандаштыкты жана натыйжалуу тандоону камсыз кылуу үчүн сунуштарды карабастан, рынокко талдоо жүргүзбөстөн келишим түзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Курулуш иштеринин аткарылышы боюнча**

**17. Аныкталды/корутунду:**

- “Чыгуучу порталы бар ТТ-2” аттуу транспорттук тоннелдин бүтпөгөн бөлүгүн куруу иштери боюнча буюртмачы - “Электр станциялар” ААКсынын филиалы “Камбар-Ата-2 ГЭСи”, подрядчы “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы тарабынан 368,7 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.
- “Камбар-Ата-1 ГЭСине” кирүүчү автожолдун, Нарын дарыясына көпүрөнүн курулушу жана Бишкек-Ош а/ж 318 км. баштап ТТ-1, ТТ-2 алып барчу автожолунун курулуш иштери” боюнча подрядчы “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы тарабынан 3736,2 миң сомго иштин көлөмү жогорулатылган.

**17.1. Сунуштама:**

1. “Чыгуучу порталы бар ТТ-2” аттуу транспорттук тоннелдин бүтпөгөн бөлүгүн куруу иштери боюнча жогорулатылган 368,7 миң сом иштин көлөмү ордуна коюлсун.

2. “Камбар-Ата-1 ГЭСине” кирүүчү автожолдун, Нарын дарыясына көпүрөнүн курулушу жана Бишкек-Ош а/ж 318 км. баштап ТТ-1, ТТ-2 алып барчу автожолунун курулуш иштери боюнча жогорулатылган 3 736,2 миң сом суммасы калыбына келтирилсин. Аткарылган курулуш иштеринин көлөмүнүн негизсиз жогорулатылышына жол берген тиешелүү адистердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору”**
**ачык акционердик коому**

**1. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин 2023-жылдын 14-июлундагы №131 буйругуна ылайык “Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору” ачык акционердик коому (мындан ары - Борбор) кызматынын наркы иштелип чыккан жана келип түшкөн электр энергиясынын көлөмүнө 1 кВт1/саатына 0,165 тыйынга бекитилген. Кызматтык наркты эсептөөдө Борбордун пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү негиз болот.

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата пайдалуу чыгыш жана транзит баары 33 697,0 миң кВтты түзгөн, ал эми өздүк чыгымдардын наркы 52 009,68 миң сомду түзгөн (амортизациялык чыгымдарды кошкондо), арифметикалык эсеп менен Борбордун кызматынын наркы иштелип чыккан жана келип түшкөн электр энергиясынын көлөмүнө 1 кВт/саатына 0,154 тыйынды түзгөн же 4632,5 миң сомго ашыкча эсептелип калган.

*“Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору” ААКсы 2025-жылдын 26-сентябрындагы №04-12/790 каты менен, Борбордун кызматынын наркы боюнча КР Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменти тарабынан 2023-2024-жылдарга карата тиешелүү иш чара жүргүзүлүп, 5 940,6 мин сом суммасын (анын ичинен 2023-жылга карата 4 920,42 миң сом) республикалык бюджетке чегерүү боюнча 2025-жылдын 29-августундагы №173 буйругу менен чечим кабыл алынган. Ушуга байланыштуу, республикалык бюджетке чегерүү боюнча график бекитилген жана ага ылайык, 1458,2 миң сом республикалык бюджетке 2025-жылдын 22-сентябрындагы № 608 төлөм тапшырыгы менен которулгандыгын билдирген.*

**1.1. Сунуштама.**

Көрсөтүлгөн кызматтын наркы иштелип чыккан жана келип түшкөн электр энергиясынын көлөмүнө 1 кВт/саатына 0,154 тыйынды түзүп, ашыкча эсептелинген кызматынын наркынын 3 147,3 миң сом суммасындагы калдыгын бекитилген графикке ылайык (2025-жылдын декабрь айы) республикалык бюджетке чегерүү камсыздалсын.

**2. Аныкталды/корутунду.**

2021-жылдын 9-сентябрындагы акционерлердин кезексиз чогулушунда бекитилген "Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору ачык акционердик коомунун башкы директору жана башкы директордун орун басарларынын эмгек акысын төлөө жөнүндө" жобонун 10-пунктун бузуу менен, жетекчиге жана орун басарларына иштебеген күндөрүнө кызматкерлердин санына жараша жөнгө салуу коэффициенти жана мультипликатор коэффициенттери төлөнүп берилген.

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Борбордун жетекчилигине жалпы 100,2 миң сом ашыкча төлөнүп берилген, анын ичинен: Б.Р. Жаныбеков – 57,9 миң сом, Т.О. Жаныбаев – 10,1 миң сом жана А.А. Сулайманкулов – 32,2 миң сом.

*"Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору" ААКсынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №04-12/790 каты менен, Борбордун 2025-жылдын 23-сентябрындагы №05-07/26 эмгек акынын ашыкча төлөнгөн суммасын кайтаруу жана буга жол берген кызматкердин жумуштан бошотулганы тууралуу буйругу жөнөтүлгөн.*

**2.1. Сунуштама.**

100,2 миң сомго ашыкча төлөнгөн каражаттарды жоопту кызматкерлер тарабынан кайтаруу тууралуу буйрукту (*2025-жылдын 23-сентябрындагы №05-07/26)* аткаруу менен, толук калыбына келтирүү камсыздалсын.

**3. Аныкталды/корутунду.**

Борбор 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата 88,1 миң сомдук кассадан накталай акча каражаттан эсеп берме суммадан, Борборго өкүлчүлүк чыгымдар беренеси менен сатып алуулар накталай акча каражаттарга, сатып алуулардын жол-жоболору өткөрүлбөстөн сатып алынган. Борбордун сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелеринин 2-пунктунун 1, 2-пунктчаларына ылайык эреженин максаттарынын бири сатып алууларды жүргүзүүдө ачыктыкты, калыстыкты, айкындуулукту сактоо болуп саналат.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Борбор тарабынан товарларды сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн сатып алууну накталай акча каражат аркылуу жүргүзүлгөн жалпы суммасы 88,1 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 28-июнунда жалпы акционерлердин кезексиз чогулушунда бекитилген Сатып алууларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу Эрежелеринин 2-пунктунун 1 жана 2-пунктчаларына ылайык, эреженин максаттарынын бири сатып алууларды жүргүзүүдө ачыктыкты, калыстыкты, айкындуулукту сактоо болуп саналат. 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Борбор жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн, сатып алууну келишим аркылуу жүргүзүлгөн жалпы суммасы 268,8 миң сомду түзгөн.

*"Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору" ААКсынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы №04-12/790 каты менен КР Энергетика министрлигинин*

*2023-жылдын 8-августундагы №01-13/165 Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Электр энергетикалык кеңешинин 62-жыйынын өткөрүүгө даярдык көрүү жөнүндө буйругуна ылайык жогоруда аталган сатып алуулар жыйындыны уюштуруу үчүн сарпталгандыгын билдирди.*

**3.1. Сунуштама:** Сатып алууларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу Эрежелеринин сатып алуулар боюнча жол-жоболорун сактоо камсыздалсын.

## “Чакан ГЭС” ачык акционердик коому

**1. Аныкталды/корутунду.**

“Чакан ГЭС” ААКсынын 2023-жылда бош агызылган суунун көлөмү (холостой сброс) 277992,0 миң $м^3$ суунун (277992000/3775507200)%=7,3% түзгөн, эгерде “Чакан ГЭС” ААКнын мүмкүнчүлүгү болуп бош агызылган суудан электрэнергиясын өндүргөндө (133301148*7,3%)=9730,9 миң кВтс электр энергияны түзмөк.

**1.1. Сунуштама.**

“Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан электр энергиясын толук өндүрүүдө Чоң Чүй каналы аркылуу келген сууларды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу жагы көзөмөлгө алынсын, келген сууларды толук кандуу иштетип электр энергиясын толук өндүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

### Бала-Саруу ГЭСИнин 2023-жылга карата курулушу боюнча долбоордун аткарылышы жана бюджеттик кредиттердин кайтарылышы боюнча

**2. Аныкталды/корутунду.**

КР Министрлер Кабинетинин 15.04.2022-жылдагы 202-р буйругу менен КР Финансы министрлигине Бала-Саруу ГЭСин куруу үчүн “Чакан ГЭС” ААКсына 2,0 млрд. сом өлчөмүндө бюджеттик насыя бөлүү тапшырылган. “Чакан ГЭС” ААКсы менен КР Финансы министрлигинин ортосунда 2022-жылдын 21-апрелинде №19-04-01/54 кредиттик келишим түзүлгөн, ага ылайык “Чакан ГЭС” ААКсына 2022-2023-жылдарда жалпысынан 2,0 млрд.сомго бюджеттик кредит бөлүнүп берилген, бюджеттик кредитти кайтаруу мөөнөтү 11,5 жылдык мөөнөткө 6% жылдык үстөгү менен 1,5 жыл жеңилдетилген мезгил менен бөлүнгөн. Аудит учурунда бөлүнгөн бюджеттик кредиттердин убагында кайтарылуусу боюнча аудит жүргүзүүдө 2023-жылга карата бюджеттик кредиттердин негизги төлөмүн кайтаруу мөөнөтү келишим боюнча 48780,5 миң сомго каралган болсо, кредиттик келишимдин талаптарын аткарбастан кредиттин 31707,3 миң сом акча каражаты Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине кайтарылбагандыгы аныкталды.

**2.1. Сунуштама.** “Чакан ГЭС” ААКсы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосундагы 2022-жылдын 21-апрелиндеги №19-04-01/54 кредиттик келишимдин талаптарын аткаруу жагы катуу көзөмөлгө алынсын, бюджеттик кредиттер боюнча келишимде коюлган милдеттенмелер өз убагында аткарылсын, 2023-жылдан бюджеттик кредиттин негизги

төлөмүнөн убагында которулбаган 31707,3 миң сом Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине кайтарылсын.

**Штаттык бирдиктердин түзүлүшүнө жана эмгек акынын төлөө фондусунун туура түзүлүшү боюнча.**

**3. Аныкталды/корутунду:** Эмгек акы чыгымдарына жылдын башында бекитилген план боюнча 135733,4 миң сомго каралган болсо, жыл ичинде эмгек акы төлөөгө 138063,2 миң сом чыгымдалып, бекитилген планга салыштырмалуу 2329,8 миң сомго ашыкча чыгымдоолорго жол берилген.

**3.1. Сунуштама.**

Эмгек акы төлөөдө жыл башына бекитилген пландан ашыкча эмгек акы төлөмдөрүнө жол бербөө боюнча маселе көзөмөлгө алынсын.

**4. Аныкталды/корутунду:** “Чакан ГЭС” ААКсынын өндүрүштүк кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун 3, 4, 5-пункттарынын талаптарына шайкеш келбестен, же иш орду тиешелүү деңгээлде аттестациядан өтпөгөндүгүнө карабастан, 2023-жылда кызматкерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөм 238,3 миң сомго, социалдык төлөмү (17,25%) 41,1 мин сом, жалпысы 279,4 мин сомго оор жумуштар жана зыяндуулук үчүн кошумча эмгек акы төлөнүүгө жол берилген.

**4.1. Сунуштама:** Кызматкерлерге эмгек акысына зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобосунун 3, 4, 5 пункттарына ылайык, жумуш орундарын аттестациялоо жүргүзүлсүн жана зыяндуулук үчүн кошумча эмгек акылар аталган жобоунун талаптарына шайкеш келтирилип чыгымдалсын.

**5. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылга “Чакан ГЭС” ААКсы тарабынан карата эмгек акыга эмгек келишиминде көрсөтүлбөгөн кошумча төлөм, тосмолорду тазалоо эмгек акыдан 10%, же 468,7 мин сом, социалдык фондусуна 127,7 миң сом жалпысы 596,4 миң сом чегерилип негизсиз төлөнүп берилген. Бул кошумча төлөм эмгек келишиминде көрсөтүлбөстөн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтомунда Кыргыз Республикасынын аймагында эмгек акыга каралган кошумча төлөмдөрдүн тизмесине киргизилип каралган эмес жана бул кошумча төлөм Кыргыз Республикасынын эч бир ченемдик укуктук актыларында каралып мамлекеттик реестр боюнча катталбаган. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин (*аудит мезгил аралындагы юридикалык күчү бар болгон 2004-жылдын 4-августундагы №106 КР Эмгек кодексинин)* 152-беренесине ылайык эмгек акыга кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгилениши каралган.

**5.1. Сунуштама.**

Кызматкерлерге эмгек акыга кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 "Кыргыз Республикасынын аймагында эмгек акыга каралган кошумча төлөмдөрдүн тизмеси жөнундөгү" токтомунун тизмесине шайкеш келтирилип төлөнсүн.

**6. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылда "Чакан ГЭС" ААКсы тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодесинин (*аудит мезгил аралындагы юридикалык күчү бар болгон 2004-жылдын 4-августундагы №106 КР Эмгек кодексинин)* 99-беренесинин *«Кызматкердин демилгеси боюнча жумуш убактысынын ченемдүү узактыгынан тышкаркы иш (айкалыштырып иштөө)* жана аталган Кодекстин 100-беренесинде: *"Иш берүүчүнүн демилгеси боюнча жумуш убакытынын ченемдүү узактыгынан тышкары иштөө" (мөөнөтүнөн ашык иштөө)* талаптарына шайкеш келбестен, жумуш убактысынын нормалдуу узактыгынан тышкары иштөө күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашыкча айкалыштырып иштеген кызматкерлердин жазуу түрүндөгү жеке макулдугу жок туруп, эмгек акысына 2381,6 сомго айкалыштырып иштөө үчүн кошумча эмгек акы төлөгөнгө жол берилген.

**6.1. Сунуштама.**

Кызматкерлерге айкалыштырып иштөө үчүн кошумча эмгек акылар Кыргыз Республикасынын Эмгек кодесинин 99-100 беренесинин талаптарына шайкеш келтирилип, кызматкерлердин айкалыштырып иштөөсүндө кызматкерлердин жазуу түрүндөгү жеке макулдугу алынып, эмгек акы төлөнүүгө кабыл алынсын.

**Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар боюнча.**

**7. Аныкталды/корутунду.**

"Чакан ГЭС" ААКсынын балансында турган жана андан ары пайдаланууга жараксыз өтүмсүз активдер, товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө жобонун талаптарына шайкеш келтирилбестен, 2023-жылдын 31-декабрына карата "Чакан ГЭС" ААКсынын балансында турган өтүмсүз товарлардын калдыгы 2329,2 миң сомду түздү.

**7.1. Сунуштама**

"Чакан ГЭС" ААКсынын 2023-жылдын 31-декабрына карата балансында көп жылдан бери турган калдыгы 2329,2 миң сомдук өтүмсүз товардык-материалдык баалуулуктар боюнча маселе каралсын.

**Дебитордук карыздар боюнча.**

**8. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 320-беренеси боюнча айып, же туум келишимге жараша толук өндүрүлүүгө жатат. 2010-2014-2017-жылдардан бери Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 211, 212-беренелери менен белгиленген укукту коргоо үчүн жалпы берилген үч жылдык мөөнөтү өтүп кеткен учурда доо арыздар менен кайрылып, бирок сот органдары тарабынан мөөнөтү өтүп кеткендигине

байланыштуу соттук кароодон кайтарылган, башкача айтканда үч жыл ичинде, убагында сотко кайрылбаган карыздар балансте резервде турган үмүтсүз дебитордук карыздардын ичинен 98 172,4 миң сом суммасы өндүрүлбөй, Коомдун бюджетинин кирешесинин жоготуусуна алынып келинген.

**8.1. Сунуштама.**

“Чакан ГЭС” ААКсынын бухгалтердик эсебинде 3 жылдан көп убакыттан бери өндүрүлбөй келе жаткан дебитордук карыздар (анын ичинде 98 172,4 миң сом) боюнча белгиленген тартипте тиешелүү чара көрүлсүн.

**Ижара мамилелери боюнча.**

**9. Аныкталды/корутунду.**

“Чакан ГЭС” ААКсынын карамагындагы имараттарды жана жер тилкелерин ижарага берүү боюнча түзүлгөн келишимдердин талаптары аткарылбастан, 2023-жылдын 31-декабрына ижара акыдан 451,8 миң сом дебитордук карыз өндүрүлбөгөн.

**9.1. Сунуштама.**

“Чакан ГЭС” ААКсынын карамагындагы имараттарды жана жер тилкелерини ижарага берүү боюнча түзүлгөн келишимдердин талаптарын аткарбаган ижарачылар менен келишимдерди түзбөө каралсын, ижара акыдан өндүрүлбөй келген 451,8 миң сомду өндүрүү боюнча иш алып барылсын.

**Сатып алуулар боюнча.**

**10. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин негизинде иштелип чыгып “Чакан ГЭС” ААКсынын 2022-жылдын 22-июнундагы бекитилген эрежелеринин негизинде товар, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү жобосуна шайкеш келбестен, келишимде көрсөтүлгөн мөөнөтүндө товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өз мөөнөтүндө аткарбагандыгынын натыйжасында 10 (он) тапшырыкчыларга жалпысы 115,6 миң сом айыптык төлөмдөр коомдун бюджетине кармалбай калган учурлары аныкталды. Аудит убагында келишимдерге ылайык эсептелген айыптык төлөмдөр 115,6 миң сомду түздү.

**10.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин талаптарын так сактоо жана түзүлгөн келишимдердин мөөнөтүндө аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын. Аудит убагында аныкталган, келишимдерге ылайык 115,6 миң сомдук айыптык төлөмдөрдү “Чакан ГЭС” ААКсынын эсебине өндүрүү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**11. Аныкталды/корутунду.**

“Чакан ГЭС” ААКсы 2023-жылы www.zakupki.okmot.kg порталына Покровка подстанциясын реконструкциялоо үчүн жабдууларды жана материалдарды сатып алуу үчүн 2023-жылдын 27-июлунда №2307271384930 сандуу конкурс жарыялаган, ал 2023-жылдын 8-августунда ачылган. Конкурс чектелбеген сатып алуу усулу аркылуу берилген, конкурска жалпысынан 4

берүүчү катышты жана конкурстун жыйынтыгы боюнча жеңүүчү деп 18325,3 мин сомго Shandong Taikai жеңүүчү деп аныкталган, конкурстун жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын 13-сентябрында №128-ДП-23 эки тараптуу келишим түзүлгөн, жогоруда аталган конкурстун талаптары боюнча Shandong Taikai тапшырыкчыга өткөрүлгөн конкурс боюнча төлөө шарттары жабдууларды жана материалдарды алып келүү үчүн алгачкы төлөмү 20% жана 80% калдыгы жумуш аткарылгандан кийин жүргүзүлүүсү көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алууларды жүргүзүүнүн типтүү тартибинин талаптары сакталбастан, "Чакан ГЭС" ААКсы тарабынан "Shandong Taikai" тапшырыкчыга конкурстагы белгиленген 20% аванстык төлөмгө 3665,1 миң сом суммасын которуунун ордуна 16761,2 миң сому которулуп, реконструкциялоо үчүн жабдууларды жана материалдарды сатып алууда 13096,1 миң сомго ашыкча которулуп берилген.

**11.1. Сунуштама.**

Сатып алуулар конкурстарынын талаптарын өзгөртпөстөн келишимдерди түзүү жана келишимдерде көрсөтүлгөн алдын ала каражаттарды которуу шарттары көзөмөлгө алынсын.

**Капиталдык жана кезектеги оңдоолорго пландын аткарылышы боюнча**

**12. Аныкталды/корутунду.**

Капиталдык ондоо иштеринин 2023-жылга карата планынын жалпы суммасы 10968,1 миң сомду түзсө, ал эми анык аткарылышы 10062,4 миң сом, же бекитилген планга салыштырмалуу 905,7 миң сомго аз, же 91,7%га аткарылган. Ал эми кезектеги ондоо иштеринин 2023-жылга карата планынын жалпы суммасы 16831,6 миң сомду түзсө, ал эми анык аткарылышы 10734,7 миң сом, же бекитилген планга салыштырмалуу 6096,9 миң сомго аз, же 63,8%га аткарылган. 2023-жылга карата капиталдык оңдоо жана кезектеги оңдоо иштерин аткарууда бекитилген планга салыштырмалуу капиталдык оңдоо иштеринен 905,7 миң сомго, кезектеги оңдоо иштеринен 6096,9 миң сомго жалпысы 7002,6 миң сомго капиталдык жана кезектеги оңдоо иштерине каралган каражат толук өздөштүрүлбөй калуусуна жол берилген.

**12.1. Сунуштама.**

Планда каралган капиталдык жана кезектеги оңдоолор үчүн каралган каражаттарды толук өздөштүрүү жана оңдоо иштерине бекитилген планга ылайык толук аткаруу көзөмөлгө алынсын.

**"Чакан ГЭС" ачык акционердик коомунун Лебединовка ГЭСин реаблитациялоо долбоору боюнча**

**13. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылдын 3-мартындагы Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын (ЕРӨБ) ортосундагы Кредиттик макулдашууга жана 2023-жылдын 14-августундагы КР Финансы министрлиги менен "Чакан ГЭС" ААКсынын ортосунда Субкредиттик жана субгранттык макулдашуунун 2.1 пункутунун (*пайдаланбаган кредиттин суммасынан*

*жылдык 0,5% төлөм*) талаптары аткарылбастан, тактап айтканда 2023-жылда консультанттык компанияны тандоо боюнча конкурс узак мөөнөттө созулгандыгына байланыштуу келишимге ылайык кредитти өз убагында өздөштүрбөгөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 19-декабрындагы №1948 төлөм тапшырмасына ылайык 28 382,86 евро, же 2 759,6 миң сом өлчөмүндөгү айып салынып, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын эсебине которулган. Натыйжада, "Чакан ГЭС" ААКнын бюджетинен айып төлөгөндүгү үчүн ашыкча чыгым келтирилген.

**13.1. Сунуштама.**

2023-жылдын 3-мартындагы Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын (ЕРӨБ) ортосундагы Кредиттик макулдашуунун талаптарын өз убагында аткарылсын, "Лебединовка ГЭСин реконструкциялоо" боюнча долбоорго каралган акча каражаттарын өз убагында, туура, максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу боюнча көзөмөл жүргүзүлсүн. Кредиттик каражаттардын өз убагында пайдаланылбай калышына жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Курулуш жана оңдоо иштеринин аткарылышы боюнча**

**14. Аныкталды/корутунду.**

"Бала-Саруу ГЭС" чакан ГЭСти курууда, курулуш-монтаждоо иштерин жүргүзүүгө жана курулуш кызматкерлерин тейлөө үчүн зарыл болгон атайын тургузулган убактылуу же ыңгайлашкан өндүрүштүк, кампалык, көмөкчү, турак жай жана коомдук имараттарды жана курулмаларды куруу үчүн, буюрутмачы тарабынан 2023-жылы "INTEGRA Engineering Group" ЖЧКсына ("Интегра Инжиниринг Групп" ЖЧКсы) суммасы 31999,9 миң сомдук каражат которулуп берилген. Бирок, убактылуу же ыңгайлашкан имараттардын жана курулмалардын объектилери (нетитульные и титульные объекты) таризделип аныкталбагандыгы жана каражаттын максатуу пайдаланылгандыгы боюнча тастыкталган документтери подрядчы тарабынан буйрутмачыга берилбегендиги аныкталды.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 5-декабрындагы № 9-нпа буйругу менен бекитилген Оңдоо-курулуш иштеринин өндүрүшүндө убактылуу имараттарды жана курулмаларды куруу үчүн чыгымдардын сметалык ченемдеринин жыйнагына ылайык, сметалык документтерде бул каражаттардын чыгымы өзүнчө чыгым беренеси менен көрсөтүлөт, анда аларды тургузууга жана тейлөөгө, ошондой эле кийинки демантаждоо жана утилдештирүүгө кеткен чыгамдар камтылууга тийиш. Мындан сырткары, жогорудагы аталган Жыйнактын 3.2 жана 3.6-пункттарына ылайык, убактылуу имараттар жана курулмалар үчүн буйрутмачы менен подрядчылардын ортосундагы эсептешүүлөр иш жүзүндө курулган убактылуу имараттар жана курулмалар үчүн жүргүзүлөт. Убактылуу имараттарды жана курулмаларды демонтаждоодон алынган материалдар жана конструкциялар буйрутмачынын бухгалтериясына кириштелет жана анын макулдугу менен подрядчыга сатылат.*

"Бала-Саруу" чакан ГЭСин курууда өрт коопсуздугу боюнча ченемдерге ылайык иштелип чыккан долбоордогу өрт өчүрүү насостук станциясы

жеринде курулбай, ГЭСтин өрт өчүрүү системасы деривациялык түтүкчөсүнө кошулган. Агрегаттарды оңдоо этабында, ГЭСтин деривациялык түтүгү жабылып, өрт өчүрүү системасын суу менен камсыздоо мүмкүнчүлүгү жоктугунан, бүгүнкү күндө “Бала-Саруу” чакан ГЭСи өрткө каршы коргонуунун талаптары толук кандуу камсыздалбастан иштеп жаткандыгы аныкталды.

Консорциум “Интегра Инжиниринг Групп” ЖЧКсы менен “Бишкек-Темир” ЖЧКсы тарабынан “Бала-Саруу” чакан гидроэлектростанциянын *имаратын жана деривациялык түтүк өткөргүчтү куруу объектисинде* аткарылган иштердин актыларында суммасы 25 551,9 миң сомдук келишимге кирбеген, же көлөмү келишимден жогорулатылган жумуштары аткарылып, буюртмачы тарабынан кошумча келишим түзүлбөстөн кабыл алынып, каражатты толугу менен подрядчынын эсебине которуп берген.

Консорциум "Интегра Инжиниринг Групп" ЖЧКсы менен "Бишкек-Темир" ЖЧКсы тарабынан "Бала-Саруу" *чакан гидроэлектростанциянын имаратын жана деривациялык түтүк өткөргүчтү куруу объектисинде* суммасы 48 972,9 миң сомго келишимге кирбеген, же көлөмү келишимден жогорулатылган жумуштар аткарылып жана кошумча аткаруу актылары түзүлүп (АВР1доп, АВР2доп, АВР3доп, АВР4доп, АВР8доп, АВР9доп, АВР12доп, АВР18доп, АВР19доп, АВР21доп, АВР26доп, АВР27доп, АВР31доп, АВР34доп, АВР35доп, АВР04БТдоп, АВР07БТдоп, АВР09БТдоп, АВР11БТдоп, АВР13БТдоп, АВР15БТдоп, АВР16БТдоп) бирок, буюртмачы тарабынан жогорудагы аткарылган кошумча иштерге кошумча келишим түзүлбөстөн каражатты толук көлөмдө подрядчынын эсебине которуп берген.

"Интегра Инжиниринг Групп" ЖЧКсы тарабынан "Бала-Саруу ГЭС" *чакан гидроэлектростанциянын жабык бөлүштүрүү түзүмүн (ЗРУ) куруу объектисинде* суммасы 3727,1 миң сомго келишимге кирбеген же көлөмү келишимден жогорулатылган жумуштар аткарылып жана кошумча аткаруу актылары түзүлүп (АВР №14 доп, АВР №15 доп, АВР №17 доп, АВР №23 доп, АВР №24 доп, АВР №27 доп), буюртмачы тарабынан жогорудагы аткарылган кошумча иштерге кошумча келишим түзбөстөн, каражатты толук көлөмдө подрядчынын эсебине которуп берген.

“Бала-Саруу” чакан гидроэлектростанциянын имаратын жана деривациялык түтүк өткөргүчтү куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча аткарылган иштердин көлөмү консорциум "Интегра Инжиниринг Групп" ЖЧКсы менен "Бишкек-Темир" ЖЧКсы тарабынан суммасы 14618,6 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталып, *ордуна коюлду.*

“Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектростанциянын жабык бөлүштүрүү түзүмүн (ЗРУ) куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча аткарылган иштердин көлөмү “Интегра Инжиниринг Групп” ЖЧКсы тарабынан суммасы 2 212,3 миң сомго жогорулатылгандыгы жана аткарылган актыларда жабдуулардын жана жумуштардын келишиминде көрсөтүлгөн баалардан 2 004,9 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталып, “Интегра Инжиниринг Групп” ЖЧКсынан *аудит учурунда өндүрүлдү.*

"Бала-Саруу ГЭС" чакан гидроэлектростанциясын куруу долбоорунун алкагында, "Покровка-Бала-Саруу ГЭС" 110кв жана "Кара-Арча-Бала-Саруу ГЭС" 110кВ аба электрчубалгы линиясын куруу объектисинде контролдук өлчөөнүн натыйжалары боюнча аткарылган иштердин көлөмү 1 599,5 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталып, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому тарабынан *аудит учурунда өндүрүлдү.*

Аламүдүн ГЭС-3түн экинчи кезектеги ОРУ-35 кВ көмөк чордонуна Т-2 күч трансформаторун орнотуу менен реконструкциялоо объектисинде жумуштардын көлөмү жана аткаруу иштери 967,1 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталып, *аудит учурунда* "Бай-Электро" ЖЧКсынан суммасы 517,3 миң сомдук каражат *өндүрүлдү* жана калган 449,8 миң сомдук каражат "Бай-Электро" ЖЧКсынан өндүрүүгө жатат.

**14.1. Сунуштама:**

- “INTEGRA Engineering Group” (“Интегра Инжиниринг Групп”) ЖЧКсынын келишимде каралган суммасы 31 999,9 миң сомду түзгөн, курууга сарпталуучу сумманын убактылуу имараттар жана курулмалар объектилери таризделип аныкталбагандыгы жана өрт өчүрүү насостук станциясы долбоорчу менен макулдашылып, жеринде курулбай, ордуна өрт өчүрүү системанын түтүкчөлөрү гидроэлектростанциянын деривациялык түтүк өткөргүчүнө кошулгандыгы боюнча “Чакан ГЭС” ачык акционердик коомунун аталган бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын;
- "Бала-Саруу ГЭС" чакан гидроэлектростанциясын куруу долбоорунун алкагында деривациялык түтүк өткөргүчтө суу жок болгон мезгилде, техникалык регламенттерди, стандарттарды, ченемдерди жана өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо менен ГЭСТин альтернативдүү өрт коопсуздугун камсыздоо долбоору чийилип, жеринде аткарууга алынсын;
- “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектростанциясын куруу долбоорунун алкагында, “Бала-Саруу” чакан гидроэлектростанциянын имаратын жана деривациялык түтүк өткөргүчтү куруу объектисинде жана “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектростанциянын жабык бөлүштүрүү түзүмүн (ЗРУ) куруу объектисинде курулуш-монтаждоо иштерин жүргүзүү мезгилинде 78 251,9 миң сомдук келишимге кирбеген, же көлөмү келишимден жогорулатылып аткарылган кошумча жумуштарга, кошумча долбоор-сметасы жана кошумча келишими түзүлбөстөн, каражатты толук көлөмдө подрядчынын эсебине которуп бергендиги үчүн, “Чакан ГЭС” ачык акционердик коомунун “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектростанциясынын курулушун жетектеген жетекчилерине жана тиешелүү адистерине чара көрүлсүн;
- Аламүдүн ГЭС-3түн экинчи кезектеги ОРУ-35 кВ көмөк чордонун Т-2 күч трансформаторун орнотуу менен реконструкциялоо объектисинде иштердин жогорулатылган көлөмдөрү үчүн “Бай-Электро” ЖЧКсынан 449,8 миң сом суммасы өндүрүлсүн;
- “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектростанциясын куруу

долбоорунун алкагында, 2023-жылы аткарылган курулуш иштеринин көлөмүнүн суммасы 21 402,4 миң сомго жогорулатылышына жол берген “Чакан ГЭС” ачык акционердик коомунун тиешелүү адистеринин жоопкерчилиги каралсын.

2. *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине маалымат тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн*:

- “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидро электростанциясын куруу долбоору боюнча курулуш-монтаждоо иштеринде, жалпы 78 251,9 миң сомго келишимге кирбеген, же көлөмү келишимден жогорулатылып аткарылган кошумча жумуштар, кошумча долбоор-сметасы жана кошумча келишим түзүлбөстөн, каражатты толук көлөмдө подрядчынын эсебине которулуп берилгендиги тууралуу;
- “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектростанциясын куруу долбоору боюнча буюрутмачы тарабынан, “INTEGRA Engineering Group” ЖЧКсына (“Интегра Инжиниринг Групп” ЖЧКсы) суммасы 31 999,9 миң сомдук убактылуу, же ыңгайлашкан имараттардын жана курулмалардын объектилерин куруу үчүн которулуп берилген каражаттын тастыкталган документтеринин жоктугу жана максатуу пайдаланылышы тууралуу.

## 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызкөмүр” ачык акционердик коомунун ишине шайкештик аудити боюнча

*Кыргыз Рсепубликасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-июлундагы № 410 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу «Кыргызкөмүр» мамлекеттик ишканасы «Кыргызкөмүр» ачык акционердик коомуна өзгөртүлүп түзүлгөн.*

**1. Аныкталды/корутунду.**

2021-жылдын 20-октябрындагы “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын (мындан ары “Кыргызкөмүр” МИ, Ишкана) жалпы эмгек жааматынын отурумунда бекитилген “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын кызматкерлерине майрамдарга карата сыйлык төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун 1-пунктуна ылайык, сый акы финансылык мүмкүнчүлүк болгондо төлөнөт, - деп көрсөтүлгөн, бирок ал талаптар сакталбастан “Кыргызкөмүр” МИнин салыктар боюнча жана социалдык фондго чегерүүлөрдөн карыздары болгондугуна карабастан, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Ишкананын кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнө жана көмүр казуучулар күнүнө карата 2 кызматтык маяна өлчөмүндө сый акылар төлөнүп берилген, жалпы суммасы 62 746,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

2021-жылы 17 227,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен: Борбордук аппарат – 11 933,1 миң сом жана Ысык-Көл кемечилиги филиалы - 5294,4 миң сом;

2022-жылы 15 724,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен: Борбордук аппарат - 7956,0 миң сом, Ысык-Көл кемечилиги филиалы - 7509,6 миң сом, Миң-Куш филиалы - 165,0 миң сом жана Түштүк филиалы - 93,5 миң сом;

2023-жыл 29 795,0 миң сом, анын ичинен: Борбордук аппарат – 3909,2 миң сом, Кара-Кече филиалы – 14361,6 миң сом, Ыссык-Көл кемечилиги филиалы – 5005,2 миң сом, Миң-Куш филиалы – 4994,2 миң сом жана Түштүк филиалы – 1524,8 миң сом.

Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык, Ишкана бюджетке болгон карыздарды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туум пайда болушуна алып келген, айыптардын жана туумдардын 2023-жылдын 31-декабрына карата жалпы суммасы 12 425,3 миң сомду түзгөн.

Ишкананын башкармалыгынын кызмат адамдары тарабынан ички көзөмөлдүн жоктугунун жана ички ченемдик жөнгө салуучу локалдык актылардын аткарылбагандыгынын натыйжасында, аудит камтыган мезгил аралыгында Ишканада жалпы 75 171,9 миң сомго сарамжалсыз пайдаланууга жол берилген.

**1.1. Сунуштама.**

2021-жылдын 20-октябрындагы “Кыргызкөмүр” МИнин жалпы эмгек жааматынын отурумунда бекитилген “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын кызматкерлерине майрамдарга карата сыйлык төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобосунун талаптары сакталсын жана ишкананын каражаттарынын сарамжалсыз пайдаланылышына жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын уставынын 30-пунктунун 8-пунктчасына ылайык, ишкананын каражаттарынын сарамжалсыз пайдаланууга жол берген “Кыргызкөмүр” МИнин жетекчилигинин жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтому менен бекитилген “Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду жана кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө” жобонун 2-главасынын 7,8,16-пункттарынын жана 37-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарына шайкеш келбестен, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында Ишкананын кызматкерлерине эмгекке жарамсыздык жана кош бойлуулук боюнча жөлөкпулдар 710,4 миң сомго ашыкча жана 36,8 миң сомго аз эсептелгендиги аныкталды.

**2.1. Сунуштама.**

- Жөлөкпулдарды чегерүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтому менен бекитилген "Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду жана кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптары так сакталсын.

- 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында Ишкананын кызматкерлерине эмгекке жарамсыздык жана кош бойлуулук боюнча жөлөкпулдар 710,4 миң сомго ашыкча жана 36,8 миң сомго аз эсептелгендиги боюнча тиешелүү эсептешүүлөр жүргүзүлсүн жана буга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**3. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун талаптары сакталбастан, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 128-беренесинин 1-пунктунун талаптарына ылайык ККМ чектери жок (салык кызматында катталган эмес), 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында "Кыргызкөмүр" МИ тарабынан жалпы 133,4 миң сом эсептен чыгарылган, анын ичинен: 2021-жылы 26,0 миң сомду, 2022-жылы 93,0 миң сомду жана 2023-жылы 14,4 миң сомду түзгөн.

**3.1. Сунуштама.**

Тиешелүү тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган 133,4 миң сом калыбына келтирилсин. Бухгалтердик эсепте аныктоочу документтери жок эсептен чыгарууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**4. Аныкталды/корутунду.**

"Кыргызкөмүр" МИнин жана анын филиалдарында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу Эрежелеринин 3-пунктунун 3-пунктчасынын талаптарына шайкеш келбестен, **"**Кыргызкөмүр" МИси аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 6460,4 миң сомдук ишканага керектүү буюмдар накталай түрдө сатып алуулардын жол-жоболору аткарылбастан чыгымдалган, анын ичинен: 2021-жылы - 1651,0 миң сом, 2022-жылы – 4073,9 миң сом жана 2023-жылы – 735,5 миң сом түзөт.

**4.1. Сунуштама.**

Сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн, сатып алууну келишим аркылуу жана накталай акча каражат аркылуу жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**5. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун талаптары сакталбастан, аудит камтыган мезгилде "Кыргызкөмүр" МИси тарабынан иш

сапар чыгашалары беренеси боюнча тиешелүү тастыктоочу документтери жок (авиабилеттер боюнча отургузуу талону жок) 3,9 миң сом эсептен чыгарылган.

**5.1. Сунуштама.**

Тиешелүү тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган 3,9 миң сом калыбына келтирилсин. Тиешелүү тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**6. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылдын акырына Ишкананын бухгалтердик балансына ылайык товарлар, тейлөөлөр үчүн алынуучу каражаттар (1410) беренеси боюнча дебитордук карыздын калдыгы – 120 927,0 миң сомду түзгөн. Анын ичинен 16 385,3 миң сом дебитордук карыздар–бухгалтердик балансқа көргөзүлбөй калгандыгы аныкталды. 2023-жылдын 31-декабрына Ишкананын эсебине алынбаган дебитордук карыздардын жалпы суммасы 16 385,3 миң сомду түзөт.

**6.1. Сунуштама.**

2023-жылдын 31-декабрына эсепке алынбаган жалпы суммасы 16 385,3 миң сомдук дебитордук карыздар эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

**7. Аныкталды/корутунду.**

2023-жылдын 31-декабрына Ишкананын бухгалтердик балансына ылайык төлөнө турган счеттор беренеси боюнча кредитордук карыздын калдыгы – 459 488,0 миң сомду түзгөн. Аудиттин жүрүшүндө аныкталган жалпы 14 783,6 миң сом кредитордук карыздар бухгалтердик балансқа көргөзүлбөй калгандыгы аныкталды. 2023-жылдын 31-декабрына карата Ишкананын эсебине алынбаган кредитордук карыздарынын жалпы суммасы 14 783,6 миң сомду түзөт.

**7.1. Сунуштама.**

2023-жылдын 31-декабрына карата жалпы суммасы 14 783,6 миң сомдук кредитордук карыздар эсепке алынсын.

**8. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызкөмүр" МИнин уставынын 26-пунктунун 1 жана 11-пункттчаларына ылайык, Ишкананын башкы директору төмөндөгүлөргө жооптуу: 1) Ишкананын учурдагы финансы-чарбалык ишин башкаруу; 11) бухгалтердик жана статистикалык эсепке алууну уюштуруу;

Ишкананын башкармалыгынын кызмат адамдары тарабынан ички көзөмөлдүн жоктугунун натыйжасында Ишкананын жыйынтыктоочу бухгалтердик балансы бурмаланып, так эмес маалыматтар камтылышына жол берилген, тактап айтканда жогоруда белгиленгендей эсепке алынбаган дебитордук жана кредитордук карыздар аныкталган.

**8.1. Сунуштама.**

Бухгалтердик жана статистикалык эсепти бузууга жол берген “Кыргызкөмүр” МИнин жетекчилигинин жана жоопту кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**9. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасы 2021-жылдын 11-ноябрындагы №211117307258619 сатып алуу конкурсу боюнча "Кара-Кече" кесилишине чейин жеткирилген 4800,0 миң сомго дизель майын сатып алууда, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын *(2015-жылдын 3-апрелиндеги №72)*, төмөндөгү талаптарын бузууга жол берилген:

1. 21-беренесинин 8-пунктуна негиз сатып алуучу уюм алдын ала билбеген жагдайларга байланыштуу күнүмдүк керектелүүчү товарларды сатып алууда шашылыш зарылдык келип чыкканда, көрсөтүлгөн жагдайлар пайда болгон күндөн тартып бир айдын ичинде милдеттүү түрдө конкурс жарыялоо шарты менен конкурсту келишимди тикелей түзүү ыкмасы менен өткөргөн. Аудит, дизель майы ишкананын өндүрүшүндө негизги колдонуучу зат болуп эсептелинет, ошол себептен алдын ала билбеген жагдай жана шашылыш зарылдык келип чыкканда - деген Ишкананын ою менен аудит макул эмес, 21-беренесинин 8-пунктунун талабы сакталбастан өткөрүлгөн конкурстун ыкмасы туура эмес тандалган.

Аудит, конкурстук документтерде конкурстук комиссиянын төрагасынын жана бир мүчөсүнүн колу коюлган эмес, башкача айтканда конкурстук комиссиянын чечими күмөн жаратарын белгилейт.

2. Сатып алууда коюлган квалификациялык талаптарга ылайык, 1-ден кем эмес окшош келишимдерди/кызмат көрсөтүүлөрдү лоттун суммасынан 100% кем эмес суммада аткаруу тажрыйбасына ээ болуусу белгиленген. Аудитке берилген маалыматка ылайык, “Регионал транс” ЖЧКсы “Кыргызкөмүр” МИси менен 2021-жылдын 6-августундагы №02-35/105 жана 2021-жылдын 23-августундагы түзүлгөн келишимдерин тиркеген, бирок аткарылган иштердин актысы тиркелген эмес. “Регионал транс” ЖЧКсы квалификациялык талаптарга ылайык келбегендигине карабастан келишим тикелей түзгөн.

3. Дизель майын сатып алууда 80000 литр дизель майын бир литрин 60 сомдон, жалпысы 4800,0 миң сомго сатып алынган. Аудит, жүргүзүлгөн мониторингке ылайык, 2021-жылдын 15-ноябрына карата (kaktus.media маалыматы боюнча) АИ-92 маркасындагы бензиндин баасы орто эсеп менен 57 сом, АИ – 95 - 63 сом, дизель майы орто эсеп менен 54 сом, ал эми газ 37-38 сом тургандыгын белгилейт.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын *(2015-жылдын 3-апрелиндеги №72)* 1-беренесине ылайык, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу ушул

мыйзамдын максаты болуп саналат деп белгиленген. Дизель майын сатып алууда мамлекеттик каражаттарды пайдаланууда үнөмдүү эмес колдонулган.

Мындан тышкары, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын *(2015-жылдын 3-апрелиндеги №72)* 27-беренесинин 1-пунктуна ылайык, сатып алуучу уюм келишим түзүү боюнча юридикалык укуктуулуктан тышкары мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен стандарттык конкурстук документтерди пайдалануу менен, конкурстук документтерде берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) квалификациясынын деңгээлине карата талаптарды белгилеген. Ишкана 2021-жылдын 2-августундагы №210802289396776 сатып алуу конкурсу боюнча "Кара-Кече" кесилишине чейин жеткирилген 3180,0 миң сомго дизель майын сатып алууда жогоруда белгиленген мыйзамдын талаптары сакталбаган, тактап айтканда белгиленген квалификациялык талаптарды белгилебей келишимди тикелей түзүү ыкмасы менен конкурсту өткөргөн.

**9.1. Сунуштама.**

*“Кыргызкөмүр” ачык акционердик коомуна:*

2021-жылдын 11-ноябрындагы №211117307258619 сатып алуу конкурсу боюнча жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилиги төмөнкүлөргө жол берилгендиги боюнча каралсын:

- "Кара-Кече" кесилишине чейин жеткирилген 4800,0 миң сомго дизель майын сатып алууда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын *(2015-жылдын 3-апрелиндеги №72)* 21-беренесинин 8-пунктунун талабынын сакталбагандыгына;
- "Кара-Кече" кесилишине чейин жеткирилген 4800,0 миң сомго дизель майын сатып алууда квалификациялык талаптарга ылайык келбегендигине карабастан “Регионал транс” ЖЧКсы менен келишим түзгөндүгү;
- "Кара-Кече" кесилишине чейин жеткирилген 4800,0 миң сомго дизель майын сатып алууда мамлекеттик каражаттарды пайдаланууда үнөмдүү эмес колдонулгандыгы.
- 2021-жылдын 2-августундагы №210802289396776 сатып алуу конкурсу боюнча "Кара-Кече" кесилишине чейин жеткирилген 3180,0 миң сомго дизель майын сатып алууда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга.

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:* маалымат үчүн “Кыргызкөмүр” ачык акционердик коому боюнча (2025-жылдын 15-июлуна чейин “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасы болгон) “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталбастан, 4800,0 миң сомго жана 3180,0 миң сомго күйүүчү майын сатып алуулар (2021-жылдын 2-августундагы жана 11-ноябрындагы) боюнча маалымат жөнөтүлсүн.

### “Кыргызкөмүр” МИнин филиалы “Ысык-Көл кемечилиги” боюнча

**1. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнин 2022-жылдын 16-февралындагы №03-1/50-б буйругу менен бекитилген “Кыргызкөмүр” МИнин филиалы “Ысык-Көл кемечилигинин” Жобосунда каралган негизги милдеттердин ичинен, жүктөрдү автомобиль транспорту менен ташууну камсыз кылуу боюнча ишти уюштура алган.

Жогоруда аталган жобонун милдеттеринде каралган - Суу транспортун өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу, кемелерди, баржаларды жана кеме токтоочу жайларды оңдоо боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, курорттук мезгилде суу транспорту тарабынан көрсөтүлүүчү туристтик жана сейилдөө кызматтарын уюштуруу боюнча дагы иштер жүргүзүлгөн эмес.

**1.2. Сунуштама.**

Ысык-Көл кемечилиги филиалынын Жобосунда каралган милдеттерди так аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн, ал эми көмүрдү керектөөчүлөргө чейин ташуу боюнча бир гана функция менен чектелбестен, Жободо каралган милдеттерге ылайык ишти башка жагдайлар менен өнүктүрүү боюнча тийиштүү чаралар жүргүзүлсүн.

**2. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнин филиалы Ысык-Көл кемечилигинин штаттык ырааттамасы боюнча 59 бирдик каралган, эмгек акы төлөөгө эсептик ведомосттордо орточо 56 бирдик эсептелген, мында 2021-жылдын ичинде кадрлар бөлүмүнүн берген маалыматы боюнча 36 кызматкер иштен бошотулган жана 35 кызматкер кабыл алынган.

Ушундай тенденция 2022-2023-жылдары сакталып калган, мисалы 2022-жылга карата 2022-жылдын март айында бекитилген штаттык ырааттама боюнча, филиалдын аппараты 59 бирдик санында бекитилген. 2022-жылдын 18-ноябрындагы штатка "Ысык-Көл кемечилиги" филиалынын Автоколоннасына “Кыргызкөмүр” МИнин жетекчиси М.Орозбаев тарабынан 380 штаттык бирдик каралып бекитилген. Бирок, бул штаттык бирдик 2022-жылдын ноябрында бекитилгендигине карабастан, филиал тарабынан 2022-жылдын апрелинде - 95, май айында - 22, июнь айында - 11, июль айында - 22,август айында - 23, бардыгы болуп 2022-жылдын ичинде - 234 кызматкер штаттык бирдик бекитилгенге чейин ишке кабыл алынган. Кызматкерлердин алдын ала кабыл алынышы бул кызматкерлердин эмгек акы боюнча ведомосторунда аны штаттык бирдикке ылайык эсептебестен чагылдырылышына алып келген, жана бул айрым кызматкерлердин жылуулук сезонунун башталышын күтпөстөн жумуштан кетишине алып келген, иштен бошотулган кызматкерлердин жалпы саны 61 кызматкерди түзгөн.

2023-жылга филиалдын аппараты - 59 бирдик жана 380 Автоколонна үчүн бекитилген. Кадрлар бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын ичинде 99 кызматкер кабыл алынган, алардын ичинен 112 кызматкер жумуштан бошотулган, 2023-жылы чыныгы тизме курамы 199 кызматкер. Кызматкерлердин иштен бошотулушу ноябрда башталып, мартта аяктаган жылытуу - кышкы мезгилде Автоколоннанын ишинин сезондуулугуна байланыштуу.

Тармактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен "Кыргызкөмүр" МИси иш берүүчүгө жана кызматкерге көз каранды болбогон себептер боюнча токтоп туруу убактысы үчүн акы төлөөнүн методикасын иштеп чыгышы керек, ал токтоп туруу убактысына Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 172-беренсине ылайык, маянанын (кызматтык маянанын) үчтөн экисинен кем эмес өлчөмүндө төлөнүүгө тийиш.

Ушундай эле нерсе филиалдын жетектөөчү курамы боюнча да байкалат, анткени 2021-жылдан 2023-жылга чейин 10 жолу бүтүндөй филиалдын иши үчүн жооптуу филиалдын директору алмашкан. Ошондой эле, филиалда жооптуу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кадрлардын туруктуу иштешин бекемдөө үчүн мотивациялоо боюнча иштелип чыккан пландары жок.

**2.1. Сунуштама.**

Ысык-Көл кемечилиги филиалында кадрлардын туруктуу иштешин бекемдөө боюнча чаралар көрүлсүн. Жооптуу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо боюнча планды иштеп чыгуу жагы каралсын. Тармактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, кызматкерге көз каранды болбогон себептер боюнча токтоп туруу убактысы үчүн акы төлөөнүн методикасы иштелип чыксын. Штаттык бирдиктердин убагында бекитилип берилиши көзөмөлгө алынсын.

**3. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнин филиалы Ысык-Көл кемечилигинин бухгалтериясы менен Ысык-Көл салык кызмат башкармалыгынын ортосунда киреше салыгын төлөө боюнча салыштыруу актысы жок болгондугуна байланыштуу, аудит тарабынан салыктын бул түрү боюнча финансылык санкциялардын жана айыптык төлөмдөрдүн суммасын аныктоого мүмкүн болгон жок. Ал эми камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө боюнча, жүгүртүү отчетуна (оборотно сальдовая ведомость) ылайык, финансылык санкциялардын суммасы 6033,8 миң сомду түзүп, төлөнүп берилип, чыгашанын көбөйүшүнө алып келген.

**3.1. Сунуштама.**

Салыктарды өз убагында төлөбөгөндүгү боюнча салынган финансылык санкциялардын жана айыптык төлөмдөрдүн кошулуп калбашы үчүн Ысык-Көл кемечилиги филиалы бюджетке милдеттүү төлөмдөрдү убагында төлөө жагы көзөмөлгө алынсын жана чыгымдардын себепсиз көбөйүшүнө жол берилбесин.

**4. Аныкталды.**

Филиал тарабынан жеке автотранспортун пайдалануу үчүн компенсация, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө” буйругу боюнча каралган ченемдер боюнча жүргүзүлгөн.

Бирок, аталган буйрук менен бекитилген ченемдерди Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн, компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун талаптары менен кайра эсептөө жүргүзүүнүн жыйынтыгында, бухгалтердик эсептин берген маалыматтары боюнча, жалпы 635,4 миң сомдук айырма түзүлгөнү аныкталды, анын ичинен: 2021–жылы - 268,1 миң сомго, 2022-жылы - 176,1 миң сомго, 2023-жылы -191,2 миң сомго.

**Корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн, компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбастан, 2021-2023-жылдар аралыгында жалпысы 635,4 миң сомго жеке автоунааларды кызматтык автоунаа катары колдонгондугу үчүн компенсация төлөөдө ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**4.1. Сунуштама.**

Компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн, компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын. Кызматтык автоунаа катары колдонулган жеке автоунаалардын транспорттук чыгымдарына төлөнүүчү компенсациялык төлөмдөрдү ашыкча чыгымдоого жол берилбесин. Ашыкча чыгымдоолорго жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**“Кыргызкөмүр” МИнин Түштүк филиалы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнин 2022-жылдын 14-октябрындагы №03-1/259-п буйругу менен бекитилген “Кыргызкөмүр” МИнин Түштүк филиалынын Жобосунун 3-пунктуна ылайык, "Сүлүктү" күрөң көмүр кенинин "Сүлүктү талаасы -11" участогун иштетүү боюнча функцияларды аткаруу болуп саналат. Мамлекеттик каттоого ылайык филиал 2022-жылдын аягында түзүлгөн, буга байланыштуу 2023-жыл ичинде "Сүлүктү" күрөң көмүр кенинин иштетүү боюнча эч кандай иштер жүргүзүлгөн эмес. Отчеттук маалыматтар боюнча, "Кыргызкөмүр" МИнин лицензиясын пайдалануу менен филиал тарабынан Өзбекстан Республикасына көмүр ташуу үчүн көмүр казуучу ЖЧКлар менен келишим түзүлгөн.

**1.1. Сунуштама.**

Түштүк филиалынын Жобосунда каралган милдеттерди аткаруу боюнча, анын ичинде "Сүлүктү" күрөң көмүр кенинин "Сүлүктү талаасы -11" участогун иштетүү боюнча чаралар көрүлсүн. Филиал бир гана көмүрдү керектөөчүлөргө чейин ташуу боюнча функцияны аткаруу менен чектелбестен, Жободо каралган башка милдеттерди аткаруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**2. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнын Түштүк филиалынын "Эмгек акы" беренеси боюнча сметалык дайындоолорун түзүүсүн талдоодо “Кыргызкөмүр” МИси тарабынан эмгек акылардын төлөнүшү жана сыйлоо боюнча жобосу, сыйлык акылардын кандай шартта, кайсы көрсөткүчтөрү үчүн төлөнүшү боюнча өзүнүн ченемдик укуктук актылары иштелип чыгып бекитилген эмес.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы № 737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын” талаптары сакталбастан накталай төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**2.1. Сунуштама.**

Түштүк филиалы “Кыргызкөмүр” МИнин эмгек акыны эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” иштелип чыккан жобонун талаптарына ылайык иш жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы № 737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны аткаруу максатында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнин Түштүк филиалынын сапар чыгымдарынын иш жүзүндөгү суммасы 1 376,9 миң сомду түзгөн, эсеп боюнча чыгымдардын эң көп салыштырма салмагын турак жай боюнча (квартирный) чыгымдары 483,4 миң сомду, жол кире чыгымдары 567,2 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылынын 7-октябрындагы №231 Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө жобонун 2-бөлүмүнүн 3-пунктунун талаптары сакталбастан сапар чыгымдары боюнча авансалык отчеттор тийиштүү денгээлде түзүлүп эсепке алынбаган жана кызматтык автоунаалардын жүргөн километри көрсөтүлбөстөн, жол баракчалары туура эмес толтурулган, буга байланыштуу аудиттин алкагында так эсептөө жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

**3.1. Сунуштама.**

Сапар чыгымдарынын авансалык отчеттору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун жана күйүүчү май чыгымдарын эсепке алууда

жана төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө жобонун, ал эми жеке автоунааларды пайдалануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдү төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдагы 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн, компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүү жагы катуу көзөмөлгө алынсын.

**"Кыргызкөмүр" ААКтын Кара-Кече филиалы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 128-беренесинин 1-пунктунун контролдук-кассалык машиналарды колдонуу боюнча талаптары сакталбастан, "Кара-Кече" филиалында 20,0 миң сом суммасында тиешелүү тастыктоочу документтери жок (ККМ чеги жок) иш сапар чыгымдары беренеси боюнча эсептен чыгарылган.

**2.2. Сунуштама.**

Тиешелүү тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган 20,0 миң сом калыбына келтирилсин. Тиешелүү тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**3. Аныкталды/корутунду.**

"Кыргызкөмүр" МИнын 2022-жылдын 22-июнундагы №03-1/160-п буйругу менен бекитилген "Кыргызкөмүр" МИнин жана анын филиалдарында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелеринин" 3-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, сатып алууларды жүргүзүүдө ачыктыкты, калыстыкты жана айкындуулукту сактоо болуп саналат. Бирок, "Кыргызкөмүр" МИнин Кара-Кече филиалы тарабынан 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата 175,5 мин сомго күйүүчү май сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн, түз келишим менен жана накталай акча каражат аркылуу сатып алынган.

**3.1. Сунуштама.**

"Кыргызкөмүр" МИнин жана анын филиалдарында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелеринин" талаптары сакталсын. Сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн сатып алууну келишим аркылуу жана накталай акча каражат аркылуу жүргүзүүгө мындан ары жол берилбесин.

**"Кыргызкөмүр" МИнин Миң-Куш филиалы боюнча**

**1. Аныкталды/корутунду.**

"Миң-Куш" филиалы 2022-жылдын ноябрынан 2023-жылдын декабрына чейин 895,0 миң сомдук (ГСМ 468,6 миң сом жана оңдоо-түзөө иштери 426,4 миң сом) кассадан накталай акча каражаттан эсеп берме суммадан, сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн сатып алынган. "Кыргызкөмүр" МИнин 2022-жылдын 22-июнундагы №03-1/160-п буйругу менен бекитилген "Кыргызкөмүр" МИнин жана анын филиалдарында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу Эрежелеринин 3-пунктунун 3-

пунктчасына ылайык, Эреженин максаттарынын бири сатып алууларды жүргүзүүдө ачыктыкты, калыстыкты жана айкындуулукту сактоо болуп саналат. 2022-жылдын 1-ноябрынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Миң-Куш филиалы товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жогоруда сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн сатып алууну келишим аркылуу жана накталай акча каражат аркылуу жүргүзүлгөн жалпы суммасы 895,0 миң сомду түзгөн.

**1.1. Сунуштама.**

Миң-Куш филиалында сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн сатып алууну келишим аркылуу жана накталай акча каражат аркылуу жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**2. Аныкталды/корутунду.**

“Кыргызкөмүр” МИнин Миң-Куш филиалы тарабынан 2022-жылдын 1-ноябрынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызкөмүр” МИнын 2022-жылдын 22-июнундагы №03-1/160-п буйругу менен бекитилген “Кыргызкөмүр” МИнин жана анын филиалдарында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелеринин” негизинде 3 эле сатып алуу өткөрүлгөн, жалпы суммасы 5011,4 миң сомду түзгөн. “Кыргызкөмүр” МИнин жана анын филиалдарында сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелеринин” 3-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, эреженин максаттарынын бири сатып алууларды жүргүзүүдө ачыктыкты, калыстыкты, жана айкындуулукту сактоо болуп саналат.

2022-жылдын 1-ноябрынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында “Кыргызкөмүр” МИнин Миң-Куш филиалы товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, сатып алуулардын жол-жоболорун өткөзбөстөн, сатып алууну түз келишим жана накталай акча каражатын төлөп берүү менен жүргүзгөн, анын жалпы суммасы 12 047,6 миң сомду түзгөн.

**2.1. Сунуштама.**

Миң-Куш филиалында сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлбөстөн 12047,6 миң сомго сатып алууну түз келишим аркылуу жана накталай акча каражат аркылуу жүргүзүүгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинде бюджеттин аткарылышына, электр тармагындагы ачык акционердик коомдорунун ишине жана 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик **аудитинин жыйынтыгы:**

Министрликтин мекемелеринде – 9 822,1 мин сом, “Электр станциялары” ААКсы - 297 732 миң сом, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы – 229 353,2 миң сом, “Нарынспецэнергомонтаж” ААКсы – 23 639,7 миң сом, “Нарынэнергокурулуш” ААКсы – 28 576,6 миң сом, “Чакан

ГЭС” ААКсы – 137 786,8 миң сом, “Кыргыз энергетикалык эсеп борбору” ААКсы – 4 732,7 миң сом, “Кыргыз көмүр” МИси - 95 455,4 миң сом.

Тактап айтканда,

1. Финансылык тартип бузуулар, жалпы – **287 832,3 миң сомду** түздү, анын ичинен: *министрликтин мекемелеринде* **-** 9 487,0 миң сом, *акционердик коомдорунда* – 247 023,0 миң сом, *мамлекеттик ишканасында* – 31 322,3 миң сом. Калыбына келтирүүгө тийиш - 287 832,3 миң сом, ордуна коюлганы – 79 837,9 миң сом, калдыгы – 207 994,4 миң сомду түздү.

2. Акционердик коомдорунун бюджетин толуктоого мүмкүн болгон каражаттар, жалпы - **34 236,6 миң сомду** түздү.

3. Рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган финансылык жана башка ресурстар, жоготуулар, жалпы **- 505 029,7 миң сомго** аныкталган**:** *министрликтин мекемелеринде* **-** 335,1 миң сом, *акционердик коомдорунда* 440 561,5 миң сом, *мамлекеттик ишканасында* – 64 133,1 миң сом. Калыбына келтирүүгө тийиш **–** 365,9 миң сом, калыбына келтирилгени 261,8 миң сом, калдыгы 104,1 миң сом.

4. Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар **-** 80 факты аныкталган, анын ичинен: *министрликтин мекемелеринде – 2, акционердик коомдорунда* - 74 *(“Электр станциялары” ААКсы - 32, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы - 22, “Нарынспецэнергомонтаж” ААКсы - 3, “Нарынэнергокурулуш” ААКсы - 7, “Чакан ГЭС” ААКсы - 5, “Кыргыз энергетикалык эсеп борбору” ААКсы - 1*), *мамлекеттик ишканасында* - 4.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.А. Раматилаевдин жетекчилиги астында, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор Н.А. Салиев, К.К. Итигулов, А.К. Токоматов, А.Б. Турдумалиев, Т.К. Исанов, Н.А. Тургунбаев, мамлекеттик инспекторлор Кутпидин уулу Акжол, Ашыр уулу Нурбек, Н.А. Кайимов, А.А. Аттокуров, Жанибек уулу Анарбек, Ж.С. Аманкулов, М.К. Макешов, З.С. Жакыпов, С.А. Султанмуратов, А.К. Солпиева, А.Ж. Кочкорбаев, Э.Т. Жолдошев, Д.Т. Кубанычбеков, А. Өмүрзаков, М.Ж. Толубаевдер тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **А.А. Раматилаев**